С-89

Азыркы адабият

Тойчубай Субанбеков

# ТӨӨ КОМДОТТУН УЯСЫНДА



Атам Субанбектин, апам Райманын, карындашым Калыйкандын, Анаркандын, балдызым Динаранын, үкөм Узакбектин, жездем М. Анарбектин жаркын элесине жана эжем Бөпүшкө, кайын энем Тилебатка, калемдешим Н. Тынчтыкбекке арнаймын.

44507



КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНЕ КАРАШТУУ
МАМЛЕКЕТТИК ТИЛ БОЮНЧА УЛУТТУК КОМИССИЯ

Тойчубай СУБАНБЕКОВ

# ТӨӨ КОМДОТТУН УЯСЫНДА

БИШКЕК – 2016

ББК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
С 89

С 89 **Субанбеков Т.**
**Төө комдоттун уясында:** *Роман-тымсал* Б.: 2016. – 280 б.

ISBN 978-9967-468-87-0

Автордун бул китебинде айтылуу Жээренче чечендин, Толубай сынчынын, Чоро мүнүшкөрдүн, Чомотой саятчынын замандашы болгон Асан кайгынын акылы жетик, сезими тунук уулу жөнүндөгү баяны (тымсал) ак жаандан кийинки күн желесиндей түшүп, чыгарманын кызыктуулугун арттырып турат.

С 4702300100 – 16

**УДК 821.51**
**ББК 84 Ки 7-4**

ISBN 978-9967-468-87-0

© Т. Субанбеков, 2016.
© Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссия, 2016.

# ТӨӨ КОМДОТТУН УЯСЫНДА

*роман-тымсал*

«Уул калса атадан өмүр улайт,
ата ысымы өмүрдө унутулбайт».

***Жусуп Баласагын***

«... ар күнү кечинде ортого асыл таш коюп, жыпар жытын чыгарып, түндүн бир маалына эртеги баба өмүрү – Улуу сөз сүйлөнчү. Бул бөтөнчө, ажо ата курбалы журт атасы, не журт баатыры, не акылман-билгисинин арбагын ыраазы кылган – Улуу сөз. Бул бабадан калган аманат – эрдиктин, бирдиктин, кеменгердиктин, эмгектин, бийик касиеттин, караңгыны ада кылып, жарыкты жандыруунун сөзү!»

**Түгөлбай Сыдыкбеков**

«... мага акатай тунук, абдан таасын, абдан оршон ой бере көр, «бул башыма оролуп, жүрөгүмөн түнөк таап, менин жан дүйнөмө куюлуп, биротоло сиңип, менден кылымга мурас катары өткөндөй болсун».

**Амин ар-Рейхани**

## I

Мал базарда адамдар быкбырдай кайнайт. Алар ар кайсы айылдан келишкен. Ызы-чуу... Кой-эчкинин маараганы, уйлардын мөөрөгөнү, кулун-тайлардын кишенегени, а түгүл эшектердин айкырганы алда кайда угулат. Абышка буга көңүл бурбай, ой толгобой эле, өзүнчө кабагын карыш салып, күрөң уюнун жанында турат. Күрөң уй музоосун жалап коёт. Абышка ашкере эпчил эмес, далдалчылар менен көз ымдашып, күрөң уюн кымбатыраак сатуу үчүн далбастабаганы да ошондон. «Келе колуңду! Менин айтканымдан кийин качпай, куп дей бер! Эгерде антпей турган болсоң, өзүңө эле жаман. Тиги чалдын бээсин карачы... Тим эле семиз экен. Сеники деле аныкынан кем калбайт. Ойлонбо. Базар наркынан кем эмес. Башыңды жерге салбай, менин көзүмө тике карачы. Болсоңчу... Менин кандай экенимди билесиң го. Ар базарда ушул жерде-

мин. Неге унчукпайсың? Кыйыктанбай эле тилимди ала берсеңчи... Болбосо, аттиң бекер кылыптырмын деп каласың. Ошон үчүн эпке келиң... Ап баракелде! Баяле ушинтпейсиңби, кыңырылбай!..» – дешип жаагын жанган далдалчыларды таңыркап карап коёт. Бирок алар менен талашып-тартышпайт. Чыйт түкүрүп, сакалын сылап коёт. Анан өзүнчө ой жоруйт: «Карасаң буларды... Дегеле балакет. Өз көмөчүнө күл тартып, атайы мал сатып алганы келген адамдарды жайгарып, кимдир бирөөнүн бээсин, кимдир бирөөнүн тайын, дагы бирөөнүн кой-эчкисин баалап жатышат. Амалы эле будамайлоо, чай пул алуу... Ушунун эмнесин жакшы көрүшөт? Куюндап жүгүрбөй эле койбойбу? Же ушуга көнүп калышканбы? Кыязы ошондой болсо керек. Эгерде мындай болбосо, тынч турушат эле да. Жаны-маны калбай, чарк айланышканын... Жаны-маны калбай жаагын жанышканын... Ай, эпчилдер ай! Ай, макоолор ай! Ай, тозокулар ай! Көнгөн адатты таштоо да кыйын. Болбосо эмне кудайдын азабын тартып... Бирок ашкере жагын жанышкан далдалчыларсыз базар да болбойт. Мал базардын көркүн чыгарган да ушулар. Базар наркын көтөргөн да, төмөн түшүргөн да куду ушулар. Далдалчыларсыз канатың менен кар, куйругуң менен кум сабасаң да, алыстан ат арытып, айдап келген коюңду же жылкыңды өзүң каалаган баада сата албайсың. Кайран далдалчылар! Дегеле булардын сөзү өтүмдүү... Дегеле булардын кеби ширин. Бир паста бал тилине салып, кул пендени эритип жиберет».

Ушинтип, өзүнчө ойлонуп турган абышкадан «Аксакал, бул музоолуу уй сиздикиби? Нече дейсиз? Эгерде базар наркына берсеңиз, мен сатып алат элем» деп эч ким сураган жок. Өткөн базарда мал арзан болгон. Бу базарда мал кымбаттап кетти. Ошондон улам кээ бирөө: «Мен келерки базарда дагы келем. Балким, ошондо мал биртике арзандап калаар. Мага окшогон кембагалга малдын арзан болгону эле жакшы. Эптеп уй сатып алармын. Бу базарда малдын баасы асманга чыгып кетти. Шумдугуң кур! Мындай болот деп ким ойлоптур?» деген ойдо болсо, кээ бирөө бордоку койлорун, кээ бирөө семиз эчкилерин оюндагысындай сатканына кубанат. Дагы бирөө

жалпак тилге салган далдалчыга макул болбой турат. Ал эми сатып алышкан кой-эчкилерин айдаган, кулундуу бээсин, музоолуу уюн жетелеген чалдар, мурутчан жигиттер, аялдар базардан кудуңдап чыгып баратышат. Абышка аларды караган жок, бир маалда эл арасынан сары баланы көрүп калды. Ал башына малакайын баса кийип алыптыр. Малакайы эски, жыртык экен. Куйруктары казандай болгон койлордун жанында шүмүрөйүп турат. Анын үстүнө кийген кийими да жупуну, өңү да азыңкы, кабагы да салыңкы. Бирок, сары бала көпчүлүктүн арасынан кимдир бирөөнү издеп жаткандай көз чаптырат. Абышканын ага боору ооруду.

– Эй, чычым! Бу сен биртике ары турчу,– деди бир далдалчы дарылдап. Анын сөзүн шериги коштоп койду. Сары бала мурдун шыр тартып, корсулдаган далдалчыга каяша айтпай, биртике ары жылымыш болду.

«Бул ким? Кимдин баласы? Көзүмө неге жылуу учурайт? Айланайын, мал базардагы элдин арасында шүмүрөйүп турганы менен, а маңдайы жарык, жылдыздуу экен. Кимге кошулуп келди экен? Бу эл арасынан кимди издеп жатат? Атасынбы? Абасынбы? Акесинби? Эжесинби? Апасынбы? Жеңесинби? Чоң апасынбы? Тайкесинби? Досунбу?» – деп ойлоду абышка. Ойлогону менен аны тааныган жок, көзүнүн курчу кетип калган да. Шуу үшкүрүп, ары-бери басты. Кайрадан сары баланы карап койду. Ал байкас албайт. Далдалчылар дуу-дуу ... Тай жетелеген, уй жетелеген, эчки айдаган, кой маараган ызы-чуу... Сары бала малакайын ала коюп, башын сылап, желкесин кашылап, бирде чал-кемпирлерди, бирде шатыра-шатман жигиттерди, бирде «Бар береке! Келе колуңду!» дешип дарылдаган, купшуңдаган далдалчыларды карап коёт. Абышка оор улутунат, анткен менен баланын мөлтүр булактай болгон сезими оргуп, кичинекей жүрөгүнүн кагышы бир башкача экенин туят. Аңыздагы жөөктөргө окшогон бырыштуу бетин күлкү чайып, сакал-мурутунун арасынан насыбай чегип жүрүп саргайган, түбү бошогон, каражеме жеген тиштери жылт этет. Далдалчылардын бир даары карап коёт, бир даары таназар албайт. Дагы бирөө карс-карс күлөт. Абыш-

ка этибар албайт анткен менен: «Сары бала Сатартайыма окшош экен. Балким чындап эле ошодур? Балким ал эместир? Сатартайыма окшогон сары балдар көп эле болсо керек. Ошону билбегенсип менин ойлогонумду... Кашайгырдын көзүнүн да оту өчүп калганын, курчу кетип калганын... Жанына барсам окшойт»,– дейт ичинен. Бирок анын жанына барган жок, күрс-күрс жөтөлөт. Опур-топур... Чуру-чуу... Сары баланын көзү дагы эле абышкалар менен жигиттерде. Алардын арасынан өзүнүн таанышын көрбөй аткандай...

«Бу бала Сатартайымдын эле өзү го. Болгондо да дал өзү го! Ысмайылымдын эле баласы! О кудай! Мен жаны жаннаттан жай алгыр, Ысмайылымдын уулун чын эле көрүп турамбы? Аны менен ушул базардан жолугушамбы? Кандай болуп кетти? О, кудай! Неге делдейип турам? Жакшылап дагы карайынчы. Караганда не? Сатарым да сары болчу. Бу да сары экен. Сары балдар толуп жатпайбы. Бул балким ошолордун биридир. Жок, антпей эле, бу Сатартайым эле. Ай, жаман сарым ай!» – деп абышка ичинен күңгүрөнөт.

– Абышка,– деди бир киши. – Уюң орсок саадырабы?

– Орсок саадырбайт,– деп абышка оюн бузуп жибергендей болгон бейтааныш кишини жактыра бербегендей карады.

– Анда жаман экен,– деди ал дарылдап.

– Жаман болсо, бу сен менин уюмду албай эле кой.

Бейтааныш киши ырсактап күлүп, ары карай басып кетти. «Жамандын күлгөнүн»,– деди абышка ичинен.

– Абышка,– деди бир чал. – Мага торпоктун кереги жок. Ошондуктан торпогуңду өзүң алып кал да, уюңду мага сат.

– Бөлүп сата албайм. Алсаң музоосу менен... Албасаң жок.

Чал күңкүл сүйлөп жонөдү. Абышка башын чайкап койду, анткен менен көзү кайрадан сары балада. Ал дале ордунда... Май айынын көнөктөп жааган жамгырынан кийинки асмандын алдында алтын таажысы күн нуруна жаркыраган кызгалдактай ачылган жакшылыктын жышаанасы абышканын жүрөгүн туйлатып кубанткандай болду. Мына ушуну мал базардагылардын бирөө да туйган жок.

– Аксакал, бу музоолуу уй сиздикиби? – деп сурады кер

мурут, шыңга бойлуу, арыкчырай, сүлөөсүн тебетей кийген, карасур жигит. Абышканын оюу дагы бузулуп кетти. Айтор, ошондонбу, аны карабай эле:

– Ооба, меники! – деди.

– Сатасызбы? – деп сурады карасур жигит.

– Ийи, сатпай анан! – Абышка кыска жооп берди.

Карасур жигит абышканын көңүлү уйгу-туйгу экенин сезбей, кайрадан кайрылды: – Нечеге бересиз?

– Базар наркына...

– «Сөздүн кыскасы, аркандын узуну жакшы». Ошондуктан ток этерин эле айтыңызчы, аксакал.

Абышка башта мал сатып көргөн эмес. Алманын, өрүктүн көчөтүн тигип, ошону бапестеп багып, айыл-ападагыларды суктандыра бак кылууну, ушунусунан жашоо кызыгын, ыракатын сезген пенде эле. Ничкеден, Кара-Тектирден, Көөдүлдөн, Торкенден, Борду-Кыядан, Кишенден чал-кемпирлер, уйчулар, койчулар, жылкычылар, жигиттер, боз уландар келиншип, Кош-Тектирдеги алма багынан, өрүкзарынан кызыл бөйрөк, жашыл бөйрөк, ала бөйрөк алмаларды, данеги таттуу өрүктөрдү алып кетише турган. Айтор, ошондонбу, жооп бере албай буйдалып калды. Карасур жигит момун абышканын соода-сатыкка жок экенин сезип, кытмыр жылмайып койду да, андан соң нооча бойлуу, кызыл жүздүү, бапылдап сүйлөгөн далдалчыны чакырды эле, ал ушуну гана күтүп тургандай, күпшүң-күпшүң этип, алам заматта жетип келди. Анан күйпөлөктөгөн кемпир кемегеде каланган тезекти күйгүзгөнчө карасур жигиттин мүдөөсүн орундатып, ага музоолуу күрөң уйду алып берди да, өз тиешесине берилген чай пулду чөнтөгүнө салып, көкүрөгүндө төрт амалдай жат болгон сөздөрдү кайталап, үнүн көтөрүңкү чыгарып, шериктерин карап койбоду. Абышка анын сөзүн анчалык деле таназар алган жок, пулун жүз аарчысына ороп, ички чөнтөгүнө салып койду. Бул киссабурга алдырып койбоюн дегени да. Карасур жигит музоолуу күрөң уйду кудуңдап жетелеп жоноду. Далдалчы ары жакта кой-эчкисин сата албай жаткан токор чалды карай басты. Абышканын оюу кайрадан жүдөңкү тарткан

сары балада болуп, уюн арзан эле сатып жибергенин да байкабай калды. Соода-сатыкка жок болсо ушул да. Сары бала чий баркыт кемсел, калпак кийген кишини карап, ага бирдеме дегендей болду. Ал күлүмсүрөп, башын ийкегиледи. Абышка баланы да, аны да эми даана тааныды. Тигил анын таякеси. Азан чакырып койгон аты Токунбек. Ал баланы мал базарга жөн салды ээрчитип келбеген тура. Абышка анысын эми билди. Көрсө, койлор аныкы экен. Көр турмуш өйдө-төмөн жетелеп, чүкөдөй калчаган үрпөк чач баланы мал базардан кезиктирем деп ойлогон эмес абышка. Бала таякеси менен сүйлөшүп турса да, эмнегедир теребелди алдыртан карап коёт. «Алда айланайыным ай! Мынчалык неге көз жүгүртөсүң? Мен биерде эле турам го. Эмне, мени көрбөдүңбү? Азыр көрөсүң, кагылайын!» – деп абышка ичинен күңкүлдөдү. Таякеси анын ою башкада экенин сезген жок, дарылдап сүйлөй берди. Бала ордунан жылган жок. Анткен менен таякесинин сөзүн таназар албады окшойт, кайрадан далдалчыларды, абышкаларды, жигиттерди карап коёт. Абышканын көңүлүнүн уйгу-туйгу боло бергени күчөдү. Муну дале эч ким туйбады. Ушундай карысы да, жашы да көп мал базарда муну менен кимдин иши бар дейсиң. Кыймылы күчөгөн базар дүйнөсү ай!

Чынында эле сары бала бирин-бири жөөлөшүп, арандан зорго баскан, өздөрүнчө бажактап сүйлөшкөн, каткылыктап күлүшкөн, кол алышкан, пул санашкан, корс-корс этип корсулдашкан, куппшуң-куппшуң этип куппшуңдашкан, кудуң-кудуң этип кубанышкан, кер-мур айтышкан, талашып тартышкан, кетип баратышкан, келатышкан адамдардын арасынан акчийликтерди көз кыйыгы менен издеп жаткан. Бирок, ушунча опурап-топурап жүргөндөрдүн арасынан илик-жармасынан бироону да кезиктире абаганына ызаланып, ыйлагысы келип турганына серп салбаган таякесине капа болгонсуйт. Анткен менен дале үмүт үзбөй, кичинекей көөдөнүн көтөрөт, кетирекей мурдун шыр тартып, таякесинин соболуна жооп беримиш этет. Кой маарайт. Тыбыты таралып алынган серке жүткүнөт. Бала аларды карабады.

А шуулдаган, дуулдаган, көмүрдөй кара чачын устара менен тасырайта кырдырып салган, муруту чычайган, мос-

кол денелүү, нооча бойлуу жигит маараган куйруктуу койду, кишенеген кер кунанды, тынч турбай кошкурган, туу калган чымын чаар бээни, өңгүрөгөн карала кунажынды, жер челген көк буканы, үйүрүн жоктогондой азынаган карагер айгырды, кой-эчкилерди баштап жөнөгондү самагандай болгон шаа мүйүз серкени, зээнди кейите боздогон боз тайлакты карабай, жанында купшуң-купшуң этип күлүшкөн шериктерине: «Эй, ашка жүк, башка жүк болгон кемпайлар! Күлгөнүңөрдү токтоткула. Барыңарды базарга салгыла, багыңарды базардан көргүлө»,– деп күпүлдөйт. Ал эми алар анын айтканын анчалык деле таназар алышпагандай... Ары жактагы далдалчылардын бири төкөр чалдын жанына шыпшылдай басып барып, ага чап жабышып, колунан бекем кармап: «Бар, береке! Бол эрте. Ушинтип койгун!» – деп жалбарат. Дагы бир жактан: «Жеп көрүңөр, ысык самса! Жеп көрүңөр ысык манты! Жартысы эт, жартысы пияз! Жегендер да арманда, жебегендер да арманда! Тим эле тилиңер тишиңерди тартат. Келиңдер, келип алыңдар»,– деген үн жаңырат.

Бул балага кызыктай угулат, кызыктай көрүнөт. Мал базарга башта келип көрбөгөн да. Тигинтип угулганы, тигинтип көрүнгөнү да ошондон болсо керек. Ал эми абышкага андай деле угулбады, андай деле көңүл бурбады. Ошондон улам буга анчалык деле көңүл бурган жок. Эгерде бала ар базарда келип турса, мындай болбойт эле. Тигилер баланы карап коюшпады, өздөрүнчө купшуң-купшун этип сүйлөшө беришти. Кой да, уй да, ат да, торпок да сатып алышкан жок.

Абышка баладан көзүн албайт. Бирок бушайман. Кексе далдалчы дарылдап сүйлөп, ыржактап күлөт. Абышка жактырбагандай башын чайкап, кайрадан ой бешигин терметет: «Неге нес болуп турам? Тигил далдалчы неге ыржактайт? Чоң катындын чатын көрдүбү? Күлө берсинчи... Мага эмне, баары бир эмеспи. Сатартайымдын жанына барып, пешенесинен жыттасам окшойт. Кокустан, ал мени таанымаксан болуп, сыртын салып койсочу? Анда кантем? Балким антпестир... Таякеси кара муртөз. Анын алдында мени шылдың кылбаса эле болду. Тобокел. Көрө жатармын. Куса болгон неме чоң

аталап ыйлап жиберсечи?.. Анда кантем? Андан дагы кумпар Токунбек: «Мунун жашабай жатып тууганчылын. Шашпа, жетим, шашпа! Сени элеби… Ырайы суук чал кетсинчи. Ошондо атаңды Үч-Коргондон көрсөтпөсөмү»,– деп ичинен кекенип калсачы? Ошентиши да ыктымал. Ырайым кылбайт. Таш боор да. Үйүнө барганда кылдан кыйкым таап, ырбыйган Сатарымды төпөштөп коёт го. Ошон үчүн эмне кылсам? Барбай эле, анын көзүнө көрүнбөй эле кетип калсамбы? Кой, минткеним пендеге эмес, кудайга да жакпайт го. Көрбөсөм болот эле, көргөнүмдөн кийин жолугушум керек. О, кудай! Өлгөндөн калган туякка узун өмүр бере көр! Бакты-таалай бере көр! Кетпес дөөлөт, кемибес кенч, ырыс-кешик бере көр! Бала ата-энесинин жанында болсун! Эч качан ата-энесинен ажырабасын! Бала ата менен эненин мээримине бөлөнүп өссүн! Бармактай кезинен кордук көрбөсүн! Бармактай кезинен жүрөгү жараланбасын! Ар кимди өзүнөн айтсын. Томолой жетим. Жо-о-ок, бул жетим эмес! Сатартайым күйөөрү бар, издеп алаары бар. Ыба караган тууганы бар. Уялаш болбосо да, жакшы көргөн эжелери бар. Мээримдүү жезделери бар. Мен ыба караган чоң атасымын го».

Токунбек ушинтип ой толгогон, боор толгогон абышканы деле көрбөдү бейм, өзүнчө эле бапылдайт. Бала демин ичине алып, бапылдаган таякесин карабай, жан алакетке түшкөн далдалчылардын сөзүнө кулак түрбөй, чокоюнун учу менен жер чукуламыш болот. Анан «таякем серкелерин, койлорун сатып бүткүчөктү мен ак-чийликтердин бирөөсүн көрүп калсам экен. Ой, анда абдан жакшы болот эле! Мен андан чоң атамды, чоң энемди сурайт элем. Мен андан абаларымды, акелеримди, жеңелеримди, эжелеримди, жезделеримди сурайт элем. Мен андан тели-теңтуштарымды сурайт элем. Аларга дубай салам айтып жиберет элем»,– дейт кыялы кыргыек куштай зыпылдап. Таякеси дагы эле туйбады. Биртикеден кийин абышка тобокелге салып, аларды карай басты. Кемпири өзү менен кошо мал базарга келбегени ырас болуптур. Непада ал жанында болгондо, минтип ой жорумак да, минтип бушайман болмок да эмес. «Ырысы жок жетимим! Кайдан

адашып жүрөсүң? Аерде турбай бери кел, алдыңа кетейиним!» – деп балбалактайт эле. Токунбек саксаңдап топтун ичинен суурлуп чыгып келаткан кемпирди көрмөк да, жээнинин колунан шап кармап, каарына алгандай корсулдап, көз жашын көл кылган чоң энесине жибермек да эмес. Ортодо бейкүнөө бала кыйналмак. Жүрөгү ачышып, көзү жашылдана түшмөк. Ушундан уламбы, айтор, абышканын жүрөгү даап, ырбыйган балага жакындап бара албай бурулганын бир да киши туйган да, байкаган да жок. Токунбек кабагын бүркөп, каардана сөгүнүп, элдин алдында шагын сындырып, осол кылып коюшу да ыктымал. Андан баарын күтүүгө болот. Жакшылык ыроолоюн деген ниети жок. Өзүм эле болсом деген ойдо. Абышканын бурулганы да, жүрөк заада болгону да ошондон. Сары бала абышканы дале көргөн жок. Эгерде көрүп калса, «Чоң ата-а-а!» деп кыйкырышы, «Мен мындамын»,– деп бышаң-бышаң этип ыйлап жибериши да мүмкүн эле. Койлорду карабай, таякесин карабай, айран-таң болушкан чал-кемпирлерди, жигиттерди, боз уландарды, аялдарды карабай жүгүрүшү да мүмкүн эле. Токунбек пул санап жатат. Ошондуктан жээнинин ою кымгуут экенин, абышканын сары санаа ойго түшкөнүн сезген жок, пулдун жарымын ички чөнтөгүнө, жарымын баштыкка салып, кайрадан дарылдап сүйлөп, карс-карс күлөт. Кайгырбаса, боор толгобосо күлөт да. Ойлогону эле калган үч коюн, үч серкесин да кымбатыраак сатуу, анан айылга кетүү. Жеткен ач көз. Жеткен дүнүйөкор. Акча дегенде, байлык дегенде жантыгынан жата калмайы бар. Битиреп, эч кимге чык татырбайт. Өзүмчүл, өз көмөчүнө күл тартып, өзүм дегенде өгүздөй кара күчү бар. Кыйлы да чалпоо аттыкындай… Абышка ушуну билет. Билгени үчүн тартынып бурулду да. «Садага болоюнум, не күнөө кылдың эле? Илбийип биротоло болуп калыпсың. Ыраматылык атаңдын көзү тирүү болсо, сен ушинтип өңүңдөн азып, тожик таякеңдин жанында турбайт элең. Жаман кебин укпайт элең. О, түбүң түшкүр дүнүйө ай! О, бир кем дүнүйө ай!» Ушул сөздөр абышканын тилинин учунда айтылбай турду. Айткен менен бир оокумда кусалуу баланын тааныш издеген

көзүнө көзү уруна түштү. «Чоң ата! Мен сизди издеп жатсам, а сиз...» дегенсип басты бала. Кайра ошол замат артына кылчайып, үтүрөйгөн таякесин карап койду. Ал пакене бойлуу, чокчо сакал, балдак таянган кара киши менен ырайлашып жатыптыр... Бала бейтааныш кишини мурда көргөн эмес. Ошондуктан аны биртике таңыркап карады. Анан кайрадан бурулуп, кайрадан басты. Бирок, бир аздан соң токтоп, сөөмөйү менен эриндерин басып, күлүмсүрөп койду. Бул абышкага «Чоң ата! Сиз ошерден карыш жылбаңыз, мен таякемди жазгырып барам. Ал сизди көрүп калбасын» дегендей туюлат. Кең көөдөнүн термелтет. Термелүүсү күчөп баратканда бала таякесин жазгырып, жанына жетип келди. Абышка жетине албай кучактап, бетинен өптү эле, эркеген баланын көзү жашылдана түштү. Шуулдаган, дуулдаган жигиттин купшуң-купшуң этип күлүшкөн, сүйлөшкөн шериктери, жаагын жанган далдалчылар элес кылып койгон жок.

– Алдыңа кетейин! Балакет-мээнетиңди алайын! – деди абышка сүйүнүп. – Ыйлаба, кагылайын! Бу күтүлбөгөн жолугушуу. Сени көргөнүмө ыраазымын. Мага сени кезиктирген кудайга ыраазымын!

Бала бышактап унчукпады. Эмнегедир абышка да жашып кетти, бирок ага муундары бошой түшкөнүн билгизбей, көз жашын көрсөтпөй, бажактап сүйлөп, дубалды карай басты эле, бала үн катпай, мурдун шуу тартып, анын артынан жөнөдү. Аларды эч ким караган да, көңүл бурган да жок. Өздөрү менен өздөрү. Кимдир бирөөнүн улагы качты окшойт, ары жактан «О, айланайын! Алдагы улакты мага кармап бере көр!» деген үн чыкты. Бала да, абышка да үн чыккан жакты карабады. Жүрөгү элеп-желеп... Алты пакса дубал. Дубалдын сыртында аттар, эшектер... Аларды караган киши деле жок. Соодасы бүткөндөн кийин ар ким өз унаасын минип кетет. Унаалары жоктор жөө-жалаңдашып кетишет. Муну бала билбейт, абышка билет.

– Чоң ата! – деди бала эми бышактабай күлүңдөп. – Чоң энем жакшы жүрөбү?

– Жүрөт айланайын! – деп абышка кайрадан баланы кучактап, кайрадан маңдайынан өптү. Балага абышканын мээ-

рим төккөнү майдай жакты. Бирок, эмнегедир элеңдеп эки жакты карап койду.

– Коркпо садагаң кетейин, коркпо! – деди абышка баланы бооруна кысып. – Таякең экөөбүздүн биерде турганыбызды көрбөйт. Кишинин, малдын көптүгүн карачы... Тим эле жүнүн жейт. Булардын көбү Толук, Бел-Алды, Сары-Сөгөт, Торкен жактан, Ничке-Сай, Жетиген, Өзгөрүш тараптан, Мазар-Суу, Кара-Күнгөй, Бала-Чычкан аймагынан келишкен. Үч-Коргон тараптан да ала топулар келишип, алардын арасында жүрүшөт. Мейли, ала топулар жүрө беришсин. Семиз мал сатып алышып, кайра эле Үч-Коргон тарапка кетишет. Буга илгертен көнүп калышкан да. Өздөрүнүн жайлоосу биздикиндей ажайып кооз болбосо, анан бул жакка келип турушат да. Сен аларга көңүл бурбай эле кой. Кандай жүрөсүң, кагылайын? Мени сагындыңбы? Чоң апаңды сагындыңбы?

– Сагындым, чоң ата, сагындым! – деп бала мурдун шыр тартып койду. – Тотукан эжемди, Баргек эжемди, Зымыракан эжемди, Ырайылда эжемди да сагындым. Кынайым эжемди, Дилдеш эжемди, Базаркан эжемди, Шакен эжемди, Алкан эжемди да сагындым. Бактыкан эжемди, Кыматай эжемди, Жыргал эжемди, Канчайым эжемди да сагындым. Итбай акемди, Сейди акемди, Райымжан акемди, Орозбек акемди, Болсунбек акемди да сагындым.

– Айланайын, жаман сарым! Сагынычың эми тарайт. Айылдадагылар тынч. Баары аман-эсен жатышат.

– Кытыш жездем, Шайыбек жездем, Төлөн жездем, Мамыркул жездем жүрүшөбү?

– Жүрүшөт жезделериң.

– Табылды абам, Кабылбек абам, Жусуп абам, Акимжан абам, Ашым абамчы?

– Булар да сак-саламатта жүрүшөт.

– Жуматай акемчи, Калыбай акемчи, Базарбай акемчи, Дүйшөн акемчи, Абдыманап акемчи? Сати жеңем менен Какы жеңемчи? Апыш жеңем менен Айзада жеңемчи?

– Булар да аман-эсен жатышат.

– Кенжегара акемчи, Актан акемчи, Бекбай акемчи, Жек-

шебай акемчи, Молдокан акемчи, Зарип абамдын уулу Агадилчи? Жумагул акемчи?

– Булар деле жүрүшөт.

– Качканак абамдын Эсенбегичи, Табылды абамдын Абасканычы, Абалканычы, Темирканычы?

– Булар да жатышат.

– Канышай апам, Бүкүбай апам, Бүсайра апам, Сакадай апамчы? Уулкан апам, Чигитай энем, Апта жеңем, Самар жеңем, Балайым жеңемчи? Турсунай апам, Турду апам, Ызаат жеңемчи? Жүзүмбү апам, Зейне апамчы? Кишимжан апамчы? Жанбала жеңемчи?

– Алар да жүрүшөт.

– Арстанбек акемчи, Үезбай абамчы, Түмөнбай абамчы? Назар акемчи, Төрөкан абамчы, Жээнша абамчы, Жолдош абамчы? Токтоназар абамчы?

– Булар да өздөрүнүн ичер суусун ичишип, көрөр күнүн көрүшүүдө. – Абышка кайрадан баланы кучактап, кайрадан анын маңдайынан өөп койду. – Эмне, бу сен ушуларды башкаларга караганда жакшы көрөсүңбү?

Сатар кайрадан көзүн жашылдантып, мурдун шуу тартып, башын ийкеп койду.

– Кыязы, бу сен булардын бардыгын көргүң келип калган го,– деди абышка. Сатар кайрадан башын ийкеп койду да, андан соң: – Кабылбек абамдын балдары аман-эсен жатышабы? Бекбай акемдин үкөлөрү жүрүшөбү?

– Булар да эсенчиликте ойноп-күлүп жүрүшөт.

– Итбай акем менен Сейди акем иштеп жүрүшөбү?

– Экөө тең азамат, иштеп жүрүшөт. Иштин майын чыгарышат.

– Алымбек абамдын балдарычы? Токтоназар абамдын кыздарычы, уулу Мырзабекчи?

– Алар да айылдагылардын арасында жүрүшөт.

– Бактыкан эжем менен Кубанычбек жездемдин балдары кандай жүрүшөт?

– Жакшы эле жүрүшөт го.

– Максы акем менен Ормон акемчи?

– Экөө тең айдан аман, жылдан эсен.

– Канышай апамдын Сажыра, Жумайым деген кыздары бар эле го. Алар кандай жүрүшөт? Жана да Төкү менен Абдыбайчы, Кыштакчы?

– Кудайга шүгүр. Кыздардын, балдардын арасында эле ойноп-күлүп жүрүшөт.

– Чоң ата, мен бүт баарын көргүм келет. – Сатардын үнү ак кайыңдын баригиндей дирилдеп, аянычтуу чыккандай болду. – Чоң ата, мен өз айылымда, эжелерим менен акелеримдин арасында, абаларымдын жанында жүргүм келет. Чоң ата, мен чоң энелеримдин жомокторун уккум келет.

– Айланайын, жаман сарым! Бу сен сабырыңды суз кылба. Аман болсоң, бардыгын көрөсүң да. Кагылайын жаман сарым! Аман болсоң, баарын угасың да.

– Сейди акем менен Итбай акем үйлөнгөнбү?

– Ооба, экөө тең үйлөнгөн. Итбай акеңдин келинчеги Бел-Алдыдан, ал эми Сейди акеңдин келинчеги Сары-Сөгөттөн болот. А турсун балалуу болушкан.

– Качан?

– Өткөн жылы. Экөөнүкү тең жоокер. Канышай апаң Сейди акеңдин уулунун киндик энеси, Бүкүбай энең Итбай акеңдин баласынын киндик энеси. Чуут кемпирдин чалы, төкөр кароолчунун аялы өлгөн. Чаар уста там салган, балалуу болгон. Азыр ошол тамында жашайт. Молдонун токолуна да үй куруп берген. Дөөлөттүү аксакалдын чоң уулу үйлөнүп, шаарга көчүп кеткен. Ошо бойдон айылга келе элек. Биротоло шаардык болоюн деген го. Эгеде мындай болбосо, эмдигиче бир мертебе келип, ата-энесин кубантып кетет эле да. Райымжан акең үйлөнө элек. Ал али жаш да. Айланайын, жаман сарым! Сен эми Итбай акеңдей, Сейди акеңдей, Жумагул акеңдей адаматтарды тартып, эстүү боло көр, идиректүү боло көр, кең пейил боло көр, намыстуу боло көр, чыдамкай боло көр.

– Болуптур, чоң ата,– деди бала. – Бирок, мен чоң шаарды көрө элекмин да.

– Аман болсоң чоң шаарга барасың, куду ошондо шаардыктардын турмушу кандай экенин өз көзүң менен көрөсүң.

КОК-ЯНГАК... 44507

Балким дөөлөттүү аксакалдын чоң уулундай болуп, сен да шаарда жашап калаттырсың.

– Чоң ата, мен чоңойгондо антпейм. Айылда эле жашайм. Күзүндө, кышында кой союп, байбичелер менен аксакалдарды, эжелерим менен жезделеримди, абаларым менен акелеримди жана жеңелеримди чакырып, атам менен апама куран окутуп турам.

– Бейиши болгур, атаң менен апаңдын арбагы ыраазы болуп, сени колдоп жүрсүн,– деди абышка бешиктен бели чыкпай жатып, идиректүү боз уландай орундуу сүйлөгөн балага жүрөгү жылып. Ал муну туйбады бейм, башын жерге салып, чыйт-чыйт түкүрдү. Кара торпок качты эле, он чакты жигит коргондон чыгарбай кармап калышты. Ээси абышкага окшогон момун чал экен. Ал торпогун кармап бергендерге ыраазы болуп, алкоосун айтты. Бала аны карабай:

– Канышай апам, Бүсайра апам жайлоого барып кымыз ичип келишеби? Абам эмне кылып жүрөт? – деп сурады.

– Абаң тың, дале иштеп жүрөт, дале кампачы. Бүкүбай апаң эски кесели кармап, төшөккө жатып калган. Абаңдын зайыбы өз энесинен кем көрбөй, кирпигине чаң жугузбай, бейтапты багып жатат. Канышай апаң күүлүү-күчтүү. Жайлоого эки-үч жылдан бери бара элек. Өрмөк согот. Шырдак шырыйт. Талаадан чий жулуп келет да, чыгдан жасайт. Бүсайра апаң деле тыным албайт. Катын-калачтарга жардам берип турат. Курак курайт, ичик, тон тигет.

– Чоң ата, мен Канышай апамды, Чигитай энемди, Бүсайра апамды жакшы, абдан жакшы көрөм.

– Эмне үчүн?

– Канышай апам, Чигитай энем, Бүсайра апам мени жанына олтургузуп алып, мага кырк каракчы жөнүндө, акылдуу бала жөнүндө, акылдуу хан жөнүндө, карышкыр жөнүндө, куу түлкү жөнүндө, таш боор желдет жөнүндө, ажыдаар жөнүндө, ырайымсыз увазир жөнүндө жомокторду айтып берген. Ошондой эле таруу көжө, жарма, айран бере турган. Мен аны ичип алчумун.

– Бүкүбай апаң менен Сакадай апаңдычы?

– Бүкүбай апамды да, Сакадай апамды да жакшы көрөм. Алар мага курут, как берчү, каймакка талкан көөлөп берчү. Бирерде бутумдун, бирерде колумдун тырмагын алып берчү. Ал эми Уулкан апам, Турду апам, Апта жеңем мага кез-кезде быштак, жумуртка, көмөч, бал каймак бере турган. Жүзүмбү апам, Зейне апам, Бүсайра апам, Турсунай апам да ушинтишчү.

– Ушунун баары эсиңдеби? – Абышка таң калгандай тиктеди.

– Эсимде,– деди бала мулуңдап күлүп. Көңүлү курсант болгону жүзүнөн байкалып турду.

– Бардыгы бирерде сени сурап калышат. Өзгөчө өзүң курактуу балдар, кыздар көп сурайт. Кыязы булар сени сагынып калышкандай...

– Чоң ата, мен да аларды сагындым.

Бала эжелерин, акелерин, балдарды, кыздарды ээрчип сайга, талаага, токойго далай барган. Ошондо жашынмак, топ тап, токту сурамай, ак терек-көк терек ойношор эле. Балырдуу көлмөлөрдөн балыктарды, жыландарды, чий арасынан коёндорду, кашкулактарды, түлкүлөрдү, кумдуу аралдан каркыра-турналарды, көк иримден каздарды, өрдөктөрдү, чычырканактардын, жийделердин түптөрүнөн кыргоолдорду, талаадан тоодактарды, безбелдектерди көрүшө турган. Алардын тынчын эч ким алчу эмес. Кыздар менен балдар бирерде тезек терип, бирерде куурай көтөрүп келчү. Баары жылдыздуу Сатарды жакшы көрө турган. Эмнегедир ал алам заматта алар менен аралашып жүргөнсүп кетти.

– Бир гана сен жоксуң,– деди абышка сабыры суз. – Чоң энең сени көрсөм экен, үйгө алып келсем экен дей берет.

– Мен да чоң энемди сагындым. Абамды сагындым. Канышай апамды, Кишимжан апамды, Жанбала жеңемди, Бүсайра апамды сагындым. Чигитай энемди сагындым. Жүзүмбү апамды, Зейне апамды, Турду апамды, Уулкан апамды, Сакадай апамды, Апта жеңемди, Турсунай апамды сагындым. Акекалдарды, балдарды да сагындым. Сати жеңемди, Какы жеңемди да, Самар жеңемди, Ызаат жеңемди да сагындым.

– Алар да сени сагынып калышты.

– Чоң ата, мен таякемдин үйүнөн үч жолу качып чыктым. Бирок үчөөндө тең артыман кууган таякемдин колуна түшүп калдым. Таяк жедим, чоң ата! – деп бала муңайып даттанды.

– Алда алдыңа кетейиним ай! Азап тартып жүргөн турбайсыңбы. Сени урган таякеңдин колу сынып калсын!

– Чоң ата, мен таякемдин үйүндө жашагым келбей калды.

– Неге?

– Таякем адегенде жакшы эле. Мени эркелете турган. Эми антпейт. Чоң ата, ал жаман, мени малайдай кылып жумшай эле берет. А таяжеңем антпейт. Таякем жокто ал башымдан сылап, маңдайымдан өөп, Канышай апамдай, Чигитай энемдей, Бүсайра апамдай мээримин төгөт. Мен таяжеңемди жакшы көрөм. Эгерде керженңдеп койсом, таякем мени балдардын көзүнчө сөгүп, тилдейт. А турсун башка чаап да, көчүгүмө тээп да жиберет. Ыйласам, «Ыйлаба, жетим, ыйлаба! Сен атаң менен апаңды эрте эле жутуп алгансың. Мен болбосом, талаада калмаксың!» деп урат. Окуткусу келбейт. – Бала эриндерин чормойтуп, кайрадан чоң атасына даттанды. – Малын бактыргысы келет. Мен таякемдин малын баккым келбейт.

– Чын эле ошентеби? – деп абышка сурады.

– Чыпчын, чоң ата! Жалган айтсам, кудай урсун! Нан урсун! Чагылгандын ташы урсун! – Бала карганып жиберди.

– Кантет, кантет... – Абышканын зээни кейип кетти. Баланын оозунан мындай сөздү угам деп ойлогон эмес эле. – Таяжеңең болушпайбы?

– Чоң ата, таяжеңем таякемен коркот. Кээде таякем таяжеңемди уруп коёт. – Чоң ата, мен таякемди жаман көрүп калдым,– деди бала муңайып.

– Айланайын, өлгөндөн калган туягым! «Өгөй өөнчүл, жетим кекчил болот» дегендей, бу сен эмитен ичиңе кек сактабай жүр. Кекчил болуу эң жаман касиет.

– Чоң ата, жакшылыкты унутууга болобу?

– Айланайын, жаман сарым! Жакшылыкты унутууга болбойт,– деди абышка анын башынан сылап.

– Неге?

– Жакшы киши сөзү менен күлдүрүп, назы менен күйдүрүп, мээрими менен сүйдүрөт. Ар дайым жатык болуп, тууган-туушкандары менен жоро-жолдошторун өргө сүйрөп, жетим-жесирге да, бей-бечарага да жакшылык ыроолоп турат. Ошондуктан жакшылык жерде калбайт.

– А-аа... – Бала эми гана түшүнгөндөй оозун ачты. Анан:

– Чоң ата, мен малай болуп жүргөндү каалабайм. Окугум келет. А таякем мени кааласа мектепке жиберет, каалабаса мектепке жибербейт. Ошон үчүн сабактан калып калам. Чоң ата, мен чынымды айтсам сабактан калгым келбейт.

– Албетте, бала чакта окуган жакшы болот. Көптү билип каласың. Далайды үйрөнөсүң. Билимдүү болосуң. Чыныгы адам болосуң. А окубасаң түркөй болуп каласың. Түркөйлүк баарынан жаман.

– Чоң ата, мен түркөй болгум келбейт.

– Жүрү, анда эмесе, Ак-Чийге кеттик!

– Чоң ата, Ак-Чийде мектеп жок да.

– Көөдүлдө мектеп бар. Сен ак-чийлик балдарга кошулуп, Көөдүлгө барып окуйсуң. Ничке айылындагы, Кара-Тектир айылындагы балдар менен кыздар деле Көөдүлгө барып окушат эмеспи.

– Чоң ата, мен күн сайын Көөдүлгө барып келемби?

– Ийи, айланайын!

– Көөдүл алыс да...

– Алыс болсо эмне экен? Ак-чийлик балдар кыйыктанышпай эле, жалкоолонушпай эле, Көөдүлгө барып-келип окуп жүрүшөт го. Ак-чийлик балдар жазгы жамгырга, күзгү нөшөргө, боз кыроодогу ызгарга, кышкы чилденин темир аязына карашпай, суу болушса да, үшүсө да, баарына кайыл болушуп, Көөдүлгө барып-келип, бардыгы окуп жүрүшөт го. Мен сени аларга кошуп коёмун. Ошон үчүн ойго чөкпөй эле, жүрөөчү мени менен...

– Чоң ата, азыр элеби?

– Азыр болбогондо, анан качан?

Бала буйдала түштү. Абышка ээрчибей коёбу деген ниетте коркуп кетти.

– Чоң ата, тиякта менин досторум бар. – Бала үнүн акырын чыгарды. – Аларга барып жолугайын. «Мен мал базардан чоң атама жолуктум. Мага капа болбогула. Жакшы калгыла. Мен өз айылыма кетип жатам» деп айтып койбосом болбойт. Чоң ата, эгерде антпесем, досторум мени күтө беришет, күтө беришет да, жол карай беришет да.

– Досторуңдан айланайын! Адам болуп бараткның ушул. Акылыңан айланайын! – Абышканын кооптонуусу жоголо берди.

– Чоң ата,– деди бала ойлуу,– ак-чийликтин баары менин туугандарым болобу?

Абышка сакалын сылап, башын ийкеп койду да, бир аздан соң кайрадан бажактап сүйлөп, баланын кетирекей мурдунан кармаламыш болду.

– Чоң ата,– деди бала анын эркелеткенин сезип,– кудай барбы?

– Кудай бар эмей!

– Кайда кудай? – деди бала кежигесин кашылап.

– Кудай көгөргөн көктө,– деп абышка асманды карап койду. Бир пастан кийин буга муну кошумчалады: – Сен кудайга ишенип, кудайга сыйынып жүргүн. Жатаар алдында тилек кылгын. Кудайым тилегиңди кабыл кылып калгысы бардыр.

Бала абышканын сөзүн үжөт кылды бейм, башын ийкеп койду.

– Кудай кудуреттүү, кайрымдуу,– деди абышка. – Кыбыр эткендин баарын көрүп, баарын байкап турат. Айланайын, жаман сарым! Менин өмүрүм да, чоң апаңдын өмүрү да, сенин өмүрүң да кудайдын колунда. Атурсун абаларыңдын да, акелериндин да, эжелериңдин да, жезделериңдин да өмүрү кудайдын колунда. Ошондуктан, кудайдын каарына калбай, дайыма жалган айтпай, жамандык кылбай жүрүү керек. Ие, дайыма түз жүрүү керек.

– Андай болсо, эмне үчүн таякем түз жүрбөйт?

– Макоо да...

– Чоң ата,– деди бала ойлуу. – Төрөкан абам менен Зейне апамдын уулу келдиби?

– Алым келелек. Согуштун жүзү курусун! Далай жигиттердин кырчындай өмүрлөрүн кыйып таштады го. Төрөкан абаң менен Зейне апаң дагы эле үмүт үзбөй, Алымтайын күтүп жүрүшөт.

– Чоң ата, балким Алым акем бир күнү келип калаар.

– Тилегиңден айланайын! Алымтай жаркылдап айылга келип калса экен. Ата-энеси кубанат эле. Баарыбыз кубанат элек.

– Чоң ата,– деп бала тике карады. – Эжемдерге, акемдерге деле жомок айтып бересизби?

– Айланайын, Сатартай, мен эми эжелериңе, акелериңе жомок айтып бербей калгам,– деди абышка анын ийнине колун коюп.

– Эмне, эжелерим менен акелерим сизди таарынтып койдубу?

– Эжелериң, акелериң мени таарынтышкан деле жок.

– Анда эмне үчүн аларга жомок айтып бербей калдыңыз?

– Эжелериң эми секелек эмес да. Баарынын түгөйү бар. Акылы жетик, көңүлү тетик. Анын үстүнө чыккан кыз чийден тышкары да. Акелериң болсо ак-караны ажырата билип калышкан. Алардын ойлогону башка, эңсегени башка. А сен али балакайсың.

– Чоң ата,– деди бала айраң-таң калгандай,– өмүрлүк жолдошу барларга жомок айтып берсе болбойбу?

Абышка мыйыгынан гана күлүмсүрөп, башын чайкап койду да, андан соң: – Айланайын, Сатартай, бу сен башта эле зирек болчусуң, кепке үйүр элең. Эми деле ошондой окшойсуң. Бул менин жүрөгүмдү  жылыткандай болду. Мен сага жомок эмес, а абдан кызыктуу унутулган аңызды айтып беремин.

– Чоң ата, тайкем мага жомок эмес, жылуу сөз да айтпайт.

– Бала такылдады. Бирок үнү дирилдеп аянычтуу чыкты.

– Таякең нонок да... – Абышка такылдаган баланын мурдунун учунан кармалап койду. – Сен капа болбо. Бу жалган дүйнөдө эби бар иш бүтүрөт, кеби бар сөз бүтүрөт. Ушуну билип кой, кагылайын!

Бала башын ийкеп унчукпады.

– Айланайын, Сатартай! – деди абышка бажырандап. – Мен сага далай эле жомокту, далай эле уламышты айтып бергем. Ошолорду унутуп койдуңбу?

– Кээсин унутуп койдум, кээсин унуткан жокмун,– деп бала күнөөлүүдөй жер тиктеди.

– Эсиңде калганы кайсы? – деп абышка сурады.

– Асан кайгынын уулу[1] жөнүндө айтып бергениңиз.

– Бул өтө узун баян да.

– Чоң ата, мен мунун баарын эмес, а азыраагын эле билемин,– деп бала чынын айтты.

– Андай балсо, мен сага кайрадан айтып берсем окшойт.

– Чоң ата, азыр элеби?

– Ийи, азыр...

– Чоң ата, Асан кайгынын уулу жөнүндөгү аңыз кепти азыр айтып бербей эле коюңузчу.

– Неге? – деп абышка таң калгандай тиктеди.

– Таякем экөөбүздү көрүп калса жинденип кыйкырат да, сөгүнөт да.

– Экөөбүз олтуруп алабыз. Таякең бизди көрбөй калат.

– Таякем мени издеп, экообүз олтурган жерге келип калсачы?

– Жүрөк заада болбо, айланайын! Таякең койлорун таштай албайт. Андыктан беймарал тура бер.

– Чоң ата, Асан кайгынын уулу жөнүндөгү аңыз кепти Эсенбек менен Мырзабекке, Абалкан менен Ташкарага да айтып бересизби?

– Алар сендей болуп сурашпайт да. Андыктан буларга айтып бербейм.

– Чоң ата, минтпеңизчи...

– Болуптур, жаман сарым. Кана айтчы, бу сен ким болосуң?

– Милийса боломун.

---

[1] Асан кайгы XIV–XV кылымдарда жашаган ойчул, олуя, акылман. Шоораты далайга жеткен Жээренче чечендин, айтылуу Толубай сынчынын, айтылуу Чоро мүнүшкөрдүн, Чомотой саятчынын замандашы.

– Эмне үчүн?

– Ууруларды кармайм. Зөөкүрлөрдү кармайм. Телибай теитектерди тескейм. Алсыздарды алдуулардан коргоймун,– деди бала кайрадан такылдап. – Жана да жалкоолорду чогултуп, аларга теректин, талдын, алманын, өрүктүн, жийденин көчөтторүн тиктирем. Жана да талаадан тоодак, камыштан кыргоол, токойдон чил, коктудан кекилик аткандардын сайнын колуна берем.

– Тоодон тоо теке, тоо эчки аткандардычы?

– Булардын да кадемин катырам.

– Башка жактардан келишип, арак ичишип, кайра кетип калышпай, биздин өзөндөрдөн тор менен балык кармагандардычы?

– Буларды аябайм, катуу жазалаймын.

– Кылмышкерлерден коркпойсуңбу?

– Жанымда шериктерим болот да. Андыктан коркпоймун.

– Азаматым ай! – деп абышка баланын далысынан таптады. – Кудайым изги тилегиңди кабыл кылгысы бардыр... Эми мага жашырбай айтчы, таякең сага момпосуй, анар, коон сатып береби?

– Таякем мага эч нерсе сатып бербейт.

– Сараң да... Мен сага эмне сатып берейин?

– Кызыл топ, көк топ, анан ышкырык. Бирок азыр эмес.

– Анда качан?

– Мен досторум менен коштошуп келгенден кийин.

– Досторуң көп элеби?

– Көп деле эмес, болгону төрт-бешөө эле...

Абышка карс-карс күлдү. Бала күлгөн жок, анткен менен бирдеме айтканы оозун таптап барып, кайта ичинен күңкүлдөп тим болду. Абышка анын алпейими кете баштаганын сезди бейм, шуу үшкүрдү да, андан соң: – Кудайга ыраазымын. Мен сени көрдүм, үнүңдү уктум. Эми өлсөм деле мейли,– деди.

– Чоң ата,– деп бала кайрадан кежигесин кашылады. Үнү кайрадан дирилдеп чыкты. – Сиз өлбөңүз.

– Неге? – деп абышка тике карады.

– Кокустан сиз өлүп калсаңыз, мени ким токойдон тосуп

алат? Кокустан сиз өлүп калсаңыз, мага кайрадан Асан кайгынын уулу жөнүндөгү аңыз кепти ким айтып берет?

– Кабатыр болбо, айланайын! Мен өлүп калсам, сени чоң энең тосуп алат. Чоң энең менен Канышай апаң сага Асан кайгынын уулу жөнүндө айтып берет.

– Чоң энем менен Канышай апам сиздей болуп абдан кызыктуу кылып айтып бере албайт да.

– Антпегин, жаман сарым, антпегин! Чоң энең билишинче айтып бере алат, а Канышай апаң болсо көптү билет, көптү айтып бере алат. Ошондой болсо да, жаман сарым, коркунучтуу ойдон алыс бол.

– Болуптур, чоң ата.

– Кеп төркүнүн, азамат кадырын билген, жамандыктан алыс болгон, жакшылыкка жакын болгон, жайчылык да жайы бар Төрөкан абаң, арапча окуй алган Акимжан абаң менен Жусуп абаң, кадыр-барктуу Кабылбек абаң деле далай баянды, далай аңызды, далай уламышты билишет. Мына ушулардан сурасаң деле болот. Алар айтып беришет.

– Чоң ата, мен алардан сурай албайм да.

– Эмне үчүн?

– Тартынам да.

– А сен тартынба.

– Болуптур, чоң ата, мен тартынбайын.

– Ай, балакай зирегим ай! Ай, балакай чеченим ай! – деп абышка муңайган баланы дагы эркелетип, маңдайынан сылап койду.

– Чоң ата,– деди бала көздөрүн аландатып. – Таякем эки жакты карап жатат. Мен эми барайын... Төрт күндөн кийин мени токойдон тосуп алыңыз. Сөзсүз келем. Дайрадан өтүп келем, чоң ата! – Кайрадан абышканы карап койду. Бирок таякесин карай басып жөнөгөн жок, кайрадан сурады: – Куду ошондо мага Асан кайгынын уулу жөнүндө айтып бересизби?

– Айтып берем, айланайын, айтып берем! – деп абышка эмнегедир жүрөксүп калтаарыган баланын колун кармады. Анан кайрадан бетинен өөп, кайрадан башынан сылап, кайрадан далысынан таптап койду. – Болгондо да мен сага Төлөн-

мырзанын кыраан бүркүттүн уясында далай күндү өткөргөнү тууралуу айтып беремин. Өткөндү унутууга болбойт. Өлгөндөр, жокталмайын, тирүүлөр барктабайт. Мына ушуну билип кой, кагылайын! Мына ушуну эсиңден чыгара көрбө, айланайын!

– Чоң ата, эми мен таякемин жанына барайын. Эмесе жакшы калыңыз. Баргек эжеме, Тотукан эжеме, Зымыракан эжеме, Дилдеш эжеме , Ырайылда эжеме, Кынайым эжеме, Бааркан эжеме менден дубай салам айтып коюңуз,– деди бала акылы жетик, сезими тунук боз уландан бетер. – Дагы да Жыргал эжеме, Бактыкан эжеме, Кыматай эжеме, Канчайым эжеме, Шакен эжеме, Алкан эжеме дубай салам айтып коюңуз. Абам менен чоң энеме да. Итбай акем менен Сейди акеме да, Райымжан акеме да, Жуматай акеме да, Жумагул акеме да, Ормон акеме да. Төрөкан абам менен Жусуп абама да, Табылды абам менен Акимжан абама да менден дубай салам айтып коюңуз. Кытыш жездеме, Төлөн жездеме, Шайыбек жездеме, Кубанычбек жездеме да, Кабылбек абама да, Болсунбек акеме да, Орозбек акеме да. Уулкан апама, Чигитай энеме да, Канышай апама да, Бүкүбай апама, Бүсайра апама, Жүзүмбү апама, Зейне апама, Сакадай апама да менден салам айтыңыз. Унутуп калбаңыз, чоң ата. И баса, Төкү менен Абдыбайдын, Кыштактын бетинен өөп коюңуз. – Бала чоң атасы менен ущунчалык чечилип сүйлөшө бергиси келип турган да, таякесинин эки жакты үтүрөйүп карай баштаганынан улам ушинтүүгө аргасыз болгондой… Эгерде ал кара мүртөз, таш боор болбостон, а биртике кең пейил, биртике оор басырыктуу, биртике күйүмдүү болсо, минтип айта салбастан эле, дагы кыйлага божурай сүйлөй бермек. Чынында эле, ал үтүрөйүп эки жакты карабаса, анын жанына баруууга шашылбай, дагы бир топко сүйлөшүп турат эле. Аргасы жок да. Жанынан кетиргиси келбей турган чоң атасынын бетинен чоп эттире өөп, сакалынан сылап койду да, биртикеден кийин эл аралап, таякесин карай жөнөдү. Абышка уудан жолу болбой кайткан мергендей туталанып, баланын артынан басты. Эмнегедир анын айткан сөзүнө ишене бербеди окшойт, кайрадан үшкүрүк аралаш терең күрсүндү. Мал базардагы карылар да,

жаштар да анын дүргөйүнүн уйгу-туйгу боло бергенин сезишкен жок. Өздөрү менен өздөрү эле. Бир аздан соң абышка кадамын арымдуу таштабай, санаасы санга бөлүнө бергендей, ою он талаа болгондой туруп калды. Бала да көпчүлүктүн арасынан көрүнбөдү.

– Бу быштың чалпоо экен, болбосо сатып алат элем,– деди бир аксакал.

– Албасаңыз коюңуз. Сизден башка деле кардар табылып калаар,– деп кара тору жигит бапылдады.

– Ай, жигит! Мен сага кардар табылбайт деген жокмун да. Андыктан корсулдабасаңчы.

– Аксакал, мен корсулдаган жокмун. Тек гана жөнүн айттым.

– Ай, жолуң болгур ай! Бу сен такымчыл окшойсуң.

– Аксакал, башымды оорутпай барыңызчы.

Ачууланган аксакал башын чайкап, ары карай басып кетти. Кара тору жигит күңкүлдөп кала берди. Абышка аны караган деле жок, анткен менен: «Бейиши болгур, Ысмайылымдын уулу менин көңүлүмдү жубатып койду бейм. Кантип эле төө өркөчтөнүп аккан дайрадан өтүп келсин? Боконосу бекип, боору катып, балтыр эти толуп калса бир жөн эле, а бул али кичинекей да… Бала эмес, ата сакалы оозуна бүтүп калгандар да, өлбө жаным өлбө деп, кудай өзү сактасын деп, суунун ээси Сулайман колдосун деп, кечмеликтен араңдан зорго кечип өтүшөт. Сатардын мине турган аты да жок. Айланайыным, ай! Кагылайыным, ай! Мени таарынып калбасын деп, капа болуп калбасын деп, келемин дегендей кылып койдуң окшойт. Ошентип койсоң да, аман болсоң экен»,– деп ичинен толгонду.

## II

Бала абышканын ичинен толгонгонун туйгандай болуп, бир маалда кылчак-кылчак карап койду. Ал бирде көрүнүп, бирде көрүнбөдү. Бир ордунда турбагандар, ары-бери баскандар көп да, жөөлөп өткөндөр көп да. Адашып калгандар да, издешкендер да арбын. Ичи тызылдай берди баланын. Абышка

кыжалат болуп, муну туйбады. Акырын бурулуп, башын жерге салып басты. А бала таякесинин жанына барды эле, ал:

– Эй, ашка жүк, башка жүк! – деди корс этип. – Жанатан бери кайда жоголуп жүрөсүң?

– Табарсыгым толуп калганынан... – Бала жалтактап жер тиктеп, Мейманбек чоң атасына жолукканын айткан жок.

– Ээн башсың да,– деп таякеси каарына алгандай, кайрадан корсулдады. – Табарсыгың ошончолук эле толуп калса, мага бир ооз айтып койсоң болот эле да. Уруксат берет элем. Бир паста жоголуп кеткениңден оюм он талаа болуп, чыйпыйым чыгып кетти.

Бала таякесинин итатайы тутулганын туйду бейм, жүзүнө тике карай албастан жалтайлап, кежигесин кашылап унчукпады.

– Оң кулагың менен да, сол кулагың менен да угуп кой,– деди таякеси көздөрүнөн чаарын чыгарып. – Мындан ары минтпейсиң. Эгерде менден уруксатсыз жылып кете турган болсоң, өз убалың өзүңдө. Мен аябайм. Өлгүдөй сабап таштайм. Уктуңбу?

– Уктум, таяке, уктум!

– Уксаң, бул жерде былк этпей тур.

– Таяке...

– Эмне?!

– Таякеси акырайып карады.

– Бу сиз Асан кайгынын уулу жөнүндөгү аңыз кептти билесизби? – деп сурады бала.

– Эй, жубарымбек кеткир! Бу сен кайдагы Асан кайгынын уулун айтып жатасың?

– Илгери, илгери жашап өткөн Асан кайгынын уулу жөнүндө сурап жатам,– деп бала тапанданды.

– Жашабагыр, мен бул тууралуу укпасам, кайдан билет элем? – деди тайкеси ачууланып.

«Чоң атам айткандай эле, бу сен жеткен ноноксуң. Мени тилдегенге эле, мени урганга эле машсың. Башканы билбейсиң. Макоосуң да деп бала айтып жибере жаздап, кайта эсине келгендей, оозун колу менен басып, дагы жер тиктеп калды. Таякеси элес кылып койбоду окшойт:

– Сатар, мен сага малды кантип кымбат сатканды, пулду кантип арбын тапканды үйрөтөм,– деди көөдөнүн көтөрүп.- Пул капчыгында толтура болсо, бу турмушта жыргал жашоону көрдүң дей бер! Капчыгында пулуң жок болсо, бу турмушта тишиңдин кирин соруп жашайсың. Ошондуктан, «пулу бардын оозу чайнайт, пулу жоктун көзү жайнайт» деген накылдын бекер айтылбаганын билип кой. Билип эле тим болуп калбай, көкүрөгүнө кыттай куюп кой.

Бала туталанып, кайрадан үн каткан жок.

– Өлгөнү калдыңбы? – деди таякеси жекирип.

– Өлбөй эле турам,– деп бала күңк этти.

– Анда неге жооп бербедиң?

– Жөн эле...

– Шүмшүктүн айтканын...

Тай жетелеп бараткан чал корсулдаган Токунбекти жаман көргөндөй акырая карап койду. Ал чалды караган жок. Бала капалуу гана олтурду. Эмнегедир шишкебек жегиси келди. Ошондон улам: – Таяке,– деди акырын,– мага шишкебек же манты сатып бериңизчи.

– Шишкебек жебей, манты жебей балекет жеп калсаңчы,– деп таякеси бакырды.

Баланын жылдызы жерге түштү. Жаалданган таякеси туйбады, айтор ошондонбу: – Сен эми биерден карыш жылбай, бу койлорду, бу серкелерди карап тур,– деди дарылдап. – Ушулар эле калды. Эми ушуларды сатсак эле, үйдү карай жөнөйбүз. Мен бозо ичип келейин...

Бала үн катпай, башын ийкеп койду. Анткен менен көзү жашылдана түштү. Таякеси таназар албай эл аралап жөнөдү.

## III

«Бу дүйнөгө түркүк болгон эч ким жок. Кара мүртөз Токунбек да дүйнөдөн өтөт, мен да өтөмүн. Жыйган-тергенибиздин баары калат. Жарык дүйнөгө жылаңач келип, кайта тиги дүйнөгө жылаңач кетесиң. Таш боор Токунбек муну билсе да, өз билгенин коё бербейт. Жакшылык кылайын деген ниети жок. Сатартайым да макоону жаман көрүп калыптыр. Айла-

найыным ай! Кагылайыным ай! Сага убал болду го. Токунбектин мени көрбөй калганы жакшы болуптур»,– деди абышка ичинен. Бир пастан кийин мал базардан чыгып баратып, күрсүрө жөтөлүп, артына кылчайып, сары баланы карады. Ал көпчүлүктүн арасынан көрүнбөйт экен. «Жаштык кез тоонун кызыл гүлүндөй, жай мезгилинин өткөнүндөй тура. Бирок, күлгүн жаштык жашынып кетсе, карылык камынтпай келет экен. Карыган чагыңда боюң кичирейип, көркүң кетип калат тура. Бул кандай кейиштүү. Мал базардан кетип бараткынымда ушуну ойлогонумду... Ойдун түбү жок да. Адамды шайтан азгырат, артык дөөлөт мас кылат тура, тумшугу таштай катаарда, тууган менен кас кылат тура. Бул эски накыл. Болгондо да, бабалардан калган накыл. Жаман сарымдын таякеси ушул накылдын мааниси терең экенине, абдан таамай айтылганына маани бербейт. Эгерде маани бере турган болсо, эмдигиче боор толгойт эле да, илмийген баланы урбайт эле да. Антпегенден кийин аны ким жакшы көрмөк эле? Антпегенден кийин аны ким сыйламак эле? Пейилин оңобосо, сыйы менен жүрбөсө, сыйдан калат да. Муну ак-чийликтер билишеби? Алардын бир тобу билет, бир тобу билбейт. А кемпиримдин Токунбекти көрөйүн деген көзү жок. Жаман сарымдын мына ушуну менен иши жоктой... Али балакай да. Дили таза, сезими тунук. Бала чакта баарыбыз ушундай таза элек. Жан дүйнөбүз аруу болчу. Ошол тунуктукту, ошол арууулукту сактап жүрө албай, үйүргө кошулганыбыздан кийин кыял-жоругубузду өзгөртүп, капкайдагыны үйрөндүк. Ар кыл мүнөздө болуп калганыбыз ошондон го. Бу кандай өкүнүчтүү. Бактылуу балалык эле эмес, чиркин жаштык да кайрылып келбейт эми. Куш өмүрдүн эң сонун кези келгин куштай учуп келди да, кайра учуп кетти. Кейиштүү ойго батканымды... Атаны арман карылык ай! Бүгүн түшкө кирбегендей эле окуя болду окшойт. Алдыңа кетейиним үлүрөйүп, кара мүртөз таякесинин жанында тургандыр... Бир кем дүйнө деген ушул. Эчтеме эмес. Алты саның бүтүн, алтын башың аман болсо, беш-алты жылдан кийин эле боконоң бекип, бооруң катып, балтыр этиң толуп калат. Анан кадимкидей, сен да күлүп-жайнап жүрөсүң

да, баралыңа толосуң. Эл көзүнө көрүнгөн жөн билги жигит болосуң. Куду ошондо текебердүү таякең чекилик кылганын сезип, санын чабаар, бармагын тиштер...» – деп абышка ичинен күңкүлдөдү да, андан соң эшик тоскон чалга пул берип, мамыда байланып турган атынын чылбырын жайбаракат чечти. Эмнегедир минген жок, акырын жетелеп басты. Теректин, талдын түбүндө он чакты киши. Алар күжүлдөшүп сүйлөшүп, каткырып күлүшөт. Ары жакта отуздай жигит олтурат. Алар да шатыра-шатман. Кишилердин арасында Сатардын таякеси бар экен. Ал ой-санаасы алда кайда кеткен абышканы көрбөдү. Эгерде көрүп калса, ашкере кычаштык кылып, кычык сөз сүйлөп, абышканын кычыгына тиймек. Ошондой болбогонуна шүгүр. Баары бозо ичип олтурушат. «Ай, бозокорлор ай!» – деди абышка өзүнчө. Жанынан кой-эчки айдаган, тай жетелеген, уй жетелеген, бээ жетелеген, ат жетелеген, жорго жетелеген он чакты абышка, он чакты жигит өттү. Абышка аларды караган жок, атты акырын минип, «Чү!» – деп акырын теминип койду. Ооздугун күрт-күрт кемирген ат таскактап жөнөдү.

## IV

... Чалкыган деңиздей көгөргөн көктөн «кияк-кияк» деген үн угулду эле, атын таскактатып, мал базардан ойлуу келаткан абышканын көңүлү бөлүнүп кетти. Айтор, ошондонбу, башын көтөрүп, үн чыккан жакты – асманды карап койду: бир алгыр бүркүт  калдайган канатын анда-санда жай кагып, кашаттын алдындагы башы шуудур-шуудур этип, акырын гана ыргалган балгындуу камыштын үстүндө айланып учуп жүрүптүр...

– О, кудай ! – деди абышка тизгинди тартып. – Ушу тапта бул алгыр бүркүт да жалгыз, мен да жалгыз. – Оор улутунуп койду. – Каап, жаман сарымдын мал базарда кала бергенин... Жанымда болгондо, өлгөндөн калган туягым алгыр бүркүттү көрмөк экен. Эми ал көрбөй калды. Таш боор таякеси зиркилдеп, анын зээнин кейитпесе экен.

Эмнегедир алгыр бүркүттүн шаңшыганы аянычтуу угулду. Абышка андан курчу кеткен көзүн алган жок. Биртикеден кийин алгыр бүркүт шаңшыбай калды. Бирок пастаган да, зыпылдаган да жок. Абышка шуу үшкүрдү. Каңырыгы түтөп кетти негедир. Анткен менен ооздугун күрт-күрт кемирген атын теминген жок. Алгыр бүркүт бир аздан соң кайрадан шаңшыды: «Кияк-кияк...» Абышка да бир пас тыңшагандай болду, анан мутабар мүнүшкөрдөн бетер:

– Эгерде мен «кыйтуу, кыйтуулап» чакырсам, бул алгыр бүркүт үнүмдү эшитер бекен, мага жакындап келер бекен,– деди. Кайта селт этип алгандай болду: – Деги мен калааты өлөмин да. Алжып калгандай болгонумду. Аянычтуу шаңшыган бүркүт менин үнүмдү укпай калсын, мага жакындап келбей калсын. Анын үстүнө арчадан жасаган туурум жок да. Мүнүшкөр да эмесмин. Алгыр бүркүт асманда, мен жерде, кашаттын үстүндө. Жаман сарым мал базарда. Жер кенен, асман кенен. Аалам чексиз. Алгыр бүркүт бийикте чабыттап учканды эңсейт, а мен эл арасында болгонду самайм, кемпиримдин жанында болгонду самайм. Эл – мазар, элден чыккан азар. Эл аман болсун! Жердин кунары кетпесин! Тоо токол болбосун. Жумурай журтубуз жакыр болбосун.

Алгыр бүркүт кайрадан шаңшыбай калды. Бирок, эмнегедир калдайган кош канатын куушуруп, тик ылдый сайылган жок. Абышканын көзү дале ошондо. Бир пастан кийин көзүн жумду. Көктөгү алгыр бүркүттү карай берип, курчу кеткен көзү талыды окшойт. Шуудур-шуудур эткен балгындуу камыш, калың кышаа. Анан долоно, чычырканак, жийде, караган, жылгын, тал. Анан шар агымы өркөчтөнгөн дайра. Абышка көзүн ачты. Баары көзүнө ажайып көрүнөт. Биердин коён жатагына чейин билет. Далай жолу аралады го. Уй кайтарды, кой жайды. Алгыр бүркүт тээ бийиктиктен ушунун баарын көрүп турат. Бир маалда Токтобек-Сайды карай учуп жөнөдү. Кош канатынын шуулдаганы угулбай калды. Түнөгү токойдо эмес, ошол жакта окшойт. Абышка аттан түшүп, чийдин түбүнө заара кылды. Кайрадан оор улутунуп койду. Башы шуудур-шуудур этип, акырын гана ыргалган камыш арасынан кыргоолдор чыгышты. Көп, абдан көп экен. Абыш-

ка канаттары кооз, куйруктары узун кыргоолдорду карап турбай эле, алардын алпейимин албай эле, кайрадан атына минбей эле, кууш капчыгайды как жарып, киргилденип аккан дайраны бойлоп, ошол жакка баргысы, алгыр бүркүттүн уясын коргүсү келди. Бирок, негедир кайта бат эле айнып калгандай болду. Ошентсе да, алгыр бүркүттүн калдайган кош канаты кагылган сайын жүрөгүнө сейрек жагылчу кубанычтын оту жагыла бергендей болуп, жүзүнө күлкү жөргөлөй берди. Бул кылымдардын кыйырында, замандардын закымында, сан жылдардын арасында катылып калбаган аңыз кепти эсине түшүрдү. Кокала сакалын сылап койду. А кыргоолдор анын алпейимди албасын сезишкендей, дегеле дүйнөкапар болуп, кайрадан камыш арасына кирип кетишпей, койдой жайылышты.

## ТӨӨ КОМДОТТУН[1] УЯСЫНДА

### же Асан кайгынын уулу жөнүндө аңыз кеп

«...баатырлар жана алардын эрдиктери жөнүндөгү дастандардан элдин тарыхы, диний ишенимдери, адеп-ахлагы, каада-салттары боюнча көптөгөн кызыктуу фактыларды табууга болот».

*Н. Ф. Катанов, хакастын тунгуч окумуштуусу*

«Чөлдөн илип, кулан жеп, жети күнү алпкаракуш жердин алдын чалчу экен. Ой-тоонун баарын кыдырып, чалып келди алпкаракуш. Жер үстүнө балдарын алып келди алпкаракуш».

*«Эр Төштүктөн»*

«Көрөр күнү бардын, ичер суусу болот».

*Бабалар накылынан*

Шоораты далайга жеткен Асан кайгынын уулу айтылуу Жээренче чечендин, айтылуу Толубай сынчынын айылына

[1] Төө комдот – аңдыганын алган, темингенин терген, качырганын куткарбаган, калдайган кош канатынын күүсү, куушурулган сүрү жүрөктү түшүргөн, кыраандын кыраны, алгырдын алгыры, бүркүттөрдүн эң зору.

барып, алардын көөнду эриткен кептерин, акыл-насаатын угуп, Толомырза менен Миңжашарга кошулуп, бадалдуу сайда сайрандап, жамбы атышып, көңүлү курсант болуп келсе, боз үйдө атасы кайгырып олтуруптур. Ошондон улам: – Йа, ата! Бу сизге не болду? Неге маанайыңыз пас? Сыркоолоп калдыңызбы? – деп сурады.

– Айланайын балам, мен сыркоолобой калайын,– деди Асан кайгы уулун карабай.

– Андай болсо, ата, бу сиз неге башыңызды жерге салып калгансыз?

– Ээ, балам! Бу жалган дүйнөдө кул пенде көңүлүнөн азат, тилинен жазат тура. Ушунун өзү кашкайган чындык. Мен да ушундай болдум,– деп Асан кайгы оор улутунуп койду.

– Ата, бу сиз кебиңизди бүдөмүктөтпөй, ачыгын эле айтсаңыз боло.

– Сен жокто, мени Жаныбек хан ордосуна чакырыптыр.

– Хан сизди неге чакырган экен?

– Шаштырбай коё тур. Башынан айтайын. «Каардуу хандын каарына калбайын деп, мен тор бээни минип барсам, ал өзүнүн ордосунда жан-жөкөрлөрү менен шарап ичип, куурдак жеп, жүзү тамылжып, дегеле жыргап олтуруптур. Ырайлашкандан кийин эле, Жаныбек хан: «Эй, олуядай болгон Асан кайгы! Бу сен Кырдачты билесиңби? Мобуреги жамандардын бири да билбейт экен. Эгерде билсең айтып көрчү» дейт. Эгерде моюн толгоп, соболуна жооп бербесем, каардуу хандын каарына калчудаймын. Ошондуктан ойлонуп турбай: «Улуу урматтуу хан! Аязы күүсүн чалып, чыкыроону чыкылдап турган кышкы чилденин эң алгачкы күнү Кырдач болот. Муну бабаларыбыз атап кеткен. Сырын жайчылар билет. Бирок, мен жайчы эмесмин. Ошондой болсо да, мен билгенимди айтып берейин. Сиз жаалданбай туруңуз. Жан-жөкөрлөрүңүз жакшылап эшитсин да, көкүрөгүнө кыттай куюп алышсын. Кырк күнү өзүнүн өкүмдүгүн жүргүзгөн кышкы суук чилде арыктын шайын аламын, семиздин майын аламын дептир да, андан соң ишенген Кардачына минтиптир: жаным Кырдач камчылан, кайрат кылып алчылан, мал майлуу калды, баа-

рысы жайлуу калды, боз улан богоктуу калды, боз токту куйруктуу калды, кысыр эми жалдуу калды, кыз эмчектүү калды, төө комдуу калды, кой жондуу калды, буура буркулдап калды, бука жулкунуп калды, уй семиз калды, баары тегиз калды, жылкы жыйылбай калды, чыңырып тыйылбай калды. Мына ушуну укканда Кырдач каарын төгүп, ой-тоону кыдырып жөнөптүр» десем, Жаныбек хан карс-карс күлдү. Кошоматчы жан-жөкөрлөрү да күлүп калышты. Бирок, биртикеден кийин Жаныбек хан: «Эй, Асан кайгы! Бу сенин билбегениң жок, көрбөгонүң жок. Бөрк астында бөрү жок дебе, ээк астында жоо жок дебе. Бул накыл, болгондо да сенин бабаларыңдан калган накыл. Ушул накыл бекер, тегин айтылбагандай. Мага касын тиккендер көп эле. Мени жамандагандар көп эле. Аларың бүгүн болбосо, эртең болбосо, дагы бир күнү бөрүлөрдөй чап салышы ыктымал. Ошондуктан мага эр жүрөк берендер керек, эр көкүрөк эрендер керек. Эгерде алды жактан миң жоокер чыга калып, түз эле качырып кирсе, ошо миң жоокерден качпай, коркпой, кайта аларга кыргыйдай тийчү азамат барбы? Ие, аларга кабыландай катылчу шер барбы?» – деп сурап калганынан, мен алды-артымды карабай эле, жакшылап ойлонбой эле, «Улуу урматтуу хан! Мындай азамат бар эмей! Мындай шер бар эмей! Ал менин уулум Төлөнмырза эмеспи» дептирмин. Эми ушунун азабын тартып, касирет тартып олтурам.

– Ой, ата! Болгону ушул элеби? – Төлөнмырза кабатыр болбой, карс-карс күлдү. – Кайгырбаңыз, ата! Ойлонбоңуз, ата! Мен баарына даярмын. Эгерде хан чакырса, мен анын ордосуна барамын.

Асан кайгыны жалгыз уулунун жүрөксүп калтаарыбай, балбан билек, жолборс жүрөк баатырдай сүйлөгөнү, күлгөнү таң калтырды. Ошондон улам башын көтөрүп, сакалын сылап, жылдыздуу уулун тике карады. Ал өткүр көзүн ала качкан жок.

– Кагылайын, уулум! – деди Асан кайгы ойлуу. – Бу сен эрдемсинбе! Бу сен адырандаба!

– Ата, мен эрдемсинген жокмун, адырандаган жокмун,– деп Төлөнмырза бушайман болгон атасынын жанына олтурду.

– Каатчылык кезинде каардуу хандын каарынан, каракчынын доосунан сактануу керек.

– Ата, мен сактангандай уурулук кылган жокмун да, эр өлтүрүп, эриш бузган жокмун да.

– Жаныбек хандын кылычы кандуу, сөзү уулуу. Жакшылык кылайын деген ниети жок. Ойлогону жамандык, издегени жамандык. Ошону билип турсам да, мен тигинткенимди…

– Ата, бу сиз чөкпөңүз. Мен хандын ошондой экенин билем.

– Билсең текеберленбе, кагылайын!

Төлөнмырза кежигесин кашылап унчукпады.

– Кылдан кыйкым тапкан Жаныбек хан эми сени сынап көрөт же нөкөрлөрүнө кошуп, жортуулга жиберет го. Балким жасоолдоруна кошуп, сени доо доолаганга жумшайттыр,– деди Асан кайгы сабыры суз.

– Ата, түк бушайман болбоңуз,– деп Төлөнмырза атасынын көңүлүн жубатып койду. – Ары зулум, ары каардуу хандын эмне кылганын көрө жатарбыз. Көгөргөн көктө кудай бар го. Кудай өзү колдоор.

Асан кайгы шуу үшкүрүп жиберди. Ошондон көп күн өтпөй эле, Жаныбек хан текебердүү обозгери менен масилеттешип, Асан кайгынын уулун сынап көрмөкчү болду да, жалоондой нөкөрлөрүнө: – Бу силер аңырандабагыла, шаңырандабагыла! Жакшылап даярдангыла. Курал-жарагыңарды шай кылып, эч нерсеңерди калтырбай, эртең шайма-шай болуп тургула. Баарыңар обозгердин тилин аласыңар. Эмне десе ошону аткарасыңар.

– Куп болот, таксыр! – дешти нөкөрлөр.

– Анда эмесе жайыңарга бара бергиле,– деди Жаныбек хан.

Жалоондой нөкөрлөр унчукпай кетишти, анткен менен өздөрүнчө бушайман болушту. Эртеси аларды обозгер капчыгайды карай баштап жөнөдү. Бардыгы жаракчан. Түндө чабарман чаптырып, Төлөнмырзага айттырып койгон. Ошондук-

тан ал жалгыз келаткан. Муну нөкөрлөрдүн бири да билген жок. Капчыгайга жеткенде обозгер аларды токтотуп, буктурмага койду. Качан гана жалгыз атчан капчыгайдан чыга бергенде, жаалданып барман берди. Жалоондой нокөрлор айгай салып бакырышып, ач карышкырлардай качырып киришти. Төлөнмырза аргымагынын башын бурбай, бозуп кетпей, эч коркпой, жонуна азынган бараңын шапа-шупа алып, «тарс-тарс!» эттире атып жиберди да, андан соң сыр найза сунуп, төрт-бешөөнү ат үстүнөн көмөлөтө сайып өттү. Мына ошондо гана обозгер кыйкырып, ызы-чуу менен каптаган нөкөрлөрдү токтотуп калды. Бирок, көйкашка баатырдай эрдик көрсөткөн Төлөнмырзага тан берген да, Жаныбек хандын атайын ушинттиргенин айткан да жок, анын купшуңдаганын, куулук кылганын жактырышпагандай үтүрөйүштү. Төлөнмырза башын чайкап койду. Обозгер жарадар болгондорду калтырбай, өздөрү менен кошо алып кетүүгө барман берди эле, нөкөрлөр кың этишпей, барманды орундатышып, артына кайтып кетишти. Анткен менен ордодогу Жаныбек ханга болгонду болгондой калып, төкпөй-чачпай айтып барышты. Ал кытылдап кытмыр күлгөн болду. Арадан үч күн өткөндөн кийин жалоондой жасоолдорун жиберип, Асан кайгынын уулун алдырды да, куулана кыйпычыктаган обозгерин карабай, көңүлү уйгу-туйгу болгонун билдирбеген ага:

– Эй, Асан кайгынын уулу! – деди мыйыгынан күлүмсүрөп. – Бу сен карышкырдын сырттанындай болуп, миң жоокерден жалтанбай, дароо аларга чап салат экенсиң го. Минткениң кандайча? Миң жоокер деген көп да. А сен жалгызсың. Миң жоокер көптүгүнө салып, сени сөөгүңдү сөпөт, устуканыңды упат калып койбойбу. Ушуну ойлободуңбу? Неге качпайсың? Же жашагың келбей, кырчыныңда кыйылгың келип калдыбы?

Төлөнмырза ойлонуп турбай, жалтактабай, Жаныбек хандын кымыңдаган көзүнө тике карады: – Өкүмдар! Жаңылышасыз. Мен кырчынымда кыйылгым келбейт. Кудай берген жашты жашагым келет. Жыргалды дагы, дагы көргүм келет.

– Сага жыргалды көргөндү ким коюптур,– деди обозгер кекээрдүү.

– Ай күн менен жакшы, эр эли менен жакшы. Мага жыргалды элим берет да,– деп Төлөнмырза обозгерди акырайып карады. Анан кыртышы сүйбөгөн аны менен кер-мур айтыша кетүүнү каалабай, Жаныбек ханды карап, илабин кыбыратты: – Өкүмдар! Ажалы жетпеген беренди миң жоокер өлтүрө албайт. А эгерде ичер суусу түгөнүп, ажалы жеткен болсо, алардын бирөө эле беренди өлтүрүп коёт.

Жашабагыр чычымдын, дегеле куштун көркү канат, сөздүн көркү санат экенин билген берендей болуп, каяшага каяша, тамашага тамаша, сөзгө жараша сөз, соболго жараша жооп айтканын»,– деди обозгер ичинен атайы тутулуп.

– Асан кайгынын уулу! Бу сен муну кайдан билесиң? – Жаныбек хан такып сурады.

– Өкүмдар! – деди Төлөнмырза ызаат менен. – Өткөн жайда миң жигит болуп, жортуулга жөнөп калдык эле. Ар бирибизде жаа, найза, кылыч. Жылгага жеткенде, карагандын түбүнөн бир коён атып чыгып, алдыбыздан качып өтө берди. Жигиттердин бир тобу кыйкырып калышты, бир тобу карап коюшту. Мен күлдүм. Тигилер күлүшкөн жок, саадактарынан жебе алышып, дароо жаа тартышты. Бирок, алардын бирөөсүнүн да жебеси коёнго тийбеди. Эң акырында мен жаа тарттым эле, жебем серең-серең этип качып бараткан коёндун эки элидей терисин сыйрып өттү. Ошондой болсо да, коён өлбөй, табылгынын арасына кирип, алам заматта көрүнбөй калды. Бизден кутулуп кетти. Мен мээлегеним, атканым жаза кетпей турган. Бу жолу андай болбоду. Ызаландым. Жигиттер туймаксан болушту. Мен туталандым, анткен менен мына ошондо коёндун ажалы жоктугун, миң жигиттин жебесинен өлбөй кутулуп кеткенин билгендей болдум. Жортуулга барбай, артыма кайтып баса бердим.

Жаныбек хан Төлөнмырзанын айтканына ишенди бейм, ичинен ыраазы болуп, күлүмсүрөй карап койду. Обозгердин куйкасы курушту. Төлөнмырза туймаксан болду. Жаныбек хан бартылдап сүйлөй берди. Көңүлү чалкып калганда ушинтип обозгерин карабай, күп-күп этип күпүлдөй бермейи бар.

* * *

Обозгер карагер аргымагын таскактатып, кайдадыр жөнөп кетти. Ак өргөөдө Жаныбек хан менен Төлөнмырза эле калды. Дасторкондо бышкан эт, боорсок, чучук, казы-карта, алтын чөйчөктөргө куюлган шарап, бал кымыз, каймак.

– Улуу урматтуу өкүмдар! – деди Төлөнмырза тике карабай. – Эми мага уруксат бериңиз. Мен үйүмө барайын, атамдын жанына барайын.

– Сен бүгүн эч кайда барбайсың, эч кайда кетпейсиң.– деди Жаныбек хан корсулдап.

– Неге, өкүмдар, неге?

– Бүгүн да менин жанымда болосуң.

– Жамакчыларыңыз, чечендериңиз, кеңешчилериңиз бар го.

– Аларды азырынча көргүм келбейт.

Төлөнмырзанын көңүлү уйгу-туйгу боло түштү. Хандын айтканы айткан, дегени деген да. Ошондон улам кабагын бүркөп, моюн толгободу. Жаныбек хан бирде шарап ичип, бирде кымыз ичип, казы-картадан кыя кесип жеп, карт-карт кекирди. Төлөнмырза үн катпай, чучук жеп, кымыз ичти, бирок кекирбеди, шарап да ичпеди. Бир оокумда Жаныбек хан майланышкан колун майлыкка аарчып: – Асан кайгынын уулу! Бу сен менин көзүмө тике карап айтчы. Шыбакбай-арстан жөнүндө бирдеме билесиңби?

Төлөнмырза хандын минтип сурарын күткөн эмес. Ошон үчүн таң калгандай болду. Көзүн ала качпай тике карап, башын ийкеп койду.

– Кана, анда айтып көрчү,– деди Жаныбек хан корсулдабай. – Мен угайын.

Төлөнмырза мурдун шыр тартып, үн катпай эле, дасторкондо жайнаган тамак-ашты башта көрбөгөндөй карап, башын көтөрбөдү. Жаныбек хандын ачуусу келгендей кабагы бүркөлө түштү. Төлөнмырза туймаксан болду, анткен менен: «Текебердүү обозгердин мандаш токунуп олтурбай калганы ырас болду. Эгерде ал болсо, өзүнөн өзү эле туталанып, кычык сүйлөп, кыжырды келтирет эле. Эми кайтып келбесе

экен»,– деп ойлоду, андан соң кайрадан чучук жеп, кайрадан кымыз ичти да, колун, оозун аарчып, салкын кандуу жаш чечендей эр каган жөнүндө билгенин айта баштады. Жаныбек хан кулагын төшөдү.

* * *

Ары жоомарт, ары адил, ары айдагардай айбаттуу Шынакбай-арстын он эки канат ак өргөөдөгү алтын тагында ой толгоп олтурбай, алыскы багдардагы[1] кара будундардын жерин кыдырып, алардын жаашоосун өз көзү менен көрүп, кебин өз кулагы менен угуп, сандыргалуу аксакалдар менен сүйлөшүп, ордого кайтып келгенден кийин эле, айылдын четин жесешкен жесекчилерге, жол кайгыган кайгуулдарга, читте[2] турушкан жоокерлерге, алардын үй-бүлөсүнө, ата-энесине делинген семиз бээлердин, семиз уйлардын, семиз койлордун бир тобун жеп коюшкан, сары таман аттардын бир тобун табгачтарга, койкуларга сатып жиберишкен кексе тутук[3] менен шылуун тарканды[4], найман, багыш, кирей, дөөлөс, айчак, талоо, шыгай, багылык, кырк аяк, бадаң, душара, кызыл, меркит урууларын жыландай арбаштырып, иттей кабыштырып, Кыргыз каганатындагыларды ичтен иритип, ордосун ойрон кылууну көздөгөн кастардын торуна түшүп, аларга колтук ача баштаган буурул чач, буурул мурут бек менен ноочо бойлуу, москоол денелүү мырзаны катуу жазалай турган болду. Булардын дүнүйөсү мол туугандары менен сөөлөттүү тели-теңтуштарынын айрымдары ордодогу аттуу-баштуулардын ак көңүлдөрүн ортого салышып, ырайым кылууну өтүнүштү. Эр каган каарданып, алардын өтүнүчүн орундатпай, кексе тутук менен шылуун таркандын, буурул мурут бек менен москоол денелүү мырзанын күнөөсүн кечирбей, бука моюн, буура сан балбандарга барман берди. Балбандар кы-

[1] Багдардагы – облустар, аймактардагы деген мааниде.
[2] Читте – чек арада.
[3] Тутуктар – эл төрөлөрү, кагандын аймактарга жиберген бийик мартабалуу мансапдарлары.
[4] Таркандар – чакан аймактардын башкаруучулары.

КОК-ЯНГАК
44507

йыктанышпай, кыйпычыкташпай, барманды аткаруу үчүн күнөөкөрлөрдү айдап жөнөштү. Дөңдүн ары жагында терең ор бар эле. Ошол терең ордо көздөрүнө кан толгон карышкырлар боло турган. Күнөөкөрлөр муну билишчү эмес. Балбандар аларды кийиздей тепкилеген да, жүндөй сабаган да жок. Теңирдин каарына калгырларды ошерге айдап барышты да, жалынып-жалбарышканына карашпай, найзанын болот учу менен түртүп жиберишти. Кан күсөп турушкан ач карышкырлар ыркырашып, туш-туштан чап салышып, өң-алеттен кете кыйкырышкан төртөөнү алам заматта жара тартышты да, алам заматта жылуу денесине шиш тумшуктарын матырышып, үзүп-жулкушуп, алам заматта жеп салышты. Анан кан болгон тумшуктарын жалап-жукташып ары боло беришти. Бул тутуктар менен таркандардын, бектер менен мырзалардын кээсине жакса, кээсине жакпады. Ошондой болсо да, мартабалуу төбөлдөрдүн бир тобу коркуп калышты, бир тобу боор толгошуп, кыраакылыкты күчөтүп калышты, дагы бир тобу ойлонушуп, сактанышып, ашкере адырандашпай, ашкере текеберчилик кылышпай калышты. Челектеп төккөн нөшөр басылып, күн чайыттай ачылганда Шыбакбай-арстан колунан көөрү төгүлгөн усталарды, уздарды, бакшыларды, бүбүлөрдү, төлгөчүлөрдү, жайчыларды, эмчилерди, жылдыз кароочуларды, жамакчыларды, ооз комузчуларды, чоорчуларды, тамырчыларды, саяпкерлерди, мүнүшкөрлөрдү, сынчыларды чакырды да, баары менен ак дилинен жарыла, чын пейилинен төгүлө баарлашып, алардын омоктуу ойлорун, кептерин эшитип, кулагынын курчун кандыргандай болду. Боор толгоп, инабаттуу жакшылар менен аттуу-баштууларга: «Мобуреги койдон коңур, жылкыдан тору момундар теңирдин жакшы көргөн пенделеринен болушат. Теңирим буларга өзгөчө шыкты, өзгөчө касиетти берген. Ошондон улам бүт баарыбыз Теңирдин сүйгөн пенделерин канатыбызга калкалап, тумшуктууга чокутпай, абдан кадырлап турушубуз керек»,— деп жайкалган сакалын сылап койду. Инабаттуу жакшылар, аттуу-баштуулар эр кагандын жүйө кебин үжөт кыла баштарын ийкегилешти. Акылы жетик, көңүлү тетик жигиттер

менен бото көздөрү жоодураган, ак жүздөрү ай шооласындай ажарданган, алтын чачпактары аркасында жаркырган келиндер ыбаа-ызаат кылыша тике карашпай, табак-табак бышкан эт, табак-табак казы, карта тартышып, күмүш чөйчөктөргө чык, ак серке, кымыз куюшуп, кош колдоп сунушуп, теңирдин өзгөчө шык берген пенделерин урмат менен тейлешип, алардын батасын алышты. Ошонун эртеси Шыбакбай-арстан улуу шашкеде, бадал арасында чымчыктар чыркылдашып, жашыл талаада торгойлор таңшып, камыштуу көлмөгө каз, өрдөктөр толуп турганда, жыш жактан каркыра-турналар үн салышканда куулук-шумдукту билбеген, алдым-жуттумдугу жок, ишенимди актаган, ак ниет казына башчыны жумшап, бөлек-бечкекти арбын алдырып, теңирдин сүйгөн пенделерин сыйлатып, ар бирине бердирип, бардыгын ыраазы кылып, баардыгын кубанычка бөлөп кетирди.

А жөө черүүсү да, атчан черүүсү да көп Таң каганатынын алтын сарайындагы мартабалуу төбөлдөрдүн айрымдары, даңкы дабан ашкан кол башчылардын бир тобу Улуу сепилдин ары жагындагы талаада, тоо этегинде, токойдо, жыштын четинде, көлдүн жээгинде, дайранын боюнда жашаган көчмөн уруулардын, көчмөн элдердин күлүк аттарды минишкен эр жүрөк жоокерлери шамалдай сызып, чагылгандай тездик менен келишип, бүлгүн түшүрүп, кайта бачым кетип турушкандыктан, Эне-Сайдагы кыргыз каганаты менен ымалада болуп турууга кызыктар эле. Алардын ар биринин мол дүнүйөсү бар. Ошондой болсо да, өздөрүнүн көздөгөн максаты боло турган. Бул максатты бөтөн уруулардын элтеберлерине, таркандарына, баатырларына, бөтөн элдердин кагандарына, кол башчыларына, бийлерине билдиришкен эмес. Купуя сырдын капкагы ачылбай, абдан бекем сакталган. Анан эле мартабалуу төбөлдөр, даңазалуу кол башчылар ийри олтуруп, түз кеңешип, Ваң Йихун деген азаматты атайын элчи кылып, Эне-Сайдагы кыргыз каганатына жибере турган болушту. Жакшылап даярдык көрүлдү. Ваң Йихун өтө айлакер, өтө сөзмөр, өтө эпчил, өтө сергек, өтө сак да эле жана Абакан, Селеңгир, Оркун, Керүлөн, Кара-Эртыш дайраларынын бойлорунда

Байкөлдүн, Косокөлдүн, Упчу-Көлдүн, Лобнордун, Көк-Көлдүн, Бар-Көлдүн жээктеринде жашаган уруулардын тилин, дилин биле турган. Өтүкен тоосундагы чытырман токой каптаган төштөн, калың бадалдуу коктудан имерилип, киргилденип аккан, найза бойлобогон Сары дайранын кечмелигинен, Ит-Өлбөстүн чөлүнөн өтүп, нурлуу Алтайды аралап, ашуусу бийик белдерди ашып, агыны катуу өзөндөрдү кечип, тар капчыгайларды өрдөп, эчен азап-тозокту көрүп, акырында кыргыз урууларынын Эне-Сайдагы ордосуна жетип, он эки канат ак өргөөдө билгелери, бектери, бийлери, шерлери менен маселеттешип олтурган. Шыбакбай-арстанга жолугуп, санаасы тынчыгандай болду[1]. Сыйлуу конок болуп, бир аптадай жатып, эки жакты байкап, кең-кесири сүйлөшүп, найза сайып, жаа тартып, кылыч чаап, жамбы атып, черүү өнөрү менен шугулданышкан жигиттерди, ат жалында шамалдай ойногон боз уландарды, кыраан бүркүттөрдү тапташкан мүнүшкөрлөрдү, алгыр тайгандарды ээрчитишкен мергендерди, күлүктүгү басмыл менен карлукта жок аргымактарды, айчалык жолго минсе арыбас, кызылы чыгып жоорубас жоргolорду, жол кайгыган кайгуулдарды, айыл четин жесешкен жесекчилерди, көөрүк басып, темирден, болоттон курал-жарак жасап жатышкан усталарды көрүп, бугудай мойнун бураган, буудан чалыш аттардын көптүгүнө суктанып, саяпкерлердин кебин бериле угуп, анткен менен купуя сырын ичине катып, өз каганатына кайтып кете турган болуп калды. Башына кыйгагы алтын менен кыюулган ак калпак, үстүнө ак кементей, бутуна ак жеке[2] кийип, белине алтын кемер курчанган эр каган чын пейилинен жарыла, ак дилинен ыраазы боло ылтымас кылып, ага кыбыр эткен жан жок, кук эткен кузгун, как эткен карга жок талаада арыбас, кырт этип тиштегенге чөбү жок, кылт этип ичкенге суусу жок чөлдө чаалыкпас аргымак тартуулап, өз ата журтуна кетүүгө уруксат берди. А бирок, эмнегедир алам заматта санаасы санга бөлүнүп,

---

[1] Бул 632-жылы эле.

[2] Ак жеке – хандар, кагандар кийүүчү өтүк.

коңүлү уйгу-туйгу боло түштү. Айтор, ошондонбу, ары акылдуу, ары амалдуу элчини узатып коюуну ойлонду. Ошо бойдон бул оюнан айныбай, жанына үч бекти, үч бийди, үч мырзаны жана найза сайганга эптүү үч беренди, кылыч чапканга ыктуу үч эренди кошуп алып, башкаларды ордодо калтырып, Ваң Йихунду узатып чыкты. Инабаттуу жакшылар, беделдүү билгелер, балбан билек, жолборс жүрөк кол башчылар, ырыстуу байбичелер, сандыргалуу аксакалдар, ажардуу айымдар колдорун булгалашып кала беришти. Илгертен кадырдуу конокту күтүүнү, узатууну билген Кыргыз Атанын урпактары да. Көчмөн уруулардын, көчмөн элдердин бир тобунун ордосунда, бир тобунун көк чатырында, бир тобунун ак өргөөсүндө сыйлуу конок болуп, алардын жашоосун билип алган элчи кырга чыкканда аргымактын тизгинин тартып, башын буруп, тигилерди карап койду, анткен менен кол булгалаган жок. Мыйыгынан күлүмсүрөдү. Бектер, бийлер, мырзалар менен эрендер, берендер үн катышпай, элчини карашпай эле, кырдан коктуга түштү. Шимшилеп жүргөн түлкүлөрдүн арасына кире кычышты. Эрендер акырын сүйлөшүп, акырын күлүштү. Эр каган баарын байкап, баарын сезип, тоо кайыбы көрүнгөн, тотудай жүнү бөлүнгөн, тулпарлыгы анык билинген тобурчагынын тизгинин тартпай, маңкаң-маңкаң бастыра берди. Биртикеден кийин элчи алардын артынан жете келип:

– Бу силердин карагайлуу, мөл булактуу, калың бадалдуу, туйлап аккан тунук өзөндүү, тукабадай кулпунган туландуу жериңер ажайып кооз экен,– деди кайрадан күлүмсүрөп. – Боз үйдө жашап, алтын жамбы аттырып, көк бөрү тарттырып, ат чаптырып, куш салдырып, түтүнгө бирден кой сойдуруп, таң-тамаша менен күн өткөрүп, алыстан келген конокту ызаат кыла тосуп алган элиңер меймандос экен. Мага мына ушул ак пейилиңер жагып калды. Башкалардай ач көз , сук, озүмчүл эмес экенсиңер. Алтынга, асыл ташка, берметке кызыкпайт экенсиңер.

– Күн нурунан кубат алып, күн нуруна жүзүн тосуп, Күн теңирин ыйык көрүп, Көкө теңирге сыйынган Кыргыз Ата-

нын кулундары болобуз да,– деп Шыбакбай-арстан элчини карабай, коңур үнүн бийик чыгарды. – Ошондон улам ач көздүк, суктук кылганды, өзүмчүл болгонду жаман көрөбүз. Ниети ак, дили таза, пейили кең, сезими тунук, акылы жетик пенделерге ак өргөөбүздүн эшиги дайыма ачык, дасторконубуз дайыма жайылуу.

– А касын тиккендергечи?

– Андайларга найзабыз сунулуу, кылычыбыз тосулуу.

Кеп төркүнүн билген элчи карс-карс күлдү. Эр каган күлбөдү. Анын дилиндегисин алда качан эле билип койгон. Бийлер менен бектер өздөрүнчө сүйлөшүп, экөөнү карашкан жок. Биртикеден кийин элчи: – Дагы эмнеге сыйынасыңар? – деп сурады.

– Ай теңирине сыйынабыз, Тоо теңирине сыйынабыз, Суу теңирине сыйынабыз, От теңирине сыйынабыз, Жер теңирине сыйынабыз, Күн теңирине сыйынабыз,– деди эр каган кыраан бүркүттөй шаңшып.

– Теңир-тоолук туугандарыңар менен катташып турасыңарбы?

– Кийинки кездерде жамандык-жакшылыкта эле катташа турган болуп калдык.

– Кебез-тоолуктар мененчи?

– Алар менен да ушинтип калдык. Биз биякта, тигилер аякта аман бололу. Өртобузда дайралар, тоолор, адырлар, белестер жатат.

– Ширбилер, шатолор, оңгуттар, байыркулар, тогондор, таңгуттар менен кандайсыңар?

– Биз булар менен өтө эле ысык да, өтө эле суук да эмеспиз.

– Кечилдер ордоңузга келип турушабы?

– Өткөн жылы төрт улгайып калган кечил, төрт жаш кечил келип кетишкен.

– Жайынча элеби?

– Жайынча кечилдериң келишпей калышсын! Меймандостугубузду көрсөтүп, аларды жылуу-жумшак кабыл алып, ызаат кыла коноктоп койсок, ушуга ыраазы болушпай, капкайдагы

шумдукту айтышып, жыландын башын кылтыйтышып, акырын гана кудуреттүү Көкө теңирди жамандашып, өздөрү сыйына турганын макташса болобу! Атурсун асыл ташка, алтынга, күмүшкө карк кылышарын сөз арасына кошо коюшуп, азыткыдай азгырууга аракеттенишсе болобу! Ошондон улам сылык-сыпаа айтып, он бештей жаракчан жоокерге бармак берип, изги тилекте эмес, а башка максатты көздөп келишкен кечилдерди каганаттын читинен чыгартып койгом. Эгерде мындай кылбасам, эркине тек коё турган болсом, ой, бөтөн жерлик кечилдериң үгүтчүлдүгүн күчөтүп жиберишчүдөй. Урматтуу элчим, бу сен мындайлардын өтө коркунучтуу, өтө кооптуу экенин билесиң да. Анын үстүнө жумурай журттун сыйынганына, ыйык тутканына, кастарлаганына шек келтирүүгө, тил тийгизүүгө болбойт эмеспи. Ыйык деген ыйык да!

Элчи эр кагандын көйкашкалыгына ичинен тан берди, бирок улутунуп койду. Берендер менен эрендер акырын сүйлөшө беришти. Элчи алардын кебине кулак түрбөдү. Капчыгайдан өтүп, шоокуму алда кайдан угулган Оркун дайрасынын бери жагындагы балгындуу камыштын четине жеткенде байыркунун камандай күркүрөгөн, айбалтасын колго алган, төбө чачы үксүйгөн, желке чачы сүксүйгөн, муруту түктөйгөн, алп мүчөлүү баатыры менен оңгуттардын аскар тоодой заңкайган, кыраан куштай кымпыйган кол башчысын көрүп, жамандыктын болорун сезгендей токтоп калды. Бийлер менен бектер да ошентишти. Элчинин көңүлү уйгу-туйгу болуп, санаасы самандай сапырыла түштү. Ырайы сууктар тоо бөрүлөрүндөй экен. Мырзалардын жүрөгү шуу этти. Бирөө анысын билдиришкен жок. «Ө, Күн теңири! Өзүң колдой көр! Өзүң сактай көр!» – дешти бектер. Бийлер да ошенткендей болушту. Анткен менен жүрөксүп калтаарышкан жок. Байыркулардын баатыры ырайлашпай эле, жанындагы оңгуттардын көйкашка кол башчысына бирдеме дегендей болду да, андан соң жутуп жиберчүдөй акырайып карады. Шайтаны мойнуна мингендей... Бир пастан кийин каардана күүлөнүп, кара кашка айгырын теминип, камчы менен санга

уруп, эрендер менен берендерди, бектер менен бийлерди киши ордуна көрбөй, алпейими кете баштаган элчини оройго чаап өтмөкчү болду. Эгерим жоодон качпаган, өлүмдөн кайра тарт-паган Шыбакбай-арстан кайраты толук, заары күч экенин көрсөтүп, бакыра найза сунуп, көкжалдай чап салган анын алдын тороп калды. Ал желмогуздай жинденип, кара кашка айгырдын башын бурбай, элчини оройго даң эттире чабалбай калганына ызаланып, арданып:

– Кырылган сайын кычаган, түгөнгөн сайын түтөгөн, түбүнөн кайра күчөгөн кыргыздардын каганы! Мен эми уй түгүндөй көп ханзулардын элчисин өлтүрбөй коё турайын, адегенде сенин жүрөгүңө найза саяйын, намысты колго алайын! Төшүңдү жарып, өпкөңдү сууруп, каныңды жерге төгөйүн! Ошондон кийин гана элчинин эки бутун сындырып, жилигин чагайын! Эки көзүн чукуп, кашка башын жарайын! Кулагынан шам күйгөн, тулпарлык сыны билинген атын оңгуттардын арстандай айбаттуу, кабыландай кайраттуу кол башчысына тартуу кылайын! Желини карыш уй сойгон, желпилдеген төө сойгон түрктүн тарканына барып, айдай сулуу айымдарын кыздардай мактаган басмылдардын элтеберине жолугуп, эки шерди кубантайын! Абдан күлүк атыңды койкулардын баатырына берип, күндөй нурдуу кызын алайын! – деп кайрадан камандай күркүрөдү.

«Эми мен өз каганатыма жетпей, өз үйүмдү көрбөй, бала-бакырамды көрбөй, көчүп-конуп жашаган кыргыздардын жеринде өлөт экенмин да. Эми менин сөөгүм көмүлбөй, көзүмдү карга-кузгун чокуп, этимди чөөлөр жейт тура»,– деп ойлоду элчи. Алеки саатта заманасы куурулуп, тулку бою мөңгүнүн астындагы таштай муздап кетти. Эрендер менен берендердин каны шакардай кайнады. Оңгуттардын алп мүчөлүү, москоол денелүү кол башчысы буурадай буркулдаган да, кара чаар кабыландай чамынган да жок, тек гана түпөктүү найзасын бекем кармап, элчинин коркунучтуу ойго чырмалганын, жүрөксүп калтаарыганын сезип, чымын чаар аргымагын теминбей, кыр-кырдагы кыргыздардын шoораты далайга жеткен эр каганы көйкашкалык кылып, Таң кага-

натына кайтып бараткан тигини коргоп, ашкере эрдемсине атырылган баатырдын алдына салып бербесин туюп турду. «Баатыр болбой ол!» – дешти бектер ичтеринен байыркулардын желмогуздай баатырынын баатырдык салты буза буркулдаганына жинденишип. Ал зиркилдеп, муну дегеле сезе тургандай эмес. Элчинин ирeңи кубарып, көзү аландап, калчылдап этти. «Теңирдин каарына калгырдын буркулдаганын! Теңирдин тепсендисинде калгырдын күркүрөгөнүн!» – дешти бийлер жаалданышып. Бууракандаган баатыр муну этибар алган жок. Эрендер менен берендер ач илбирстей чамынып, мырзалар менен бектер кара чаар кабыландардай атырылып, туштуштан качырып кире турган болушту эле, көзүнүн чаары чыккан, каны шакардай кайнаган Шыбакбай-арстан башын чайкап койду. Бул эр кагандын силер ары тургула, элчини сактагыла, кутургандай кыйкыргандын канын өзүм төгөйүн, ичегисин өзүм чубалтайын дегени эле. Алар ушуну сезишти окшойт, өзү келип катылган баатырдын оң капталынан, сол капталынан найза сунушпай, ары боло беришти. Далайды көргөн, далайды билген, далайдын сазайын берген эр каганга ишенишет. Жаалданышкан экөө сайыша кетишти. Бирок бири-бирин ат үстүнөн көмөлөтө сайып түшүрө алган жок. Элчи кайраттуу бектер менен бийлердин, жүрөктүү эрендер менен берендердин ортосунда турса да, дагы эле өң-алеттен кетип, дагы эле өзүнө келалбады. Бир оокумда Шыбакбай-арстан: «О, Күн теңири! Өзүң колдой көр! О, Тоо теңири! Өзүң колдой көр!» – деп каар сала кыйкырып, кан күсөгөн арстандай тике качырып кирди да, ачуулана болкулдаган, найзасы колдо солкулдаган баатырды күү менен сайды эле, анын омуртка сөөгү быркырап кетти. Сыр найзанын болот учтуу бөрү тили табарсыгын жаралап, ичегисин аралап, ченебей тешип кеткендей... Ары жакта баарын байкап, баарын сезип турган оңгуттардын кол башчысы: «Ай, жемекчи эле жеди го! Байыркунун текебердүү баатыры бул жерге көргүлүктү көргөнү, азапты чындап тартканы келген турбайбы!» – деди ичинен. Бирок чымын чаар аргымагынын башын буруп, бадалдуу жонду карай таскактатып жөнөгөн жок. Эр каган аны карап койбоду.

– Байыркунун камандай күркүрөгөн баатыры кыйынсынып, өз ажалынан мурун бул жерге өлгөнү келген экен,– дешти бийлер табалашып.

– Тукургандардын тилине кирип, алам деп келип алдырат, чалам деп келип чалдырат деген ушул,– дешти бектер бакылдашып.

– Кара чаар кабыландай аралап, качырганын куткарбаган, кан кустурган эр каганга өзү келип катылгандар эгерим тирүү калбаган. Байыркунун карааны бийик даңкайган, кара кашка айгырчан, заңкайган баатыры да куду ушундай болду,– дешти мырзалар күпүлдөшүп.

– Чала болот! – дешти эрендер.

– Ушуну көрмөк да! – дешти берендер.

Элчи «Бак талашып, мени өлтүрмөкчү болгон желмогузга азап гана болду» дебей, дале чый-пыйы чыгып, эки жакты карабады. Төбө чачы сүксүйгөн, желке чачы үксүйгөн, мурүту түктүйгөн баатырдын өңү кубарып, көзү тунарып, колунан найзасы түшүп, каруусунан күч кетти. Эсин жыялбай, булдуруктап сүйлөй албай, ээрден көчүгү кыйшайып, биртикеден кийин ураган аскадай кара кашка аргымактан кулап түштү. Оңгуттардын дөөдөй болгон кол башчысы кабагына кар жаадырып, каардана бакырып, ач арстандай айкырып, эр көкүрөк эрендер менен эр жүрөк берендерди качырып кире турган болсо, карсылдаша кармаштын, чартылдаша чабыштын, көз ирмебей сайыштын сырын абдан жакшы билген Шыбакбай-арстандан катуу сокку жеп, эртеңки күндү көрбөй калаарын, чымындай жаны чыркырап, ит өлүмгө туш болоорун сезди окшойт, түпөктүү найзасын суналбай, үрөйдү учура кыйкыра албай, ирецин кубартып, жүрөгүн канатып, ичин ачыштырып, чымын чаар аргымагын алчактата бастарды да, бир пастан соң оң-тетири теминип, оңбуй-солбуй камчы уруп, жыш каптаган төштү карай чаап жөнөдү. Эрендер менен берендер көкжалдардай атырылышып, бозуп жөнөгөн кол башчынын артынан сая түшүп, акыры жетип, кабыргасын сындырышып, кара көзүн кашайтышып, өз канына өзү боёлуп жаткан баатырдын соңунан жексен кыла турган болушту эле, эр каган

Аларды дагы токтотуп койду. Ал жышка кирип, бат көрүнбөй калды. Эрендер, берендер оор улутунуп коюшту. Эр кагандын айтканынан кайтпасын, моюн толгогонду, барманды аткарбаганды жаман көрөрүн, катуу жазалап коёрун билише турган. Ач илбирстей чамынышпай калышканы, көк жалдай кубанышпай калышканы да ошондон. Башынан далайды өткөргөн Шыбакбай-арстан акылдуулук кылып, элчини бул жерге чейин узатып келгени ырас болуптур. Эгерде мындай кылбаса, байыркулардын баатыры менен оңгуттардын кол башчысы аны өлтүрүп, ортого от жагып коймок экен. Теңирим ошондой болуудан сактап калды. Шыбакбай-арстан Көкө теңирге ыраазы болгондой көгөргөн көктү карап койду. Бектер, бийлер, мырзалар асманды карашкан жок. Алардын санаасы тынчып, көңүлү жайланып, жүрөгүнө кубанычтын оту жагыла бергендей болду. Жарык дүйнөдөгү куш өмүрдүн далай бел-белесин ашып калса дагы, бөрү карыса дагы бир койлук алы бар дегендей, өзү урунган баатырды сайып өлтүргөн кагандын эрдигине тан беришти. Ваң Йихуң эми гана бирде аларды, бирде эрендер менен берендерди жоодурап карап, кудуң-кудуң этип кубанганын койнуна жашыра албай күлдү да, өлүмдөн сактап калган Шыбакбай-арстанды  кучактап, бул жакшылыгын эч качан унутпай турганын айтып, алтын сарайдагы даңкы таш жарган хуандисине[1], мартабалуу төбөлдөрүнө, айдагардай айбаттуу айжаңжуң менен күнжаңжуңга[2] ушул эрдигин абдан  мактап барарын айтып, чын жүрөгүнөн алкап-алкап жиберди. Жан ширин да. Жашоо кызык да. Өмүр кымбат да. Ошондон улам эч кимдин өлгүсү келбейт эмеспи. Элчинин кубанганы да ошондон. Баары менен кайрадан коштошуп, кайрадан аргымагын таскактатып, Таң каганатын карай жөнөдү. Шабыкбай-арстан кыраан куштай кымпыйып, аскар тоодой заңкайып, элчини кыр ашып кеткичекти карап турду да, «Эки элдин ортосунда данакерлик милдетти аткарган Ваң Йихундун жолу шыдыр болсун! Өз жерине аман же-

---

[1] Хуандисине – императоруна, каганына деген мааниде.

[2] Айжаңжуң – башкы аскер башчы. Күнжаңжуң – атчан аскер башчы.

тип алсын!» – деди ичинен, анан эрендери менен берендерине көр каздырып, байыркунун чөп арасында өлүп жаткан баатырынын сөөгүн ит-кушка жем кылдыра тааштап кетпей көмдүрүп, кара кашка айгырды бирине жетелетип, ордону карай кайтты.

Бул тууралуу кабар токойдогу, тоодогу, талаадагы, дайранын боюндагы, көлдүн жээгиндеги, жыштын четиндеги уруулардын, элдердин арасына чагылгандай тез жетип, чагылгандай тез тарады. Элтеберлердин, таркандардын, тутуктардын, хандардын, кагандардын, кол башчылардын бир тобуна жөндүү угулса, бир тобуна суук угулуп, дагы бир тобуна жакса, дагы бир тобуна жакпады. Жана да буга кайдыгер карагандар болду. Көпчүлүк эмеспи. Айтор, ошондонбу, ар кандай имиш-имиш айтылып, кыргыз урууларынын кабыландай кайраттуу, айдагардай айбаттуу каганы Шыбакбай-арстанды жамандагандар да, беделин төмөн түшүрүүгө далбас ургандар да болуп, ортого тымызын тамызгы таштай тургандар чыга баштады. Териси тарлардын, көрө албастардын, издегени жамандык, каалаганы жамандык болгондордун чырагынын билигине май тамды. Эр Шыбакбай-арстан эрдик кылып, кулагы чалып калган болсо да, канын шакардай кайнатып ызырынган жок, атурсун атайлап эле чагымчылык кылгандардын сазайын берип, жонунан кайыш тилип алмакчы болгон берендерин тыйып койду. Алды-артын караса, ачуу менен ызага жеңдирбесе, баатыр бабалардын керээзин жадынан чыгарбаса, кан төгүүнү каалабаса, кекчилдик кылбаса ушинтет да. Ой толгоп, акыл чайкап, салкын кандуулук кылганы деле ажеп болуптур. Кийинчерээк бөйрөктөн шыйрак чыгарып, ыркты бузмакчы, ынтымакты ыдыратмакчы болгондордун айрымдары суук тумшук көрүнүшсө, айрымдары ары адил, ары калыс, ары кашкөй шерлерден кагуу жеп, жети өмүрү жерге киргенсиди. Эр каган опол тоодой заңкайып, кыраан бүркүттөй кымпыйып, башына алтын туулгасын, үстүнө ак күбө тонун кийип, алтын кемерин курчанып, куланды кууса куткарбаган, чөлдө жүрсө чаалыкпаган, таштак жерде ташыркабаган тулпарын минип, карыга калкан илип, такымга чок-

жор кыстарып, белине наркескен байлап, колуна сыр найза алып, кемерге айбалта кыстарып, калың кошуунду баштап жортуулга жөнөбөдү. Каганаты тынч, жаны тынч. Моюн толгон, текеберчилик кылган элтеберлердин жылкысына тийип, айылын азан-казан түшүрүп, кереге-уугун кыйратып, келин-кызын ыйлатып, уулдарын кул кылып, зайыптарын тул кылып, сулууларын күң кылып, мал-мүлкүн талап-тоноп келели дешкен эрендерди да, берендерди да, айбалта чабарлар менен жаачыларды да аттандырбады. Сандыргалуу аксакалдар менен билгелер, ырыстуу байбичелер эр кагандын ушинткенине ыраазы болушуп, Көкө теңирден анын аман болушун тилешти.

* * *

Убакыт дегениң Абакан дайрасынын жээгиндеги алтын кумдай эшилип, түбү тешик күмүш чөйчөктөн куюлуп, түк токтоп калбайт, мезгил дегениң башына жүгөн катылбаган тулпардай, тим эле кара кашка тынардай зыпылдап, шамал менен жарышып, артка кайрылып койбойт. Өмүр кушу да ушундай. Шыбакбай-арстан буга таң деле калбайт. Бир кезде жаштыгы жалындап турган, а азыр болсо күлгүн курагын артка калтырып, күнү ылдыйлай баштагандардын сабында. Апталар билинбей өтүп, айлар айланып, Эне-Сай өрөөнүнө, Миң-Өзөн ойдуңуна, Көгменге, Алтайга коңур күздүн артынан эле кар жаап, кар тозоңун кара шамал учура аркырап, суук болуп, киндиктеш уруулардын бир тобу тоо койнуна, бир тобу токой арасына, дагы бир тобу ылымта тарапка көчүп, канаттуулардын көбү күн батышты карай учуп, эликтер, курандар, аркарлар, кулжалар үйүрү менен оттуу жактарга ооп, суур, кашкулак, чычкан ийинге кирип, аюу чеңге сүңгүп, талаа-түзөңдүн баары ээндеп калды. Үйүр-үйүр жылкы кар тээп, от термелей жайылып, боз үйлөрдүн түндүгүнөн түтүн булап, ой-кырдын бүтү кар алдында. Кыштоого каттагандардын сары таман аттарынын туяктарынын алдынан кар кычырап, куураган бутак, соройгон чөп чорт сынат. Темир аяз бетиколду каарып, сары таман аттардын күмүш жалын, күмүш

куйругун жалмалап, дегеле каарын төгүп тургандай. Бирок кычыраган кыштын да убагы бүтүп, көгөргөн көктөмгө орун бошотуп берип, кайрадан келгин куштар кайтып келип, жар боорундагы уяларды чөкө таандар, көк каргалар, кептерлер, карлыгачтар кайрадан ээлешип, көлмөлөрдө каз-өрдөктөр кайрадан толуп, курт-кумурскалар тынымсыз ары-бери каттаашып, жан-жаныбардын баары кызуу кыймылда. Дагы далай мезгил алмашып, дагы далай аксакал, дагы далай байбиче каза болуп, күнү бүткөндөрдүн, ичер суусу түгөнгөндөрдүн ордуларын жарык дүйнөгө келген бөбөктөр басып, жашоо булагы соолбой, өмүр көчү токтобой уланууда. Ушуга шүгүр кылуу керек. Таң каганатынан кербендер келишип, көздүн жоосун алган шуруларын, мончокторун, сөйкөлөрүн, шакектерин, түрмөк-түрмөк шайысын, түрмөк-түрмөк жибегин сатышып, өздөрүнө керектүү аң-терини, бугунун мүйүзүн, буюмтайымын алышып, бир аптадан кийин кайтып кетишти.

Шыбакбай-арстан ары акылдуу, ары амалдуу элчинин элине аман жеткенин, бакубат жашап жатканын, дубай саламын алардан угуп, жайкалган сакалын сылап койду. Анын дагы бир мертебе келип кетишин күттү. Бирок, эмнегедир ал келбеди. Калган өмүрүн ат бороюн салдырбай, нөшөрдө, мөндүрдө, бурганакта, бороондо, суукта, аптапта калтырбай, бала-бакырасынын маңдайында, тели-теңтуштарыңын арасында өткөрөйүн дегендир. Шыбакбай-арстан ушинтип ойлоп, андан биротоло үмүтүн үзгөндөй болду. Анткен менен кара булут каптаган асмандай түнөрүп олтурбай, таркандар менен тутуктарды чакырып, алар менен кеңешип, жетимдерге жети саан уй берди, жесирлерге жетимиштен кой берди, тону жокторго тон, аты жокторго ат, төөсү жокторго төө берди. Булардын дүргөйү курсант болуп, эр кагандын жоомарттыгына, айкөлдүгүнө ыраазы болуп, «О, биздин шер каган! Бу сени Көкө теңир жалгасын! Башыңыздан бак-дөөлөт кетпесин! Каганатыңыздын аймагы кеңейип, казынаңызда сан байлык көбөйсүн! Бизди сыйласаң, бу сизди Теңирим сыйласын! Кулачыңыз узарып, алдыңыздан калың кошун чыкпасын, артыңыздан айгайлаган черүү куубасын! Касиеттүү Кыргыз

Атанын Көк туусун көкөлөтүп, дагы көпкө жашаңыз!» – дешип алкашканы ай! Тутуктар, таркандар жай-жайына кеткендин эртеси өткүн алам заматта төгүп өттү. Аба тазарып, күн, шибер кулпунуп, асманда куштар учуп, тал арасында чымчыктар үн салып калышты. Шыбакбай-арстан ыраактан ат арытып, сапар карытып келишкен акбезергендерди[1], элчилерди, кечилдерди, элтеберлерди, баатырларды өз-өзүнчө тосуп, алардын тартуу кылган белек-бечкектерин казынага салдырып, кептерин, ойлорун угуп, баш терисин байкап көргөндөн кийин эле топ-тобу менен өздөрүнчө тогуз канат ак өргөөлөргө жаткыртып, жакшылап коноктотуп, урмат-сый көрсөтүп, ажайып кооз капчыгайда сейилдетип, ар бирине күлүк ат мингизип, баарынын көңүлүн жубатып кетирди. Кийинки күнү дөңгө чыгып, жорголорун жорголотушуп, тобурчактарын таскактатышып, карагайлуу кырды карай баратышкан эркектерди карабай, эки-экиден кубалаша талдардын кылдай учтарынан кайып өтүшкөн бактектердин, дарактардын бутактарында сымаптай мултүлдөп ойношкон боз чымчыктардын, Алтын көлдө майда толкунду минип алыша сүзүп жүрүшкөн каз-өрдөктөрдүн балапандарындай болушкан балдардан оттуу көзүн албай турду. Өзүнчө эле жүрөгү көлдөй чалкып кубангандай... Жайкалган шибердеги балдар оюнга алаксышып, доңдо эр кагандын жалгыз гана карап турганын байкашкан жок. Жыргалдын жыргалы эле ушулардыкы! Ойносо оюнга тойбойт, күлсө күлкүгө тойбойт! Мейли, садагалар жыргап ойной беришсин!

А күн жая салынган шырдактай кооз, абдан кооз чөлкөмгө нурун текши чачып, мээримин асыл энедей төгүп тургандай... Шыбакбай-арстан эми күндү карап сыйынды: «О, кудурети күчтүү Күн теңири! Мен сага жүзүмдү тосуп, жылуу нуруңдан, касиеттүү нурундан кубат алып турам. Өздөрүнчө ойноп жатышкан балдар болсо, муну туюшкан жок. Алардын али боконосу бекий элек, балтыр эти толо элек. Бара-бара эс тартып, балакатка жетер. Мына ошондо булардын арасынан Миң-

---

[1] Акбезергендер – эч кимди алдабаган, чыныгы ак жүрөк соодагерлер.

Өзөндүн жышын жойлогон жолборстой жүрөктүүлөр, кууганын куткарбаган арстандай айбаттуулар, аралап кире качырганын кайсаган кабыландай кайраттуулар чыгаар; мына ошондо булардын арасында боктуу ичегиси солк этпеген, боконо жүрөгү болк этпеген эрендер, берендер көп болоор. Жонуна асынганы алаңгир жаа, сыр жебе, колуна кармаганы сыр найза, каруугa илгени калкан, белине байлаганы мизи мокобос кылыч, такымына кыстарганы чокмор, мингени күлүктүгү табгачта жок тобурчак, ээрчиткени алгыр тайган, салганы кыраан шумкар болоор; мына ошондо булардын арасынан чачылганды жыйнаган, үзүлгөндү улаган, калайман бүлүк салганды ашуудан ашыра сүргөн, кордук көрсөткөндөн кек алган шерлер, кызыл тилин кайраган, хан алдында сайраган чечендер, кыяндай каптаган жоону кыйратып, тилегин таш каптырган эрлер чыгаар. Мына ошондо булардын арасынан Кебез-Тоонун, Теңир-Тоонун, Улуу Тоонун койнунда, Сары-Колдун аймагында жашаган, Улуу Талааны байырлап калган киндиктештеринин бөксөрө түшкөн ыкыбалын толтурган көкжалдар чыгып калгысы бардыр. О, кудурети күчтүү Күн теңири! Буларды суук көздөрдөн, ичинде кара кылы айланбагандардан, кылычы кандуулардан сактай көр! Буларды оору-сыркоодон, агыны катуу суудан, тилсиз жоодон, шум ажалдан, чагылгандын ташынан, коркунучтуу куюндан сактай көр! Буларды кара чаар жыландын, кара курттун уусунан, ажыдаардын от тартканынан, аскадан кулаган таштан, көчкүдөн сактай көр! Булардын өмүрүн узун, денесин чымыр кыла көр! Булардын сезимин тунук, көңүлүн сергек, көзүн өткүр, сөзүн курч, бактысын опол тоодой кыла көр! Булардын акылына акыл, күчүнө күч, кубатына кубат кошо көр!».

* * *

Ободо чымын-чиркей ызылдап, айбан чегирткелер сүт жыттанган, тер жыттанган, курсактары дардайган, желиндери чатыраган уйлардын, кишенеген тайлардын, бээлердин артынан калбаган кулундардын туяктарынын алдынан атыла секирип, чыйырчыктар менен чымчыктар аларды тиштеп,

уяларындагы сары ооз балапандарын карай учуп, не бир түркүн түсү аралаш кызыл-тазыл гүлдөр жайнап, барпая ачылгандарынын үстүндө ак, көк, күрөң, жашыл көпөлөктөр үлпүлдөп, жана кайдан дайранын шоокуму угулуп, мал киндиктүү Эне-Сай өрөөнүндө тынчтык өкүм сүрүп турганы менен, а кийинки кезде чаруктардын, чөмүлдөрдүн, байыркулардын, төнгөлөрдын, ширбилердин, тогондордун, түрктөрдүн, койкулардын, басмылдардын, карлуктардын айрым урууларынын азуусун айга жанган баатырлары бабалардын жоокердик салтын бузуп, көөдөй кара түндө, нөшөр төккөндө, боз түшүп турганда кан күсөгөн карышкырлардай читке жакын жердеги айылдарга кирип келише чап сала беришкендеринен улам, дагы бирөөлөрү оздөрүн өзгөлөрдөн өйдөсүнүшүп, ынтымакта жашоону каалашпай, кылдан кыйкым табышып, жылкыга тийип кетишкендеринен улам, дагы бирөөлөрү кыйынсынышып, кычаштык кылышып, колтукка суу бүркүшүп, алпейимди алышкандан улам Шыбакбай-арстандын жүрөгү канады. Мунасага келишпегенине кыжыры кайнап, санаасы санга бөлүндү. Акырында чыдабай, балбан билек, жолборс жүрөк эрендери менен берендерин баштап, алардын бир тобу менен чартылдаша чабышып, карсылдаша кармашып, кыйласынын сазайын берди, айрымдарынын кабыргасын сындырып, жанын көзүнө көрсөттү. Ошентип кара чаар кабыландай жойлоп, катылгандардын катыгын берсе да, өз ара чабышканды кан буугандай токтото албады. Ит агытып, куш салып, черин таратпай, жасалгасы көздүн жоосун алган он эки канат ак өргөөдөн чыкпай, чамгарагы чылк алтын түндүктөн көрүнгөн асманды карап жатты да, «Азыгы жолдон болгон бөрүлөрдөй желип-жортуп, алдуусу алсызына чап сала бербей, жана да байлыгы молдордун, чеpүүсү көптөрдүн бал тилине эрибей, акылы тайкылар менен текебердүүлөрдүн тукурганына көнбөй, алтыны менен күмүшү, асыл ташы көптөрдүн дүйнөсүнө алданбай, ар кимибиз өз ата-конушубузда тынч жашап, баатыр бабалардын шертин бузбай, ынтымакта болсок, биздин ордобузга бөтөндөр жик салалбайт эле, ортобузга от жага албайт эле. Жамандыкта, жакшылыкта бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарып турсак, кастарын тиккендерге салкын кан-

дуу, сүрдүү, кубаттуу, айбаттуу көрүнөр элек. Канат-бутагы быз көбөйүп, кулачыбыз узарып, казаныбыз майлуу, отубу дун жалыны таптуу болуп, дүйнөкапар жашайт элек. Аттиң, ошенте албай, бөлүнүп-жарылып, өз ара чабышып, өз ара касташып, азайып бараткандайбыз. Аттиң, ошенте албай, ажыдаардай айбаттууларга бир четибизден жем боло тургандайбыз»,– деп арман кылды. Жүрөгү канап, жүлүнү сыздады. Далай түндү кирпик какпай атырды.

* * *

Акылдын түбүн байкаган билгелер, кумурска бириксе арстанды аларын билген бектер, кошулгандын колу узун боло рун туйган бийлер, даңкы дабан ашкан кол башчылар, эээ астында элди ойлогон баатырлар, айтылуу жайчылар, айтылуу саятчылар, даңазалуу чечендер ордого келишти. Шыбакбай-арстан аларды жайдары тосуп алып, жайыл дасторкондун четинде олтуруп, казы-карта, чучук, улардын, тоодактын, кыргоолдун этин жеп, кымыз ичип атып, бардыгы менен кеңешти. Алтын такта олтуруп, бүткүл бийликти колуна алып, эки тизгин, бир чылбырды бекем кармагандан бери эле такай ушинтип өзүм билемдикке салбайт. Кара булут каптаган асмандай түнөрүп, көзүнөн чаарын чыгарбай, каардана корс-корс этпей, сылык-сыпаа гана байистүү сүйлөп, орошон оюн ортого салып, бийлер менен бектердин, билгелер менен кол башчылардын, кеп кадырын, жер кадырын, ат кадырын билген баатырлардын кебин, пикирин угуп турат. Казыр да ошентти. Кеңешип кескен бармак оорубайт эмеспи. Ушинтүүгө көнүп калган да. Адил, калыс, билге болсо ушинтет да. Ошондон улам бардыгы эр каганды кадырлашат. Талашып-тартыша кетпегени, жүйө кепти үжөт кылышканы да ушундан болсо керек. Сыртта турушкан сакчылар ак өргөөгө эч кимди киргизишкен жок. Шыбакбай-арстан улардын этин жеп, бал кымыз ичип олтурган аттуу-баштууларды, кол башчыларды, айтылуу жайчыларды, айтылуу саятчыларды, даңазалуу чечендерди, баатырларды жай-жайына кетирбей, аларга жүнү жылтылдаган, көзү оттой күйгөн, кызыл тили салаңдаган,

[illegible]угу быштыдай болгон көкжал көкүрөгүндө куту бар, жүрөгүндө жалы бар, желкесинде калы бар Кыргыз Атанын арт жагында кумайыктай куйругун көчүгү менен басып шуңшуйуп олтурса, кызыл чаар жолборс оң капталында, кара чаар кабылан сол капталында комдонуп жатса, алды жагында алты кулач айдагар түпкүчтөй оролуп, денесине башын коюп, үстүнөн кыраандыгы ченде жок алпкаракуш айлана уччу экенин, булар ары касиеттүү, ары айбаттуу, ары сүрдүү, ары ыймалдуу анын колдоочулары болгонун айтып, уялаш уруулардын, кандаш уруктардын аксакалдарынын, баатырларынын, чечендеринин, мыктыларынын, ырыстуу айымдарынын, ырыстуу байбичелеринин, ырыска шерик мырзаларынын арасынан кыл өтпөсө, ордого кут түшөрүн, адилдиктен, калыстыктан тайбаган, намысты колдон алдырбаган, айкөл хан менен ала жипти аттабаган, ак көрпө жайыл, сарамжалдуу, нускалуу канышанын башына күн туурун, биримдиги бекем болгон жумурай журттун ити чөп жээрин айтып, кийинчерээк айкөл Манастын да куду ошондой колдоочулары болгонун айтып, эки шер бириксе бир ашууну ашарын, эки эл бириксе миң ашууну ашарын айтып, батар күндүн атар таңы бардыгын, жамандыктан алыс болуу, жумурай журтка калыс болуу керектигин айтып, дагы далайды эстерине салып өттү. Бул мартабалуулардын, баатырлардын жүрөгүн жылыткандай, кол башчыларды шердентКендей болду.

– Бүт баарыбызды касиеттүү Кыргыз Атанын арбагы колдосун! Бүт баарыбызды айкөл Манастын арбагы колдосун! – дешти бийлер менен бектер. Билгелер, кол башчылар, баатырлар да ушинтишти. Жайчылар, саятчылар, чечендер да ушинтишти. Ошонун эртеси эр каган үйүр-үйүр жылкыдан тандап, семиз боз бээни алдырып, ай туякка чалдырып, ак сарбашыл кой сойдуруп, сандыргалуу аксакалдар менен ырыстуу байбичелердин ак батасын алдырып, ыба караган шерлеринин бирин Таң каганатынын даңазалуу каганына элчи кылып жиберди[1]. Ал илбирстей керилген, кеп айтып пендени

[1] Бул 643-жылы эле.

эриткен чечен да, кырдан түшкөн кошуундан коркпогон, жон дон чыккан жоодон качпаган азамат да эле. Шыбакбай-ар стандын ишенимин актоо үчүн жол азабын тартканына, кы йынчылыкты көргөнүнө кайыл болуп, калың токой каптаган кырка тоонун ашуусун ашып, күндөп-түндөп кете берди. Зээ ни кейигенде, көңүлү чөккөндө, кабыргасы кайышканда, ап тап куйкалап, жан терин ала турган болгондо, карды абдан ачканда, ак көрпө жайыл, ырыска шерик канышанын: «Ка затка аттанганда, жортуулга чыкканда эле эмес, ат бороюн салдырып, алыскы багдарды кыдырганы жөнөгөндө шерге, беренге ылайык күлазык болот. Качан гана кардың ачкан кезде күлазыктан бир чымчып алып, таңдайыңа салып койгун. Бир паста оруган жериң басылып, көңүлүң куунак тартып, кардың кампайып калат»,– деп ак баштыкты бергенин эсине түшүрдү. Ошол ак баштыкты канжыгага байлап койгон. Шар аккан өзөндүн жээгине жеткенде аттан түшүп, толуп калган табарсыгын бошотуп, колун сууга жууп, жүзүн чайкады да, канжыгадагы ак баштыкты чечип алып, шапа-шупа оозун ачып, таңдайына күлазыктан бир чымчымды салып койду. Ары акылдуу, ары сарамжалдуу, ары бал тилдүү канышанын айтканындай эле, бир пастан кийин курсагы тоюп, жүзүнө кызыл жүгүрүп, санаасы тынчып, көңүлү куунак тартып, ооруган жери, уюган бели басылып, жаны жер тартпай калды. Сары таман атын жетелеп оттотуп, оргуштаган булактан сугарып, жибек жалынан, кең соорусунан сылап, маңдайынан өөп, чолпондой жайнаган көзүнөн өөп, Көкө теңирге сыйынып, Кыргыз Атанын арбагына жалбарып, кайрадан аттанып, кайрадан жол жүргөнүн улантты. Кечке жуук көгөргөн көк асмандан желе тартып бараткан каркыра-турналардын кыйгуулаган ийги үнү, абдан жапыз учушкан каздардын, өрдөктөрдүн шуулдата канаттарын кагышканы угулду. Көйкашка шер тизгинди тартпай, асманды карап койду: каздар, өрдөктөр, каркыра-турналар күн чыгышты карай эмес, а түштүктү карай учуп баратышыптыр. Бул жакшылыктын жышаанындай сезилди. Ошондон улам өзүнчө күлмүңдөп, «көздөгөн жериме аман жетип, киндик кан тамган жериме

аман кайтат экенмин»,– дегендей болду. Теңир жалгап, оозуна тили бергендей болуп, далай күн, далай түн жол жүргөндөн кийин жайчысынан төлгөчүсү көп, сакчысынан кайгуулчусу көп, дин багарынан устасы көп, саяпкеринен дубакөйү көп, мылчысынан бакан оозу көп, момунунан эпчили көп Таң каганатынын байтагына жетип, даңазалуу каган Таң Тайзуңга жолугуп, анын үстүнө суусар тон жаап, жылтылдап миң кубулган, көз тайгылткан аң терисин берип, дүргөйүн курсант кылды. Гүлзарында, ажайып кооз багында сайран куруп, күндөй нурдуу кыздардын, айдай сулуу айымдардын ырын угуп, бийчилердин бийлегенин көрүп, жүрөгү элеп-желеп болду. Жайчылардын, кечилдердин, шамдагай жоокерлердин өнөрүн көрүп абдан таңданды. А бирок ары зиректик, ары билгелик, ары салкын кандуулук кылып, тамырын тартып көрмөкчү болгондорго баш терисин байкатып, сырын алдырып койбоду. Көйкашка миң башыларга кошулуп, жаа тартып, көкөлөп учкан өрдөктү көктөн атып түшүрүп, чыгаан жаачы экенин көрсөттү. Абдан сак болуп, баарын байкап, кыска, нуска сүйлөп, мырза теректей шыңкыйып, кыраан куштай кымпыйып, жылдызы ысык, ырыска шерик экенин сездирип, барктуу төрөлөр менен даңазалуу миң башылардын дүргөйүн өзүнө буруп, ак тамагы бүлкүлдөгөн, ак көйнөгү үлпүлдөгөн айымдардын айрымдарынын купулуна толуп, айрымдарынын жүрөгүнө чок салды. Сый көрүп, иш бүтүрүп, тартуу алып, элчилик милдетти астейдил аткарып, кайрадан Эне-Сайга аман кайтып келди. Балпайган байбиче алтын чөйчөктү алып, тунук суудан сузуп алып, кагылып-согулуп, анын башына айлантып чачып, ошондон соң алтын чөйчөктү кемегеге көмөрүп койду, ал эми көкала сакалы жайкалган бакшы кара эчкини бакыртып союп, өпкөсүн чапты. Сандыргалуу аксакал боз бээни жылкычы жигитке жетелетип келип, ай туяктан чалдырды. Шыбакбай-арстан ишенимди актаган көйкашка шерди далысынан таптап:

– Бу сени Көкө теңир колдосун! Учугуң узарсын! Бактың опол тоодой болсун! – деди чын жүрөгүнөн ыраазы болуп.

– Эби бар иш бүтүрөт, кеби бар сөз бүтүрөт деген ушул да! – дешти аксакалдар кубанышып. Аларды инабаттуу жак-

шылар, кол башчылар, баатырлар, жайчылар, сайатчылар, чечендер кубаттап коюшту. Байбичелер, айымдар жылдыз дуу жүзү нурданган шерди жерге-сууга тийгизбей макташты. А балдар, кыздар ары жакта карашып, өздөрүнчө бажырандап сүйлөшүп турушту.

* * *

Мына ушул жолку барып келүүдон баштап, бул эки каганаттын ортосундагы алака мурдагыга караганда кыйла жандынып, ымала кадимкидей жакшыра баштады. Буга сүйүнгөндөр болду, күйүнгөндөр болду. Жактыргандар жакшы ойлорун айтышса, жактырбагандар капкайдагыны айтышып, көрө албастык кылып жатышканын айкын эле билдирип коюшту. Айрыкча, мындан он жылдай мурда талкаланган Чыгыш түрк каганатынын аман калган таркандарынын, тутуктарынын бир тобу туталанышып, бул ымаланын бекем болушун каалашпай, байланышты азыртан эле үзүп таштоонун аракетинде Кыргыз каганатынын четки айылдарына күтүүсүздон кол салышып, чал-кемпирди ыйлатып, кереге-уукту кыйратып, малды айдап кете турган болушту. Андайлардын бири каардуу Көбөй эле. Ал өзүн каган деп атаган. Көбөй каган кол курап, жортуулга көп барып, жортуулдан олжолуу кайтып, бат эле ирденип калгандай болду. Калың жыш каптаган Алтай тоолорунун итапкан жерин ээлеп, эми өзүн «Көл бий каган» деп атай турган болду. Айланасына өзүнө окшогон ач көз, кекчил, ичи тар, алысты көрө албаган, куйту бектерди, таркандарды , тутуктарды, баатырларды топтоп, текебердүү элтеберлер менен тил табышып, кылычы кандуу кол башчылар менен камыр-жумур болуп, Кыргыз каганатынын барктуу бийлеринин, инабаттуу жакшыларынын айылдарын чаап, жылкысына тийип, кадимки жоо бөрүсүнө айланып кетти. Шыбакбай-арстан каны шакардай кайнаса да, ачуу менен ызага жеңдирбей, салкын кандуулук кылып, жаалданышкан бийлери менен каарданышкан бектерин сабырдуу болууга үндөп, көйкашка баатырын, коңур чеченин, акылдуу аксакалын Көбөй кагандын ордосуна жиберди. Алар кабагын

карып калган ага жолугушуп, Шыбакбай-арстандын: «Көбөй каган, мен билем, сенин эрдигиң бар экенин. Бирок биз бөлөк-бөтөндөрдөн эмеспиз. Биздин түбүбүз бир. Ушуну биле жүрөлү деймин. Ойрондолор ордодон ырк кетет, каганынан адилдик кетет, канышасынан калыстык кетет, тарканынан, мырзасынан, тутугунан намыс кетет. Ортодо чагымчылардын, кайраштыргандардын, койнунда котур ташы барлардын күнү тууйт. Жигиттери, чериктери жортуулчу болот. А жортуулчунун башы жолдо калат. Бул менин кебим эмес. Бул баатыр бабаларыбыздын кеби. Ушуну эсиңе салып койгум келди. Ойлонуп көр. Боөр толгоп көр. Алаамат-апаат болбосо, бороон-чапкын болбосо, коркунучтуу куюн болбосо, жут болбосо, бетеге белден буралып, өршүбүз малга толсо, төлүбүз эгиз болсо, ык семирсе, жатакчыларыбыздын алган түшүмү мол болсо, кандаш, киндиктеш урууларыбыз тоюп, көңүлү жай болот эле. Күн теңирине сыйынып, жашоо көчүн улантып келаткан бизге, силерге мындан артык бакыт барбы, мындан артык жыргал болобу? Ошондой болбой атпайбы! Эр өлтүрсө кун жок, мал кетсе кайтарып берүү жок. Кутурган карышкырдай ыркырашмай, кутурган иттей кабышмай. Ушуну токтотуу керек го. Эртеңкини ойлоп, ынтымакта жашоо керек го. Теңирдин жери кенен, теңирдин кыштоосу кенен, бизге да, силерге да, бөлөктөргө да жетет. Эр достугу эгиз, эл достугу деңиз эмеспи»,– дегенин айтышты. Көбөй каган жанында олтурган таркандарды, тутуктарды, баатырларды алдыртан карап койду. Алар купшуң-купшуң этишип, муну жактырбагандай болушту. Ошондон уламбы, негедир Көбөй каган айкөл Шыбакбай-арстан кагандын жүйө кебин үжөт кылбай, ой толгоп, боор толгоп көрбөй эле, ач арстандай чамынып:

– Биз деген талаанын ээси, Көкө теңирдин уулу болобуз. Талаанын ээси да, тоонун ээси да силер эмес, жалгыз гана биз болушубуз керек. Карып калган каганыңар айта берет,– деди. Анан капкайдагыны айтып, акылдуу аксакалдын, коңур чечендин, көйкашка баатырдын жинин келтирип, үчөөнү жолго салды. Алар мына ушуну айтып келишти эле, Шыбакбай-арстан: «Көбөй кагандын көзүн биротоло май басып калган

тура. Жакынына жат болгусу, кандашына кас болгусу, түптүү менен тирешкиси, шамал менен жарышкысы, алдуу менен алышкысы келип калган тура. Теңирдин тепсендисинде калгыр ай! Теңирдин каарына калгыр ай!» – деди ичинен жаалданып, бирок анысын билдирбей байистүү сүйлөп, булардын көңүлүн жубатып койду. Эгерде минтпесе, аларың от алып кете тургандай. Жалындап күйгөн отту өчүрүп көр. Заматта өчүрө албайсың. Шыбакбай-арстан дароо чарт-чурт жарылып кетпегени да ушундан.

* * *

Көбөй каган ар кандай айла-амалды колдонуп, Эне-Сайдагы кыргыз каганаты менен Таң каганатынын ортосундагы байланышты биротоло үзүп салууну көздөп, ортого тымызын тамызгы таштап, от жакмакчы болгонун токтотпой, кыянаттыгын күчөтө берди. Айтор, ошондонбу, ордого бектер, бийлер, баатырлар, кол башчылар кайрадан чогулушуп, уй мүйүз тартып олтурушуп: – Эр каган! Ай катаалы айда жаайт, күн катаалы күндө жаайт дегендей болуп, бу өзүн Көл бий каган атаган канкор кутуруп кете турган болду. Тизгинин тартып, жанын көзүнө көрсөтүп койбосок болбой калды,– дешти жинденишип.

Шыбакбай-арстан кабагына кар жаадырбай, акырын алдыртан карап, акылдын түбүн байкап, корс-корс этпей: – Менин шерлерим! Менин кыраандарым! Менин эстүүлөрүм! Баатырдык билекте эмес, а жүрөктө. Шондуктан ачууланбагыла. Арстандай күчүң болсо да, түлкүдөн куулукту үйрөнүү керек. Ачуунун да таттуусу бар, таттуунун да ачуусу бар. Теңирдин тепсендисинде калгыр Көбөй каган күркүрөй берет, чамына берет. Бирок азуусун жанган арстан күндү чабам деп, айды минем деп, белин мерт кылыптыр. Ошондой болоорун билбей жатат. Анын үстүнө биздин артыбыз кыя, астыбыз жар, айла кеткен ошол жол дегендей болуп турган чак. Оң колуңардын ачуусун сол колуңар менен кармап, биртике басып тургула,– деп койду. Бийлер, бектер, баатырлар, кол башчылар үтүрөйүшкөн жок. Эч кимиси эр каганга каяша айтпа-

Омоктуу айтылган кепти эп көрүшкөндөй. Ар кандай кырдаалга даяр туруп, кыраакылыкты абдан күчөтүп, абдан ... боло турган болушту. Эртеси жай-жайына тарашты.

* * *

Күн уясына кылкылдап батып, каркыра-турналар түнөгүнө жатып, сүт жыттанган, тер жыттанган, курсактары дардайган, желиндери чатыраган уйлар боз үйлөрдүн ары жагында уйкуда жатышкан балдардын жанынан өтүп, чымчыктар дарактардын арасына кирип, куйрук улаш кеткен тоолорду ... дүпүйгөн токой улам карайып, түнөрүп баратты. Теребел жымжырт. Жымжырттыкты бузгандар болбоду. Шыбакбай арстан он эки канат ак өргөөдө жатты. Алтын чырагданда бүлбүлдөп күйгөн шам. Эр каган күйгөн шамды карабады. Бектер менен бийлер, кол башчылар менен баатырлар айткандай: жоокерлер, айбалта чабарлар, кылычкерлер, найзакерлер бар. Курал-жарак жетиштүү. Сары таман аттар, күлүк аргымактар деле көп. Казынада сан байлык. Черүүнүн көп болгону жакшы. Черилерди жети кошуунга бөлүп, калганын жети багда калтырып, бирөөнү өзү башкарып, алтоону алты шери жетектеп, жоо бөрүсүнө айланып калган Көбөй кагандын ордосун ойрон кылууга аттанса деле болот. Кырдан кыр ашып, буурakандаган өзөндү кечип, калың жыштан өтүп, кокойгө көк таштай тийгендерге туш-туштан чабуул коюп, кабыландай аралап урушуп, кадимкидай кайсап кирүү ыңгайы деле келип турат. Бирок чабыш деген чабыш, кармаш деген кармаш! Жеңиш оңой-олтоң эле болбойт. Кан төгүлүп, далай жоокер өлөт. Курман болгондор көп экенине карабай, каганаттын аймагы кеңейип, казынасындагы байлыкка байлык кошулат. Көбөй кагандын ордосу ойрон болуп, кыз-келини кул, зайыбы тул, жигиттери кул болуп, мал-мүлкү талаанат. Мына ушуну ажыдаардай айбаттуулар, кабыландай кайраттуулар жактырабы? Жактырышпай калышсын! Кыргыз каганатынын даңкы дабан ашып, күч-кубаты артып, жумурай журту көбөйүп, алпейими кетпей, тынч жашап калышын каалашпайт да. Талаадагы көчмөн уруулардын менменсинген

текелери түйүлө секирген тоодон, телкилери үйүлгөн ойдон, аркарлары оттогон адырдан, кулжалары жайылган жондон, бугулары маңкайып турушкан будурдан, кара чаар жыландары сойлоп жүргөн коктудан, тоодактары менен безбелдектери койдой чубаган сайдан, тарпаңдары жуушап жаткан жылгадан, кашкулактар, түлкүлөр, коёндор байырлаган чийден, жапайы төөлөр жайылган талаадан, кыян алып кеткен аңдан, урандыга айланган сепилден, кыйраган калаадан, өрттөлгөн айылдын четинен, өрүшү малга толгон өрөөндөн өтүштү. Чөбүнүн башы ыргалган, гүлүнүн жыты аңкыган, торгою таңшыган талаанын четинде өргүп, дагы кеч кирип, дагы түн сөгүлүп, дагы таң кылайып атып, боз куурай башы кыймылдап, боз чымчыктар үн сала баштаганда, кайрадан аттанышты. Өткөн-кеткенден кеп салышып, узун жолду кыскартышмай болушту. Эчен кыяларды, эчен белестерди, эчен жондорду, эчен жылгаларды артка калтырып, эчен таштак жерди басып өтүштү. Дагы өргүп, дагы жолго чыгышты. Кай-
радан эчен кечмеликти кечип, эчен токойду аралап, эчен кап
чыгайды өрдөп, кумдуу талааны, какыраган чөлдү артка кал-
тырышты. Анан ылайланып, өркөчтөнүп аккан Сары дайра
нын[1] жээгинде өргүмөй болду эле, иштин көзүн билген, кеп
тин баркын билген, жоонун сырын билген бийлер, айтылуу
жайчы, айтылуу саяпкер, айтылуу саятчы менен жалындан
жалтанбаган, чабышканы чыккан кас душмандан коркуп кач
паган жигиттер кыйыктанышпай сары таман аттарынан
түшүп, бадал арасындагы жайкалган жашыл шиберде күл
зыктан чымчып ооздоруна салышты. Биртикеден кийин ба
рынын карды ачканы басылып, ооруган жери, уюуган бел
басылып, чаалыкканы билинбей, көңүлү көтөрүлүп, жүздөрү
нурданып калды. Эр азыгы болгон күлазыктын касиети д
Ардактап минген аттардын ээр токумдарын алып, жүгөндөрү
шыпырып, тушабастан эле, бутун бош коюшту. Жаныб
күлүктөр чаңкоосун кандыра мөлтүр булактан ичип, бад
дан чыгышпай түркүн чөптү кырт-кырт тиштеп, талбай

[1] Сары дайранын – Хуанхенин. Кытайдын чыгышындагы дайра.

тошту, кардын чөпкө толтурушту. Ала салып оонашып, чаалыкканын басышты. Туруп силкиништи эле, бел омурткасынын, кыр аркасынын талыганы жасыла түшкөндөй болду. Оюн салып ойноктошуп, табына келгендей ойдолошуп, ок жыландай сойлоктоп калышты. Касиеттүү Камбар Атанын асыл тукуму ай! Шыбакбай-арстан күн чыгышты карап, бутун күн батышка сунуп, барктуу бийлери менен өткүр жигиттеринин ортосунда алтын ээрди жазданып, наркескенин жанына коюп, тээрдигин салынып, көрпөчөсүн жамынып жатты да, бир паста уктап кетти. Кыйладан кийин туруп, кадимкидей керилип чоюлду. Жигиттер менен бийлер да, жайчы, саяпкер, саятчы да турушту. Баарынын уйкусу канып калыптыр. Ары чапчың, ары чыгаан жигиттер мөлтүр булакта колун жууп, жүзүн чайкап, көңүлү сергий түшкөнүн билдирише бажырандап сүйлөшүп, ары карай басышты да, андан соң илбээсин атып келишип, от жагышып, шишкебек жасап жешип, бардыгынын кардын тойгузушту. Шыбакбай-арстандын жүрөгү жылыды. Элпектиги, өткүрлүгү жүзүнөн, көзүнөн байкалган жигиттер эми бартылдап сүйлөшүп, карс-карс күлүшүп, жибек жалы, кыл куйругу суудай төгүлгөн, төбөсүндө көкүлү күн тийгендей жалтылдаган, төрт туягы тыбыраган күлүктөрдү бат эле токуй салышты. Бийлер, саятчы, саяпкер, жайчылар Суу теңирине, Тоо теңирине, Жер теңирине, Күн теңирине, От теңирине сыйынышты да, эстүү жигиттерге ыраазы болушуп, аларды алкап коюшту. Эр каган аттанардан мурда көгөргөн көктү карап, Көкө теңирге жалбарып койду да, анан [illegible]ашка бийлер менен акылдуу жигиттерди кыдырата ка[illegible], мойнуна тумар тактырып, үстүнө жабуу жаптырып, [illegible] берип көндүрүп, абдан ардактап, абдан аздектеп бактырган дулдул чалыш боз атынын көкүлүнөн, жалынан, соорусунан сылап, маңдайынан, чолпондой жайнаган көзүнөн жыттап. Анан жүрөгүндө сырттандай мол кайраты бар жаш шерден бетер чапчаң минип, жаандуу күнү суу өтпөгөн, бороондуу түнү суук өтпөгөн, кайнаган аптапта ысык өтпөгөн, кылыч кеспеген, найза кирбеген, жаа тешпеген көк күбө тон кийген, күмүш кемер курчанган бийлер менен жигиттерди

кайрадан баштап жөнөдү. Бадалдуу тумшукту айланып өтү
да, шаркырап аккан өзөндү бойлоп жүрүп олтурду. Артынан
тигилер калбады. Азаматтар да. Аларга алышкан жоодон кор
кпогон, ажалдан кайра качпаган Мунуздук хандын[1] ак жүз
ай шооласындай ажарданган айымынын жолборстун жүрөгүн
талгак болуп калганын, шондон улам эр көкүрөк чоролор
менен ууга чыгып, калың камыштын арасынан эки жолборс
атып келгенин, жаркылдап сүйүнгөн жубайы күндөй нурду
күңдөрүн жумшабай, ак маралдай буралып, чүрөктөй бачы
кыймылдап, эки жүрөктү тең таза жууп, казанга салып, от
чоң жагып, көпкө кайнатып, нак бышырып, жандай көргө
аяштарынын бирине да ооз тийгизбей, баарын өзү жеп алга
нын айтып, талгагы канып, жаны жыргап калганын айтып,
мемиреп уктап калганын, уйкусу канганда ойгонуп, жаркыл
дап сүйлөп, назданып күлгөнүн, төшүнө башын койгонун,
кебездей жумшак алаканы менен жылдыздуу жүзүнөн сыла
ганын, оттуу көзүнө тике караганын айтып, эр жүрөгүн эл
жиреткенин, денесин балкытканын айтып, ай менен күн
жылып, мезгил алмашып, толгоосу бышып жетилгенден ки
йин көзүнөн жашы төгүлүп, каканагы жарылып, ымыркай
үнү бар этип, оң колуна уюган кан уучтап, баркырап ыйлап,
маңдайы ысык жаркырап түшкөнүн айтып, ордодогу ырыс
туу байбичелер менен сандыргалуу аксакалдар кыраандын кы
рааны, сырттандын сыртаны болсун деп, дөөлөтү мол болсун
деп, атак-даңкы далайга жетсин деп, жоо жолборсу болсун
деп, касын тиккендердин кадемин катырсын, кол салгандар-
дын канын суудай төксүн деп, селдей каптап киргендердин
мизин кайтарып, ашуудан ашыра сүрсүн деп бата беришке-

---

[1] Мунуздук хан – биздин замандын III кылымынын аягында, IV кылымынын башында жашаган, көчүп-конуп жашаган көчмөн уруулардын көйкашка шерлерин, балбан билек, жолборс жүрөк баатырларын айланасына топтоп, Эдил, Жайык, Тын дайраларынын жээгинен тартып, мелмилдеп аккан Туна /Дунай/ дайрасына чейинки аралыкта эбегейсиз зор каганатты курган, IV–V кылымдарда Европадагы королдордун, падышалардын, кол башчылардын жүрөгүн түшүргөн Адил хандын /Атиланын/ атасы болгон. Көчмөн Күн элинин даңкын чыгарган эрлердин бири экени карт тарыхта белгилүү.

кайрадан баштап жөнөдү. Бадалдуу тумшукту айланып өттү да, шаркырап аккан өзөндү бойлоп жүрүп олтурду. Артынан тигилер калбады. Азаматтар да. Аларга алышкан жоодон коркпогон, ажалдан кайра качпаган Мунуздук хандын[1] ак жүзү ай шооласындай ажарданган айымынын жолборстун жүрөгүнө талгак болуп калганын, шондон улам эр көкүрөк чоролору менен ууга чыгып, калың камыштын арасынан эки жолборс атып келгенин, жаркылдап сүйүнгөн жубайы күндөй нурдуу күңдөрүн жумшабай, ак маралдай буралып, чүрөктөй бачым кыймылдап, эки жүрөктү тең таза жууп, казанга салып, отту чоң жагып, көпкө кайнатып, нак бышырып, жандай көргөн аяштарынын бирине да ооз тийгизбей, баарын өзү жеп алганын айтып, талгагы канып, жаны жыргап калганын айтып, мемиреп уктап калганын, уйкусу канганда ойгонуп, жаркылдап сүйлөп, назданып күлгөнүн, төшүнө башын койгонун, кебездей жумшак алаканы менен жылдыздуу жүзүнөн сылаганын, оттуу көзүнө тике караганын айтып, эр жүрөгүн элжиреткенин, денесин балкытканын айтып, ай менен күн жылып, мезгил алмашып, толгоосу бышып жетилгенден кийин көзүнөн жашы төгүлүп, каканагы жарылып, ымыркай үнү бар этип, оң колуна уюган кан уучтап, баркырап ыйлап, маңдайы ысык жаркырап түшкөнүн айтып, ордодогу ырыстуу байбичелер менен сандыргалуу аксакалдар кыраандын кырааны, сырттандын сырттаны болсун деп, дөөлөтү мол болсун деп, атак-даңкы далайга жетсин деп, жоо жолборсу болсун деп, касын тиккендердин кадемин катырсын, кол салгандардын канын суудай төксүн деп, селдей каптап киргендердин мизин кайтарып, ашуудан ашыра сүрсүн деп бата беришке-

[1] Мунуздук хан – биздин замандын III кылымынын аягында, IV кылымынын башында жашаган, көчүп-конуп жашаган көчмөн уруулардын көйкашка шерлерин, балбан билек, жолборс жүрөк баатырларын айланасына топтоп, Эдил, Жайык, Тын дайраларынын жээгинен тартып, мелмилдеп аккан Туна /Дунай/ дайрасына чейинки аралыкта эбегейсиз зор каганатты курган, IV–V кылымдарда Европадагы королдордун, падышалардын, кол башчылардын жүрөгүн түшүргөн Адил хандын /Атиланын/ атасы болгон. Көчмөн Күн элинин даңкын чыгарган эрлердин бири экени карт тарыхта белгилүү.

ерин, аты Адил болсун, атына заты жарашсын деп алкашкарын айтып, күз артынан кыш келип, кыш артынан жаз келип, бир нече жыл өткөндө, балтыр эти толуп, боконосу бекигенде Адилдин шердин шери болгонун, далай хандардын, далай падышалардын, далай кол башчылардын үройүн учурганын, жүрөгүнүн сары суусун алганын, Туна дайрасынын бадалдуу жээгине жакын жердеги талаада желеге кулун байлатып, төрт түлүгүн жайлатып, уялаш урууларды көңүлүн көлдөй чалкытып, баатыр бабабыз Мунуздук хандын даңкын чыгарганын, жеңилүү ызасын казатта, жортуулда тартып көрбөгөнүн айтып, жанындагы ыба карагандарды кайрадан кердентип койгондой болду. Кечке маал кыбыраган жан жок, жайылып жүргөн мал жок талаага туш болуп, бир паста көңүлү үйгү-түйгү боло түштү. Бирок коркунучтуу ойго кабылбай, тизгинди тартпай, кылчайып карап койбой кете берди. Жигиттер менен бийлер да күңк-мыңк этишкен жок. Тобокелге салышат да. Сары таман аттары ташыркабады. Көздөгөн жерге жетүүгө дагы көп бар. Токтоого болбойт. Эртеси булактуу жылгада өргүп, кайрадан сапарды улап баратканда акылдын түбүн байкаган, сүлөөсүндөй керилген, сүйлөсө жанды эргиткен бийлер боз адырларды, талдуу жээктерди сыдырата карап коюшту. Жайчы, саяпкер, саятчы антишкен жок, а бирок байистүү сүйлөшүп, алардын көңүлүн жубатып коюшту. Бир оокумда алардын бири:

– Эр каган! – деди коңур үнүн акырын чыгарып. – Бир мөртебе мен «Жаман эрге мал бүтсө, жанына коңшу кондурбайт деген ырас экен. Көбөй каган куду ушундай болуп, короолошторго тынчтык бербей турган болду. Эрендер менен барып, кутурган кагандын кабыргасын сындыралы, эки көзүн оёлу да, жумурай журтун өзүбүзгө кошуп алалы, жайыттарын басып алалы» десем, а сиз «Жаман атка жал бүтсө, жанына торсук байлатпайт. Бул кашкайган чындык. Биртике мал күтүп, биртике дүнүйө күтүп, биртике алтынга ээ болуп, Ит-Өлбөстүн чөлү, Ордос тараптан качып келген уруктарды башкарып калган Көбөй каган бөтөн урууларды, бөтөн журтту талаанын бай түп шыбагындай, бай түп чөбүндөй көрөт.

Бороон тийсе жалп этип кулайт да, кайта жерден тур... Күлүктөрдүн туяктары тийсе, тепсендисинде калат да, кайк... өнүп чыгат. Киндиктеш уруулар да, тектеш уруктар да, бо... журт да түк мындай эмес. Эсирген каган ушуну билбегени... болууда. Жаңылышып жатат. Кошуун жиберип, бирин т... каласа, экинчиси баш көтөрөт. Бул тигинден кыйын боло... Ошондуктан муну менен урушууга туура келет. Дагы ба... жарылып, дагы көз чыгып, дагы кан төгүлөт. Баарынан ушу... жаман да. Ырыс качат, кут качат. А ырысы жоктордун ыры... мы күч, таалайы жоктордун табышмагы күч болуп, кара ч... буулда чабагандай беришет. Теңирдин каарына калгандар да... Кары азап тартат, жашы азап тартат, балдар жетим, кели... дер жесир калат. Талаанын ары жагында, чөлдүн четинде ай... дагардай айбаттуулар жатат. Тигил кан кускур мына ушуну... көрбөй жаткандай. Атурсун ошол айдагардан оп тартуусунда... чоң аталарынын далай жыл кор болуп жатканын эсинен чы... гарып койгондой. Чамынбастан, адыраңдабастан, жулкунбас... тан ой толгоп, биримдикте болуунун жолун издеп корсо боло... эле. Эгерде айдагар эми оп тартса, аны жалгыздап ким ток... тотот? Эч ким токтото албайт. Кычаштык кылбай, кыянат... тык жасабай бириксек, бизге Теңир берип, оп тарткан айда... гарды токтото алаар элек»,– деп менин тизгинимди тартып койдуңуз эле.

– Оо, барктуу бий! Менин ошентkeним ырас.

– Эр каган теше тиктебеди.

– Анда неге бирикпей туруп эле, өзүбүзчө бирин далыга таптаган, экинчисин төшкө тепкен, үчүнчүсү канатына калкалаган, баш ийгиси келбегенди моюн толгогон баатырды тымызын жексен кылып таштаган, ошентип мүдөөсүнө жетип тынгандардын байтагына баратабыз?

– Абалыбыз кылдын учунда турса, аларга ат арытып барууга мажбур болуп атпайбызбы. -Эр Шыбакбай-арстан каган кепти узарткысы келбей, кыска гана айтты.

– Ажыдаардай айбаттуулар биздин эзелки жообуз да.

– Өткөндү эске салуунун, кектей берүүнүн кажети жок.

– Далай жигиттерди, далай кыз-келиндерди, далай улан-

[illegible], далай кемпир-чалды, далай уздарды, далай усталарды [illegible] өтүшүптүр го. Ошолордун урпактары өз жерибизде болгондо, биз азыркыдан кыйла көп болот элек.

– Нарктуу бий! Бу сенин айтканың туура. Абдан таамай, [illegible] таасын, абдан туура айтылган кепти туура дебеген [illegible] кетет. Бирок, бул мындан көп жылдар илгери болгон. Өткөн өттү, кеткен кетти. Ошондуктан артка кылчайып карабай, алды жагыбызды карайлы, эртеңкибизди ойлойлу.

– Даңкы таш жарган каган «Бу жарык дүйнөдө, касиеттүү жер үстүндө Теңирдин өз колунан бийлик тизгинин менин [illegible] ата-бабаларым алган. Ошон үчүн алтын такта олтурам. Кагандардын бардыгы мага баш ийип, менин барманымды [illegible] турушу керек. Уруулардын башчылары, бектери, бийлери, элтеберлери, хандары кез-кезде келип, мага тартуу тартуулап турушу керек. Мен аларга мансапты, атак-даңкты берип турамын» дейт экен го. Ушул чынбы?

– Чын болсо чындыр да. Шамал болбосо, чөптүн башы ыргалбайт эмеспи.

– Бул мени ойго салып койгондой...

– Сенин ойлонгонуң жакшы. Бирок кекчил болбо. Каганатыңда тайпа-тайпа эл, абдан көп урук, абдан көп уруу болсо, жер жайнаган черүүсү болсо, байлыгы мол болсо, ошентип [illegible] көптүрө сүйлөп койгондур да.

– Алдууну кантип алсыратууну, кубаттуунун кубатын кантип кетирүүнү, курчтун мизин кантип мокотууну, ынтымакты кантип ыдыратууну, арасынан кыл өтпөгөндөрдү кантип ичинен иритүүнү, моюн толгоп тургbriefly кантип чөгөлөтүүнү билишкендерге теңелүү кыйын окшойт»,– дешти бийлер ойлуу. Жайчы, саяпкер, саятчы бийлерди кубаттап коюшту.

– Силердин бул шеригиңер сөз төркүн билген, сөз түбүнө жете алган шер. Баарын билип туруп эле, ушинтип жатат. Эми айтпаса жүрөктө кала тургандай... Жалындан жалтанбаган жигиттер да жаныңарда. Булар да уксун. Көчмөндөрдүн кагандары, хандары, баатырлары, кол башчылары бузуктардын тилине кирбей, бир жакадан баш, бир жеңден кол чыга-

рып турса кандай сонун болот эле. Булардын антишпей эле, бири-бири менен чабышып, тытышып турганы ажыдаардай айбаттуу көрүнгөндүн айланасына топтолгондор үчүн абдан жакшы. Тытышуудан, чабышуудан абдан азайып, абдан алсырап калышат. Ошондо тигилер жеңилип баратканына колдоо көрсөтүшүп, аларды жөлөп-таяп коюшат. «Эт жегенден, кымыз ичкенден, ат чапкандан, ууга чыккандан башканы билбеген көчмөндөргө ушул жетишет» деп ойлошот. Бул алардын илгертен колдонуп келатканы...

– Ой, анда биз эмне үчүн жол азабын көрүп баратабыз? – деди жигиттердин бири.

– Туталанбай коё тур, жаш жигит! Мен али оюмду толук айтып бүтө элекмин. Сөздүн баркы бар. Жакшылап ук, жакшылап аңда. Жоо жакадан, бөрү этектен алып турган учурда азуулуу менен арбашууну, алдуу менен кармашууну ойлобош керек. Теңирден тилеп, өчпөстүн отун жагып, өлбөстүн күнүн көрүп туруу керек. Элдин жолу кенен жол, ээрчигендер адашып калышпайт. Ээк астында элди ойлоп баратабыз. Бизге арстандай айбаттуулардын, кабыландай кайраттуулардын, ажыдаардай оп тарткандардын жоокерлеринин кереги жок, алтыны менен күмүшүнүн кереги жок, жибеги менен шайысынын кереги жок. Мына ушуну алууга кызыгып атканыбыз жок, а алардын канаттуу кеби менен, айбаты менен көмөк көрсөтүүсү керек болууда. Буурадай буркулдаган Көбөй каганга окшогондорго сыртын салып, атырыла бергенин жактырбай турушу, атурсун каарына алгандай кыр көрсөтүп турушу керек. Ушинтип койсо болду. Ие, биздин артыбызда кубаттуу Таң каганаты карап турганын билдирүүгө жетишүү. Мына ушундай болуп калса экен деп, ак эткенден так этип баратабыз. Бизге башкалардын жайытынын, кыштоосунун, малынын кереги деле жок. Өзүбүздүкү өзүбүзгө жетишет. Теңирим ошону буйрусун! Эгерде максатыбызга жетип кайтсак, ой, анда бизге Теңир берди дей бергиле! Ордобузду ойрон домокчу болгондордун тилегин таш кабат. Жыл жылга тогошо берсе, мезгил алмаша берсе, биздин да мал-жаныбыз көбөйүп калат. А балким кебез-тоолук, теңир-тоолук, улуу

тоолук, сары-колдук, улуу талаалык киндиктештерибиз менен карым-катнашыбыз жайдын сызгырылган аптаптуу күндөрүндө, кыштын кычыраган аяздуу түндөрүндө, жаздын пошөрлүү мезгилинде үзүл-кесил болбой, үзгүлтүксүз болуп калаар. Менин ойлогонум ушул, тилегеним ушул.

– А-а... – дешти жигиттер эр Шыбакбай-арстан кагандын айтканына эми түшүнгөндөй.

Айдарым жел туланды, не бир түркүн чөптү ыргалтып, талдардын жалбырагын шуулдатып, сары таман аттардын шам күйгөн кулагында ойноп, жибек жалын сылап, кыл куйругун тарагандай...

* * *

«Ары айкөл, ары адил каганыбыз төөгө, шаа мүйүз өгүзгө жүк-жүктөтүп алса болмок экен. Жана да күлүктүгү оңгуттар менен таңгуттарда жок аргымакты, тулку бою сымбаттуу, тулпарлык сыны билинген торкашка айгырды жетелетип алганында, кыраан бүркүттү, алгыр шумкарды туурга конгуруп алганында болмок экен. Уй түгүндөй көп ханзулардын көптү көргөн, көптү билген каганына тартуу кылат эле да. Неге антпеди экен? Кандай билгени бар? Тартуу деген тартуу да. Хан да, каган да, кадыр-барктуу төбөл да, көйкашка кол башчы да, айлакер элтебер да тартууну алганды жактырат эмеспи. Баштыкта алтының, куржунуңда ажайып кооз буюм-тайымдарың, төөлөрдө жүктөлгөн жүгүң көп болсо, кимге да болоорун жагасың. Мындайың болбосо, эч кимге жакпайсың. Сыртын салып коёт. Жалынсаң да, кебиңди укпай коёт. Алда [illegible] тартып турган дүнүйө ай!» – деп ойлоду теректей шыңгыйган, жылдызы ысык, ырыска шерик жигит. Ойлогону менен жанындагылардын бирине да айтпай, муну ичине катты. Ырас, эр кагандын күлүк тайлары, күлүк кунандары, күлүк быштылары, күлүк асыйлары деле көп эле, кыраан бүркүттөрү, алгыр шумкарлары да бар эле, алтын-күмүшү да толтура, асыл таштары да арбын, карышкыр, суусар, кундуз ичиктери, түлкү, сүлөөсүн тондору, ак күбө чапандары да толуп жатат. Ошолордон жүктөтүп албаганына кандай себеп

болгонун биле албай, өзүнчө башын катырды. Жаш да. Баарын билгиси, баарын сезгиси, баарын түшүнгүсү келет. А бийлер менен саяпкер, саятчы, жайчылар башынан далайды өткөрүп, далайды көрүп калгандык кылышып, өздөрүнчө бушайман болушкан жок. Эр каган эки жакты карабай, баралына толуп, күч-кубаты Абакан дайрасындай ташкындап турган кезинде боз тулпар минип, сыр найзаны колго алып, табгачтар менен сайышканын, намысты колдон бербегенин, дөөдөй болгон баатырды бучкагына теңебегенин айтып, кастык отун жаккандардын кара дуба билгендеринин какшатып сөөгүн чакканын, кар жилигин сындырып, кара жерге какканын айтып, жылкыга тийген душмандын сыйкырчысын муунтуп, сыйрытмак салып тартканын айтып, түрмөк-түрмөк шайы менен жибекке, ат башындай алтын менен кой башындай күмүшкө, көздүн жоосун алган бермет менен шуруга, айдай сулууга, буурактай атка азгырылып, коркунучтуу душманга колтук ачкандын жонунан кайыш тилип алганын айтып, киндик кан тамган жер үчүн, калдайган калың эл үчүн башын канжыгалап, канын көөкөрлөп урушканын айтып, кудуреттүү Теңир берген жашы өйдөлөп, чачы куудай агарып, сакалы жайкалып калганын айтып, пенденин жарык дүйнөдөн көзү өтөөрүндө, күйгөн шамы өчөөрүндө тили булдурап, алы кетип шалдырап калаарын, жакшы өмүрдүн арты күн, асты орт экенин айтып, ошондуктан адашпай, азгырылбай, алданбай, түз жүрүп, эненин сүтүн актоо, атанын акыбетин кайтаруу, жумурай журттун керегине жароо керектигин баса көктөп, кеп кадырын, ат кадырын, туулуп-өскөн жер кадырын, инабаттуу жакшылардын жана саятчылардын, саяпкерлердин кадырын, көйкашка баатырлардын кадырын, абдан кыйын жайчылардын кадырын, жылдыз эсептегичтердин кадырын билген бийлердин, өткүр жигиттердин кыялын чабыттатып тунук сезимине шам жагып, белин ого бетер бекем байлатып койгондой болду. Ааламдын көркүн көз ачса, кишинин көөнүн сөз ачат эмеспи. Ары сүрдүү, ары акылдуу, ары айкөл Шабакбай-арстан да сүйлөсө жанды эриткен, сүлөөсүндөй керилген бийлердин канаттуу кептерин угуп, кулагынын курч

кандырды. Жигиттердин өткүр көздөрү асмандагы баркырап жанган жылдыздай балбылдап, көңүлү көлдөй чалкып, көөнү эрип, сыймыктануу сезими жаралгандай болду. Эр каган ушуну сезип, өзүнчө кубангандай күлүмсүрөдү. Куду ушуларды жер көрсүн, эл араласын, кызыл кашка тынарлардайдын кебин уксун. Узак жолдо жүрүүнүн сырын билсин, элчилик милдетти аткарууну үйрөнсүн, акылдуу, кайраттуу, чечен бийлердин, айтылуу жайчынын, айтылуу саяпкердин, айтылуу саятчынын өрнөгүн, ибаратын алсын, ээн талаада, эрме чөлдө баратканда каны каткансып, эрини кесилип, жаны көзүнө көрүнүп, абдан кыйналса да, абдан чаалыкса да эрки майтарылбасын, чыйралсын, такшалсын деп, атайын эле жанына кошуп алган. Теңир колдоп, ушинткени ырас эле болуптур. Ишенимин актачудай, үмүтүн үзбөөчүдөй. Баары аман болсун! Кубангандай күлүмсүрөп койгону да ошондон. Бийлер, саяпкер, жайчы, саятчы мына ушуну эр кагандын жүзүнөн, көзүнөн байкашты. Дагы күн батып, дагы түн кирип, дагы таң атып, дагы чымчыктар чыркылдашып, дагы каркыра-турналар үн салышып, дагы каз-өрдөктөр жапыз учуп өтүштү. Бул да болсо жакшылыктын жышааны. Шыбакбай-арстан ушуну сезди. Тигилер да. Кайрадан өргүп, кайрадан аттанышты. Шыбакбай-арстан алардын алдында. Күлгүн жаштыгын эрезына жашырган сакалдуу жүзүнөн чарчап-чаалыгып турганы байкалбайт.

* * *

«Көп күндөн, көп түндөн бери ат үстүндө келатып, далай жерлердин жыбытты, далай өзөндү, далай тоону, далай көлдү, далай талааны, далай жышты көргөндөй болдук. Булар канчалык кооз болсо да, эмнегедир өзүбүздүн Алтын, Көгмен тоолорубуздун салкын төрлөрүнө, кокту-колотторуна, Эне-Сай, Ирүүн, Абакан, Бий, Катын, Чулум, Төбө дайраларынын куйгандарына, Байкөл, Сүт-Көл, Алтын-Көл, Кыргыз-Нур, Дөөлөсбай сыныктуу көлдөрүбүзгө жетпейт экен. Жер соорусу эле тоолор окшойт. Эми өздөрүн айдагардай айбаттуу сезишкен кыргыз каганатына аман жетсек экен, мүдөөбүз орундалып,

баатыр бабаларыбыздын касиеттүү жерине аман кайтсак экен»,– деп ой толгоду кызыл жүздүү, шумкар кабак жигит. Эр каган байкагыч да. Мына ушуну айттырбай сезип, алдыртан карап койду да, «Ата-Журтуң – алтың бешигиң болот. Ошондон улам туулуп-өскөн жердин топурагы алтын»,– дегендей болду ниетинде, а барктуу бийлер көгөргөн көктү карашып: «О, кудуреттүү Көкө теңир! Касиеттүү Кыргыз Атанын кулундарынын бакты-таалайына жаралгандай болгон, кышы жылуу, жайы салкын, мөл булагы көп, сай-сайында койдой чубаган тоодактар, безбелдектер, жышында кайберендер, киштер, суусарлар, кундуздар толгон, бадалында куштар сайраган, көлүндө каз-өрдөк, аңыр, ак куу батпаган, аскасында кийик секирген Көгмен тоосуна жүрөгүбүз көлдөй толкуп кайтсак экен»,– дешти ичтеринен. Шыбакбай-арстан биртике катуураак теминип коё турган болсо, жал-куйругу суудай төгүлгөн күлүгү бугудай мойнун созуп, коёндой кулак жапырып, курандай башын жерге салып, куландай куйрук көтөрүп, куюндай жерди сапырып жөнөчүдөй. Ошондон улам тизгинди акырын тартып, катууракак теминип койбоду. Камандары күркүрөгөн камыштан өткөндөн кийин гана тизгинди тартып, тотудай жүнү бөлүнгөн, тулпарлык сыны билинген, тоо кайыбындай көрүнгөн атынын башын буруп, жанындагылардын бирин калтырбай, баарын жерге түшүрүп, көмөлдүрүгүн узартты да, куюшкандарын кыскарттырып, басмайылдарын бекем тарттырып, аларга абдан сак болуу керектигин эскертип, кайрадан аттарына миндирип, кайрадан баштап жөнөй берди. Ушинткени ырас болгон экен, бозоргон дөңсөөнүн ары жагынан урунарга тоо таппай, урушарга жоо таппай жээлигип келатышкан каракчыларга туш болушту. Бирок эч кимиси жүрөксүп калтаарышкан жок. Каракчылар менен карсылдашып кармашууга, эр каганды коргоого даяр турушту. Кынсыз кылыч байланып, түпөктүү найза кармап, кара аргымак минип, карала калканды каруугa илип, кара дөөдөй каар салып бакырган, төбө чачын сүксүйтүп, кежиге чачын үксүйтүп, жан алчудай кыйкырган, бетинде тырыгы бар, алп мүчөлүү каракчы алардын башчысы окшойт.

– Тилегенибиз көктөн эмес, жерден табылды. Мындай дайыма эле боло бербейт. Түндө баарыбыз оң жамбашыбыздан жаткан окшойбуз. Эми колго түшкөн коёндорду коё бербей калалы. Айкырып найза суналы да, булардын канын төгөлү. Аттарын тартып алалы, мүлкүн тоноп кетели,– деп күп-күп эте күпүлдөдү. Айдарлуу каракчылар аттарын булкунтушуп, камандардай күркүрөшүп, ырайы суук анын кебин кубатташып, ырсактап күлүштү. Казатка, жортуулга көп барып, башынан далайды өткөргөн Шыбакбай-арстан арстандай айкырып найза сунбай, кабыландай качырып кирбей, кыл чайнаша кырчылдашууга даяр турушкан бийлери менен жигиттерине барман бербей, андай-мындай дегиче, ачып көздү жумгуча саадактан жебе алып, чалмага шапа-шупа салып, «чөл бөрүсүнө айланган канкор, эми сенин чындап эле көрөр күнүң бүткөн экен, ичер сууң түгөнгөн экен»,– деп шарт гана чоё тартып, шарт гана коё берди. Зыркырап учкан алтын жак, сыр жебе чап эте дөөдөй болгон башчынын дал чекесине жабыша түштү. Ал кыйкырганга алы келбей, кара аргымактын үстүнөн кулап түштү. Каракчылардын ырсактап күлгөнү тып басылып, оозунан сөзү түшүп, тулку бою дүркүрөп кетти. Айткен менен бозуп кетишпей, кайрадан желмогуздай кыйкырышып, туш-туштан кол салышты. Карс-карс... Чак-чук... Балбан билек, жолборс жүрөк бийлер менен кабыландай кайраттуу жигиттер аларды эр каганга, саятчыга, саяпкерге, жайчыга жакын жолотушпай, туш келгенин кылычтап, туш келгенин найзалап, бир тобун жексендеп жиберишти. Шыбакбай-арстан урушка кирбей, башындагы бөркүндөй ишенгендеринин эрдигине ыраазы болуп турду ортодо. Бир маалда камандай көзү жайнаган, көкжалдай ыркыраган кексе каракчы атка жеңил, тайга чак жигитти далыга сайганы калганын көрүп калды да, буудан чалыш атын теминип, артынан чаңын буратып, алам заматта жетип барды да, көз ирмебей, күү менен түз сайды. Бука мойун, буура сан, булчуңу тайлактын белиндей болгон, бирок кексе каракчынын кабыргасы зыркырап, боконосу болк этип, жүрөгү солк этип, кан толгон көзү ымыр-чымыр болуп, билегинен күч кетип, оозуна кан толо түштү. Омурткасы сыздап ооруп, башынан туулгасы

ыргып, колунан найзасы түшүп, атка жеңил, тайга чак жигитти сайып өлтүрүүгө үлгүрбөй алы кетип шалдырап, көзү кетти алактап, колу кетти салактап, үзөңгүдөн буту тайып, көчүгү ээрден кылтайды... Шыбакбай-арстан сыр найзаны толгой сууруп алды эле, кан жайыла берди. Ал ураган аскадай кулады... Орто жашап калган, буурул мурут, буурул чач бий шапа-шупа жааны алып, эр каганды карай атырылган, бир көзү сокур, бетинде тырыгы бар, эңгезер бойлуу каракчыны карай тартты эле, зыркырап учкан сыр жебе ага тийбей, зып эте күрөң аттын мойнуна сайылды. Күрөң ат кош аяктап тура калды да, аянычтуу азынап, кайта күп эте капталына кулап түштү. Бир көзү сокур каракчы камгактай учту. Кыраан куштай болгон жигит бир паста жетип, андай-мындай дегиче, ачып көздү жумгуча анын башын кыйа чаап өттү. Капталынан кулап түшкөн күрөң ат төрт туягын тыбыратты да, андан соң былк этпей калды. Жаныбар өлүп калды окшойт. Каракчылардын өлбөй калгандары өң-алеттен кетип, калың камышты карай качып жөнөй беришти. Аларды артынан кууган жок. Жигиттердин, бийлердин бири да өлбөдү, айтылуу жайчы да, айтылуу саяпкер да, айтылуу саятчы да өлбөдү, эч ким жарадар болбоду. Шыбакбай-арстан көктү карап, кудуреттүү Көкө теңирге жалбарып, ыраазы болгонун билдирди. Ырымчыл эле. Ошондон улам бул жеңишти жакшылыктын жышааны деп, өзүнчө ичинен кубанып, жакшылыкка жоруп койду. Оозуна сала бергендей болуп, мындан аркы жолунда кыйынчылыктарга учурабай, тоскоолдуктарга кабылбай, кайрадан каракчыларга туш болушпай жүрүп отурушту. Айтор, ошондонбу, жолу шыдыр болуп, бир аптадан кийин Таң каганатынын байтагына аман жетишти. Үй түгүндөй көп ханзулардын аттуу-баштуулары алыскы Эне Сайдагы кыргыз каганатынан келишкен булардын мындан он жылдай мурда ордосу ойрон болгон Чыгыш түрк каганатынын аман калган таркандары, тутуктары, баатырлары менен карсылдашып кармашкан, чартылдашып чабышкан айкаштарда көрсөтүшкөн эрдиктерин баалаштыбы же өздөрүнчө боор толгоштубу, айтор, сыртын салышпай, баарын жылуу-жумшак, жаркын маанайда кабыл алышты.

* * *

Өтө кылдаттык, өтө чебердик менен тартылып, нак алтын түс боёк менен боёлгон ажыдаардын, нак күмүш түс боёк менен боёлгон эки баштуу айдагардын сөөлөкөтү түшүрүлгөн чоктой кызыл дарбазанын эки жагында жаракчан жоокерлер. Булар сакчылар. Мына ушул кызыл дарбаза ачылып, ичкери жактагы кең аянтта салынган ак сарай көрүндү. Ажайып кооз экен. Мындай керемет ак сарай көчүп-конуп жашаган көчмөн уруулардын, көчмөн элдердин ордосунда жок. Ошондон улам тоолук элчилер бир чети суктана, бир чети таңдана караршты. Бирок бартылдап сүйлөшкөн да, карс-карс күлүшкөн да жок. Адебин бек сакташты. Бардыгы тектүүлөрдүн тукумдарынан да. Нарктуулугун көрсөтүштү. Сынай карап турушкандар ушуну байкашты. Абдан чебердик менен оймо-чиймелер түшүрүлүп, түркүн түстөгү боёктор менен боёлуп, сырткы көрүнүшү ажайып кооз көрүнгөн ак сарайдын ич жагындагы алыстан ат арытып, узак жолдун азабын тартып келишкен элчилердин, кербендердин, кечилдердин, олуялардын, аалымдардын, жайчылардын эле эмес, шооратЫ дүнүйга жеткен кагандардын, даңкы дабан ашкан хандардын, көйкашка элтеберлердин, көйкашка кол башчылардын да колдорунун жоосун алып, суктандыра караткан, эки баштуу ажыдаардын, оп тарткан айдагардын сүрөттөрү коркунучтуулай сезилип, кандайдыр бир ойго чырмалткан кенен, жарык бөлмөдө тамак-аштын дүр-дүйүмү жайнап, ар кыл суусундук, ар кыл шарап-шербет куюлган алтын, күмүш чөйчөктөр, кооз идиштер коюлуптур. Төрдө күч-кубаты Сары дайрадай ташкындаган каганаттын даңазалуу каганы олтуруп, анын оң жагында мартабалуу төбөлдөр, барктуу кол башчылар, сол жагынан Кыргыз каганатынын каганы, бийлери, жигиттери орун алышты. Сылык-сыпаа сүйлөшүп, жайнаган тамак-аштан ооз тийишти. Баардыгы даамдуу. Тим эле тилиң тишиңе тарткандай. Ханзулардын ары акылдуу, ары жылдыздуу каганынын ашпозчулары тамак-ашты даярдоонун устаттары экени. Таң Тайзуң каган жылдызын жандырып, байистүү сүйлөп, акырын күлүп, абдан кубанып турганын билдиргенден кийин эле, Шыбакбай-арстан ордунан акырын туруп:

– Улуу урматтуу каган! – деди коңур үнүн көтөрүңкү чыгарып. – Биз чокуларына ак булуттар түнөгөн, аркайган аскаларынан улар учкан, зоокаларынан кайберен секирген тоолордун арасынан, кудуреттүү теңир улук, күн улук, төбөсү ачык көк улук, төшү түктүү жер улук, жарык улук, от улук, ордо күткөн журт улук дешкен кыргыздардын ата журтунан келип, минтип улуу урматтуу каган, сиз менен көрүшүп, кадыр-барктуу төрөлөрүңүз менен, арстандай айбаттуу кол башчыларыңыз менен көрүшүп атканыбызга, жолугушуп олтурганыбызга, даам сызып жатканыбызга жүрөгүбүз толкуп, чын көңүлдөн кубанычтабыз. Кучак жайып тосуп алганыңызга, жүрөктү жылыткан кеп айтканыңызга, сый-урмат көрсөтүп атканыңызга миң мертебе ыраазыбыз.

Таң Тайзуң каган күлүмсүрөп, ордунан козголуп койбой, кыргыз кагандын ширелүү кебин чын пейили менен угуп олтурду. Мартабалуу төрөлөр да, көйкашка кол башчылар да ошентишти. Шыбакбай-арстан дагы байистүү сүйлөп, дагы алардын көөнүн эритти да, андан соң ак куржундун оң көзүн ачып, аттуу-баштууларды кыдырата карабай, далайды көргөндүк, далайды билгендик кылып, кундуз тонду секин гана алып, кайрадан куюлуштура, кынаштыра кеп айтып, шоораты далайга жеткен, сынагандай күлмүңдөп караган кагандын бүтүгөй көзүнө жоодурай тиктеп, үстүнө кош колдоп жапты. Көздүн жоосун алган кундуз тон каганга куп жарашып калды. Көркүнө көрк кошту. Мартабалуу төбөлдөр, балбан билек, таш жүрөк кол башчылар суктана карап калышты, атурсун: – Пай-па-ай! Кандай сонун тон! – дешти. Даңкы таш жарган кагандын жүрөгү ого бетер жылып, кымбат баалуу тартууга ыраазы болгондой түрү бар.  Акырын сүйлөп, акырын күлүп койду. Буга чейин далай хандарды, далай элтеберлерди, далай кагандарды кабыл алып, алар менен сүйлөшүп, кимдин кандай экенин баамдап билгенге маш болуп калган да. Шыбакбай-арстан кайрадан байистүү сүйлөп, баарынын дүргөйүн өзүнө буруп, ак куржундун экинчи көзүнөн атайын уютулган чылк алтынды, нак алтындан аземделип жасалган багышты, бүркүттү жана көз тайгылткан суусардын, киш

тин, тыйын чычкандын, кундуздун , сүлөөсүндүн терисин алып чыкты эле, төбөлдөр менен кол башчылардын көздөрү жайнады. Таң Тайзуң каган уютулган алтынды, алтын багышты, алтын бүркүттү карады. Колунан көөрү төгүлгөн уста абдан чебердик менен жасаптыр. Эч жеринен кынтык табалган жок. Мындай кооз, мындай кымбат тартууну башта келип кеткендердин бири да тартуулаган эмес. Кыргыз каганга чын ыкласынан ыраазы болгону ушундан го. Буларды өзү алып, калган аң терини тигилерге тартуулады. Алар ыраазычылыгын билдиришип, эки каганды макташты. Ак маралдай керилген, кундуз чачы чубалган, кыргый мүчө, кыз кыял, кымча бели кыналган, айдай бети ажарданган, торгой үндүү, бал тилдүү келиндер адебин бек сакташып, шыңкылдап күлүшпөй, шакылдап сүйлөшпөй, бото көзүн жоодуратып, жаркылдап тейлеп жүрүштү. Шыбакбай-арстан кайрадан олтурду. Бийлердин көңүлү көтөрүлүп, жүзүнөн күлкүнүн нуру чачырай берди. Мындай урмат-сыйды көргөн, саяпкердин, саятчынын ичи жылып, кыялы чабыттагандай... Теректей шыңкыйган, жылдызы ысык, ырыска шерик жигит жолдо келатып, эр кагандын күлүк атты неге жетелетип албады экен, төөгө жүктү неге жүктөтүп албады экен деп ойлогонун эсине түшүрүп, өзүнчө кызара түшкөндөй болду. Бирок анысын билдирбей, башын ылдый кылып, алаканы менен жаагын таянып койду. Көрсө, эр каган акылдуулук кылган тура. Ичинен эр каганды алкап жиберди. Кайрадан эки каган сүйлөшө баштады. Ошондон улам, кептен кеп чыгып, сөз уланды кайрадан. Жылдыздуу жигиттердин, барктуу бийлердин, саяпкердин, саятчынын, жайчынын көңүлү чалкып, жүрөгү толкуду. Анткен менен анысын билдиришпей, бирде даңазалуу кагандын, бирде мартабалуу төбөлдөрдүн, бирде көйкашка кол башчылардын соболдоруна кыска, нуска жооп беришип, сөздүн удулуна жараша кынаштыра кеп айтышып, ыңгайы келе калганда аларды күлдүрүп, ары түптүү, ары уйуткулуу журттун эр урпактары экенин көрсөтүшкөндөй болушту. Жакшы кеп жандын азыгы да.

Ошонун эртеси дүпүйгөн дарактардын арасындагы ажайыпканага сыйлуу коноктордү алып барышып, темир тордун

ичинде багылган арстандарды, жолборсторду, кабыландарды, карышкырларды, чөөлөрдү, аюуларды, маймылдарды, эликтерди жана бейиш куштарды, каркыра-турналарды, бүркүттөрдү, бир казандарды, кузгундарды, тоту куштарды көрсөтүштү. Булардан башка да керктер, акыралар, бөрсөлөр[1], пилдер, жейрендер, куландар, чекир жыландар, айдагарлар, эчки эмерлер бар экен. Бардыгы темир торлордо, сыртка чыгалышпайт. Баккан кишилер жүрүшөт. Алар көчмөндөрдүн жеринен келген, ак сакалы жайкалган, акылдын түбүн байкаган каганды, жолборс моюн, жоон билек бийлерди, көптү көргөн, көптү билген, дили таза, ниети ак саяпкерди, саятчыны, жайчыны, кең көкүрөк, жайык төш, көзүндө оту бар, көкүрөгүндө куту бар жигиттерди алдыртан карап коюшту да, өздөрүнчө сүйлөшө беришти. Шыбакбай-арстан айбанаттарды, канаттууларды бактырып жаткан Таң Тайзуң каганга тан берди. Казынасында сан байлыгы мол, абдан мол да. Эгерде андай болбосо, буларды бактыра алмак эмес. Мындай көрүнүштү башка хандардын, башка элтеберлердин ордосунан көрө элек. Айтор, ошондонбу, өзүнчө ойго чырмала түштү да, кайта эле эбелектей жеңил ойдон арылгандай, жайкалган сакалын сыламыш болду. Жанында төбөлдөр. А бийлер менен жигиттердин, саяпкердин, саятчынын, жайчынын жанында даңазалуу кол башчылар.

* * *

Эбегейсиз зор каганаттын байтагында дагы бир күн өттү. Таң Тайзуң каган башка жактан келген элчилерди кабыл алгандыктан, түшкү сый тамактан кийин мартабалуу төбөлдөр менен көйкашка кол башчылар Кыргыз каганатынан келишкен өкүлдөрдү шаардын четиндеги туругдарга[2] алып барышып, аларга ошердеги жоокерлерди көрсөтүштү. Жөө черүү, атчан черүү бар экен. Алар өз-өзүнчө туругдарга жайгаштырылыптыр. Бардыгы ирееттүү, бардыгы таптаза. Бул тартип катуудай. Жоокерлердин арасында жайчы да, төлгөчү да, та

[1] Беректер – носорогдор, акыралар – жирафтар, бөрсөлөр – кенгурулар.
[2] Туругдар – чериктердин бөлүктөрү турган лагерлер.

быш да, уста да бар экен. Мустапа жоокерлер атайын жайдан орун алышыптыр. Баарынын жоо-жарагы шайма-шай. Кайсы убак болсо да, кайсы мезгил болсо да, эч моюн толгошпой, эч күңк-мыңк этишпей, жоо жарагын алышып, дароо кете беришчүдөй. Шондуктан башкы кол башчынын барман берүүсүн гана күтүп турушкандай. Мартабалуу төбөлдөр, кол башчылар мындай кошуундардын башка аймактарда, башка шаарларда бар экенин, ал эми кагандын кешигдени[1] алтын сарайдын ары жагында турарын айтышты. Шыбакбай-арстан булардын муну кандай максатта айтышканын, муну кандай максатта көрсөтүшкөнүн туйгандай болду, шондон улам: «Төбөдө көгөргөн асман, алдыда төшү түктүү жер. Атак-даңкың узун элдин учуна, кыска элдин кыйырына жетип, мал-мүлкүң мол болсо да, баары бир төбөң көк асманга жетпейт. Ошондуктан бу жарык дүйнөдө көппөй, кесирлик, текебердик, канкордук кылбай, Күн теңирине, Жер теңирине сыйынып, батасы менен байыткан бабалардын, акылдын түбүн байкаган аталардын керээзин аткарып, түбү бирге уруулардын биримдигин бекемдеп, жамандыктан алыс, жакшылыктын жакыны болуп турса, адилдиктен, калыстыктан тайбаса, эр өмүрүн эл өмүрүнө кошуп, айкөлдүктүн күйгөн шамы болсо – дөөлөт, бак, ырыс өзү келет, кутман жерге кут түшөт эмеспи. А пейили бузук, ниети кара, ичи тар, ачкөз болуп, баатыр бабалардын жоокердик салтын бузса, акылгөй аталардын керээзин аткарбаса, Теңирдин каргышына калгандар, кыянатчылар менен табакташ болсо, биримдик ыдырап сөгүлүп, дөөлөт, бак, ырыс качып, кутман жерден кут кетип, береке кетип, төбөсүнөн жоо басат да. Көбөй каганга окшогондор кан күсөгөн бөрүлөрдөй азууларын көрсөтүшө ыркырашып, мына ушуну этибар албай жатышат, чектен тыш адырандай берүүнүн акыры шорго айланарын билбей жатышат. Эрдиги бар, эси жоктор менен ымаланы ысытышып, жортуулчу болуп кетишти. Бизге алардын көзү түз эмес, биздин өзүбүзчө журт болуп, ордобузга кут түшүп, байлыгыбызга байлык кошулуп,

[1] Кешигдени – кагандын өздүк гвардиясы.

дөөлөтүбүздүн артып бараткaнын көрө албай жатышат. Теңирдин тепсендисинде калгырлар ай! Ханзулардын кадырбарктуу төбөлдөрү, айжаңжуңдары ушуну билип калышкан окшойт. Ой, булардын билбегени жок. Көчмөндөрдүн талаасында, көчмөндөрдүн тоосунда кыбыр эткендин баарынан кабардар болуп турушат. Эгерде тигилер тигинтишпегенде, мен карып калган чагымда, төрүмдөн көрүм жакын калган кезде бул жакка кара жанымды кыйнап келбейт элем, элчилеримди эле жиберип коёт элем»,– деп ойлоду. Бирок, мына ушинтип ичинен арман кыла ойлогонун мартабалуу төбөлдөргө билдирген жок. Алтын сарайга күн уясына кылкылдап батып, чымчыктар чыркылдашпай түнөктөрүнө конушканда, ар кайсы жерде от күйүп, шам күйүп, асмандын кызылы өчүп, жыбырап жылдыз толо баштаганда кайтып келатышып, абдан кооз салынган бутканаларды, аерде курмандык чалышып, сыйынып жатышкандарды, кечилдерди көрүштү. Бул алардын ыйык туткан жайлары да. Ошондуктан бийлер, саяпкер, жайчы, саятчы менен жигиттер таң калышпады. Алтын сарайда дагы сыйлуу конок болушуп, дагы урмат көрүшүп, дагы атайын жайда жыргап жатышты. Шыбакбай-арстан ой бешинин терметип, тараза жылдыз батаарына, таң кылайып атаарына аз калганда гана чырым этти. Анткен менен кадимкидей сергек турду да, бак аралап басып, муздак сууга колун жууп, жүзүн чайкады. Шаңкайган асманды карап, Күн теңирине сыйынып койду. Мартабалуу төбөлдөр, барктуу кол башчылар кыргыздардын каганы куш өмүрдүн кыйла белесин ашып калса да, дале күүлүү экенин, жүзүндө сүрү, көзүндө оту, көкүрөгүндө куту бар экенин, акылга байлыгын, убадага бектигин, эки сүйлөбөсүн, коңур чечендей кепти куюлуштуруп айтаарын, абдан таасирдүү сүйлөөрүн билишип, ичтеринен ага тан беришти. Жайдары ырайлашты. Даңазалуу каган Тан Тайзуң да ушуну сезип, жүрөгү жылып, кайрадан сый тамак берилип жаткан маалда бартылдап сүйлөп, карс-карс күлүп, чын пейилинен жарылгандай:

– Күчү, кубаты Сары дайрадай ташкындаган түрк кагандары менен салгылашууда эне-сайлык кыргыздардын

көрсөткөн эрдиктерин эске албай коюуга болбойт, баалабай коюга болбойт. Эр жүрөктөр да. Булардын журт башчысы төрүбүздө конок болуп олтурат. Биз буларды абдан сыйлоого акылуубуз,– деди аттуу-баштууларды карап. Алар кагандын бул айтканын эп көрүшүп, баштарын ийкегилешти. Таң Тайзуң ак дилинен чечиле Шыбакбай-арстанды алкагандай болду. Көңүлү көтөрүлүп, жүрөгү көлдөй толкуп турганда гана ушинте турган. Муну төбөлдөр менен кол башчылар билишет. Асылды асыл гана баалайт эмеспи.

– Бу силер, кыргыздар, чокулары асман мелжиген тоолордун койнунда жашайсыңар. Ичкениңер туйлап аккан тунук суу, жутканыңар таза аба, мингениңер күлүк ат, жегениңер топодактын, кыргоолдун, каракурдун эти, жылкынын эти, койдун эти,– деди барктуу кол башчылардын бири Таң Тайзуң кагандын кебин коштоп. – Кантсе да жоокер элдин кулундарысыңар. Жоо-жарагыңар мыкты.

– Бул көйкашка кол башчы туура айтат,– деп мартабалуу төбөлдөрдүн бири анын айтканын кубаттады. – Жоолашкан жоонун сырын билесиңер. А бирок ата-бабаңардын жоокердик салтын биринчилерден болуп бузбайсыңар. Байыртан бери эл теги бирге журттардын төбө бийи кыргыздар болгону ырас, жана да тектеш уруулардын эң көөнөсү болгону ырас, насили бирге журттардын ичинен алтын такта биринчи болуп олтурганы, алтын таажыны биринчи болуп кийгени ырас. Ушундан улам бардыгы Кыргыз Атанын урпактары делет. Силер буга сыймыктанышыңар керек.

Мартабалуу төбөлдөр кубатташкандай болушту. Ары таамай, ары таасын айтылган бул кеп Шыбакбай-арстандын эле эмес, бийлер менен жигиттердин да, саяпкердин, саятчынын, найчынын да жүрөгүнө канат байлатты. Тигилер ушуну туюшту. Астайдил, чын жүрөктөн айтылган жылуу сөзгө Шыбакбай-арстан байистүү сүйлөп, ыраазылыгын билдирди да, кеп ылайы келип тургандыктан, даңазалуу каган менен мартабалуу төбөлдөрдү, барктуу кол башчыларды балдай таттуу сөздөр менен мактап, алардын ажатын ачып, дүргөйүн чалкытты. Ошону менен токтоп калбай, ак дилинен эки кагандын

достугу бир белди ашырса, эки элдин достугу миң белди ашырарын, уруш-талаш, чыр-чатак ырысты качырарын, ынтымак бөксөргөн ыкыбалды толтурарын айтып, ошондой эле мындан ары байланышты үзбөй, бекем алакада болуп турууга өзгөчө көңүл буруу керектигин баса көктөп өткөндөй болду. Мындай алкоону кимдер гана сүйбөйт дейсиң. Баарына майдай жаккандай. Күндөй нурдуу келиндер, айдай сулуу айымдар элпек кыймылдашып, жоодурап карашып, жаркылдаша тейлеп жүрүштү. Ошонун эртеси мартабалуу төбөлдөрдүн он бештейи, кешигдендеги мустапа жоокерлердин он бештейи шоораты далайга жеткен Таң Тайзуң кагандын урмат-сыйына бөлөнүп, барманы боюнча «сол канат коргоочу Баш сангун»[1] деген жогорку даражалуу наам берилген Шыбакбай-арстанды, баалуу белектерге ээ болушкан бийлер, саяпкер, саятчы, жайчы менен жигиттерди Таң каганатынын читине чейин ызаатташа узатып келишти да, сылык-сыпаа сүйлөшүп, алар менен коштошуп, кайра эле ордо шаарга кайтып кетишти.

* * *

Үркөрдөй толук көчмөндөр кут түшкөн ордосу өзүнчө эле жапжашыл болуп, өзүнчө эле ажайып керемет болуп көрүнгөн Көгмен тоосунун көк жайыгында жайгашкан кыргыз каганатын карай жөнөп калышты. А төөлөргө баалуу белектер, баалуу тартуулар жүктөлгөн. Төбөдө ак элечек энедей мээриминт төккөн күн. Эр каган[2] көгөргөн көктү карап, күн нуруна жүзүн тосуп, күн нурунан кубат алгандай болду да, биртикеден ки-йин: – О, Күн теңири! Өзүң жалгай көр! Жолубузду шыдыр, сапарыбызды байсалдуу кыла көр! – деп Күн теңирине сы-йынды.

Сүлөөсүндөй керилген, сүйлөсө жанды эриткен бийлер да, айтылуу жайчы, айтылуу саятчы, айтылуу саяпкер да көгөргөн көктү карашып, күн нуруна жүздөрүн тосушуп, күн нурунан кубат алгандай болушту. Анан: – О, Күн теңири! Өзүң жалгай

[1] Баш сангун – ага генерал деген мааниде.

[2] Шоораты далайга жеткен Шыбакбай-арстан кагандын качан, кайсы жерде өлгөнү белгисиз.

көр! Жолубузду шыдыр, сапарыбызды байсалдуу кыла көр! – деп Күн теңирине сыйынышты.

Жалындан жалтанбаган жигиттер да, куду ушинтип, Күн теңирине сыйынышты. Күн теңири колдоп, алар көп күн, көп түн жол жүргөндөн кийин өздөрүнүн каганатына аман-эсен жетишти…

* * *

Асан кайгынын уулу жапжаш болуп турса да, турмуштун ысыгына күйүп, суугуна тоңуп, жалган дүйнөнүн ак-карасын ажырата билип, биротоло бышып калган, баралына толуп калган мырзадай болуп, өзүн токтоо кармап, айтылуу коңур чечендин таалимин, айтылуу саяпкердин өрнөгүн, олуядай болгон атасынын ибаратын алганын, куйма кулак экенин көрсөтүп, Эне-Сайдагы кыргыз каганатынын айкөл каганы Шыбакбай-арстан[1] тууралуу билгенин айтып бүткөндөй үн катпай калды. Анткен менен кадимкидей жеңилдене, кадимкидей чыйрала, кадимкидей шердене түшкөндөй болду. Эр кагандын арбагы, барктуу бийлердин арбактары колдоп кеткендей жүзү нурданды. Жаныбек хан этибар албай, кайрадан сынагандай тиктеди да, андан соң: – Эй, чычым! Бул баянды кимден уктуң эле? – деп сурады.

– Өкүмдар! Мен муну адегенде атамдан, анан Жээренче чеченден уккам. Жана да Толубай сынчыдан эшиткем,– деп Төлөнмырза ханды теше тиктебеди.

– Миң чиркелген, куйрук улаш кеткен Улуу Тоо менен учу-кыйыры көрүнбөгөн Улуу Талааны байыртан бери байырлап, кышында кыштоодо кыштаган, жазында жаздоого, жайында жайлоого, күзүндө күздөөгө көчкөн уруулардын арасында атынын кашкасындай таанымал Асан кайгынын, Жээренче чечендин, Толубай сынчынын ушундай айкөл каган жөнүндө, ушундай көйкашка шер жөнүндө, ушундай эр жүрөк баатыр жөнүндө аңыз кепти билгени ырас. Бирок ордо олуясы, ордо

[1] Шоораты далайга жеткен Шыбакбай-арстан кагандын эрдиктерин [illegible] билермандар ханга башкача айтышкан.

чечени, ордо саяпкери болбой, калдайган калың караламандардын таламын талашып, алардын ырын ырдап калганын, сөзүн сүйлөп калганын... Булардын менин көзүм болбой, менин кулагым болбой калганын... Ай, наалатылар ай!» – деди Жаныбек хан ичинен жини келип. Кыйладан кийин: «Асан кайгынын уулу ит көйнөгүн мойнуна иле түшкөн болсо керек, аруу тонун жонуна кие түшкөн болсо керек. Ошондой болгону үчүн жаңыдан гана балтыр эти толуп келатканыны, жаңыдан гана боконосу бекий баштаганына карабай, дегеле көзү өткүр, сөзү курч да. Андай болбосо, муун-жүнү бош болот эле, кепти куюлуштура, кынаштыра айта албайт эле. Эми атасынын, айтылуу чечендин, айтылуу саяпкердин жолуна түшүп кетпесе экен, ордодогуларга жакын болуп, менин камчымды чапкан мырзалар менен ынак болуп жүрсө экен», – деп ойлоду. Төлөнмырза ушуну туйбады бейм: – Өкүмдар! Ары акылдуу, ары кайраттуу Шыбакбай-арстан тууралуу баянды уктуңуз. Муну башкадан эмес, эмне үчүн менден сурадыңыз? – деп эми ыңгайы келип калгандан улам сурады.

– Менин төбөлдөрүмдүн бири муну саал-паал башкачараак айтып берген эле. Ошондон улам өзүңдөн гана угайын деген элем. – Жаныбек хан дагы карап койду.

– Каны бөлөк, пейили бузук болсо, айкөл каганды мактап айтпай, пас кылып айткандыр да.

– Ай, жубарымбек ай! – Жаныбек хан башын чайкап күлдү.

Төлөнмырза кежигесин кашылап, мурдун шуу тартып күлбөдү.

– Ай, жубарымбек ай! – деди Жаныбек кайрадан. – Бу сен көптү көргөн, көптү билген чоң атадай болуп сүйлөйсүң да.

– Өкүмдар! Кудай мага оюндагысын тартынбай айтсын деп тил берген да.

– Мунуң туура. Бирок, бутунан мүдүрүлгөн турат, тилинен мүдүрүлгөн турбайт экенин да билип койгун. Андыктан ашкере тапандана бербей, абайла.

– Болуптур, өкүмдар, болуптур! – Төлөнмырза хандын кабагы бүркөлө түшкөнүн байкап, чучугуна жеткире кеп айтпай, башын ийкемиш болду.

* * *

Обозгер өзүнө окшогон шайкелең шериктери менен келип, Жаныбек хандын кулагына шыбырады эле, ал карс-карс күлдү да: – Ырас кылыпсың. Азаматсың,– деп анын далысынан таптап койду. Төлөнмырза текебердүү обозгерди карабады. Шайкелең шериктери купшуң-купшуң этишип күлүштү да, Асан кайгынын уулун жактырышпагандай болушуп, ары карай күкүңкүл сүйлөшүп жөнөштү. Обозгер кекээрдүү сүйлөй тургап болду эле, Жаныбек хан акырайып карады. Ошондон улам ал унчукпай калды. Бирок кыйпычыктай берди. Жаныбек хан көзүндө оту бар, жүрөгүндө жалы бар, көкүрөгүндө куту бар Төлөнмырзанын далысынан таптап койду. Жан-жөкөрлөрдүн айрымдары кошомат кылышкандай жагымдуу сүйлөшүп, купшуңдап күлүштү, айрымдары антишкен жок, анткен менен жактырышпагандай сыртын салышты. Обозгер туталанып, анткор жөтөлдү. Төлөнмырза салкын кандуулук кылып, аларды карабады, үн катпады. Бир пастан кийин обозгер таруу бозону көп ичип, итапкан кызымтал болуп калган немедей карт-карт кекирип, күп-күп эте күпүлдөдү эле, Төлөнмырза кыртышы сүйбөй, кабагын чытып, эч коркпой:

– Ай, баатыр ай! – деди акырын. – Бу сен төөдөй күчүң болгону менен, а эсиң жоктой экен. Ошондон улам күп-күп эте күпүлдөп жатасың да.

– Жаштайыңда жайрап калгыр ай! Ийменип калбай айтканын. – Обозгердин итатайы тутулуп, көзүнөн чаары чыкты. – Ушу сени эмне кылсам?!

Нөкөрлөрдүн бир тобу буурадай буркулдаган обозгерди карабай: «Асан кайгынын уулу кер ооз окшойт. Эми кер оозлугунун азабын тартат го»,– дешти ичтеринен, бир тобу түрпөйүшүп күңк-мыңк этишти. Дагы бир тобу кайдыгерлик кылып үн катышкан жок. Эмнегедир күлүк ойго жетеленген Жаныбек хан да каарына алгандай кабагын бүркөбөдү, батыл сүйлөп, обозгердин жанын кашайткан Төлөнмырзаны кагып да, жемелеп да койбоду. Кайта дагы эмне дээр экен дегендей карап карады. Ал ханды тике карабай, кайрадан кумсарып обозгерге: – Бу сен Шыбакбай-арстан кагандын, Барс-бек

кагандын адилдигин, калыстыгын, айкөлдүгүн, эрдигин билбейсиң да. Аттиң, бу сен кабыландай кайраттуу Күлүчордой, ач арстандай чамынган Тексин-иналдай, сүлөөсүндөй керилген, сүйлөсө жанды эриткен Эрен-Улугдай, караңгыда жол тапкан, капилеттен сөз тапкан Эзгене-ичергидей[1] болуп калганыңда эмне? Ой, андай болуп калганында, минтип күпүлдөбөйт элең, салкын кандуулук кылып, таасын сүйлөп, колунда бийлиги бар, байлыгы бар хандын кулагынын курчун кандырат элең. Анан да ээк астында элди ойлоого, жумурай журттун камын көрүүгө түртүп турмаксың.

«Ой, өрт о-о-ой! Асан кайгынын жалгыз уулунун беделдүү бектей, акылдуу кеңешчидей, өткүр жүз башчыдай канаттуу кепти айтып турганын! Эмитен эле ушинтип ары таасын, ары таамай сүйлосө, кийинчерээк баралына толгондо олуядай болгон атасынан да ашып түшөт го, айтылуу Жээренче чеченден ашып өтөт го!» – деди Жаныбек хан ичинен Төлөнмырзага тан берип. Айтор, ошондонбу, эч ачууланбады. Салабаттуу көрүнгөн тогуз канат ак өргөөдөн кундуз чачы чубалып, маралдай бурала басып чыкты кыз-келиндер. Кыргый мүчө, кыпча бел кыздардын айдай бети ажарданып, келиндердин күндөй бети нурданып, ашкан сулуу экенин билдирип тургандай... Ыйба кылышып, топтолуп турушкандарды тирмийип тике карап калышпай, өздөрүнчө майин сүйлөшүп, майин күлүшүп, бадалдуу өзөндүү карай суйсала басып жөнөштү. Нөкөрлөр сулууларды карап калышты. Улуу Тоо менен Улуу Талаада көчүп-конуп күн өткөрүп келатышкан өзөктөш, уйалаш, канатташ урууларлын баарына аттын кашкасындай белгилүү Асан кайгынын көзү курч, сөзү курч уулунан жүлүнүн

---

[1] Барс-бек VII–VIII кылымдардагы Кыргыз каганатынын эр каганы болгон. Кабыландай кайраттуу, арстандай айбаттуу Тексин-инал, Күлүчор, Эзгене-ичерги, Эрен-Улуг даңкы узун элдин учуна, кыска элдин кыйырына белгилүү болгон Барс-бек кагандын көйкашка кол башчылары эле. Бул шерлер киндиктеш уруулардын биримдигин бекемдешип, ары акылдуу, ары айкөл, ары адил Барс-бек кагандын өйдөдө өбөгү, ылдыйда жөлөгү болушуп, Кыргыз каганатынын күч-кубатынын дайрадай ташкындашын бараандуу салымын кошушкан.

тийген кеп угуп, ушуга туталанып турган обозгер аларды карай албады. Эгерде ачуу менен ызага буулбаса, көңүлү курсант болуп турса, айдай сулуу кыздар менен күндөй нурдуу келиндерди карап, мыйыгынан күлүмсүрөп коймок. Казыр ошенте албай куйкайсы курушту. Нөкөрлөр туймаксан болушту. Биртикеден кийин обозгер: – Эй, тапанданган макоо! – деп шайтаны мойнуна мингендей зиркилдеди. – Мактап айткандарың кимдер эле?

– Айдагардай айбаттуу, кабыландай кайраттуу Барс-бек кагандын көкөлөп учарына канат болгон кол башчылары, ишенген шерлери куду ушулар болгон экен,– деди Төлөнмырза тайсалбастан тике карап.

– Кадимки тай качырбас боз айгырдай болгон Барс-бек кагандынбы?

– Ие, мына ошол эр кагандын!

– Миң мактасаң да, миң даңктасаң да аларың биздин улуу урматтуу ханыбызга жетпейт да. Аларың сенин кандаштарың эмес да.

– Жаңылышасың, обозгер, жаңылышасың! Эрен-Улуг, Эзгене-ичерги, Тексин-инал, Күлүчор менин даңкы таш жарган баатыр бабаларым болот.

– Жаныңды жебей эле, жөн өлсөңчү, жубарымбек! – Обозгер кайрадан жинденгендей зиркилдеди.

– Мен жанымды жебей эле, кашкайган чындыкты айттым. Ачуу чындык сага окшогондорго жакпайт. Менин күрөө тамырымда жүгүргөн канымда куду ушул баатыр бабаларымдын каны бар!

– Чеченсинген жубарымбек! Мен азыр сенин тилиңди кесип таштасам окшойт. Биротоло сүйлөбөй каласың.

– Баш кесмек бар, тил кесмек жок. Ошондуктан жүрөгүм согуп турганда, мен Шыбакбай-арстан каганды, Барс-бек каганды мактайм эле, даңктайм эле! Алты саным аман, дени-карыдым соо болуп турганда, мен кабыландай кайраттуу, арстандай айбаттуу Эрен-Улугду, Күлүчорду, Эзгене-ичергини, Тексин-иналды мактайм эле, даңктайм эле!

– Мактабай өл, даңктабай өл! – Обозгер кайрадан заар тилин агытты.

– Бу сен мага өлүм каалагандан көрө, өзүңдүн өмүрүңдү тилесең боло.

– Тарт тилиңди, күчүк!

– Тартпайм тилимди. Кудайым тилди сүйлөсүн деп берген. Мен деген кокту-колоттон чыккан, жоодон качпаган, жондон түшкөн жортуулчулардан коркпогон Эзгене-ичергинин, Тексин-иналдын, Күлүчордун, Эрен-Улугдун урпагы болом! Урпактар эч качан, эч убакта өздөрүнүн баатырларын унутпашы керек. Ие, алардын эрдигине дайыма таазим этиши керек!

Обозгердин жаны кашайып, көзүнөн чаары чыкты. Бирок алды-артын ойлоп, эч тартынбастан, эч жалтанбастан теше тиктеп, батыл сүйлөгөн Төлөнмырзаны камчы менен башка чаап, жанын көзүнө көрсөтпөдү. Нөкөрлөрдүн каны шакардай кайнады. «Алгыла! Тепкилегиле! Башын жарып, көзүн ойгула! Ичегисин чубалтып таштагыла!» деген бармандын берилишин гана күтүп турушту. Эмнегедир андай барман берилбеди. Асан кайгынын эмес, а бечаранын уулу болуп калганда эмне? Ой, анда буларга кудай берип коймок! Алам заматта ач бөрүлөрдөй чап салышып, алам заматта башка-көзгө муштагылап, ичке тепкилеп, алам заматта жанчып урушмак. Ошондой болбогонун…

– Эй, кан кузуп өлгүр! – деди обозгер ызырынып. – Бу сен капкайдагы Күлүчордун, Тексин-иналдын, Эзгене-ичергинин, Эрен-Улугдун урпагы болсоң, мен деген даңазалуу Судибандын[1] кадыр-барктуу жээндеринен боломун! Чоң энелеримдин

---

[1] Судибан /Судифан/ – уй түгүндөй көп ханзунун черүү башчыларынын бири болгон. Ал эми асыл бөрү Келү хан б.з. 653-жылы Батыш түрк каганатынын көп аймагын басып алган да, алтын такка олтуруп, он ок элинде бийлик жүргүзө баштаган. Өзүнүн ыба караган бектерин, ишенген бийлерин ошол аймактарга коюп, мына ушулар аркылуу жергиликтүү урууларды башкарып турган. Баш ийген уруулардын арасынан төрт тамгалуу бай күчүк, бычман, козугуна, бөрү деген төрт уруктуу азык, күн тамгалуу, кой уруктуу кушчу уруусунун эрендери, берендери ары чыгаан, ары көйка[illegible]

бири өлүмдөн кайра тартпаган, өрттөн кайра качпаган, эр жүрөк Судибан кол башчынын карындашы болгон экен.

– Келү хандын азар түмөн черүүсүн амалкөйлүк менен талкалаган Судибан баатырдынбы?

– Ие, куду ошол Судибан баатырдын. – Обозгер мактангандай кекирейди. Бирок биртикеден кийин: – Эй, шүмшүк! Бу сен Келү хандын черүүсүн Судибан кол башчынын талкалаганын кайдан билесиң? – деп сурады.

– Бул тууралуу кептин жаагын айрыган Жээренче чечен менен айтылуу Толубай саяпкер айтып берген.

---

болгон. Бул эки уруунун жоокерлери да эр жүрөк, эр көкүрөк болушкан. Асыл бөрү Келү хан буларга башындагы бөркүндөй эле ишенип, боор толгон, башкаларга караганда аларды бооруна көбүрөөк тарткан. Эзелки душмандын айлакердигин, амалкөйлүгүн анчалык таназар албаган. Жоокерлеринин, баатырларынын көптүгүнө ишенгендей болгон. Айтор, ошондонбу, Улуу Тоо менен Улуу Талаада, Эдил, Жайык, Тын, Туурла дайраларынын бойлорунда көчүп-конуп жашаган кандаш, тектеш уруулардын шерлерин, бектерин, бийлерин, баатырларын бооруна тартууну, алар менен ымалада болууну ойлоп койбогон. Атчан кошуундарына караганда жер жайнаган жөө черүүсү көп Таң каганаты Чыгыш түрк каганатын жоготкондон кийин эле, 630-жылдан тартып, Батыш түрк каганатынын таш-талканын чыгарууга тымызын даярдык көрүүгө батыл киришкен. Муну асыл бөрү Келү хан этибар албаган. Кан төгүлгөн казатта кырчылдаша кармашуунун сырын жакшы билген Судибандын черүүсү 654-жылы карулуктардын кошуундары менен салгылашып, ушул айыгышкан айкашта жеңишке жетишкен. Ушуга каниет кылбай, ошол жылы эле Судибан баатыр кошуундарын баштап, Жети-Сууну көздөй жөнөгөн. Асыл бөрү Келү хан өзүнө баш ийген он ок элинин кол башчылары, акылдуу аксакалдары, баатырлары, бийлери, бектери менен кеңешип, жүз миңдей жоокер топтоого жетишкен. Судибандын жоокерлери мыкты куралданышкан, казатка мыкты даярданышкан эле. Асыл бөрү Келү хандын черүүлөрү Судибандын мустапа жоокерлери менен айыгышып урушкан. Бирок күч тендешсиз эле. Судибандын черүүсүндө койкулардын эрендеринен, берендеринен тандалып куралган 50 миңдей черик бар эле. Бул да ханзулардын негизги күчү болгон. Шондуктан ханзулар көптүк кылышкан. Судибан айла-амалды колдонуп, бул салгылашында да жеңишке жетишкен. Абдан көп жоокер өлүп, 30 миңдейи колго түшкөн. Бул 657-жылы эле. Асыл бөрү Келү хан качып, Иле дайрасына карай тантаган. Судибан черүүлөрү менен артынан калбай кубалап жүрүп отурган. Жергиликтүү төбөлдөрдүн бири мол дүнүйөгө азгырылып, асыл бөрү Келү ханды жоонун кол башчысы Судибанга кармап берген. Ал кудуңдап өтө кубанып, асыл бөрү Келү ханды алып кеткен. Өрттөн кайра тартпаган асыл бөрү Келү хан ошол жакта өлгөн.

– Алар келжирей берет. Аларга ишенбе.

– Мен сага ишенбейм, а чеченге, саяпкерге башымдагы бөркүмдөй эле ишенем! – деди Төлөнмырза кашкайып. – Жер майышкан черүүсүнө чиренген аның баатыр болбой калсын!

– Келү хандын теги бөлөк да. Ошондуктан куйкаңды куруштурба, чекеңди тырыштырба!

– Жээренче чечен, Толубай сынчы эч качан келжиребейт, а дайыма көөндү эриткен кеп айтат. Өзүң келжирейсиң. Келү хандын теги башка эмес эле, а асыл бөрү уруусунан болот. Ушуну билбейсиң да. Эгерде билсең, тигинтип айтпайт элең.

– Асыл бөрү уруусу ак калпак кыргыздын кулундарына кайнаса каны кошулбайт да.

– Сага окшогондор гана ушундай ойлошот. А мен антип ойлобойм. Асыл бөрү уруусу ак калпак кыргыздын бир уруусу. Бу сен журт бузардай дарылдаба. Кудайдын каарына каласың.

– Тилиңе тибиртке чыккыр ай!

– Өңү сууктун, сөзү да суук. – Төлөнмырза кайрадан текебердүү обозгердин кычыгына тийди. – Эгерде койкулардын берендери, эрендери уй түгүндөй көп ханзулардын алтынына, күмүшүнө, жибегине, шайысына, асыл ташына алданып, мол дүнүйөсүнө азгырылып, баатыр бабалардын жоокердик салтын бузушпаган, тигилерге жардам беришпеген болсо, Судибан баатырдын жоокерлеринен асыл бөрү Келү хандын черүүсү жеңилип калмак эмес.

Олуядай болгон атам айткан, кызыл тилин кайраган, журт алдында сайраган Жээренче чечен айткан, даңкы дабан ашкан Толубай сынчы айткан.

– Күйүп өлгүр, терс аяк! Атаң менен чечен оюна келгенди айта берет. Саяпкер оозуна келгенди оттой берет.

– Менин атам менен коңур чечен да, айтылуу саяпкер да сөздүн сөөктөн өтүп, чучукка жетерин билет, ошондон улам эч качан жалган айтпайт.

– Ай, кер ооз ай!

Төлөнмырза үтүрөйүп, башын чайкады.

– Келжиреген жубарымбек! – деди обозгер буурадай бур

кулдап. – Кара түн түшүрүп башыңа, кара көзүңдүн жашын көлдөтсөм окшойт.

– Канкордугуңду карматсаң, ошентериң деле бышык.

– Ай, макоо, ай! Ай, шүмшүк ай! Ушу сенин алдыңдан жез тумшук чыгып, жүрөгүңдү түшүрсүн! Ушу сенин артыңдан желмогуз кууп, жаныңды чыгарсын!

– Каргышың кара башыңа, как чокуңа!

Обозгер чаары чыккан көзүнүн кирпиги жебе болсо, дароо тартып жиберчүдөй акырайып карады. Төлөнмырза мурдун шыр тартып, кежигесин кашылап: «Сага азырынча ушул эле жетиштүү болду окшойт. Мындан көп болсо, бу сен кутурган карышкырдай көзүңө кан толтуруп, дароо чап саласың»,– деди ичинен. Жаалдана карабады. Нөкөрлөрдүн бир тобу кайрадан күңк-мыңк этишти, бир тобунун куйкасы курушту, дагы бир тобу дале кайдыгердей өздөрүнчө сүйлөшүп турушту. Жаныбек хандын ойлору тумандап, дүргөйү уйгу-туйгу боло түштү. Айтор, ошондонбу, жандай көргөн обозгеринин шагын сындыргысы келбеди, биртикеден кийин каарына алгандай октом сүйлөп, жаш илбирстей чамынгансып турган Төлөнмырзаны жемелемиш болду. Жанатан бери ичи өрт менен жалын болуп, кан-сөөлү жок кумсарып турган обозгеринин мүнөзү дароо өзгөрүлө түштү. Жаныбек хан ушуну байкап, акырын башын чайкап, кытылдап кытмыр жылмайып койду. Ошонун эртеси Асан кайгынын уулунун үстүнө кымкап күрмө жаап, башына киш тебетей кийгизип, астына жорго тартуулады. Ошентип аны айылына кетирди. А бирок ошондон бир-эки ай өтүп-өтпөй эле, обозгер пейили чындап бузулуп, башына ар кандай ой келип, ошол чырмалган ойдон арыла албай, чындап ниети карарып: «Жылуу ордумду тентигенден, кейигенден, наалыгандан башканы билбеген Асан кайгынын жаш болсо да, жалындан жалтанбаган, чукугандай кеп тапкан уулуна алдырып, ордодон куулуп кетпейин. Ошондуктан макоого ор казайын»,– деп толгонду да, кошоматка тай тойгон жан-жөкөрлөргө кошулбай, алар сайран куруп жүргөндө хандын жанына барып, капкайдагыны айтып, жаш кабыландай кайраттуу, акылы жетик, дүргөйү тетик

Төлөнмырзаны абдан шыбап, абдан жамандап койду эле, Жаныбек хан ага ишенип, каарына алгандай жаалданып, атасы экөөнү ордого чакырып, бектер менен мырзалардын, жалоондой жасоолдордун көзүнчө жекирип, мыскылдап күлдү. Төлөнмырзанын жини келди. Жалоондой жасоолдор ырсактай күлүшүп, купшуңдаша сүйлөшүп калышты. Асан кайгы ичинен сызып, үн каткан жок. Мырзалар менен бектердин бир тобу Жаныбек хандын сөзүн коштоп койушту, айрымдары жактырбагандай болушту. Төлөнмырза өткүрлүк кылып, жаштык кылып, жалоондой жасоолдордон, дардайган нөкөрлөрдөн жалтанбай, кордук көрсөтүп, зынданга салдырып коёт экен деп коркпой, жылан чакпай, жылкы теппей, өзүнчө кытырланып, «Эй, Асан кайгы! Бу сен дамаамат эле тентип жүрөсүң, дамаамат эле кайгырып жүрөсүң, дамаамат эле наалып жүрөсүң. А уулуң жашабай жатып, дегеле дымактуу экен. Тил азар экен. Ошондуктан тил азардын тилинен өлөөрүн билбейт экен. Менин нөкөрлөрүмө, жасоолдорума жакшылык кылбай турган кейпи бардай. Обозгериме да жаман тилин тийгизди. Муну билбегендей жер тиктейсиң. Деги сенин ойлогонуң эмне? Деги сенин көздөгөнүң эмне? Айткың келбейт. Качан тентигениңди коёсуң? Качан кайгырганыңды коёсуң? Качан наалыганыңды коёсуң? Кер ооз уулуңду эпке келтиресиңби? Терс айак уулуңдун сазайын колуна бересиңби? Мына ошентип, бу сен уулуңду менин көзүм болууга, менин кулагым болууга көндүрөсүңбү?.. – деп атасын кекеткен касамкор зулум хандын чаары чыккан көзүнө тике карап: Өкүмдар! – деди жаалдуу. – Айтпаса жүрөктө калат, чаппаса билекте калат. Ошон үчүн капкайдагыны айтпай, төрт өлчөп кескен, ток этер сөздү бир айткан жакшы болот. Эмнеге дир антпедиңиз. Бу сизди чоң сүйлөткөн ордодогу кошоматчыларың, мобуреги жасоолдоруң, мобуреги нөкөрлөрүң, анан да казынадагы байлыгың, колуңдагы бийлигиң. Обозгериңдин котур ташы койнунда. Баарын былгытып жаткан ошонун өзү. Таксыр! Буларга чиренип, байлыгыңа чиренип, бийлигиңе чиренип, менин атамды кекетпе, мыскылдаба! Булуттун кадыры жок ай жанында, кедейдин кадыры жок бай жанында

нында. Ан сыңарындай, менин атамдын сиздин жаныңызда кадыры жок болгону менен, а жумурай журттун арасында кадыры опол тоодой эле. Мына ушуну тигилериң билишеби? Билишпейт! Жулкунбайлар да! Булут минип, муз бүркүп, сиз да өтөрсүң дүйнөдөн, илкий-силкий жөө жүрүп, атам өтөөр дүйнөдөн. Бөрк ал десе, баш алган буларың да өтөөр дүйнөдөн. Ала койду бөлө кырктырган обозгериң да өтөөр дүйнөдөн. Шондон улам ашкере адырандаба, таксыр! Хандын сарайы кылычтын мизи, камчынын күчү экенин билемин. Ошондой болсо да, мен эңкейгенге эңкейемин, челкейгенге челкейемин! Бул эрдемсингендик эмес. Бул текебер кылгандык эмес. Менин атам дүйнөнү зирек баланын, зирек боз уландын, жөн билги мырзанын көзү менен карайт, менин атам дүйнөнү акылдуу аксакалдын көзү менен, инабаттуу жакшынын көзү менен карайт. Издегени чындык, тилегени жакшылык, ойлогону жакшылык! Бала жетим калбаса экен дейт, жаш өлбөсө экен дейт, боз инген ботосунан айрылбаса экен дейт, ак куу түгөйүнөн ажырап калбаса экен дейт. Каркыра-турнанын канаты талыбаса экен дейт, арчанын бутагы сынбаса экен дейт, [illegible]ил кыйрабаса экен дейт, булак көзү бүтөлбөсө экен дейт, журтта күчүк калбаса экен дейт. Канаттуулардын уялары бузулбаса экен дейт, чыр-чатак чыкпаса экен дейт, жут болбосо экен дейт, кан төгүлбөсө экен дейт. Хан кайрымдуу, обозгер акылдуу, нөкөрлөр жүрөктүү болсо экен дейт, жасоолдор [illegible]кор болбосо экен дейт, сел жүрбөсө экен дейт, жер титиребесе экен дейт, душманга колтук ачкандар, бөтөндөргө кыш[illegible]у саткандар болбосо экен дейт. Ордодогу кошоматчыларың ушинтеби? Мобуреги жасоолдоруң ушинтеби? Мобуреги нөкөрлөрүң ушинтеби? Обозгериң ушинтеби? Эч качан аларың минтишпейт. Неге дегенде баарынын башына мындай ойдун учкуну жылт этип келбейт. Ошон үчүн алардын ойлогону жамандык да, издегени жамандык. Өкүмдар! Олуядай болгон атамды жекирбей, ушуларды жекирсең болмок. Эгер [illegible]тсең мен буларды айтмак эмесмин. Мен адилдик кылбаган, калыстык кылбаган, айтылуу чечен кадырын, айтылуу [illegible]кер кадырын, олуязаада кадырын билбеген, дөөлөтүнө

чиренген өкүмдардын көзү боло албайм, кулагы боло албайм.

Ушинтип хандын чучугуна жеткире айтып, шондон улам каарына калып, орго түшүп, запкы көрүп калаарында, акылы жетик жигиттер, сезими тунук кыздар, акылга дыйкан аксакалдар, ырыстуу байбичелер, комузчулар, чоорчулар, усталар, уздар, ордочулар, улакчылар, ак көрпө жайыл айымдар кара өзгөй жасоолдорду, кара өзгөй нөкөрлөрдү курчап калышты эле, Төлөнмырза ошондон пайдаланып, ордодон чыгып, тоону карай дикилдеп жөнөдү. Күндүз ишенимдүү пенделердин үйүндө жатып, түндөсү жашынбай жолго чыгып, бирде атчан, бирде жөө жүрдү. Ошентип, жөө-жалаңдап жүрүп отуруп, далай күндөн кийин чар тарабы миң чиркелген тоолор менен курчалган Кетмен-Төбө өрөөнүнө жетип, ал жердеги тайкесинин өргөөсүндө убактылуу баш калкалап турууга мажбур болду. Непада булар болбосо, эмдигиче жарыкты көрүүгө зар болуп, терең ордо жатмак эле. Ошондой болбогонуна да шүгүр. Терең ордон чыкпай, ошерде өлүп калгандар деле бар. Андай өлүмдү башка салгылык кылбасын. А бирок, бул өрөөнгө качып келгенин билип калышкан бейм, Жаныбек хандын кайнатпай каныңды ичкенден, кактабай этиңди жегенден кайра тартпаган жасоолдору издеп келишти. Түлкүдөй шимшилешти. Карышкырдай желип-жортушту. Айдап келгенге, байлап келгенге көнүп калышкан да. Бу жолу андай болбоду. Кантсе да, Асан кайгынын жумурай журт арасында бедели зор эмеспи. Эгерде кадыры жок болсо, кетмен-төбөлүк бектер менен бийлердин айрымдары кош көрлөнүшүп, азуусун айга жанышып, шордууларды сыздатышып, алсыздарды шорго малышкан жасоолдорго «бозгун мынакей!» дешип, аны кармап беришмек. Ошентишкен жок. Бу деген далай жерди кыдырган, далай урууну аралаган, ку пендеге эле эмес, жан-жаныбарга да жакшылык ыроологон эч кимге жамандык каалабаган Асан кайгыны сыйлагандыгы да. Ушуга да шүгүр кылуу керек. Жаныбек хандын жасоолдору итатайы тутулуп, мырзалар менен бийлерди эле эмес бектер менен дөлөттүү аксакалдарды да жекиришип, Төлөнмырзаны таба алышпай, келген жолуна түшүп кетүүгө ма

бур болушту. Эми көп күн, көп түн дагы издеп келишпейт. Жаныбек хандын кыжыры шакардай кайнаар... Мейли, кайнай берсин! Андан ырайым күтүүгө болбойт. Касамкор зулум да, таш боор да. Ушунусу акыры өз башына муш болоор бекен, ушунусу акыры түбүнө жетер бекен? Канкор эмне болсо, ошо болсун! Өзүнүн атасы өлбөй аман турса экен. Дагы бир айланы ойлоп табаар. Ошого чейин таякесинин өргөөсүндө Беймарал жашап турса болот. Биротоло кетмен-төбөлүк болуп калбайт да. Ыңгайы келгенде, сааты чыкканда тели-теңтуштарынын айылына кайтып барат го. Ошондуктан ойго чөмүлбөй, санаага батпай жүрө турар... Антпестен башка арга жок. «Канкор хандын каарынан сактан, каракчынын доосунан сактан» деген ушул окшойт. Мындай болбосо, атасынын жанында олтурат эле да. Ошондой болбогонуна кайгырып олтурду.

* * *

Таякесинин атка жеңил, тайга чак кайниси бар эле. Ал мергенчи болчу. Мээлегенин жаса атчу эмес. Мындан эки жыл мурда, жаңыдан кар жааганда, аны менен ууга чыгып, кырдан кыр ашып, калың черди аралап, өзөндүн жээгин бойлоп, далай жерди кыдырып, акырында адырдан аркар, будурдан бугу атып кайткан. Алдынан кезиккендердин айрымдарына союргалга берген. Эми болсо, тайкесинин ошол мергенчи кайниси жок. Ал ашууну ашып, Таластагы кабырга тууганына кеткен. Таластан бир айдан кийин келет. Бирок анын мүнүшкор, саяпкер, тузакчы шериктери бар. Аларды тааныйт. Ошентсе да, эмнегедир алардын бирин жанына кошуп албай, жалгыз гана ууга чыга турган болду. Ошентти оюнан айныбай. Белестен белес ашып, жондон жон ашып, калың черди аралап, шаркырап аккан дайраны бойлоп, жылга-жыбытты, ой-чуңкурду калтырбай кыдырса да, эч жерден элик да, марал да, теке да кезиктире албай, «О, Кудай! Бул эмнеси? Кайберендерди жер жутуп кеткенби? Эми мен таякемдин үйүнө кур кол кайтамбы? Алдыман жүгүрүп чыгышкан балдар томсо-

руп калабы? Тааженеме шылдың боломбу?» – деп убайым жеп, төмөн жактагы булакты карабай, жантайма төштүн боорундагы жалпак ташка көчүк басып, ак бараңын алдына койду. Куду ушу маалда бир куран бадалдан чыгып, түз эле булакты карай басты. Семиз экен. Жүнү жылтылдайт. Суу ичкиси келип калган го. Төлөнмырза жалгыз куранды көрүп, алеки саатта ташпиши башынан арыла түшкөндөй сүйүнүп, ордунан ыргып турду. Анткен менен шашкан шайтандын иши экенин эске алгандай болду. Эгерде абайлабаса жыгылып, жантайма тоштүн боорунан кулап кетиши да ыктымал, ак бараңы колунан ыргып, башынан тебетейи түшүп, бети ташка тийип, жаны көзүнө көрүнүшү да ыктымал. Ордунан туралбай, тебетейин башына кие албай, онтошу да ыктымал. Кудай ушинткенден сактасын! Куран дегеле беймарал. «О, кудай! Кул пендеңди кур калтыргың келбеди окшойт. Миң мертебе ыракмат! Ыраазымын, кудай, ыраазымын!» – деп Төлөнмырза ак бараңын алды да, жантайма төштүн боорунан шырп алдырбай түшө баштады. Жаш илбирстей чапчаң. Жалгыз куран токтогон да, бурулган да жок. Бир пастан кийин башын жерге салып, алдыңкы туягы менен кулагынын түбүн кашып койду. Анан эки жакты элеңдеп карабай, чөптүн гүлүн, бетегенин бүрүн терип оттобой жонун күнгө тосуп, маңка турup калды. Түгөйү кайда калды экен? Балким анысын күтүп аткандыр. Ай, ким билет? Төлөнмырза башын чайкап койду. Куран кудуң-кудуң этип кубанган аны көрбөдү. Айтор, ошон донбу, коркунучтун жакындап келатканын сезбеди. Эгер се зип калса, көрүп калса, алам заматта дыр коюп, алам заматта тумшукту айланып, алам заматта кыраңды ашып кетме Антпеди негедир. Биртикеден кийин гана кайрадан кербезде нип басты. Төлөнмырза куранга көрүнбөй, оңтойлуу өңүт жетип, шашкалактабай ак бараңын сунуп, көк милтеге койуп, түк алактабай мээлеп, машааны баса турган бол Куду ушул учурда дал төбөсүнөн шуулдаган добуш чык Бул түйүлө шукшурулган Төө комдоттун добушу эл Төлөнмырза ушуну билбеди, анткен менен алеки саатта коңу бөлүнүп кетти. Эми билсе деле, эми туйса деле колунан эч

ме келмек эмес, айласын таппай калмак, анткени, каары ичинде шакардай кайнаган, калдайган кош канатын кыса куушуруп, тике сайылган Төө комдот өтө чукул кирип келип калган болучу. Жалгыз куран кайрадан токтоп, ботонун көзүндөй жайнаган булакты карап койду. Булактан өзүнүн көлөкөсү көрүндү. Көзгө илешпей келген кыраан бүркүттү эми көрдү. Көргөнү менен коркподу, бозуп жөнөбөдү негедир. Төө комдоттун курч текөөрү жаш мергенчинин эки каруусуна мата түшкөндөй болду. Жалгыз куран башын чулгуп, чулгуп бурулду, анткен менен дале качып жөнөбөдү. Төлөнмырза коркуп кетти. Колунан бараңы түшүп, иреңи кубарды. Төө комдот мыдан оор бугуну, мындан оор багышты далай мертебе илип кеткен, бул эмине болуп калыптыр. Айтор, ошондонбу, эч кыйналбай эле, бүркөк асманга көтөрүлдү. Тыбырчылаган, кыйкырган Төлөнмырзанын ого бетер эси чыкты. Улам өйдө, өйдө көтөрүлүп, кутман жер утуру төмөндөп, көзү чыканагынан чыгып кетчүдөй тостойду. Ажыратып калаар пенде жок. «Менин ажалым акыры алгыр бүркүттөн экен да. Кудай пешенеме ушуну жазып койгон тура»,– деп заманасы куурулду. Калч-калч этип, төмөн жакты карай албады. Тыбырчыланганын, кыйкырганын токтотту. Башы айланган жок. «О, кудай! Бу кыраан бүркүт эми мени таштап жибербесе экен. Эгерде таштай турган болсо, сөөгүм сөпөт болду го. Кара жерге көмүлбөй, ит-кушка жем болот экенмин да»,– деди ичинен бушканып. Денеси муздап кетти, жүрөгү сыздап кетти. Алактаган көзүн жумду. Дүйнө караңгы. Эч нерсе көрүнбөйт. Караңгы дүйнөдө жаны кыйналып, жарыкты табалбай бараткандай… Көзүн ачкан жок, анткен менен: «О, кудай! Бу кыраан бүркүт эми көзүмдү чокубаса экен»,– деп кайрадан илайым кыбыратты. Эмнегедир ошенткениндей эле, алгыр бүркүт анын көзүн чокубады. Ошентсе да, жанынан түңүлгөндөй… Минтпегенде, анан кантет? Абалы кылдын учунда турбайбы. Төө комдот мына ушуну туйгансып, аны таштап жиберүүгө аракет кылбай, калдайган кош канатын тез-тез какпай, жай гана учуп баратты. «Бул алгыр бүркүт эми мени кайда алып барат болду экен? Бул алгыр бүркүт эми мени эмне кылат

болду экен?» – деп ойлоду Төлөнмырза. Көзүн ачты, бирок кайрадан төмөн караган жок. Эгерде карса эле, башы айланып, эс-учун жоготуп коё тургандай. «Балким, бул кыраан бүркүт эмей эле, жан алгычтын өзүдүр. Жанымды азыр эмес, кыйладан кийин алган жаткандыр. Жанагы куран да азыткы окшойт»,– деди ниетинде. Аш бышымдан кийин Төө комдот жалама зооканын боорундагы уясына жетип, коркунучтуу ойго чырмалган жаш мергенчини акырын таштады да, өзү маңдайдагы анчалык бийик эмес асканын чокусуна конуп, «кийак-кийак...» этип шаңшып жиберди. Эмнегедир бул шаңшуусу Төлөнмырзага шаңдуу эмес, а аянычтуу, абдан аянычтуу угулуп, дүргөйүн өзүнө бургандай болду, жана да муң-зардан арылтуусун өтүнүп жаткандай туюлду. Бирок, дале калч-калч этип, боор толгой албады, бороондо калгандай үшүдү, бүрүштү. Бир маалда Төө комдот жаанын жебесиндей асманга атып чыкты да, калдайган кош канатын жай кагып, койкойгон мойнун буруп, эки бутун саландатып, аскалардын үстүнөн чарк айланып, ичинде арманы, кайгысы бар экенин билдиргендей тике сайылбады, кыйладан кийин гана жашыл кыраңды карай сызды. Жашыл кыраңдын үстүнөн топудай болуп көрүндү да, андан соң андай-мындай дегиче көздөн кайым болду. Төлөнмырза дал болуп тура берди. Жарык дүйнөдөн бөлүнүп калгандай... Төө комдот уясына кайрылып келген жок.

* * *

Асман. Каралжын булут. Күн. Бир оокумда Төлөнмырза эсин жыйып, адегенде каруусун, анан далысын кармалап көрдү: канабаптыр, сынбаптыр. Денесинин сыздап оорубаганы ошондон го. Кыйазы сыктыйандан[1] жасаткан күрмөсү гана сактап калгандай. Эгерде андан башканы кийип алганда, көргүлүктү көрмөк экен. Ошондой болбогонуна тобо деш керек. Ажалы жок тура. Бир өлүмдөн калды. Уяда темир канат эки балапан бар экен. булар эчтеме менен иши жоктой. Ал

[1] Сыктыйан – кой-эчкинин терисинен боёлуп жасалган булгаары.

гыр бүркүттүн кара алалары[2] окшойт. Алардын араң эле жаны бардай... Төлөмырзанын итиркейи келди бейм, кайрадан алактаган көзүн жумду да, бир пастан соң ичи бышып, кайрадан ачты. А бирок, алам заматта башы тегеренип, бийик, абдан бийик аскадан кулап кетчүдөй, сөөгү ташка тийип, күм-жам болчудай сезилип, дароо олтура калды. Ылдый жакты карагандан коркту. Бүткөн бойун калтырак каптаганы басылчудай эмес, кайра ого бетер күчөгөндөй... Бала болуп, башына түк чыккандан бери мындай шумдукту көргөн да, мындай пбалга кабылган да эмес. Алгач ирет кириптер болушу. Тык-тык жөтөлдү. Өзүн токтотуп, келме келтирип, эки жакты абайлап карады: жалама зоока, уйа, темир канат кара алалар. Арт жакта анчалык чоң эмес, анчалык кенен эмес үңкүр. Ушул үңкүргө үч-төрт киши батчудай. Төлөнмырза шуу үшкүрдү да, жашоодон үмүт үзүп, башын шылкыйтып, мүңкүрөп турбады. Турганда колунан эмне келмек эле? Биер кутман жер эмес да, биер тектир эмес да, биер дөңсөөнүн үстү эмес да. Кара алалар кыймылдамыш болушту. Төлөнмырза аларды карап койбоду, дагы жөтөлдү. Мындай учурда башка ой да келбей калат экен. Демейде ойлор келип, ойлор кете берчү. Эми өчөшкөндөй болуп, дегеле ошентпей калганын... Төлөнмырза кейиштүү гана башын көтөрүп, асманды карап койду, анан дагы келме келтирип, кайрат кылгандай болду. Айтор, ошондонбу, эми жалама зоокадан кантип түшүүнүн, кантип аман калуунун, кантип таякесинин үйүнө баруунун, кантип Миңжашарды, Төлөмырзаны көрүүнүн айла-амалын издей баштады. Канчалык ойлонсо да, канчалык ошентсе да, эмнегедир балаадан кутулуунун жолун эч таба албай койду. Шондуктан катуу кайгырып, ташпиши башынан арылбай, жылдызы жерге түшүп, ындыны биротоло өчкөндөй болду. Мурдун шыр тартып, колу менен кубарган бетин басып, ордунан солголуп койбоду. Желикпей эле койгондо, таякесинин көзгө атаир кайнисин күтүп турганда эмне? Непада ошенткенинде, түк мындай болмок эмес. Шайтан шаштырдыбы? Азыткы аз-

---

[1] Кара ала – бүркүттүн баласы деген мааниде.

гырдыбы? Анығын биле албады. Көзгө атаар мергенчинин мүнүшкөр, сайапкер, тузакчы шериктери бар эле. Ошолордун бирин жанына кошуп албаганын... Адилдиктен тайган, калыстык кылбаган, кара жемсөө Жаныбек хандан качып, мында келбеди беле. Эгерде зулум хан каарына албаганда, ач көз обозгеринин тилине кирбегенде, бул жакка бозуп келбейт эле. Зулумдардын токонаалаты тийди окшойт. Абдан катуу өкүнүп, өзүн өзү жемелеп алды, кара жемсөө хандын ата-жотосун ашатып алды , ичинде кара кылы айланбаган обозгерди боктоп алды. Эки кара ала муну туйбады бейм, бир кызыктай чаркылдашты. Төлөнмырза алардын чаркылдаганын уккусу келбей, бирде кыжалат болуп, бирде каны кайнап, бирде кулагын колу менен басты. Кара алалар улуу шашкеден бери эчтеме жей элек болучу. Чаркылдашканы да ошондон. Мына ушуну санаасы самандай сапырылган,  ойу он талаа болгон жаш мергенчи кайдан билсин. Кайрадан итиркейи келип, өзүнчө наалыды. Мындайга кабылам деп, түк ойлогон эмес. Ошондуктан үч уктаса түшкө кирбегендей эле окуя болду окшойт. Эми кантет? Эми эмне болот? Эч белгисиз. Жалама зоокадан түшө албай, кыраан бүркүттүн уясында өлүп калабы? Үйүндө калган тайкеси менен тааженесинин алпейими кетип, санаасы санга бөлүнөт болсо керек. Атасынын алтымыш тамыры зыркырап, миң толгоно албай жүрөгү канайттыр. Өздү тууган, жатты душман ойлобогон, бардыгына бирдей мамиле кылган, ары эстүү, ары ырыстуу, ары барктуу, ары сарамжалдуу апасына эмне болот? Ай чырайлуу, акылдуу жубанга не болот? Аларды таптакыр эле көрбөй калабы? «Төлөнмырза, бу сенин олуя чалыш болгон атаңдын бактысы далай жерди кыдырганында, далай элди, далай урууну көргөнүндө, далай мазарда жатып, далай дербиш менен сүйлөшкөнүндө, бей бечераларга боор ооруганында, далай инабаттуу жакшылардын, далай жылкычылардын, далай койчулардын үйүндө жатканында, далай чечендердин көрөңгөлүү кебин тыңдаганында, жан-жаныбарларга эле эмес, не бир түркүн чөпкө да зыян кылбаганында болсо керек» деген Толубай сынчынын уулу Миңжашар менен эч нерсесин аябаган Жээренче чечен

дин уулу Төлөмырзага эмне болот? Эми алардын жанына таптакыр эле баралбай калабы ? Бул суук ойлор, бул коркунучтуу ойлор. Жамандыктын бетин ары, ары кылсынчы! Көктө кудай бар го. Кудай өзү сактаар... Кудай өзү колдоор... Кудай өзү мээримин төгөөр... Кайрадан шуу үшкүрүп, кежигесин кашылады. Бирок, негедир алапайын таппай калды. Жүрөкзаада болгону күчөй берди. Ошондон улам санаасы санга бөлүнүп, зооканын чокусун да, асманды да, темир канат балапандарды да караган жок. Ого бетер ээни кейип, көзү жашылдана түштү. Эки кара аланын алпейими кетти. Чый-пыйы чыгып, абдан кооптуу ойго чырмалган Төлөнмырза таназар алган жок. Мурдун шыр тартып, башын сол колу менен мыкчып, оң колу менен санын чапкылады. Кыйладан кийин тынчтанып калгандай болду.

* * *

Текенин туягы токтобос, теңир урган көк тосмок зоока. Курандын буту токтобос, кудай урган көк тосмок аска. Төө комдот башка жактан эмес, куду ушуну тандаганын... Алп мүчөлүүнүн жоон санындай болгон, устун сыйактуу анчалык деле узун эмес, он чакты арчаны алып келиптир да, үңкүрдүн оозунан алардын учун итапкан чыгарып, чырпыкты арасынан өткөрүп, ошонун үстүнө талдын, кайыңдын, четиндин, тобылгынын бутагын салып, ошондон кийин гана бетеге, жалбыз, ак сокту, карандыз төшөп, карагаттын, шилбинин, ак кайыңдын жалбырагын төшөп, топоздун, төөнүн жүнүн, кулжанын, эчкинин жана эликтин жүнүн, текенин тыбытын төшөп, уясын кадимки устадан бетер бекем, абдан бекем жасаптыр. Дегеле чебердиги укмуш экен. Сырт жагы абдан эле бадыракай-бодуракай болгону менен, а ич жагынын жумшактыгычы! Тим эле мамыктай! Мындайды алгач ирет көрүшү. Ошондон улам айран-таң болду Төлөнмырза. Бирок, кыраан бүркүттөн дайын жок. Эмне болду? Кайда жүрөт? Эмне кылып жүрөт? Качан келет? Биле албады. Биер күркүрөгү, шаршыраты жок тынч экен. Дегеле тынч жерди тапканын... Үңкүрүк аралаш оор улутунуп, кайрадан уяны, кайрадан эки кара аланы, кайрадан үңкүрдү карап койду. Үңкүр менен

уянын көркүн балапандар чыгарып тургандай... Непада балапандар болбосо, үңкүр көрксүз, уя көрксүз. Биер абдан ылымта, абдан далдоо экен. Сыз да эмес, ным да жыттанбайт экен. Түн селсаягы болушкан жарганаттар да уялашбаптыр, жөргөмүштөр да желелебептир. Чаң да жок. Таптаза. Бул бийик асканын бооруна Теңирдин кудурети менен чагылгандын ташы бир мертебе эмес, үч-төрт курдай тийип, биер ошондон улам оюлуп, кадимки үңкүрдөй болуп калгандай. Куду ушуну боолголоп билгендей болду. А бирок бир аздан кийин эле: «Балким эжелүү, сиңдилүү Нурпери[1] жаздын күнү учуп бара жатып, асмандын түнөрө баштаганынан улам кара нөшөрдүн төгөрүн сезип, ушул үңкүргө кайрылып, ушерде түнөп калууга аргасыз болгондур. Качан гана кара көшөр басылганда, асман шаңкайып ачылганда үңкүрдөн чыгып, кайрадан учуп жөнөгөндүр. Балким кеч күздүн бороонунда алдастап, көздөгөн жерине жете албасын сезип, бул үңкүргө киргендир. Анан дүйнө капар мемирей уктап, уйкусун кандырган болсо керек. Бороон ач калган бөрүдөй улуп-уңшуп үрөйдү учурганын токтотткондо үңкүрдөн чыгып, кайрадан уча сапарын улантткандыр. Кийинчерээк эжеси, сиңдиси менен учуп келип, бул үңкүр бизге өргүп кете турган, алай-дүлөй соккон бороондон жана кара нөшөрдөн, бурганактап жааган кардан сактап кала турган жай болуп берчүдөй экен дегендей, кейпин чече салып, үңкүрдүн ичин мизилдете тазалап кеткендир. Анткен менен кыйла күн, кыйла апта өтүп, далай мезгил алмашкандан кийин бул үңкүрдү Төө комдоттун ээлеп алганын, бул жерге уя салып алганын көрүп, андан коркуп, биерге таптакыр келбей калган болсо керек. Өлө албай жатып, жеге түшө албай жатып, мага ушинтип ойлогонду ким коюптур»,– деп кейиштүү башын чайкап, кейиштүү улутунуп койду. Үшүгөндөй, корккондой бүрүштү.

---

[1] Нурпери – абдан акылдуу, абдан кереметтүү, ашкан сулуу, эки ыптысында канаты бар, кадимкидей уча ала турган касиеттүү жан. Бул жомоктордо, аңыз кептерде, дастандарда кеңири айтылат. Алсак, мына ушуну «Жоодарбешим» дастанында Нуркандын кызы менен Эр Төштүктүн уулу Жоодарбешимдин жолугушуусу, экөөнүн сүйүүсү, баш кошуусу жана Айчүрөктүн ак куунун кейпин кийип учушу тастыктап тургандай.

* * *

Карышкырдын улуганы, улардын ышкырганы, бүркүттүн шаңшыганы, сагызгандын шакылыктаганы, айгырдын азынаганы угулбады. Өгөй жымжырттык. Ушул жымжырттыкты эч ким бузган жок. Тоо комдоттун ушундай алпейимди эч ким албаган, ушундай жайлуу жерди тапканын, өзүнө уяны куду ушуерге салып алганын... Алгырдыгы, жырткычтыгы ченде жок эле эмес, айбандан артык акылдуудай. Ушундан улам чокубаганын, эмне үчүн таштап жибербегенин, мында кандай мурат менен алып келгенин билгендей болду Төлөнмырза. Анткен менен дагы эле үшүгөндөй бүрүштү, кыйладан кийин кайрадан корккондой калч-калч этти. Түктөйгөн бетин алаканы менен сылап, алайган көзүн кайрадан жумду. Дүйнө капкараңгы. Ушул караңгылыктан эми кантип чыгат? Түңгүюктай... Таптакыр чыга албачудай. Көзүн ачты. Жарыкчылык. Керемет экен жарыкчылык. Бирок, эми жарыкчылыктын жыргалына баталбай, ушул аска боорундагы үңкүрдө, кыраан бүркүттүн уясында биротоло кала берчүдөй. Непада секирсең сөгүң сөпөт болчудай. Өңү самандай саргайды. Бышаң-бышаң этип ыйлады. Ыйлаганын эч ким көрбөдү. Бышактап ыйлаганын токтотуп, эки колун колтугуна кысты. Эмне кылса? Мындайда амал да, арга да табылбай калат тура. Өлөт деген ушулбу? Сөөгү көмүлбөй калат деген ушулбу? Ыңкыңсыз жоголуу деген ушулбу? Кайрадан заманасы куурулуп, жүрөгү канады. Бир оокумда алактабай, алдастабай, эсүчүн жоготуп койбой, өзүн кармап, ой толгоп, акыл калчап, чыгыш тарабын ала булут чалган, батыш жагын каралжын булут каптаган асманды карады: «О, кудай! Мен сага ишенем. Сага чын жүрөгүмдөн сыйынам. Билем сенин кудуреттүү экениңди, улуу экениңди, ыйык экениңди. Билем сенин кайрымдуу, ырайымдуу экениңди. Билем сенин баарын көрүп турарыңды, баарын билип турарыңды. Ушундай кереметиңди айтылуу саяпкер айткан, атам айткан, коңур чечен айткан. Сага сыйынганды да, тилек кылганды да атам үйрөткөн, коңур чечен үйрөткөн, айтылуу саяпкер үйрөткөн. О, кудуретиңден кагылайын, кудай! О, улуулугуңдан айланайын,

кудай! О, ыйыктыгыңдан тегеренейин, кудай! Бу мен кайсы күнөөм үчүн асканын боорунда турам? Касамкор зулум хандын каарына калганым үчүнбү? Ичинде кара кылы айланбаган обозгердин жүлүнүнө жеткире кеп айтканым үчүнбү? Менин ордумда ушул экөө отурса болмок. Менин ордума куду ушул экөөнү жазаласаң болмок. Же мени сынап атасыңбы? Же менин кандай ойдо экенимди билгиң келдиби? Мен сенин кулуңмун. Ач көз да, кара ниет да, куу да, чоң муштум да эмесмин. Кагылайын, кудай! Мени сынаба! Менин жүрөгүм сага берилген. Ушуну биле көр! Дөөрүп жатканымды кечире көр, кудай, кечире көр! Мен колумду сунайын! Сен менин колумду кармап, башымдан сылай көр. Кубат алып калайын. Антпесең алдан-күчтөн тайып бараткандаймын, акыл-эсимди жоготуп койчудаймын. Кудуретиңден кагылайын, кудай! Мага кудуретиңди көрсөтүп, мээримиңди төгө көр. Жумурай журттун кактабай этин жеп, кайнатпай канын ичип жаткан зулум ханды, ач көз обозгерди жазалай көр! Экөөнүн камчысын чапкандарды жазалай көр! Баары сенин колуңдан келет. Пенденин өмүрү келгин куштай, кетчү көлөкөдөй окшойт. Жалган дүйнөгө устун болгон эч ким жоктой. Көгөргөн көктөн түшүп же булут арасынан суурулуп чыккан күндөй көрүнүп, мага мээримиңди төгө көр! Мен сенин мээримиңе балкып алайын, өзүмө кайрат, кубат алгандай болоюн. Чыдамкай болоюн. Ырайым кылып, касиеттүү жерге түшүрө көр. Эгерде ошентсең, мен айланама дили таза, ниети ак, пейили кең, сезими тунук боз уландарды, суйкайган сулуу кыздарды, жылдыздуу өспүрүмдөрдү топтоп, сенин кудуретиңди, кереметиңди даңктап жүрөйүн, уялаш уруулардын арасында асылдыктын, аруулуктун, тазалыктын үрөнүн себүүгө жанымды үрөйүн. Атамдын, айтылуу саяпкердин, коңур чечендин жолун жолдоюн. Айтылуу Чоро мүнүшкөрдүн, айтылуу Чомотой саятчы тилмердин[1] жолун жолдоюн. Алсыздардын, кордук көр

[1] Тилмердин – канатуулардын, жыландардын тилин билген деген мааниде. Илгери тоо койнундагы айылдардын бир тобунда ушундай өзгөчө касиети бар кишилер болгон. Буларды аксакалдар, кол башчылар, бийлер, мырзалар, хандар, кагандар эле эмес, кара аламандар кадырлап турушкан. Элибиздин аңыз кептеринде тилмерлер, саятчылар жөнүндө айтылып калганы да ошондон.

гөндөрдүн, азап тарткандардын муң-зарын угайын, оймүдөөсүн угайын. Булардын таламын талашайын. О, кудай! Мен муну чын жүрөгүмдөн, ак дилимден жарыла айтып жатам. Үнүмдү уга көр! Тилегимди кабыл кыла көр! Мага боор оорусаң, мени аясаң гана жаным жай алып калчудай. Каарыңа алып, жанымды өлүмгө кыйа көрбө! Менин жашагым келет. Он гүлүмдүн бир гүлү эми гана ачылайын деп келатат. Эртеңки күндү көрөйүн, шар аккан сууну көрөйүн, чокусуна булут түнөгөн тоону көрөйүн, бадалды көрөйүн, көлдү көрөйүн, талааны көрөйүн, айтылуу саяпкерди көрөйүн, тели-теңтуштарымды көрөйүн, атам менен чеченди көрөйүн, күндөй нурдуу кыз-келинди көрөйүн, эл арасында болоюн. Мен сенин улуулугуңду, ыйыктыгыңды даңктайын, кайрымдуулугуңду даңктайын, ырайымдуулугуңду даңктайын. О, кудай! Сен мактоого, даңктоого татыктуусуң. Ушундай ишенимдегилер, ушундай сыйынгандар көп болсо, балким жумурай журтубуздун кампасы данга, өрүшү малга толоор, төрт түлүгү семиз, төлү эгиз болоор, жортуулчулардын баштары жолдо калаар, түндөсү желип-жортуп жүргөн карышкырларга окшогон уруулар менен каракчылардын кабыргалары сынаар, сараңдар менен зулумдардын ырыскысы кыйылаар, кыянатчылар менен журт бузарлардын ойлору ойрондолоор. Конуштарыбыз жайлуу, жайыттарыбыз чөптүү болоор, жүрөгү жаралангандар айыгаар, муңдуулар менен капалуулар кайгысынан арылаар, алтын такта акылдуу хан олтуруп калаар, тегерегине нарктуулар, нускалуулар, билгелер топтолоор, адил хан калыстыгынан, айкөлдүгүнөн тайбай, бийлигин жүргүзөөр. О, кудай! Булардын баары ак дилимден мөлтүр булактай оргуштап чыкты. Мени кыйнабай, мага жакшылыгыңды ыроолой көр! Өмүрүм өткүчөктү жакшылыгыңды унутпай жүрөйүн. Кожожаш мергендей кылып, мени бийик зооканын боорунда калтыра көрбө! Атамды аяй көр! Апамды аяй көр. Алар менсиз жашай алышпайт. Күйүттүү кыла көрбө!».

Толонмырза кыраандыгы ченде жок бүркүттүн уясында жерге түшө албай олтурганда, кутман жер көздөн учуп турганда, кудуреттүү кудайга ушинтип сыйынды.

* * *

Чачы куудай агарган, чыканактай абышка кызыл көздөрүн кыбыңдатып, кемегеде каланган тезек күйүп, казанда күрпөңдүн эти «борк-борк» этип кайнап атканда: – Менин кыраан бүркүтүм бар эле,– деген акырын. – Ошол бүркүтүмдү Жаныбек хандын кара өзгөй обозгери өкүм зордук менен тартып алган да, өз өргөөсүнө алып кеткен. Мен ичимден кан өтүп кала бергем. Бирок, арадан бир ай өткөндөн кийин кыраан бүркүтүм өзү эле калдайып учуп келип, эшиктин алдындагы кызыл ташка конуп калса болобу! Муну күткөн эмес элем. Кудайым мага боор ооруган го. Бул деген жакшылыктын жышааны эмеспи. Кыраанымдын өзү качып келгенин... Кубанычым койнума батпай, көзүмдөн жашымды имерип алдым. Ошол күнү ак сарбашыл кой союп, айылдагы чал-кемпирлерди чакырып, дароо түлөө өткөрдүм. «Чоро, бу сенин бактың бар экен. Кырааның өзү сени издеп, өзү таап келиптир. Үйүңө кут түштү. Кут болсун! Бүркүтүң баштагыдан да алгыр болуп, үйүңө олжо толсун!» – дешти абышкалар чын жүрөктөрүнөн. Кээ бирөө тамашалап, «Чоро, бу сенин колуңа бүркүт эле эмес, опол тоодой бакты-таалай конду бейм. Эми кыраан бүркүтүң олжону көбүрөөк таап, дүнүйөң боз үйүңө батпай кетсе, ашкере адырандабай, ашкере көөп кетпей, мурдагыдай эле басмырт жүрө көр» дешти күлүшүп. Дагы бирөө «ыкыбалың бөксөрө түштү эле, эми ошол бөксөң толо баштайт» деп менин көңүлүмдү жубатып койду. «Журттун журтчулугу даңаза» деген ушул эмеспи. Өзүмчө эле сүйүнүп, жер баспай калдым. Ушуну абышкалар, кемпирлер сезишкенде болушту. Эртеси аларга көрсөтпөй, дилимдегини эч кимге айтпай, мүнүшкөрлүктүн купуя сырын билбеген обозгердин колунда бир ай болуп, табы келишпей, кыйла бузулуп калган бүркүтүмдү кайрадан таптай баштадым. Бул өзүнчө эле машакат. Обозгер бүркүттү издеп келбеди. Мага ушунусу жакшы болду. Балким ойлонгондур, балким уялып калгандыр. Балким издегиси келбегендир. Ай, зулум ай! Бир ай менин жүрөгүмдү сыздатты го. Бирок, мен муну унутуп, биртике жемин кем кылбай, биртике жемин көп кылбай, боосун кы

ка кылып, күндүр-түндүр бирдей арбап, эч жакка барбай, жанынан карыш жылбай, «түш, түшө кой» деп түшүрүп, «кон, коно кой» деп көндүрүп, өзү менен өзүн болтуруп, өзөгү менен бек кылып, кайрадан бүркүтүмдү көндүрүп алгандай болдум. Бул акыбеттин кайта баштаганы эмеспи.

А бирок, аңчылык кылганга ашыкпадым. Бара-бара бүркүтүм туурда туруп, калдайган канатын күүлөп, өзүнчө эле бадал жакты, белес жакты карап, тар капчыгайдын оозу тарапты дегдеп, кадимкидей жутуна баштады. Куду ушунда гана беймарал олтуруп, «Кайран гана бүркүтүм! Баштагыдай болуп, эми табыңа келдиң окшойт. Кудайым сени менин колума кайра тийгизди да. Ыраазы бололу экөөбүз кудайга. Обозгер жерге кирсин! Кудайым колдосун!»– дедим кудуң-кудуң этип. Ошонун эртеси таң заарда ат минип, кыраан бүркүтүмдү туурума кондуруп, тар капчыгайдын оозу тарапты карай жөнөдүм. Кайта алам заматта айнып, атымдын башын белести карай бурдум. Тумшукту айланып өтүүгө туура келди. Кыялым алып учат. Жүрөгүм элеп-желеп... Кыйладан кийин белеске жетип, ойго түшпөй туруп, адегенде кудайга, анан ата-бабанын арбагына жалбардым. Ошо бойдон артка кайрылбай, акырын гана томогону тартып, кыраан бүркүтүмдү керебелди каратып койдум. Анткен менен көктү карай учурган жокмун. Буга ал капа болгондой. Кыйладан кийин айылга кайттым. Кыраан бүркүтүм менин бул жоругумду жактырбагандай, атурсун мага таарынгандай үн салбады. Кийинки күнү кайрадан белеске барып, кайрадан кечээги жоругумду кайталадым. Бирок дагы коё бербедим. Дагы кайра тарттым. Эртеси тар капчыгайды карай жөнөп калдым. Атым башынан жазбай таскактайт. Бир маалда кырга чыгып токтодум. Кыраан бүркүтүмдүн дегдегени күчөгөндөй... Ошону түйсүнсөм да, эмнегедир ашыккан жокмун. Сабырдуулук кылбаса болбойт. Кыраан бүркүтүм куйругун тарап, чөлкөмдү карап, жүндөрүн жайып, калдайган канатын керип учууга камынып калды. «Ай, алгырым ай! Эмне, бу сен кийикти көрүп калдыңбы? Жалгыз көкжалды көрдүңбү? Менин көзүмдүн курчу кетип калган го. Эч нерсени көрбөдүм. Талпынбай биртике

кое тур» дедим бартылдап. Анан томогону кайрадан кийгизип койдум. Минткенимди кыраан бүркүтүм жактыра бербеди. Негедир чыдамы кетип бараткандай... Томогону тоотуп койчудай эмес. Ошондон улам колго токтобочудай болуп, шаңдуу шаңшып жиберди да, мени көзүнө илбей эле, томогочон уча тургандай... Мээлейди чокуп, канатын сабап, мойнун буруп, бирде көктү карап, бирде мени карап, бирде текөөрүн карап, атурсун кадап, колумду ныгыра берди. Менин айлам кетип, курч текөөрү мээлейимден өтүп, колумдун сөөгүнө жетип оорута баштады. Ошого карабай, «Кырааным, дагы бир паска чыдачы. Мен ач көз обозгер эмесмин, сенин ээңмин го. Бир азга чыдап турчу» дедим. Бүркүтүм муну укпагандай жүткүндү. Атымдан ооп түшүп каларымда тобокел кылып, томогону шапа-шупа шыпырып, боону кыска кылып, «Бар, алгырым! Кайрадан жолуң ачылсын!» деп кое бердим. Кыраан бүркүтүм шаңкайган асманга атып чыкты да, калдайган кош канатын жай кагып, менин үстүмдөн айланып учту, анан калың бадалды карай сызып жөнөдү. Бир маалда калың бадалдын үстүнөн топудай болуп көрүнө калды да, ошондон соң тик сайылып, биртикеден кийин көрүнбөй калды. Жүрөгүм шуу этип, алам заматта ой-санаам алда кайда кетти. «О, кудай! Жамандыктын бетин ары кыла көр!» деп атымды чаптым. Чөлкөмдө өзүм элемин. Менден башка адам жок. Алды жакта тар капчыгай, тайгак жол. Кыян алып кеткен аң. Кулама жар. Непада атың тайса, аңга түштүң, сөөгүң сөпөт болду дей бер! Бирок, мен коркунучка карабай, өлүм жөнүндө ойлоп койбой, атымдын тизгинин тартпай, чапкан бойдон жүрүп отуруп, акырында кыраан бүркүтүмө жеттим. Ал калдайган кош канатын жайып, текөөрүн канга малып, эки санды капшыра кармап, менин келишимди күтүп турган экен. Аттан чапчаң түшүп, «О, кудай! Тилегимди кабыл кылыптырсың. Миң мертебе ыраазымын!» деп жибердим. Анткен менен көргөн көзүмө ишенбегендей болуп, дароо көзүмдү жумдум да, кайра ача салдым. Кыраан бүркүтүм болгондо да, жаш жолборсту алыптыр... Эки көзүн оюп, белин сындырып салыптыр... Ушул окуйа таптакыр эсимден кетпейт. Боз кыра

одо Жаныбек хандын кара өзгөй обозгери келиптир. Мен ага кыраан бүркүтүмдү бербей койдум. Жанымда өткүр жигиттер, мутабар мырзалар бар эле. Обозгер алардан жалтанды окшойт. Эгерде мутабар мырзалар, өткүр жигиттер болбосо, кара өзгөй обозгер мени киши катары көрбөй, кирген бууралай буркулдап, жүндөй сабап, оозу-мурдумду канжалатып, жанымды көзүмө көрсөтмөк да, кыраан бүркүтүмдү мага ээ кылбай, дагы алып кетип калмак. Бу сапар ошенте албады. Ичи өрттөнүп кетти. Мен сыздап калбаганыма шүгүр кылдым. Кыраан бүркүтүм бар болсо, өзүмдү бактылуудай сезем. Муну ач көздөр туюшпайт да.

Бу биздин, кырк уруулуу кыргыз элинин жеринде, миң чиркелген Улуу Тоосунда Ак ыйыктар[1] көп деле эмес. Бирок ошондой болсо да, Ак ыйыктардын арылбас арманы бар экенин тоолуктардын, талаалыктардын далайы биле беришпейт. Бир тобу жайлоодо, бир тобу жакада, дагы бир тобу аң уулоодо, дагы бир тобу сепилде, кээ бирөө узанууда, кээ бирөө узак сапарда, дагы кээ бирөө жортуулда, дагы кээ бирөө токойдо, мына ошентип өздөрүнчө алектенишип, өздөрүнчө шугулданышып жүрө беришет. Ал эми Ак ыйыктын айрымдарынын жүрөгү сыздайт бирерде. Неге дегенде Ак ыйыктын эң чоңу, барып турган алгыры суукта жумуртка тууйт да, ала тилек кар кеткенде басып жатат, качан гана жер көгөрүп, теребел жашыл кымкап жамына баштаганда, кызыл-тазыл гүлдөр жайнай баштаганда жумурткасын чегип, кара аласын чыгарат. Кара аласы куду өзүн тартат, анткен менен көбүнчө канатын күүлөп, учарына аз калган кезде уйанын кырына чыгып, кулап кетип, жерге талп эте түшүп, ошо бойдон тура албай өлүп калат. Ошон үчүн эне бүркүттүн жүрөгү канап, ай сөөгү сыздайт. Өткүр көздөрүнөн тунук, бирок ачуу, абдан ачуу жаш мөлт-мөлт этип буурчактайт. Кээде күнгө, Улуу Тоого, кээде булутка, айга, жылдызга даттангандай муңдуу, аябай муңдуу үн салат. Кээде ач калган бөрүдөй улуп-ууңшуган боороонго төшүн тосуп учат. Ызасын, ачуусун ушундан

[1] Ак ыйык – өтө алгыр бүркүттөрдүн бир түрү.

чыгаргандай... Бирерде жалган дүйнөдө жашоонун кумарына батканды каалабай, алаамат салгандарды да, жакшылык жасагандарды да, кан күсөгөндөрдү да, коркоктор менен жүрөктүүлөрдү да, жамандык каалагандарды да, касамкор зулумдарды да алакчылабай эле, кең пейилдик менен өз койнуна батырган Улуу Тоодон кетип калгысы келет, атурсун аскадан бойун таштагысы, ошентип өлгүсү келет. Кайта айнып, келерки жылы куду ушундай кайгылуу окуянын болбошу үчүн, жүрөгү зыркырабашы үчүн, кара аласын кантип аман алып калуу үчүн көктү карап, зооканын чокусун карап, күндү карап, шар аккан дайраны карап, асман мелжиген карагайды карап, ичтеги арманын, муң-зарын көкүрөгүнө катпай, сыртка чыгаргандай айанычтуу шаңшып алат да, анан баарынан адам баласы эстүү, баарынан адам баласы акылдуу, бир сактаса мына ушул адам баласы гана сактап калаар деген ниетте ойду-тоону чабыттап учат. Ошол учурда өткүр көздөрүне чалдыккан пендени шып этип илип алат да, андан соң асманга көтөрүп чыгып, эч кыйнабай сызып жөнөйт. Бирок, курч текөөрүнөн түшүрүп жибербөөгө, денесин оорутпоого бардык аракетин жумшап, акырында уясына аман-эсен жеткирген кези да болот. Ошентсе да, кээ бирөө төмөн жакты карап, башы айланып, көзү караңгылап, эс-учун жоготуп коёт. Кыйладан кийин көзүн ачып, өзүнө келет, анткен менен салкындуулук кылбай, чыдамкайлык кылбай, акыл таразалабай, ой толгобой, аман калуунун жолун издебей эле, калч-калч этип, жүрөгү түшүп, уяда өлүп калат. Ак ыйыктын жүрөгүндагы сыздайт муну көрүп. Бирок өлүктү уядан таштап жибербейт, кайрадан текөөрүнө илип, асканын ары жагына алып барып, акырын таштап коёт. Аман болсоң, балким мындайды өз көзүң менен көрүп калышың да ыктымал.

* * *

Төлөнмырза ушуну бала чагында уккан эле. Укканы менен ошол учурда эртедир-кечтир, күндөрдүн бир күнүндө куду ушундай көрүнүшкө кабыларын, куду ушундай абалга түшөрүн ойлоп да койбогон. Баары күтүүсүздөн болуп атпа...

бы. Мындай үч уктаса да түшүнө кирбеген. Эми болоору болуп, боесу канды да. Балким бул пешенесине жазылып калгандыр. Ай, ким билет? Эми кандай болот? Өлбөсө, кулап кетпесе, акылынан адашпаса, эс-учун жоготуп койбосо, калганын көрө жатаар... Өзүнүн көңүлүн өзү жубатымыш болду. Аксылык мүнүшкөрлөр да, кетмен-төбөлүк мүнүшкөрлөр да, алайлык мүнүшкөрлөр да, теңир-тоолук мүнүшкөрлөр да чачы куудай агарган, көздөрү кызыл, чыканактай ушул абышканы сыйлаша турушкан. Ыйык-көлдүк беделдүү мүнүшкөр абышканын аты Чоро эле. Чоро мүнүшкөрдү биринчи мертебе Жээренче чечендин айылына барганда, экинчи мертебе касамкор зулум Жаныбек хандын ордосунан, үчүнчү мертебе Толубай сынчынын уулу Миңжашар, коңур чечендин уулу Төлөмырза болуп, сары таман аттарын шайбырлатып, жез таңдайдын шакирттериндей бажыраңдаша сүйлөшүп, Текес жактан келатышканда, төртүнчү мертебе чалкыган Чатыр-Көлдүн жээгинен көргөн. Анан коңур күздө атасы менен бирге касиеттүү көл кылаасына барып, анын боз үйүндө жаткан. Куду ошондо беделдүү мүнүшкөр менен атасы таң каракчысы батаганга чейин сүйлөшүп, далайды айтышып, кулактын курчун кандырышкан. Куду ошондо ары ширин, ары жороңгөлүү сөз көөнду эритип, жамгырдай төгүлгөн. Торгойдой таңшыган алардын эле эмес, тыңшап олтурган өзүнүн да чери тараган. Бүлбүлдөп күйгөн шамды өчүрүп жатаардын алдында: «Касиеттүү көлдүн жээгинде эле эмес, Керме-Тоо менен Теңир-Тоонун аймагында сенден өткөн мүнүшкөр жок. Бүркүттүн, ителгинин, шумкардын сырын жакшы билесиң. Кырдан кыр ашып, аска-зоону аралап, капчыгайды өрдөп, тентирди кыдырып, мөңгүдөн өтүп, чер арасын карап жүрүп кармаган куштун жаман-жакшысына карабай таптап, бат эле тапка келтирип аласың. Ошон үчүн сени Жээренче чечен мактайт да, ошон үчүн сени Толубай сынчы мактайт да, ошон үчүн окумсунгөн Жаныбек хан өзүнө мүнүшкөр кылып алгысы келет да»,– деп атасы Чоро мүнүшкөрдү жерге-сууга тийгизбей мактап, далысынан таптап койгон. Эртеси касиеттүү

Ыйык-Көлдүн[1] чоң сазына барып, Чоро мүнүшкөрдүн куш салып, соно алганын көрүп, Улуу Тоонун ак карлуу, көк мөңгүлүү аскаларына уялаган алгыр бүркүттөр жөнүндө айтып берген керемет кебин эшитип, ага тан берген. Бирок, негедир тим болуп калбай, уудан кайтып келгенден кийин айылына кетмекчи болуп жаткан атасынан кайра-кайра өтүнүп атып, араңдан зорго уруксат сурап, Ыйык-Көлдүн жээгинде кала берген да, даңкы дабан ашкан мүнүшкөр абышканын жанында жыйырма күндөй жүрүп, куш кармоонун, куш таптоонун өзгөчө ыкмасын үйрөнүп, жашыруун сырын билип алгандай болгон. Ошондой эле Чомотой саятчы тууралуу тымсалды да угуп, өзүнчө сыймыктануу, суктануу сезимине кабылган. Жүрөгү толкуп, көңүлү чалкып, ою ойноп, атасынын үйүнө жыргап кайткан. Ушу тапта атасы мактаган, коңур чечен мактаган, Жаныбек хандын мүнүшкөрү болуудан баш тарткан, обозгерден жеме уккан, анткен менен жардыжалчыларга, жетим-жесирлерге жан тартып турган, алгыр бүркүтүнүн томогосун башынан алып, туурдан учуруп, «Ай дайт эле, айдайт!» деп сүрөп кыйкырып, адырдан аркар, кырандан кулжа, тектирден теке алдырып, черден кыргоол, чил, кекилик, көлдөн соно, талаадан түлкү, коктудан карышкыр алдырып, жардыны жыргаткан, малсызды малдуу кылган Чоро мүнүшкөр жок. Шоораты далайга жеткен мүнүшкөр абышканын көзү өткөнүнөн бери миң чиркелген Улуу Тоонун койнунда беш жолу кыш түшүп, беш жолу жаз болду. Бирок ыраматылык Чоро мүнүшкөрдүн айтканында чыркыраган чындыктын үлүшү жаткандай, көкүрөктө кыттай уюп кал… ган керемет кеби ушуну тастыктап тургандай. Айтор, ошон… донбу, ушуга Төлөнмырза эми абдан ынангандай болду. Ы… ганындай эле, далай кийикти бөктөрүп келген алгыр, абд… алгыр бүркүттүн кара алалары биртике чоңоё түшкөндө, … гедир тынч жатышпай, бири-бирин чокушуп, бири-бир… түрткүлөшүп, өздөрүнчө үрпөңдөшүп кетише турган. К… эт талашып, ачуу чаркылдашып, каардуу тиктешип кал…

[1] Ыйык-Көл – Ысык-Көлдүн баштагы аталышы.

эле. Кенен уя тардай көрүнүп, азыртан эле сугалактык, көрө албастык кылып, кадимкидей бири экинчисин жактырбагандай түр көрсөтүп, энеси атайын изги тилекте жасаган уяда жалгыз калгысы келип, кайрадан чокуша кетишчү. Бир маалда уянын кырына чыгып, уядан кулап, экөө тең өлүмгө учурай турган. Мына ушуну кыраакы жаш мергенчи боолголоп билгендей болду. Непада мындай каргаша кайталана бербесе, кыраан бүркүт аны уясына илип келмек деле эместей. «Тобо-о... Ушундай да болот экен а!» – деди Төлөнмырза ичинен. Өзүнчө туталанды. Жанында узун, абдан узун, абдан бышык аркан жок да. Эгерде ошондой кырк кулач аркан болсо, кудай берди эле! Минтип заманасы куурулбай, минтип жүрөгү канабай, минтип туталанбай, минтип өңү самандай саргайбай эле, аркандын бир учун жоондугу кишинин санындай болгон жыгачка бекем байлап, экинчи учун белине бекем ороп, бийик аскадан абайлап, акырын гана түшүп кетмек экен. Капшайып калгырдыкы, анте албайт да. Аркан эмес, жиби да жок. Кайгыга батты...

* * *

Кечке жуук Төө комдот бир эликти бөктөрүп, ышкын менен чүкүрүнү, кымыздыкты тиштеп учуп келди. Төлөнмырза ордунан козголуп койбой, үнүн чыгарып койбой, карап койбой олтура берди. Анткен менен баарын байкагандай, баарын туйгандай. Турганда эмне, үнүн чыгарганда эмне, караганда эмне? Бийик аскадан түшө албайт да. төө комдот бөктөрүп, тиштей келегенин таштай салып, кайрадан кайдадыр учуп кетти. Эки кара ала чаркылдашкан жок. Төлөнмырза кайрадан алардын жанында калды, кайрадан жүрөгү сыздап, кайрадан көзүнөн жашын имерип алды. А бирок өлүм жөнүндө ойлоп койбоду. Кабагын карыш салып, дале үн катпай, дале кыймылдабай олтура бергенден пайда жок экенине көзү жетти окшойт, ой калчап, баарын акыл таразасына сала таразалап көрдү. Ошондон уламбы, акырын өйдө туруп, чокоюнун коңулунан шамшарды алып, шапа-шупа эликтин ичин жарып, ошол саатта ичеги-карынын ыргытып жиберди. Терисин сый-

рып, сулп эттен эки кара алага кесип берди. Алар этти сугалактык менен талашып жешти.

– Бу байкуштардын карды ачып калган тура,– деди Төлөнмырза ойлуу. – Ач болушса, анан сууктук кылышат да. – Оор улутунду. – Эт көп. Экөөңөргө тең жетет. Жетмек турсун ашып калат. Болду эми, бу силер суктук кылбагыла. Бири-бириңди жаман көрбөгүлө. Бардаш кылсаңар боло. Мен азыр силердин кардыңарды заматтын ортосунда кампайтамын. Ишенип койгула. Мен алдабайм. Алдамчынын жүзү курусун! Мен деген олуядай болгон Асан кайгынын уулумун. Даңазалуу атамдай болуп, өмүрүмдө беш өрдөгүмдү учурган эмесмин. Ыраматылык Чоро мүнүшкөрдөн көптү үйрөнгөм. Айтылуу Толубай сынчынын керемет кептерин эшиткем. Айтылуу Жээренче чечендин ибаратын алгам. Ошон үчүн энеңер мени мында алып келген да. Эгерде андай болбосо, биерге алып келмек эмес. Дагы айтам, мага ишенип койгула.

Таза калаатыдай эле да, таза аңкоодой эле да, таза жиндидей эле да. Төө комдоттун сугалак эки кара аласы ушуну түшүнө тургандан бетер айтканын... Мыйыгынан жылмайып койду. Озүн өзү минтип алаксытпаса, минтип көңүлүн жубатып койбосо болбойт да. Булар колго багылган, үйрөтүлгөн тоту куштун балапандары эмес, а жырткыч куштуку, болгондо да кыраан бүркүттүкү да! Энеси эмне алып келсе, ошону гана жейт. Курсагы тойсо болду. Ач калбаса болду. Калганы менен иштери деле жоктой... Ушуну билет дечи. Бирок айласы кеткенде, аргасы түгөнгөндө айтылган кеп эмеспи, Мындайды башкалардын башына салгылык кылбасын! Эки кара ала этке тойбой калып, катуу чаркылдашып, ооздорун ачышты.

– Бу силердин энеңер жалама аскадан түшүп кете албасымды сезип калган да,– деди Төлөнмырза шамшарды кончуна салбай. – Эгерде антпесе, адегендегидей болуп, бет маңдайдагы асканын чокусуна конот эле да. Эгерде антпесе, адегендегидей болуп аянычтуу, абдан аянычтуу шаңшыйт эле да. Эгерде антпесе, адегендегидей болуп, мени жалынычтуу карайт эле да. А бу мертебе анткен деле жок. Ойлорум бурга-

нак. Санаам сапырылган. Жүрөгүм муздак. Ошон үчүн чаркылдаганыңарды токтоткула, кыжырымды келтирбегиле.

Эки кара ала бир пас тынчтанып калды да, андан соң кайрадан чаркылдашып, кайрадан ooздорун ачышты. Төлөнмырза шайтаны мойнуна мингендей корсулдады, анткен менен эки жакты карабай, богооз сөгүнбөй, эттен дагы, дагы кесип берди. Алар дагы, дагы жеп койушту. Соргок, абдан соргок экен. Берсең жей эле беришчүдөй. Төлөнмырза жаай турган күндөй болуп түнөрүп, кейиштүү башын чайкап койду, кейиштүү күңкүлдөдү. Эки кара ала биртикеден кийин каниет алышкандай, заманасы куурулган жаш мергенчини карап коюшту. Жанагыдай ooздорун ачышпай, чаркылдашпай калышты. Төлөнмырза колдун уусу өтүп кетпесин деп, акырын сылаган да, акырын көтөргөн да жок. Эликтин терисин ыргытып жибербей, түшүп кетпегендей кылып, күндүн нуру тийгендей кылып жайып койду. Башты да ыргыткан жок. Жаны кыйналгандай терең күрсүнүп, асманга көз чаптырды: түштүк тарапта бири-бирине ыктаган сур булуттар, а чыгышта томуктай булут жок экен. Кыраан бүркүттүн карааны көрүнбөйт. Эми ал келбейт окшойт, эми жайлуу жерде түнөйт окшойт. Төлөнмырза бушайман болуп, шамшарды таштады. Шамшар жамбашка сайылып калды. Суурул алган жок. Күрс-үрс жөтөлдү. Бышак-бышак этип ыйлабады. Кутман жер эмендө. Ошол кутман жер көзүнөн учту. Нес болуп тура бергенден, ойго чөмүлгөндөн майнап чыкчудай эмес. Адегенде күкүрүнү, кымыздыкты, анан ышкынды аарчып жеди. «Төө бойдоттун жырткычтардын сай кырааны болсо да, акылдуудан бетер дегеле мага кам көргөнүн...» – деди ичинен. Алың кетип алсыраганың, коркуп калтыраганың, үмүт үзгөнүң, түңкүрөгөнүң, жылдызыңды жерге түшүргөнүң, касирет тартканың – бул турмуштун жашоого чакыргандай бүлбүлдөп күйгөн шамын көрбөй, эмитен эле жаныңдан түңүлүп, эмиги эле өлүмгө баш байлап калганың эмеспи. Бирок, өлүмдүн да өз мааналы болот. Асыл энең өлүү үчүн төрөгөн эмес. Ошондуктан муунду бошотпоонун, ындыны өчүрбөөнүн аракетин ойлоп, өзүңдү өзүң кармооң, алаксытууң керек. Ө, кудай! Өзүң

рып, сулп эттен эки кара алага кесип берди. Алар этти сугалактык менен талашып жешти.

– Бу байкуштардын карды ачып калган тура,– деди Төлөнмырза ойлуу. – Ач болушса, анан сууктук кылышат да. – Оор улутунду. – Эт көп. Экөөңөргө тең жетет. Жетмек турсун ашып калат. Болду эми, бу силер суктук кылбагыла. Бирибириңди жаман көрбөгүлө. Бардаш кылсаңар боло. Мен азыр силердин кардыңарды заматтын ортосунда кампайтамын. Ишенип койгула. Мен алдабайм. Алдамчынынын жүзү курусун! Мен деген олуядай болгон Асан кайгынын уулумун. Даңазалуу атамдай болуп, өмүрүмдө беш өрдөгүмдү учурган эмесмин. Ыраматылык Чоро мүнүшкөрдөн көптү үйрөнгөм. Айтылуу Толубай сынчынын керемет кептерин эшиткем. Айтылуу Жээренче чечендин ибаратын алгам. Ошон үчүн энеңер мени мында алып келген да. Эгерде андай болбосо, биерге алып келмек эмес. Дагы айтам, мага ишенип койгула.

Таза калаатыдай эле да, таза аңкоодой эле да, таза жиндидей эле да. Төө комдоттун сугалак эки кара аласы ушуну түшүнө тургандан бетер айтканын... Мыйыгынан жылмайып койду. Озүн өзү минтип алаксытпаса, минтип көңүлүн жубатып койбосо болбойт да. Булар колго багылган, үйрөтүлгөн тоту куштун балапандары эмес, а жырткыч куштуку, болгондо да кыраан бүркүттүкү да! Энеси эмне алып келсе, ошону гана жейт. Курсагы тойсо болду. Ач калбаса болду. Калганы менен иштери деле жоктой... Ушуну билет дечи. Бирок айласы кеткенде, аргасы түгөнгөндө айтылган кеп эмеспи. Мындайды башкалардын башына салгылык кылбасын! Эки кара ала этке тойбой калып, катуу чаркылдашып, ооздорун ачышты.

– Бу силердин энеңер жалама аскадан түшүп кете албасымды сезип калган да,– деди Төлөнмырза шамшарды кончуна салбай. – Эгерде антпесе, адегендегидей болуп, бет маңдайдагы асканын чокусуна конот эле да. Эгерде антпесе, адегендегидей болуп аянычтуу, абдан аянычтуу шаңшыйт эле да. Эгерде антпесе, адегендегидей болуп, мени жалынычтуу карайт эле да. А бу мертебе анткен деле жок. Ойлорум бур-

нак. Санаам сапырылган. Жүрөгүм муздак. Ошон үчүн чаркылдаганыңарды токтоткула, кыжырымды келтирбегиле.

Эки кара ала бир пас тынчтанып калды да, андан соң кайрадан чаркылдашып, кайрадан ооздорун ачышты. Төлөнмырза шайтаны мойнуна мингендей корсулдады, анткен менен эки жакты карабай, богооз сөгүнбөй, эттен дагы, дагы кесип берди. Алар дагы, дагы жеп койушту. Соргок, абдан соргок экен. Берсең жей эле беришчүдөй. Төлөнмырза жаай турган күндөй болуп түнөрүп, кейиштүү башын чайкап койду, кейиштүү күңкүлдөдү. Эки кара ала биртикеден кийин каниет алышкандай, заманасы куурулган жаш мергенчини карап коюшту. Жанагыдай ооздорун ачышпай, чаркылдашпай калышты. Төлөнмырза колдун уусу өтүп кетпесин деп, акырын сылаган да, акырын көтөргөн да жок. Эликтин терисин ыргытып жибербей, түшүп кетпегендей кылып, күндүн нуру тийгендей кылып жайып койду. Башты да ыргыткан жок. Жаны кыйналгандай терең күрсүнүп, асманга көз чаптырды: түштүк тарапта бири-бирине ыктаган сур булуттар, а чыгышта томуктай булут жок экен. Кыраан бүркүттүн караан көрүнбөйт. Эми ал келбейт окшойт, эми жайлуу жерде түнөйт окшойт. Төлөнмырза бушайман болуп, шамшарды таштады. Шамшар жамбашка сайылып калды. Сууруп алган жок. Күрс-күрс жөтөлдү. Бышак-бышак этип ыйлабады. Кутман жер төмөндө. Ошол кутман жер көзүнөн учту. Нес болуп тура бергенден, ойго чөмүлгөндөн майнап чыкчудай эмес. Адегенде чүкүрүнү, кымыздыкты, анан ышкынды аарчып жеди. «Төө бомдоттун жырткычтардын сай кыраны болсо да, акылдуунан бетер дегеле мага кам көргөнүн...» – деди ичинен. Алың кетип алсыраганың, коркуп калтыраганың, үмүт үзгөнүң, өңкүрөгөнүң, жылдызыңды жерге түшүргөнүң, касирет тартканың – бул турмуштун жашоого чакыргандай бүлбүлдөп күйгөн шамын көрбөй, эмитен эле жаныңдан түңүлүп, эмиден эле өлүмгө баш байлап калганың эмеспи. Бирок, өлүмдүн да өз маалы болот. Асыл энең өлүү үчүн төрөгөн эмес. Ошондуктан муунду бошотпоонун, ындыны өчүрбөөнүн аракетин көрүп, өзүңдү өзүң кармооң, алаксытууң керек. О, кудай! Өзүң

колдой көр, өзүң сактай көр дешиң керек. О дүйнөнүн жыргалынан, бу дүйнөнүн тозогу артык! Дагы кандай болоорун көрө жатаар... Кыйладан кийин шамшарды алып, талык эттен акырын кесип, үңкүрдүн ооз жагынын ыңгайлуу жерине койду. Бирок кабагын чытып, ичинен сөгүнүп алды. Төө комдоттун уясында өзүнөн бөлөк пенде жок болсо да, негедир каны шакардай кайнап, көзүнөн чаары чачырады. Шамшарды кончуна салып койбоду. «Мен шордуу адамдын кебетесиндеги бир макулук экенмин. Непада андай болбосом, жакшылап ойлонот элем да. Кара теке сүзгөндөй, эч ойлонбой эле, көзгө атаар мергендин шериктеринин бирин жаныма албай эле, аң уулоого жалгыз чыкканымды. Таякемдин алгыр тайганын да ээрчитип албаганымды. Көсөөнүн акылы түштөн кийин кирет дегендей, эми ой толгогонумду. Эгерде жанымда алгыр тайган болсо, киши болсо, Төө комдот мени илип кетмек эмес»,– деп санын мыкчыды. Бир далайдан кийин колун санынан алып, көпкө тунжурап олтурду. Анан башын көтөрдү. Эс-учун жыйгандай болуп, акырын гана жанын сыйпалады. Чөнтөгүндө там-туң баскан бөбөктүн муштумундай болгон, безбелдектин башындай болгон шамшыкал бар экен. Өзүнчө атасын көргөндөй, коңур чеченди көргөндөй, үмүт шамы бүлбүлдөп күйгөндөй, башына чырмалган суук ойду кубалагандай болуп, мулуң-мулуң этип мулуңдады. Абдан этияттап, ошол шамшыкалдын бирин биртике талкалап, үңкүрдүн ооз жагынын ыңгайлуу жерине койгон этке септи. Таякесинин үйүнөн ушул шамшыкалды алып, чөнтөгүнө салып койгону ырас болуптур. Таң заардан бери жанааракта оозуна наар алганы – ышкынды, кымыздыкты, чүкүрүнү аарчып жеген эле. Башка эч нерсе жей элек. Бир оокумда кубаты кетип, көзү тунара баштады. Чийки этти кантип жейт? Эгерде киши кийик же жез тумшук болсо, анда бир жөн эле эле. Этти чийкилигине карабай, алам заматта жеп коймок. Бирок жез тумшук да, киши кийик да эмес, а пенде эмеспи. Бул кыран бүркүттүн уясында, бул үңкүрдө мындан башка азык жок. Ого бетер заманасы куурулду. Кайрадан зээни кейип, кайрадан көзү жашылдана түштү. Өзөк жалгабаса, өсөрүп кал

дай... Өзөк жалгабаса, өлүп калчудай... Эриндерин кыбыратып, кудайга жалбарып жиберди. Ыраматылык Чоро мүнүшкөрдүн, Мунуздук хандын арбагына жалбарды, эр каган Шыбакбай-арстандын, Барс-бек кагандын арбагына жалбарды, Эрен-Улугдун, Күлүчордун, Тексин-иналдын, Эзгене-ичергинин арбагына жалбарды. Ачкадан өлүп калгысы келбеди. Пайгамбар баарына ыраазы дегендей, ушуга каниет кылуу керек. Бул жок болуп калса, эмне болот эле? Качан гана эттин каны агып бүткөндөн кийин биртикеден кесип жеп, кардын кампайтууга мажбур болду. Көзүнүн тунарганы басылып, жанагыга караганда итапкан кубаттана түшкөнсүдү. Шамшарды кончуна салып, уянын ыпта жагына жайып койгон терини карап койду. Мунун да кереги тийип калгысы бардыр... Башына үмүттүү ой чырмалды. Ошондон улам эки кара аланы, жылаңач аскаларды, асманды карап, мурдун шуу тартып койду. Түндө кирпик какпай, ой бешигин терметип чыкты. Мындай кылбаганда, анан кантмек эле? Башка ылаажысы жок да. Мукурап улутунду. Эмнегедир кечээкидей көзү тунарбады, кечээкидей кубаты кетпеди. Өзүнчө керилип, чоюлду. «Бу дүйнөгө түркүк болгон эч ким жок. Адыргы кылган анда өлөт, кылыч кылган мында өлөт, өрмөк соккон жан да өлөт. Андыктан адамдын кыйноосу санаа, өлүмү оору. Бирок шум ажал жетпесе, адам баласы жыгылбайт тура»,– деди ичтинде өзүнө өзү кайрат айтып. Жаныбек хандын кодо, бирок кыялы чатак мүнүшкөрү бар эле. Ошону ойлоду. Күндөрдүн биринде ошол мүнүшкөр Жаныбек хандын: «Менин жөн билги мүнүшкөрүм! Балалык кишиге эки келет. Бири – карыганда, бири – жашында. А сен карый элексиң. Ат кадырын, куш кадырын билесиң. Эми сен Кан ашуу тарапка барасың го. Ошол жакта түлкүнү көрсө түйүлгөн, бөрүнү көрсө үшүн алып качырган, канатынын күүсү, шукшурулган сүрү, шуулдаган добушу жүрөктү түшүргөн алгыр бүркүттүн уясы бар экен. Уяда анын кара аласы болсо керек. Сенден башка Кан ашууга бара албайт. Менин ишенгеним сенсиң. Ошол алгыр бүркүттүн кара аласын мага алып келесиң да, бапестеп багып, канаты жетилгенде таптап, тапка келтирип

бересиң. Мойнуна алтын жылаажын тагып, бутуна алтын боо байлайсың. Мен муну колума кондуруп, ууга чыгамын. Ошондуктан эрдик кылгын»,– деп барман бергенинен улам, ага кың дебей, эки колун бооруна алып, ийиле башын ийкеген да, анан үйүнө кайгырып барып, күндөй нурдуу зайыбынын: «Бу сен оолукпай эле, үйдө олтурсаң боло... Үйдөн жылан чыккан жок го. Уулум абасынын үйүнөн кечээ эле келди. Эми жакшылап эс алсын. Өзүң да жакшылап ойлон. Кабыргаң менен кеңеш. Кан ашуу ыраакта. Күлазыктан алгын. Зулум хан өлүп кетпейт. Эки-үч күн күтө турар»,– дегенине болбой эле, эртеси алгыр бүркүттүн балдарын алганы боору бекип, боконосу катып калган уулун жанына кошуп алып, Кан ашууну карай жөнөгөнүн, күндөп-түндөп жол жүрүп, акырында көздөгөн жерге жеткенин, анткен менен жакшылап тыным албай эле, эмнегедир шашкан бойдон асканын тескейиндеги урчуктарга жармашып, жапалак арчанын бутагын кармап, шырп алдырбай өрүлөгөнүн эстеди. Оор улутунуп, киртийген көзүн жумду, бир паста ай ааламды көөдөй түн текши каптап калгандай. Караан да, жылт эткен учкун да көрүнбөйт. Кокуноч тулку боюн каптай бергенсиди эле, көзүн ача салды. Жарык. Асман, тоо, жер көрүндү. Жер менен асмандын ортосунда калгандай. Төмөн да түшө албайт, жогору да чыга албайт. Кайрадан көзүн жумбады. Капкараңгыда калгысы келбеди окшойт. Жарыкта эле болгону жакшы экен. Шуу үшкүрүп, кайрадан ой элегендей болду. Жаныбек хандын кодо мүнүшкөрү аш бышымдан кийин гана көздөгөн тектирчеге жетип, бир аз эс алганын, бажактап сүйлөп, карс-карс күлгөнүн, анткен менен уулунун: «Ата, мен сизге караганда жашмын да, жеңилмин да. Кыйналбай эле коюңуз. Асканын жаракасына мен эле түшөйүн. Сиз кабатыр болбой, биерде мени карап туруңуз»,– деген сөзүн үжөт кылбай, «Айланайын, балам! Мен сенин жаш экениңди, күчтүү экениңди, жеңил экениңди билемин. Бирок сен мени эмитен эле алдан-күчтөн тайып калгандардын катарына кошуп койбо. Мен али карыя элекмин, күүдөн тайый элекмин. Апаңдын мени жанынан чыгаргысы келбегени ошондон. Алгыр бүркүттүн уясына өзүм

эле түшөм да, балапандарын өзүм эле алып чыгам»,– деп аркандын бир учун жоон арчага, экинчи учун белине бекем байлаганын, андан соң баласын тектирчеге калтырып, өзү асканын күңгөйүндөгү урчуктарга бутун такап, абайлап, акырын гана төмөн түшө баштаганын, бир маалда буту тайып, аркан эки-үч буралып кетип, абада салаңдап калганын, ошентсе да оң-алеттен кетпегенин, жүрөксүп калтаарыбаганын, а коркконунан көзү бакыраңдап кеткен боз уландын: «Ата! Атаке-е!» – деп бакырып жибергенин, «Коркпо, уулум, коркпо! Аркан бышык. Эч үзүлбөйт. Бу аркан менден оор, менден зор, менден күчтүү абаңды да көтөргөн. Ошондуктан абаң жүрөксүп калтаарыбай эле түшүп, асканын жаракасынан бүркүттүн кара аласын алып чыккан. Эми мен да ошентемин. Эгерде минтпей турган болсом, каардуу Жаныбек хандын каарына калып, абдан катуу жазаланып каламын. А муну түк каалабайм!» – деп мүнүшкөрдүн уулунун көңүлүн жубатып койгонун эстеди. Колу менен бетин басып, дароо оор улутунуп койду. Бирок турган жок. Мүнүшкөрдүн уулунун буга ишенгенин, арканды кош колдоп тартып, таканчык табууга аракет кылган атасына жардам бергенин, коркунучтун жакындап келатканын сезип калышкан кара алалардын ачуу чаркылдашканын, куду ошол учурда асканын чокусунда Жанбоздун пайда болуп, аларга обдулганын, кайта көз ирмемде токтой калып, кайра көккө атып чыкканын, анан алам заматта типтик шукшурулганын, чый-пыйы чыгып, эки жакты элеңдеп караган боз уландын: «Ата! Атаке-е! Сактаныңыз! Алгыр бүркүт төбөңүздө!» – деп кайрадан кыйкырганын, муну уккан мүнүшкөр селт эткенин, бирок саадактан жебе алууга үлгүрбөй, кындан бычакты сууруганын, бычактын курч мизи жарк-журк эткенин, каршы-терши шилтенгенин, Жанбоздун буйтап, алеки саатта көкөлөп, анын үстүнөн чарк айланганын, биртикеден соң кыраандын дагы калдайган кош канатын куушуруп, жан далбас кылып коргонгон мүнүшкөрдүн ал өзүн карай сызганын, аны жонго тээп өткөнүн, байкуштун көзүнөн от чагылып, колунан бычак түшүп кеткенин, ошого карабай ашкере шамдагайлык кылып, сол колу менен

арканды бекем кармап, оң колу менен башын калкалаганын, ушунун баарын көрүп турган боз уландын жүрөгү оозуна тыгыла түшкөнүн эстеди Төлөнмырза. Бу мертебе колу менен бетин баскан жок. Шилекейин жутту да, кайрадан окуяга аралашкандай болду. Ошондон улам боз уландын калч-калч этип кыйкырбаганын, бир маалда өзүн токтотуп, саадактан жебе алып, шапа-шупа жаа тартканын, өтө бышык жибек жиптин зың эткени угулуп, ачып көздү жумгуча, андай-мындай дегиче зыркырап учкан жебе каардуу шаңк этип, кайрадан атасына карай шукшурулган Жанбоздун көкүрөгүнө сайылганын, асканын түбүнө талп этип түшкөнүн, анткен менен өлгөн бүркүттүн түгөйүн эми көрүп, жалт бурулганын, каары ичинде кайнаган Келтебоз[1] асманга алам заматта атып чыгып, кайра эле калдайган кош канатын шукшуруп, кайрадан качырып сала бергенин, алактаган боз уландын буйтаганын, бирок буту тайып, аскадан кулап кеткенин, Келтебоздун өч алгандай, табасы кангандай шаңшып жибергенин, жаракадагы ачуу чаркылдашкан кара алаларын карай учканын, мүнүшкөрдүн: «Уулу-ум!» – деп кыйкырганын, капчыгай ичи жаңырганын, анткен менен дал болуп калбай, кайрадан арканды кош колдоп кармап, урчуктарды таканчыктап, кыйладан кийин тектирге чыкканын, ары карай дикилдеп басканын, анан эңкейип караганын, тээ төмөнтө уулунун башы жарылып, кабыргасы сынып, колу сынып, буту сынып, өз канына өзү боёлуп, өлүп жатканын көрүп, башын мыкчып, өксөп-өксөп жибергенин, көзүнөн жашы он талаа болгонун токтотуп, ушул жакка жумшаган Жаныбек ханды карган шилегенин эстеди. А бирок, мына ушул кайгылуу окуйаны башта эмес, жалама зооканын боорундагы Төө комдоттун уясында, жерге кантип түшөрүн биле албай, ичи өрт менен жалын болуп, касирет тартып олтурганында эстегенин... Шум ажал ала турган күнүн айтып келбейт тура. Эми ушул үңкүрдө өлүп калса, атасы байкуш кантет, апасы байкуш кантет? Экөөнүн көргөн күнү эмне болот? Ушуну ойлогондо, ансайын

[1] Жанбоз, Келтебоз – абдан кыраан бүркүттөрдүн бир түрү.

жүрөгү сыздап, көзүнөн жашы кылгыра түштү. Кул пенденин дүйнөсүнөн бөлүнүп, жападан жалгыз калгандыктанбы, зээни кейигендиктенби, айтор, чырым этип да албады. Мындайда уйку кайдан келсин. Уйку дегениң мындайда жаа бою качып калат эмеспи. Шуу үшкүрүп, өлөрүнүн күнүн самагандай бүрүшүп олтурду да, эртеси жайылып турган терини алып, анча-мынча ийлемиш болду да, кыйладан кийин алдына салып жатты. Кызарып калган көзү илинди...

* * *

Туш тарапка мунарык түшүп, төөнүн корголундай мөндүр дабырттап жаай баштады. Аркайган асканын, жалама зоокасынын алды жагы биртикеден кийин аппак болуп калды. Ошонун эртеси Төө комдот түшкө маал килейген тоо текени бөктөрүп, бир тал мээр чөптү тиштеп келип, уйага акырын таштады да, эмнегедир түндүк тарабын сур булут каптаган асманга атып чыкпай, дал үстүнөн чарк айланбай, бирде эки кара аласын, бирде ирени кер сары болгон жаш мергенчини карап койду. Анан маңдайдагы асканын ары жагынан үн салган улардын тилин тыңшабай эле, «Эй, адам баласы! Муңая бербе. Кайгыра бербе. Көзүңдү жашылданта бербе. Сен өлбөйсүң. Мен сени биерге өлсүн деп алып келген эмесмин, кара алаларымды баксын деп, аман сактасын деп алып келгем. Жашайсың. Ишенип кой, мен сага жамандык каалабайм. Сенин алпейимиңди албайм» дегендей мойнун созуп койду да, биртикеден кийин обого акырын көтөрүлдү, анткен менен жылыстап кетпей, калдайган кош канатын жай кагып, ийги [illegible]ыбай, койкойгон мойнун бурбай, эки көзүн аландатып, [illegible] бүтүн салаңдатып, абдан жапыз учту.

Толонмырза мурдун шуу тартып, бир тал мээр чөптү акырын алып, үңкүрдүн төр жагындагы көрүнөө жерге койду да, [illegible]гесин кашылап, кыраан бүркүттү карабады. Кейпи [illegible]ттуу, көзү киртейиңки. Көкүрөгү муңга, ичи арманга [illegible] түшкөндөй... Аска боорундагы үңкүрдө эле эмес, каардуу [illegible]ним хандын зынданында жаткандай...

* * *

Чокусуна булут түнөбөгөн, анчалык бийик эмес аска. Төө комдот ушул аскага конуп, далай жылдан бери кайгысын бөлүшкөндөй болгон аскага, арылбас арманын эшиткендей болгон асманга датын айткан өңдүү шаңшып жиберди:»Кийак-кийак...» Бул кайрадан аянычтуу, абдан аянычтуу угулду. Шондон улам Төлөнмырза:

– Алда кургурум ай! Бу сага убал, абдан убал болду го. Дагы жүрөгүңдү сыздатып, дагы айанычтуу шаңшыдың го. Мейли, эми сен шаңшып, шаңшып, ичиңдеги бугуңду чыгарып алгын! Балким жеңилденип калаарсың,– деп көкүрөгү муңга толгон Төө комдотту айап, башын тизесине койду. Ошо бойдон козголгон жок. Жылаңач аскалар. Чаркылдашкан кара алалар. Ой-санасы алда кайда кеткен өзү. Аянычтуу шаңшыган Төө комдот. Башка мырс эткен жан жоктой. Кайрадан башын көтөрүп, кайрадан кежигесин кашылап койду да, андан соң: «Өзүмдүн абалым бычактын мизинде калганын капарыма албагандай болуп, аянычтуу шаңшыган Төө комдотту аяганымды ... Эми мен байкушту ким зынарлайт? Эми мен байкушту ким куткарат? Балким тайкем айылдагы ары пам[illegible] дагай, ары эпчил жигиттерди, куштун сырын билген мүнүшкөрлөрдү, ой-кырды кыдырып аң уулаган мергендерди чогултуп, мени издеп, бул жакка келип калгысы бардыр. Непада ошенте турган болсо, тайкем акылдуулук, ашкере эр[illegible] дик кылды го. Балким мындай кылбастыр. Кур кыялданбо[illegible] йынчы... Мени келип калаар деп, үйүндө эле күтүп жаткан[illegible] дыр. Ошондой болушу да мүмкүн. Таякем менин асканын боорунда калганымды билбейт да. Балким алыстагы Миң[illegible] шар менен Төлөмырза мени издеп, ушул тарапка келип [illegible] лаар. Келип калганда деле, алардын колунан эмне келмек[illegible] Эчтеме келбейт да. Ардемени ойлой бербестен, бардык [illegible] кубатымды жыйып, үнүмдүн болушунча кыйкырсамбы? К[illegible] кырсам деле, менин үнүм жетпейт да. О, Кудай! Бу эмне [illegible] ганың? Уурулук кылган деле жок элем го. Каракчыларга [illegible] шулуп, кербендерди карактаган деле жок элем го. Ээн т[illegible] дан кезиккен келинди зордуктаган деле жок элем го. К[illegible]

кор зулум хандын кактабай эт жегенден, кайнатпай кан ичкенден кайра тартпаган жасоолдорунун бирин да өлтүргөн жок элем го. Жакшылык өмүр шамы экенин, чөккөн көңүлдү чалкытарын, өчкөн отту тамызарын билбеген обозгердин күндөй нурдуу көрөр көзүнүн койнуна кирип, кумарлануунун жалынында ысыган жок элем го. Кычаштык кылып, кычык сүйлөп, кыз ойунда чыр чыгарган деле жок элем го. Ары ач көздүк, ары зулумдук кылып, бечеранын малын тартып алган деле жок элем го. Деги кай жеримден жаздым экен? Кай жеримден жаңылдым экен? Кандай күнөө кылдым экен?» – деп ойлоду. Дагы тизесине башын койуп, дагы бүрүшүп, дагы былк этип койбоду. Бир оокумда мүңкүрөп олтура бергенден тажагандай болуп турду да, чокойунун кончунан шамшарын алып, килейген тоо текени мууздап, ичин жарып, ичеги-карынды ыргытып, терисин акырын сыйрыды. Бирок терини ыргытпай, эбин таап, ыңгайлуу жерге жайып койду. Эки кара алага [illegible] эттен чоң-чоң кесип берди. Экөө сугалактык менен этти жей баштады...

* * *

Эмдигиче үйлөнө элек болучу. Бирок кумар көзү бар эле. Кумар көзү каардуу, зулум Жаныбек хандын кара мүртөз [illegible]еринин балдызы. Ал жемекор, ичи тар күйөөсүнөн чыгып, төркүнүнө баса берген. Ошол ажардуу жубанды алгач ирет өткөн жылдын жай мезгилинде, жылдыздуу түндө, Ак-Буура дайрасынын боюнда, шайыр жаштар өздөрүнүн жайына тарашпай, ак чөлмөк ойноп жатканда көргөн. Оюндун кызыгына баткан. Шайыр жаштар түндүн бир оокумунда гана тарашкан. Ай чырайлуу жубан ак маралдай бурала басып, кундуз чачы чубалган, ажардуу жамалы нурданган, [illegible]й бою суналган курбуларына майин сүйлөп, майин күлгөн. Ошонун эртеси да кырандан ай кылтыйып, шооласы [illegible] текши тийгенде, шоокум сала туйлап аккан дайранын жээгиндеги тукабадай кулпунган туланга көңүлү тетик, [illegible] мүчө, назик мүнөз, кымча бел, ак жүздүү курбуларын дагы баштап келип, дагы шатыра-шатман жаштарга ко-

шулган. Эмнегедир топ кыздардын, топ келиндердин арасынан анын ак жүзү ай шооласындай ажарданып, капкара көздөрү жоодурап, бөтөнчө сүйкүмдүү, бөтөнчө сулуу көрүнүп, Төлөнмырзанын жаш жүрөгүн элеп-желеп кылгандай болгон. Айтор, ошондонбу, аны көз айрыбай карап калган. Шайырланып сүйлөшкөн, шайырланып күлүшкөн кыз-келиндер менен жылдыздуу жигиттердин бир тобу даңкы дабан ашып, узун элдин учуна, кыска элдин кыйырына жетип, аттын кашкасындай таанымал болгон Асан кайгынын жалгыз уулунун ач көздүгү, куйтулугу, куулугу ченде жок, жалаа жапканга маш обозгердин жубан балдызына көзү түшүп калганын сезишсе, бир тобу сезишкен деле эмес. Оюн дегенде жантыгынан жата калышкан шериктери элес кылып коюшпай, жалындуу көздөрүн ойноктотушуп, сөзгө чебердигин көрсөтүшүп, жароокер кыздарга, жароокер келиндерге тийишип шоктонушкан да, андан соң жаштарды айтегерек олтургузуп, жоолук таштамайды баштаган. Ушул жоолук таштамай оюнунда Төлөнмырза чырактай болуп олтурган жубан менен таанышкан. Жаштардын кыраан-каткы күлкүсү Ак-Буура дайрасынын шоокумуна кошулуп, алда кайда угулуп турган. Атынын заты жарашып, Айжамал экен. Айжамал жоолук таштамай ойнолуп бүткөндөн кийин эле, эмнегедир кийинки оюнду – ак чөлмөктү ойноп киришкендерге кошулбай, мажүрүм талдын түбүндө жалгыз туруп, толукшуп толгон айды муңайып караган. Төлөнмырза пайитин таап, шериктеринен бөлүнүп, муңайган сулуунун жанына барган да, акырын сүйлөп, акыл менен имерип, сыпайы, сылык экенин көрсөтүп, акырын гап кепке тарткан. Мына ошондо Айжамал:

– Бу сен жапжаш болуп турсаң да, баралыңа толуп, далайды көрүп, далайды билип калган мырзадай адебиңди бек сактап, дегеле сылыктык менен сүйлөп, көзгө толумдуу экенсиң, – деди ууртунан жылмайып.

– Коюңузчу, жаш сулуу! – деп Төлөнмырза кежигесин кашылап койду.

– Койбой-этпей эле...

– Бу сиз бир сырдуу, көп кырдуу окшойсуз.

– Балким,– деп Айжамал теше тиктебеди.

Төлөнмырза мажүрүм талдын бутагын кармап, ойго баткандай унчукпады.

– Бу сен Чомотой саятчыны билесиңби?– Айжамал акырын сурады.

– Билемин. Бул тууралуу ыраматылык Чоро мүнүшкөрдөн уккан элем,– деди Төлөнмырза мажүрүм талдын бутагын коё берип.

– Менин обозгер жездем Чомотой саятчыны билбейт.

– Калдайган калың букаранын канын соргонду билсе болду да.

– Акыры бирди көрөт го.

Төлөнмырза шуу үшкүрүп жиберди да, биртикеден кийин кайрадан сыпайы, сылык сүйлөп, кептин нугун башкага бурмак болду: – Эгерде мен азыр табышмак айтсам, бу сиз капа болбой табасызбы?

– Эмне, эми сен дагы мени сынагың келип калдыбы? – Айжамал таарынгандай кабагын бүркөдү. – Мен алда качан сындан өткөнмүн.

– Сиздей сулууга сын жок,– деди Төлөнмырза бажырандап.

– Андай болсо тапкан тапалак. – Айжамал кайрадан жаркылдады булут арасынан суурулуп чыккан айдай болуп. – Айта бер, жаш мырза! Кулак сенде, айтылуу Жээренче чечендин ибаратын алган азамат!

– Мени абдан мактап жибердиңиз го.

Айжамал күлүмсүрөп айды карады. Толукшуган ай. Айдын тегерегинде жымыңдашкан жылдыздар.

– Бу жалган дүйнөдө жамандын жаманы эмне? – Төлөнмырза жоодурай тиктеди.

– Жамандын жаманы өлүм болот. Ошондуктан өлүм коркунучтуу. Менин өлгүм келбейт. Сенин да... Хандын да, обозгердин да... Дегеле эч кимдин өлгүсү келбейт. – Айжамалдын назик үнү бариктей дирилдеп чыкты.

– Бу жалган дүйнөдө таттуунун таттуусу эмне?

– Таттуунун таттуусу асыл жан болот. Куш өмүрдө шум

ажал келбесе экен деп, эртеңки күндү көрсөк экен деп тилейбиз.

– Бу жалган дүйнөдө ачуунун ачуусу эмне?

– Ачуунун ачуусу канкор, залим хан болот. Неге дегенде канкор, залим хан ырайым кылбай, бирөөнү өлүмгө, бирөөнү зынданга салууга, дагы бирөөнү жардан кулатууга өкүм чыгарат. Бул ачуунун ачуусу эмей, анан эмне?

Төлөнмырзанын көңүл кушу оболой берди. Ошондон улам үн катпай, Айжамалдын акылдуу тиктеген көздөрүнө тике карап, самаайынан сылап койду.

– Көзгө толумдуу жаш жигит табышмагың бүттүбү? – деди ал ууртунан жылмайып.

– Бүтпөй калсын. – Төлөнмырза кайрадан жоодурап, кайрадан саамайынан сылады.

– Андай болсо айта бер. Ойлонсом табамын да,– деп Айжамал анын сылаганы, жоодурап караганы жакканын билдирбеди.

– Көгөргөн көк менен касиеттүү жердин ортосу канча күндүк жол болду экен?

– Көгөргөн көк менен касиеттүү жердин ортосу каш менен кабактын ортосундагыдай эле. «Кандайча?» дегендей болуп, мени таңыркап караба, жаш мырза! Эгерде кашыңды көтөрүп, өйдө жакты карасаң, көгөргөн мухиттей көк асман көрүнөт. Эгерде төмөн жакты карасаң, касиеттүү жер көрүнөт.

– Калп менен чындын ортосу канча күндүк жол болду экен?

– Көзгө толумдуу жаш жигит. Калп менен чындын ортосу төрт гана элидей эле. Кулак менен укса калп, көз менен көрсө чын. А кулак менен көздүн ортосуда төрт элидей ыраактык бар.

– Күн чыгыш менен күн батыштын ортосу канча күндүк жол болду экен?

– Күн чыгыш менен күн батыштын ортосу күн үчүн бир эле күндүк жол. Анткени, күн таң атканда чыгып, кечинде кайра батат. Жолдо конуп-түнөп жүргөн күндү эч ким көргөн элек.

Төлөнмырза жүрөгү жылып, жашыл барикти кармады, бирок үзүп алган жок. Ушундан үч күн өткөндөн кийин, экөө кайрадан ушул жерде жолугуп, ушул жерде алгач ирет сырдашкан, ушул жерде көзүнө көзү кадалып, түгөйлүү боз торгойдой ыкташып, түгөйлүү ак кептердей жанашып, кош кайыңдай кыналышып, кош теректей бой керишип, кыйлага бөлүнүп кеталышпай турушкан. Бул да болсо, абдан тунук, аруу сүйүүнүн күчү! Эгерде тунук, аруу сүйүүнүн күчү болбосо, экөө минтип тиктешпейт эле, минтип сырдашпайт эле, минтип кыналышпайт эле, минтип ыкташпайт эле, минтип бой керишпейт эле, минтип жанашып турушпайт эле; шакылдап сүйлөшүп, шаңкылдап күлүшүп чымчылашмак да, шоктонуша кучакташып, мамыктай тулаңда аркар менен кулжадай оонашып, кубалаша ойношуп, жыргалга батышкандай махабат көлүндө сүзүшүп, ышкы отунда алоолонушмак да, анын эч нерсе болбогондой басып кетишмек. Антишпей адебин бек сакташып, асылдыгын көрсөтүшкөнү да ошондон. Эртеси жамгыр жаап, үйдөн чыкпай олтуруп калышкан. Ошондон улам кезигише алган эмес. Жаштар кайрадан топтолушуп, кайрадан дайранын жээгинде дуулдап ойноп-күлүшкөн кезде экөө дагы жолугушкан. Айжамалдын шөкүлөсү көк тирен, саймалуу боз көйнөгү кош этек. Кундуздай кара чачы тыкымына жетчүдөй чубалжып, ак жүзү ого бетер ажардашып, сурмалуу көзү ойноктоп, жүрөгүнө чок салып, акылы жетик, сезими тунук. Төлөнмырза кымча бел, кара каш, оймок ооз анын сулуулугуна эле эмес, дилинин тазалыгына, пейилинин түздүгүнө да суктанган, кеп кадырын билгендигине, таасын сүйлөгөнүнө, дилбардыгына да суктанган. Шайыр жаштардын бир тобунун күңкүлүн кулагы чалса да, эмнегедир терикпей, эч туталанбай, «Атка бергис кунан бар, кызга бергис жубан бар» деп жаркылдап, адеп менен күлүп койгон. Башка болсо куйкасы кушуруп, корс-корс этмек. А бул анткен жок. Зээндүүлүгүн, токтоолугун көрсөткөн. Мына ушуну сүйгөнданбы, сынаганданбы, айтор:

– Ай, жылдыздуу жаш жигит ай! – деп Айжамал наздантты. – Бу оомалуу-төкмөлүү дүйнөдө жайын билбей жер тан-

даган кызык экенин, алын билбей эр тандаган бузук экенин билип турсаң да, дегеле аныңды тигилерге билдирбемиш болосуң.

– Жакшы кыз эрден чыкпайт. Эрден чыкса да элден чыкпайт. Андыктан ар кандай ойго чырмалбагын.

– Жаныбек хандын ордосундагы нурдуу селкилерди эле эмес, кырмызы кийип үлпүлдөгөн, жыпар жыттуу, бал сөздүү келиндер да, ай чырайлуу айымдар да, чырактай кыздар да «Асан кайгынын көзгө толумдуу уулу чыгаан мерген эле эмес, сөзгө чебер да экен» дешет го. Алардын айткандары чын болсо, бу сен мага такалбай, шыр гана жооп берчи. Канткенде чер жазылат?

– Акылы жетик, көңүлү жетик, торгой үндүү, бал сөздүү, ары камбыл, ары дилгир сулуу алса, жигиттин чери жазылат. Бугудай мойнун бураган, чуу чыкканда күчөгөн, маңдайында багы бар, кулагында шамы бар, буудан сындуу ат минсе, жигиттин эле эмес, жоокердин да чери жазылат. Башкарган ханы, бийлеген бийи адилдик, калыстык, камкордук кылса, элдин чери жазылат. – Төлөнмырза күлүмсүрөп карады.

– Токтолбой айта бер.

– Адил хандын ажардуу канышасы ушакчылардын кебин укпай, ала жипти аттабай, ак көрпө жайыл болсо, сарамжалдуу, нускалуу, эстүү болсо, катын-калачтардын эле эмес, карымартаңдардын да чери жазылат. Айгай салып жоону ашуудан ашыра сүрсө, баатырдын чери жазылат.

– Дагычы? – Айжамал жаркылдап тиктеди.

– Бурганактап кар жааса, кыштын чери жазылат. Нөшөрлөп жамгыр жааса, жаздын чери жазылат. Ыркырап шамал жүрсө, жондун чери жазылат. Ат чабышта таптаган күлүгү озуп келсе, саяпкердин чери жазылат. Бөктөрүп карышкыр алса, бүркүттүн чери жазылат. Түйүлүп түлкү алса, шумкардын чери жазылат. Качкан калтарды кууп жетип толоорсуктан тиштеп алса, тайгандын чери жазылат. Шырдак шырып, сайма сайса, уздардын чери жазылат. Ары акылдуу, ары жүрөктүү, ары сүйкүмдүү жигиттерди карашып,

шыңкылдашып күлүшсө, шыбырашып сүйлөшсө, кыздардын чери жазылат. Бутага жебеси дал тийсе, мергендин чери жазылат.

– Жыпар жыттуу, бал сөздүү кыз-келиндер бекер айтышпаптыр. Бу сен чынында эле сөзгө чебер экенсиң. – Айжамалдын жүрөгү толкуду.

– Мен айтылуу Жээренче чечендин ибаратын алгам да, мутабар мүнүшкөр Чородон көптү үйрөнгөм да. – Төлөнмырза дагы күлүмсүрөп койду.

– Жаныбек хан да, обозгер жездем да сендей эмес. Алардын ойлогону башка, көздөгөнү башка. Кеп кадырын, өмүрлүк жар кадырын, сулуу кадырын билбейт. Кошоматка тай сойгонду, камчысын чапканды, таламын талашканды жакшы көрүшөт. Ушундайларды канатына калкалап турушат.

– Колунда байлыгы, бийлиги болсо, анан камандай күркүрөшөт да.

– Артык дөөлөт баш жарарын билишпесе, сезишпесе, күркүрөй беришет эмеспи.

– Койчу аларды. Жумурай журттун канын соргондор да.

– Кокустан эле Жаныбек хан каарына алып, экөөбүздү [illegible]лай турган болуп калсачы?

– Коркпо, сулуу, коркпо!

Айжамал оор улутунуп койду.

– Жаныбек хан сага көзү түшүп калса, бирок кууланып, [illegible]сын билдирбей, сени сынап көрмөкчү болуп, «Эй, обозгердин айдай сулуу балдызы! Мобуреги кекиликти, отуз жумуртканы эжеңдин ак өргөсүнө алып баргын. Анан отуз жумуртканы бастырып, эртең эмес, бүрсүгүнү балапандары менен кекиликти мага алып келгин» деп калса, эмне дейт элең?

– Эгерде хан чындап эле ошенте турган болсо, мен тир[illegible] карабай, тикчиңдеп сүйлөбөй эле, бергенин алмакмын [illegible], эжемдин үйүнө барып, кекиликти союп, жүнүн жулуп, жумуртканы бышырып жемекмин. Ошонун эртеси күмүш [illegible] таруунун уругун салып, ордого жалгыз келип, «Так[illegible]! Колумдан кекилик чыгып, бадал арасына учуп кетти. [illegible] арасынан издеп, кекиликти табалбай койдум. Байкуш

эжем көзүн тостойтуп, жумуртканы басып жатат. Бирок, бул таруунун уругун берип жиберди. Эртең жер айдатып, таруунун уругун септирип, өстүрүп, бүрсүгүнү бышыртып, орокчуларга ордуруп, кырманда бастырып, капка данын салдырып коюңуз. Антпей, турган болсоңуз, балапандар ачкадан өлүп калат» дегенди ханга айтып, кайта баса бермекмин.

– Ай, зирегим ай! Ай, акылдуум ай!

Экөө күлүп калышты. Бир пастан соң шайыр жаштарды карай басышты, анткен мен кыналышпады, кийинки күнү кайрадан кезигишип, кайрадан байистүү сүйлөшүп, кайрадан бактылуу күлүштү. Дайраны бойлоп жүрүшүп, түгөйлүү көгүчкөндөй кубалашып, жыргалга батышкан да, андан кийин кош чынардын бутагындай бириге калышып, аз жерден коргошундай эрип кете жаздашып, араң дегенде токтошкон. Бирок кийинки жолкуда миң чиркелген Улуу Тоонун түгөйлүү уларындай кошулуп турушкан, томуктай булут жок асмандагы кош жылдыздай жымың-жымың этип турушкан. Ошенткен учур кайда? Ошентип эт жүрөгү элжиреп, ак тамагы бүлкүлдөп, жибектей үлпүлдөгөн кумар көзү кайда? Ушу [illegible] эмне кылып турат болду экен? Балким муңайып, жол кар[illegible] тургандыр. Балким каректерин талытып, жол карабай [illegible] эжесинин үйүндө күтүп жаткандыр. Балким түпсүз деңиз[illegible] терең ойго чөмүлгөндүр. Же үнүн чыгарбай, ичинен ый[illegible] аткандыр. Эми мен сезими тунук, акылы жетик, маңда[illegible] жарык, ырыска шерик кумар көзүмдү көрбөй каламбы? Ушун[illegible] дай ойго чырмалганда, Төлөнмырзанын денеси мөңгүнүн [illegible] дындагы таштай муздап кетти.

* * *

Жанга жагымдуу жел да жүрбөдү. Төлөнмырза каны [illegible] кансып, өлгүдөй суусады. Суу ичип, чаңкоосун канды[illegible] алайын десе, үңкүрдө бир тамчы суу жок. Жамгыр [illegible] жакшы болот эле, кочушун жаанга тосуп, жаандын суу[illegible] ичип алат эле. Өчөшкөнсүп, өлүм каалагансып, жамгыр [illegible] жаабай койду. Биротоло ындыны өчүп, жылдызы жерге түш[illegible] шайы ооп олтуруп калганда көзүнө төр жактагы бир та[illegible]

чөп урунду. Муну көргөндө сүйүнүп кетти. Акырын алып, акырын жалбырагын үзүп, акырын оозуна салды да, калганын ордуна кайра койду. Эми бардык үмүтү мына ушул мээр чөптө. Жутуп жибербей, чайнабай, кыймылдабай олтура берди. Бир оокумда оозундагы мээр чөптүн жалбырагынын өзгөчө касиети таасир этти окшойт, каны каткансыганы басылып, карды ачканы билинбей, чөккөн көңүлү көтөрүлүп, бүркөлгөн кабагы ачылып, кадимкидей кубаттанып калды. Ошентсе да түкүрүп салган жок. «О, касиетиңден кагылайын, мээр чөп! Мен шордууну өлүмдөн алып калдың. Ыраазымын сага!» – деп жиберди. Эки кара ала чаркылдаша баштады. Төлөнмырза чокоюнунун кончунан шамшарды алып, килейген тоо текени мууздап, терисин сыйрыды да, ичеги-карынды мурдагыдай эле сыртка ыргытып, майлуу эттен кесип берди эле, чаркылдашкан кара алалар заматтын ортосунда жеп коюшту.

– Ай, сугалактар ай! Ай, тойбостор ай! – деп Төлөнмырза күлдү. Дагы эт кесип берди. Алар этти дагы жеп коюшту. Бирок чаркылдашпай калышты. Төлөнмырза терини жайып, бул эттен ичкерээк, узунураак кести да, үңкүрдүн ыңгайлуу жерине абайлап койду. Каны аксын да, сүрсүсүн да. Шамшыкалдын майдасынан биртике септи үстүнө. Эки кара ала чаркылдашпай карап коёт.

* * *

«О, аксакалы жайкалган, акылдын түбүн байкаган, адилеттен тайбаган Шыбакбай-арстан каган! О, аскар тоодой заңкайган, кыраан бүркүттөй кымпыйган Барс-бек каган! Мен тоодой болгон атамды көрбөй, даназалуу саяпкерди көрбөй, [illegible] чеченди көрбөй, бармактайдан бирге өскөн Миңжашар менен Төлөмырзаны көрбөй, акылы жетик, көңүлү тетик [illegible] көрбөй, алардын үнүн укпай, Кожожаш мергендей болуп, бийик аскадан түшө албай, алгыр бүркүттүн уясында иңүмдү самандай саргайтып, киртейген көзүмдү алактатып, жүрөгүмдү сыздатып олтурам. Артымдан издеп келген кишим жок. Санаам санга бөлүнгөн. Оюм туман. О, кабыландай кайраттуу Күлүчор! О, сүлөөсүндөй керилген, сүйлөсө

жанды эриткен Эрен-Улуг! О, ач арстандай чамынган Тексин-инал! О, караңгыда жол тапкан, капилеттен сөз тапкан Эзгене-ичерги! Мен жумурай журтумду сагынып, айылымды сагынып, тели-теңтуштарымды сагынып, атам менен чеченди сагынып, апамды сагынып, сезими тунук кумар көзүмдү сагынып, а бирок буларга жете албай, аркайган асканын боорундагы үңкүрдө турам. Жанымда Төө комдоттун эки кара аласы. Ичим өрт менен жалын. Көңүлүм уйгу-туйгу. Айтор, ошондонбу, ак булуттай сызган ой да башыма келбес болду. Коркунучтуу ажал тооругандай... Мен силердин урпагыңар болом го. Арбагыңардан айланайын. Атам айтып калчу эле, коңур чечен айтып калчу эле: арбактар баарын сезип турушат, баарын көрүп турушат деп. Мага боор ооруп, мени шум ажалдын суук колуна салып бербегилечи. Өлүмдөн куткарып кала көргүлө. Колдой көргүлө».

Төлөнмырза ушинтип эр кагандын, көйкашка шер кол башчылардын арбагына жалбарды.

* * *

Күн бүркөк. Улардын ышкырганы угулбайт. Аркайган ас[illegible] калардын арасы мемиреп тынч. Жез тумшуктардын да, киш[illegible] кийиктердин да караандары көрүнбөйт. Кайберендер да кай[illegible] дадыр ооп кетишкендей... Төлөнмырза мына ушул мемиреге[illegible] тынчтыкты бузуп кыйкырган да, бүркөк асманды көзү тал[illegible] ганча караган да жок. Өткөндөгүдөй болуп, кымыздык мен[illegible] ышкынды, чүкүрүнү аарчып жеп, өзөк жалгады. Бул да бо[illegible] со жоктон көрү жогору эмеспи. Ушуга да каниет кыла [illegible] чылган кабыктарды сыртка ыргытты. Бир оокумда Төө ко[illegible] дот кечээкидей эле, бүгүн да килейген тоо текени бөктөр[illegible] келип таштады да, анын адатынча кайдадыр учуп кет[illegible] Төлөнмырза кайрадан уяда, эки кара аланын жанында [illegible] берди. Эмнегедир кара алалар чаркылдашпай, дегеле мом[illegible] суп жатышат. Ошентсе да, Төлөнмырза жалгызсыраган[illegible] болду. А бирок кыжалат боло бербеди, кейип кепчиген [illegible] ачуулана сөгүнгөн да, жашоодон үмүт үзгөн, жандан түңүл[illegible] ойлорго кабылган да, жүрөксүп калтаарыган, бетин колу[illegible]

нен баскан да жок. Анткен менен башын мыкчыды, санын мыкчыды. Кыйладан кийин тык-тык жөтөлүп, акырын турду да, «Түлкүнү көрсө түйүлгөн, шып гана илип кетем деп сүйүнгөн; бөрүнү көрсө обдулган, көзгө илешпей дал үстүнөн качырган, курч текөөрүн матырган Төө комдот жырткыч болсо да, айбандан башкача, канаттуудан өзгөчө акылдуудай, өзүнүн эки кара аласын кантип сактап калууга айла тапкан соң акылы бар, сүйлөгөнгө тили бар, кармаганга колу бар, басканга буту бар пенденин баласы болуп туруп, болгондо да олуя чалыш Асан кайгынын уулу болуп туруп, мен кантип эле өлбөй калуунун, бийик асканын боорунан түшүп кетүүнүн, атам менен апамдын маңдайына баруунун, коңур чеченди, айтылуу саяпкерди, кумар көзүмдү, тели-теңтуштарымды көрүүнүн бир айласын табалбай калайын»,– деген ойго чырмалып, кечээ жасаган ишин азыр да жасады. Тагдырдын жазмышынан кыйгап өтүүгө таптакыр бөлбойт тура. Ошондон уламбы, айтор, бийик асканын боорундагы жашоого акырындык менен көнө баштагандай... Минтпестен башка ылаажысы жок да.

* * *

Күн күркүрөбөдү. Чагылган чартылдабады, жамгыр себелебеди. Төлөнмырзанын ойлогону эле кантип жан сактоо, кантип аман калуу, кантип бул азаптан кутулуу. А кыраандыгы эсинде жок Төө комдоттун эки кара аласына эмне? Экөөнө баары бир да. Өз уясында. Жегени семиз текенин эти. Карды ачпайт. Сугалактык менен этти жегенди эле, курсагын тойгонду эле билишет. Башка менен дегеле иши жоктой. Кыргоолдун жыргалы эле ушулардыкы. Кош канаты болуп калсачы. Ой, анда кош канатын кагып, бир паста учуп кетет эле. Тилекке каршы, кош канаты жок да. Төлөнмырза өкүнгөндөй, арман кылгандай үшкүрүндү. Кыйладан кийин Кулубай сынчынын уулу Миңжашар, Жээренче чечендин уулу Төлөнмырза болуп, дайранын бери жагындагы талаага барганын, талаадан тезек тергенин, тузак тартканын, от жакканын, тулгасына түшүп калган кекиликтин, кыргоолдун жүнүн

жулуп, ичин жарып, этин отко бышырып жегенин, дайрада күмүш канат балыктай чабак урганын, кумдуу жээкте жатканын, чымыр денесинин күнгө күйгөнүн, тезекти капка салып, үйгө көтөрүп келгенин, ат чапканын, шериктеринен ашып кеткенин эстеди. Кайрадан олтурбай, ичинен кыңылдап, абдан кайгылуу, абдан армандуу ыр ырдагандай болду. Эмнегедир эки кара ала ушуну жактырышпагандай чаркылдашты эле, Төлөнмырза ырдаганын токтотуп, аларды карап койду. Анткен менен бөпөлөп сылаган жок. «Миңжашар менен Төлөмырза тулпар чалыш аттарын таскактатышып, мени издешип, асканын түбүнө келип калышса, кандай сонун болот эле! Жерге түшүп, аттарын тушай коюшуп, упузун шыргыйдан шаты жасашып, мен шордууну аскадан түшүрүп алышса, кандай жыргал болот эле!» – деп ойлоду, кайта: Миңжашар менен Төлөмырза менин заманам куурулуп, көзүмдөн ыйык жер учуп турганын, Төө комдоттун уясында олтурганымды билишпейт да»,– деди ичинен муңканып.

* * *

Дагы бир сур күн өтүп, дагы бир сур түн жаралды.

Төлөнмырза үңкүрдүн ыңгайлуу жерине коюп катырг… этти акырын алып, төр жактагы мээр чөптүн жанына койду… Үстүнө кымыздыкты, ышкынды, чүкүрүнү таштады. Эмне… дир бул түнү да уктай албады, өтө кыжалат болуп, өтө зэ… кейип, кайра-кайра улутуна берди. Анан жин тийгендей кы… кырып, жин тийгендей күңкүлдөп, өзүн өзү жемелеп, эбеле… тей жеңил, анткен менен коркунучтуу ойлорго жетеле… шондон улам эркин башкара албай, ушинтип бийик аск… кыйналып олтургандан көрө, бу жашоодон кечип, уядан бо… таштап өлмөкчү болду. А бирок жан таттуу да. Ошондук… боюн зоокадан таштай албады. Өзүнчө эсине келгендей … этип, күңкүл сүйлөбөй, өзүн өзү жемелебей калды. Муң… көзүн жумбай, жай саратанда аң уулоого барып, жолу бо… олжолуу кайтып, каргадайдан бирге өскөн тели-теңтуш… кубантканын эстебей, шуу үшкүрүп жиберди да, бирти… кийин: – Бул күркүрөгү, шаркырагы жок тынч жаткан …

лардын арасында бири-бирине коёндой окшош сур күндөр өтүп жатат. А менин үңкүрдүн оозундагы уяда касирет тартып олтурганымды билген пенде жок, көргөн пенде жок. О, кудай! Эми мен жинди болуп кетпесем экен. Өзүң сактай көр! Өзүң колдой көр! – деп эки бутун кучактап, тизесине башын койду. Арадан далай убакыт өткөндөн кийин дагы үшкүрүп, кежигесин кашылады да, ордунан турбай чыйт-чыйт түкүрдү. Атайы кургатып, өзүнө белендеп алган эликтин этинен кыя кесип жеди. Үргүлөй баштады. Эки кара ала чаркылдашкан жок. Алпейимин алышпаганы ажап болду бейм, мемиреп уктап кетти. Ойгонсо, түш ооп калыптыр. Шамшыкалды жаламыш болду. Андан соң даярдап койгону ада болуп калчудай көрүнгөндүктөн, семиз аркардын, семиз кулжанын этинен кесип алды да, ошону ичкерээк тилип, үңкүрдүн ооз жагынын ыңгайлуу жерине этияттап койду. Ушунда гана санаасы тынчыгандай болуп, ыргытып жибербей жыйып койгон терисин четинен ийлеп, ийге келтирүүгө киришти... Ошонун эртеси аң уулоодон кайтып келатканда иңир кирип, айлана-тегерек караңгылай баштаганын, ошондон улам жерге түшүп, атын тушап, өзөндүн жээгинде от жагып, атып өлтүргөн кулжаны, аркарды эмес, а семиз улардын жүнүн жулуп, ичин жарып, этин шишке сайып, отко бышырып жегенин, бир оокумда аты оскуруп, кан сийип жибергенин, шондуктан селт этип, ачуу чаңырык чыккан жакты жалт карай салганын, эрбеңдеген караанды чала-бучук көрүп калганын, жүрөгү оозуна тыгыла түшкөнүн, биртикеден кийин кайрат кылып, келме келтирип, өчкөнү калган отко чырпык таштаганын, куу чырпык чатырап күйгөнүн, ырым кылып, болотту сөөккө кайраганын, андан соң шамшарын кынга салып, ээр-токумдун үстүнө көрпөчөсүн жаап, ак бараңын алганын, отту өчүрбөй, өзү кайыңдын жоон бутагына чыгып, жайлуу жеринде чакчайып отурганын, таң каракчысы таштаган маалда жез тумшук келип, үрөйдү учура, кулакты тундура чаңырып, көрпөчө жабылган ээр-токумду мыкчыганын, «О, кейпи суук жез тумшук! Мен сага озунуп катылган жокмун. Өзүң келип, өзүң биринчи болуп, мага чап салдың. Эми өз убалың өзүңдө!»–

деп машааны шапа-шупа басып калганын, ок анын дал башына тийгенин, ошентсе да ак бараңды кайрадан дүрмөттөп, кайрадан атканын, бирок кайыңдан түшпөгөнүн, качан гана таң аппак атканда түшүп, жерде өлүп жаткан жез тумшуктун жез тырмагын кесип алганын, атын минип, түз эле үйүнө барганын, атасы менен апасына болгон окуяны айтканын, алардын: «Айланайын, балам ай! Ажалың жок тура. Бактың бар тура. Кудай сактап калган тура. Мындан ары аң уулоого барбагын. Кийик атпай, тоодак атпай эле, жөн жүрчү. Эл арасындабыз го. Ачка болбойбуз. Өсөрүп калбайбыз. Кудайдын күнүн көрүп, эптеп оокат кылаарбыз»,– дешкенин, анан ак сарбашыл кой союп, айыл-апаны чакырып, түлөө өткөргөнүн эсине түшүрүп, оор улутунуп койду. «Мага убал жок. Мага чала болот. Ошондо бир өлүмдөн калдым эле. Ушуга кубанып, колума ак бараңды албай, аң уулоого чыкканымды токтотуп койсом болмок экен. Эгерде ошенткенимде, түк мындай болбойт эле. Мына эми, куду ошентпегенимдин азабын тартып, жалама зоокадан түшө албай кайгырып олтурам. Ушуга ким күнөөлүү? Эч ким! Өзүм гана күнөөлүүдөймүн. Баарын өзүм билемдик кылып, ак бараңды таштабасам, анан ушул да. Ата-энемдин тилин албасам, ушул экен да. Кайберендин каргышына калсам, ушул экен да»,– деп дагы өзүн өзү табалады. Эттен кесип, эки кара алага берди. Экөө заматтын ортосунда жеп коюшту. Андыктан дагы, дагы кесип берди. Алар дагы, дагы жеп коюшту. Карды ачса жешет да. Төлөнмырза толуп калган табарсыгын бошотуп, Тараза жылдыз батып, сопу садык чалганда гана куш уйкусун салганды болду.

* * *

Эмнегедир бирде ачууга буулугуп, бирде ызага буулугуп, көзгө илешпей, дал үстүнөн качырып кирген карышкырды, түлкүнү, суурду эле эмес, шаа мүйүз аркар-кулжаны, абдан чоң эчки-текени да алмайынча койбогон Төө комдот учуп келбеди. А мемиреп уктап жаткан Төлөнмырза ойгонбоду. Түш көрдү. Түшүнө ак көйнөкчөн, ак жоолукчан Айжамал ак ки

йыңдын түбүндө маралдай маңкайып туруптур. Ак жүзү айдын шооласындай ажарданып, ак тамагы бүлкүлдөп, сурмалуу көзү ойноктоп, карашы башкача... Төлөнмырза аны көргөндө эле, негедир жаш жүрөгү толкуй берип, алам заматта зырп эткенин сезди. Көңүлү тетик, акылы жетик, кыпча бел, оймок ооз, жыпар жыттуу, бал сөздүү Айжамал кылыктанып, атынан айтпай эле:

– Шумкар кабак, өткүр көз, жылдыздуу, жаш жигит, деги бу сен аман-эсен барсыңбы? – деди шаңк этип.

– Кыпча бели кыналган, ак куудай боюн сылаган, күндөй бети нурданган сулуу бармын го,– деп Төлөнмырза жоодурай карады. Коңур үнү кайыңдын баригиндей дирилдеп чыкты.

– Бар болсоң, бу сен көп күндөн бери, көп түндөн бери көрүнбөй кайда жүрөсүң?

Төлөнмырза шилекейин жутуп, жооткото жер тиктеди.

– Мен сени күтө берип, самандай өңүм саргайды го. Жол карай берип, кара көзүм тешиле турган болду го.– Айжамал таарынгандай карабады.

– Мени куш төрөсү Буудайыктын жакынындай болгон Төө помдот илип кетпедиби...

– Мунуңа ким ишенет?

– Мен сени ишенгин дебейм. Бирок, менин үч уктаса түшкө кирбеген окуяга туш болуп, аскадагы уяда калганым ырас.

– Көзгө толумдуу жаш жигит, бул кебиңди менден бөлөк укпасын.

– Уга берсин! Мен беш өрдөгүмдү учурган жокмун. Кожожаш мергендей болуп, бийик асканын боорундамын. Эми мени аскадан ким түшүрүп алат болду экен?

– Муну менден эмес, а Миңжашар менен Төлөмырзадан сурагын.

– Ой, аларың алыс жакта жүрүшөт да.

– Көзгө толумдуу жаш жигит, бу сен ачууланба. Кечирим сура.

– Мен ачууланган жокмун. Күнөө кылбадым. Ошондуктан кечирим сурабаймын. Кашкайган чындыкты жымсалдабастан айттым.

– Болуптур, мен сага ишенейин.– Айжамал сынагандай тиктеди.– Башкалар ишенбейт да.

– Башкалар ишенбесе койсун! Мага сен ишенсең болду.

– Ай, жаш жигит, ай!– Айжамал наздана басты да, кайта токтоду.– Азыр табышмактуу сөз айтсам табасыңбы?

– Табууга аракет кылып көрөйүн.– Төлөнмырза өткүр көзүн ала качпады.

– Эгерде сенден Жаныбек хан: «Эй, айтылуу Асан кайгынын уулу! Бу сен куйтулук кылбай, мени тике карачы. Он сегиз миң ааламдын энеси ким? Ушуну мага айтып берчи» деп сурап калса, эмне дээр элең?

– Өкүмдар! Он сегиз миң ааламдын энеси касиеттүү жер болот,– деп мен анын чаары чыккан көзүнө тике карамакмын.

– «Он сегиз миң ааламдын эмчеги ким?»– деп сурасачы.

– Өкүмдар! Өн сегиз миң ааламдын эмчеги эл-журт болот,– деп мен кежигемди кашылап коймокмун.

– «Он сегиз миң ааламдын атасы ким?»– деп кайрадан сурасачы.

– Өкүмдар! Он сегиз миң ааламдын атасы күн болот,– деп мен үнүмдү бийик чыгармакмын.

– «Он сегиз миң ааламдын ардагы ким?»– деп сурай тургган болсочу.

– Өкүмдар! Он сегиз миң ааламдын ардагы суу болот,– деп мен зулум хандан жалтанбастан, шарт жооп бермекмин.

– Жаныбек хан каарына алгандай үтүрөйүп: – Ай аяктай болгону, бул эмнеси?– деп сурасачы.

– Өкүмдар! Ай аяктай болгону, ай чыкканы эмеспи,– деп мен кулумсүрөп карамакмын.

– «Күн күрөктөй болгону, бул эмнеси?»– деп обозгер жо-дем кекээрдүү бурк этсечи.

– Обозгер! Бу сен буурадай буркулдаба. Күн күрөктөй болгону, күн тийгени эмеспи,– деп мен обозгерди теше тиктемекмин.

– «Тоо томуктай болгону, бул эмнеси?» – десечи.

– Обозгер! Тоо томуктай болгону, жаандын жааганы эмеспи,– демекмин мен.

– «Сууң сукан тартканы, бул эмнеси?»– десечи.

– Обозгер! Сууң сукан тартканы, суунун киргени эмеспи,– демекмин мен.

Жаныбек хан акырайып: – Эй, чеченсинген чычым! Темингесин тер кылбай, жорго минген бар бекен? – деп карасачы.

– Улуу урматтуу хан! Бар эмей! Бул баба өмүр,– деп мен тапканымды айтмакмын.

– «Эшик башы түргөндөн, эңип алган бар бекен? Жылкы башы түргөндөн, жылкы тийген бар бекен?»– дегенди айтып, кайрадан такып сурасачы.

– Улуу урматтуу хан! Бар эмей! Бул айкөл Манас!– деп мен башымды жерге салмак эмесмин.

– «Эр эгиз деген эмне?» – деп хан корс этсечи.

– Өкүмдар! Мен бозуп кеткен жокмун. Ошондуктан мага корсулдабаңыз. Эр эгиз деген мындай. Бири-бирин сыйлаган, ары күйүмдүү, ары казан-аштуу, ары нускалуу, жарды менен малчыга да, казапчы менен соодагерге да, жолоочу менен жоокерге да, жетим менен жесирге да жакшылык ыроологон, эли журтуна пайдасы тийген аял-эркек, тагыраагы эрди-катын,– демекмин тартынбай.

Каардуу хан ары басып кетпей: – Эй, тапан! Муздактан муздак эмне? – деп калсачы.

– Өкүмдар! Муздактан муздак калган көңүл эмеспи,– деп мен мурдумду шыр тартмакмын.

– «Долононун топ бутак, такылдаткан ким болду? Эки жыгач боорунан, эптей турган ким болду? Жарты жыгач боорунан, жарып алган ким болду? Ак жамынчы жамынып, керилип чыккан ким болду? Ала-Тоонун боорунан, ат ойноткон ким болду? Кара-Тоонун боорунан, казан аскан ким болду?» – деп кайрадан каарына алгандай сурасачы.

– Таксыр! Долононун топ бутак, такылдаткан токмокчу. Эки жыгач боорунан, эптей турган комузчу. Жарты жыгач боорунан, жарып алган челекчи. Ак жамынчы жамынып,

кериге чыккан жылкычы. Ала-Тоонун боорунан, ат ойноткон мергенчи. Кара-Тоонун боорунан, казан аскан саятчы,– деп заңк этмекмин.

– Эгерде мен: «Эй, көзгө толумдуу жаш жигит! Алтын тондун жакасын, тек кайырткан ким экен, алтын казык кактырып, бек байлаткан ким экен?» – деп сурасамчы.

– Менин айдай сулуу зирегим! Бул деген бүркүтчү эмеспи,– демекмин.

– Жолдун атасы ким болду экен?

– Туяк да.

– Суунун атасы ким болду экен?

– Булак да.

– Дүйнөдө эмне берекелүү?

– Касиеттүү жер берекелүү.

– Ай, торгой үндүү, бал тилдүү зирегим ай!

– Менин асыл заада Акыл Карачачтын ибаратын алганымды эми сездиң окшойт.

– Күндөй нурдуу чүрөгүм ушинтсең,– деди Төлөнмырза кудуң-кудуң этип.

– Көзгө толумдуу жаш жигит,– деп Айжамал сумсайды. Сен кубанба. Кубануу сага али эрте.

– Кандайча?– деп Төлөнмырза түшүнбөгөндөй карады.

– Сен деген кутурган кулдун уулу эмессиң,– деди Айжамал кабагын чытып чырытылдай. – Сен деген олуядай болгон Асан кайгынын уулусуң го. Сен деген сөздүн жаагын айрыган Жээренче чечендин ибаратын алгансың да. Сен деген айтылуу Толубай сынчынын көөндү эриткен кептерин уккансың да. Сен деген шоораты далайга жеткен Чоро мүнүшкордүн жанында болуп, андан көптү үйрөнгөнсүң да. Эптеп-сентеп бир айла таап, аскадан түшүп келсең болот беле? Болот болчу. А балким пейилиң бузулуп, кырмызы кийип кылыктанган, ак жибек кийип үлпүлдөгөн кыз-келиндердин арасындагы бир сулууга көзүң түшүп калгандыр.

– Кумар көзүм ай! Менин дүргөйүм сенден башкага бурулбай калсын.

– Дегеле жообуң да даяр. Бу сенин сөзүң да ширин,

– Убайымдуу чүрөктөй муңканып, менин жүрөгүмдү ачыштырбачы...

– Менин жүрөгүм элеп-желеп болсо, менин көңүлүм уйгу-туйгу болсо, мейлиби? – Айжамал ак жоолугун башынан алып, суйкая ары карай басты.

– Мейли, болбой калсын!– деди Төлөнмырза мостоюп.

– Ширин сүйлөп, бир паста акыл менен имерип алууга маш болуп калгансың да,– деп Айжамал бурулду.

– Бу сенин акылың жетик, сезимиң тунук эле го. Ошондуктан капкайдагыны айтып, менин жан дүйнөмө бүлүк салбачы...

– Менин көңүлүмдү жубатпай эле кой. Эгерде ай чырайлуу көңүлдөш таап алсаң, ачыгын эле айта бер. Мен сага ач кенедей жабышпайм. Балким, менин тагдырым ушундай тайкыдыр. – Айжамалдын үнү дирилдеп, көзү жашылдана түштү.

– Кайдагы көңүлдөштү айтасың. Жалама зооканын боорундагы уяда айперини байлап коюптурбу. Менин көңүлүм сенде, эс-дартым сенде. Мага сенден бөлөктүн кереги жок. Ишенип кой, сенин тагдырың тайкы эмес!

– Сени ширин сүйлөтүп эле койсо...

– Тултуңдабачы, кумар көзүм! Сага тултуңдаган жарашпайт экен.

– Кууланба. Мен кууланганды өлгүдөй жек көрөм.

– Сезими тунук Акыл Карачачтын ибаратын алган айперим! Ачуу менен ызага буулугуп, менин көңүлүмдү кирдетпечи...

– Чын элеби?

– Көктө кудай бар го. Чындын чыны да!

Айжамал алаканы менен жаагын сылап, эми чыртылдабай, ууртунан жылмайып койду, бирок үн катпай, ак жоолугун салынбай, саамайын желге желбиретип, кайрадан ак маңдай буралып басты.

– Бу сен кайда?– деди Төлөнмырза тынчы кеткендей.

– Эжемдин үйүнө,– деп Айжамал карабады.

– Мени жалгыз калтырып элеби?

– Сен жалгыз эмессиң да. Жаныңда алгыр бүркүттүн балапандары бар эмеспи. Ошол балапандарды бага бергин.

– Айжамал! – деди Төлөнмырза чый-пыйы чыгып. – Бу сен ыргыштабай эле, мага кайрадан табышмактуу сөз айтсаң боло. Мен ойлонуп, кайрадан табышмактуу сөзүңдү табууга аракет кылайын.

– Бүгүн эмес, дагы бир күнү.

– Ошого чейин мен аскадан түшө албай, уяда өлүп калсамчы?

– Сен өлбөйсүң. Көкө теңирге сыйынгын. Көкө теңирден тилегин. Ошенте турган болсоң, бу сен узак жашайсың.

– Эмне, бу сенин көзүң ачыкпы?

Айжамал кылчайып карабай, башын акырын ийкеп койду.

– Экөөбүздүн жылдыздуу түндөгү сырдашуубузга асмандагы ай күбө эле го,– деди Төлөнмырза анын кетип калуусун каалабай. – Экөөбүздүн дайранын жээгин бойлоп, кубалашып ойноп-күлгөнүбүзгө баркырап жанган жылдыздар күбө эле го. Экөөбүздүн түгөйлүү тоту куштай кошулганыбызга кулпунган тулаң күбө эле го. Эмне, бу сен ушуну унутуп койдуңбу? Үнү кайыңдын баригиндей дирилдеп чыкты.

– Унутпай калайын, жаш жигит! Бирок...

– Эмне, бирок?..

– Сен мага эмес, а башкага үйлөнүшүң керек.

– Эмне үчүн?

– Менин көшөгөмдү ой-боюма койбой, ыйлаганыма карабай, жалбарганыма болбой сараң байдын зөөкүр уулу жыйып алган. Мына ушуну билбейсиң. Ошондуктан сен энесинен, эжесинен, жеңесинен, курбусунан башка өппөгөн жаш перизат менен баш кошуп, анын балын биринчи болуп татышың, көшөгөңдү өзүң жыйып алышың керек. Мына ошондо өзүңдү бактылуу сезесиң.

– Мен муну сенден сураган жокмун.

– Ачууланба, жаш жигит, ачууланба. Мен сага ак дилимден жарыла, кашкайган чындыкты айтып жатамын.

– Ушу сен менден алыстагың келип калган го.

– Мен сенден алыстабай калайын. Өмүр бою көңүлдөшүң болуп жүрөйүн.

– Бул күнөө го.

– Көгөргөн көктө Көкө теңир бар да. Көкө теңир өзү кечирер...

– Андай болсо, эжеңдин үйүнө барбай коё тур. Текбердүү жездең түнөрүп олтургандыр.

– Көзгө толумдуу жаш жигит, мен муну билем.

– Билсең, менин айтканымды аткарып, кайткын артыңа.

– Мен артыма кайта албайм. Сени эжемдин үйүнөн күтөм.

– Токточу, Айжамал, токточу! Мени жалгыз калтырбачы...

Айжамал токтободу, суйсала басып кете берди. Төлөнмырзанын жүрөгү ачышып, көзү жашылдана түштү. Анан ойгонуп кетти. Уядагы эки кара ала чаркылдашпай жатыптыр. Түш көргөнүн билди. Көзүн жумган жок, түшүн жакшылыкка жооруду да, үңкүрдүн оозундагы ыңгайлуу жеринде кургаткан кесим-кесим этти акырын алып, бурч жактагы этке кошуп, үстүнө чүкүрүнүн жалбырагын жаап койду. Анткен менен уктагысы келбей, түпсүз деңиздей терең ойго чөмүлдү. Кыйладан кийин жаратканга жалбарды...

* * *

Төө комдот эмнегедир эми ышкырган бороонго төшүн тоссой, тойпоңдогон топчу тумшук торопойлуу мегежиндин курсагын жара теппей, бачкилүү түлкүнү, бөлтүрүктүү карышкырды, улактуу эчкини, козугалуу аркарды көрсө, дал үстүнөн төмөн сайыла качырып кирбей, балапандарын ээрчиткен уларды, кекиликти, безбелдекти, тоодакты илип кетпей, кээде арчалуу жылгалардын, кээде карагайлуу кырлардын үстүнөн, кээде чокуларына булут түнөгөн тоолордун үстүнөн, кээде жөө туман бугуп жаткан кокту-колоттордун үстүнөн, кээде шуудур-шуудур эткен камыштын, шуулдаган калың бадалдын үстүнөн, кээде шаркырап аккан Суусамыр, Чычкан, Узун-Акмат, Кенже-Козу, Торкен, Кишен, Туздуу-Суу, Толук, Жумгал, Кош-Тектир өзөндөрүнүн, күрпүлдөгөн Нарын дайрасынын, Кара-Суунун башындагы көгөргөн көлдүн үстүнөн айланып уча турган болду. Бирерде семиз куранды, семиз кулжаны, семиз жейренди бөктөрүп келип, бирерде ышкын,

чүкүрү, кымыздык, сарымсак, бирерде мээр чөп, көбүргөн, согон тиштеп келип, баштагыдай эле таштап, кайта кайдадыр кете турган болду. А эки кара ала чаркылдашып кала беришет. Алардын темир канаты али жетиле элек. Ошондон улам уча алышпайт да.

* * *

Апсаң-апсаң эткен Төлөнмырза акылынан адашпай, буга айран-таң калбай, көкүрөгүн кайгы-муңга, ичин арманга толтуруп, биротоло мүңкүрөп калбай, ары дүрбөлөңдүү, ары коркунучтуу ойлордон кутулууну көздөп, аркайган аскаларды карабай, кыңылдап өкүнүчтүү ырдамыш, терини ийлемиш болуп, өзүнчө алектене баштады. «Ат башына күн түшсө, ооздугу менен суу ичет. Эр башына күн түшсө, өтүгү менен суу кечет». Бабалар бул накылын тегин айтпаган да. Минтип алектенбесе да болбойт. Бир оокумда өкүнүчтүү ырдаганын токтотуп, чаркылдашкан эки кара аланы карап койду. Эмнегедир мурдагыдай болуп, итиркейи келген жок. Бу да болсо, аларга жытыгып калганын тастыктап тургандай… Эми жүрөкзаада болбой эле, кара аланы кармай берсе болчудай. Неге дегенде эми колунун уусу аларга өтүп кетпейт. Семиз кулжа менен семиз курандын этинен кесип берип, алардын курсагын тойгузду да, мурдун шыр тартып, тили менен үстүңкү илаби[illegible] сыламыш болду. Пенделердин дүйнөсүнөн бөлүнүп, алардын жашоосунан кабары жок. Эки кара ала анын алпейимин [illegible] бады.

– Өлбөгөн жанда үмүт бар тура. Мен силерди карай тур[illegible] да, бага турган да болдум окшойт,– деп Төлөнмырза алард[illegible] канатынан сылап койду. Бул майдай жакты бейм, бал[illegible] бүркүттөр былк этип койушпады. Тагдырдын тамашасы[illegible] расаң… Мындайга кабыларын түк билген эмес. Төлөнмы[illegible] шуу үшкүрүп, бир пастан кийин кара алаларды сылаг[illegible] токтотуп, жырткыч куштун зору болсо да, акылдуулугу [illegible] да жоктугун көрсөткөнсүгөн эне бүркүттүн ашкере [illegible] дуулук кылып, кадимкидей инаят көргөнүнө жүрөгү [illegible] лыды.

* * *

Асканын түбүнөн текелер, эчкилер чубап өтүштү. Алардын улактары бар экен. Төлөнмырза бийиктиктен карап турду. Улактар энелеринен калышкан жок. Бирок, дегеле дүйнөкапар. Кыйладан кийин көрүнбөй калышты. Төлөнмырза оор улутунуп койду. Жек көрүү, өч алуу сезими жоктой. Ак көңүл да. Адегенде ышкындын, анан кымыздыктын, андан соң чүкүрүнүн кабыгын аарчып жей турган болду. Бирерде минтпей эле, согон менен сарымсакты жеп алат. Бу да болсо ырыскы эмеспи. Бирерде үңкүрдүн ооз жагынан ыңгайлуу жерине абайлап коюп катырган эликтин, эчкинин, текенин, аркардын, кулжанын, курандын этинен кыйа кесип жеп, шамшыкалдан биртике жалап алат. Бул акырындык менен бойго тарайт. Сиңгени, аш болгону ушул да. Ошондуктан кадимкидей кубаттана тушкөндөй болуп, апсайган бетине күлкү жоргөлөй берет. Бирок кыйлага созулбай, кайрадан көңүлү үйгү-туйгу болуп, булуттуу күндөй сурданып, кабагы бүркөлө түшөт. Азыр да ошентти. Айтор, ошондонбу, аскалардын арасынан киши кийиктер, мергенчилер, жез тумшуктар, карышкырлар көрүнбөсө да, негедир өзүнчө эле кол булгалап кыйкырды: – Ээ-э-эй! Бери келгиле! Мен мындамын. Мени куткарып ала көргүлө.

Катуу кыйкырыгы аскаларга урунуп, кайра кайтып, тереңди жаңыртты...

* * *

Шум ажалдын жуучусу болгон оору жолобосо, кул пенде жатып калбайт тура. Кырк жыл кыргын болсо да, бей ажал пенде өлбөйт тура. Күнү бүтпөгөндүн, ырысы түгөнбөйт тура. Бирок, бул жалган дүйнөдө өлүм менен үмүт тең талаш болуп, бири кул пендени коркутса, бири намысты курчутат тура. Ушинтип ойго чырмалган Төлөнмырза бирде бала чагын, бирде дооматы далайга жеткен атасынын куу түлкүдөй култулдаган обозгердин сөзүн үжөт кылбай, ок өтпөс тонун кийип, ошонон күлүк аргымагын минип, карышкырдай кан күсөгөн Жаныбек хандын жортуулга жөнөгөн жигиттерине кошулбай,

өзүнчө бөлүнүп, колуна аса-муса таяк кармап, дербиштей
жер кыдырып, эл аралап кеткенин, куду ошондо апасы экөө
үйдө оңкулдап калганын, анан жумалап жол караганын, ай-
лап күткөнүн, кусадар болгонун, далай күндөн кийин гана
атасы түлөгөн тайлактай болбостон, чарчап-чаалыкканы би-
линбестен кайтып келгенин, сыпайы ырайлашканын, мына
ушунда мойнунан кучактап: «Ата, атаке! Бу сиз кайда жүр-
дүңүз? Мындан ары кетпей эле коюңузчу. Апам экөөбүздүн
эле жаныбызда болуңузчу. Жол карай берет экенбиз. Күтө
берет экенбиз. Ата, бизди үйдө калтырбаңызчы»,– деп божу-
рап, сагынычын тараткынын эстейт. Бирерде үйүнө келген
конокту жайдары тосуп алып, алдына болгон тамак-ашын
коюп, сыйчылдыгын көрсөткөн, абысын-ажындары менен
ажылдашып урушпай, ашкере эстүүлүк кылган сарамжалду-
улугун, нускалуулугун билдирген, суйсала басып, көргөндүн
көзүн сүйүнткөн, көрө албастын ичин күйгүзгөн, коңшу-ко-
лоңдору менен айыл-апага бирдей мамиле кылган, кызыл бе-
тин нурдантып, чырактай жанып турган тааженесинин каба-
гым-кашым дебей жаркылдап бээ сааганын, уй сааганын, са-
бадагы кымызды бишкек менен бышканын, желедеги кулун-
дарды агытканын, калтадагы сүзмөнүн үстүнө айран куйга-
нын, чаначтагы сүзмөдөн курут жасаганын эстейт. Бирерде
көзгө толумдуу, сөзү орундуу, жокто чөкпөгөн, барда көппөгөн,
ала жипти аттабаган зайыбына бүт өмүрүн, жүрөгүн арнаган
тайкесинин комуз черткенин, торгойдой таңшып ырдаганын,
белес жактан жылкы айдап келгенин, кулундарды желеге бай-
лаганын, Толубай сынчынын уулу Миңжашарды, Жээренче
чечендин уулу Төлөмырзаны бейиши болгур, Чоро
мүнүшкөрдүн боз үйүнө алып барганын, куран окуганын, ка-
сиеттүү көл жээгинде ак жаал толкундарды карап олтурга-
нын эстейт. Ак көрпө жайыл тааженеси менен ары ак көңүл,
ары кең пейил тайкеси бул жерлик эмес, ата-конушунда жер
титирөө болуп, ушул өрөөнгө көчүп келишкен да, ошо бойдон
Улуу Талаанын четине кайтып барышпай, биротоло Кетмен
Төбөдө туруп калышкан. Муну касамкор зулум Жаныбек хан

дын обозгери билбейт. Эгерде ал билсе, кылдан кыйкым таап, аларды өрөөндөн көчүп кетүүгө мажбурламак. Жеткен кыянатчыл да. Далай мутабар мырзанын, далай инабаттуу жакшынын убалына калды. Кудайдын каарына, теңирдин тепсендисинде калгыр ай! Биерде айтылуу Жээренче чечен менен олуядай болгон атасынын тогуз коргол ойногонун, жайкалган жашыл шиберде кымыз ичип, эт жеп олтурушкан аксакалдарга, байбичелерге, беделдүү бектерге көрөңгөлүү улуу сөздөн айтып беришип, алардын көөнүн эриткенин, биерде майин сүйлөп, майин күлгөн апасынын жетим-жесирге, жарды-жалчыга жакшылык ыроологонун эстейт. Эстейт да, негедир муңканып, көзүнөн жашын төгүп алат. Ойлору кымгуут... Тык-тык жөтөлөт. Дал болуп олтурат. Кээде абдан зеригет. Ичи бышканы да ошондон. Кээде тили оозуна батпай кургап, өтө чаңкап чыгат. Дал ошондо нөшөрлөп жамгыр жаашын, эч басылбай төгө берүүсүн самагандай болот. Чын ыктысынан самаганындай эле, кээде кечке жуук чагылган чартылдап, күн күркүрөп, жамгыр төгө баштайт. Кара жамгырдан кайберендер да, канаттуулар да, жырткычтар да корголошот. Төлөнмырза тилегинин кабыл болгонуна кудуң-кудуң этип сүйүнөт да, асмандан куюп турган кара жамгырга кочушун тосуп, жаандын суусун ичип алат. Алеки саатта чаңкаганы басылып, көңүлү курсант боло түшөт, бирок кыйладан кийин жамгырдан корголоп, үңкүргө кирип, үшүгөндөй бүрүшүп олтурууга мажбур болот. Эки кара аланы жаанда калтырбайт. Качан гана кара жамгыр байып, асман шаңкайып ачылганда үңкүрдөн чыгып, таза абадан кериле дем алат. Мөңгү жактан улар ышкырат. Улардын үнү Төлөнмырза ийги, абдан ийги угулат. Шондон улам тыңшып турат. Тебетейин алып, өскүлөң чачын сылап, кайрадан олтурат. Анан өзү да шыбызгыта ышкырып, кайрадан кол булгалап коёт. Биерде шамал ышкырып, зооканы жамалап, кулак тундурат. Бу мертебе таң заарда ошентти. Төлөнмырза кайрадан үшүгөндөй бүрүштү. Ыркыраган шамал улуу шашкеде басылып, аскалардын арасы кайрадан мемиреп, кайрадан тыптынч болуп калды.

* * *

«О, кудай! Мен сага ишенем. Сага чын жүрөгүмдөн сыйы нам. Билем сенин кудуреттүү экениңди, улуу экениңди, ыйык экениңди. Билем сенин кайрымдуу, ырайымдуу экениңди. Билем сенин баарын көрүп турарыңды, баарын билип турарыңды. Ушундай кереметиңди атам айткан, коңур чечен айткан. О, кудуретиңден кагылайын, кудай! О, улуулугуңдан айланайын, кудай! О, ыйыктыгыңдан тегеренейин, кудай! Бу мен кайсы күнөөм үчүн асканын боорунда турам? Касамкор зулум хандын каарына калганым үчүнбү? Менин ордума ушул экөө олтурса болмок. Менин ордума ушул экөөнү жа... ласаң болмок. Же мени сынап атасыңбы? Же менин кандай ойдо экенимди билгиң келдиби? Мен сенин кулуңмун. Ач ... да, кара ниет да, куу да, чоң муштум да эмесмин. Кагылай... ын, кудай! Мени сынаба! Менин жүрөгүм сага берилген. Ушу... ну биле көр! Дөөрүп жатканымды... Кечире көр! Мен колум... сунайын. Сен менин колумдан кармап, башымдан сылай ... Кубат алып калайын. Антпесең алдан-күчтөн тайып бар... кандаймын, акыл-эсимди жоготуп койчудаймын. Кудуреті... ден кагылайын, кудай! Мага кудуретиңди көрсөтүп, м... миңди төгө көр! Жумурай журттун кактабай этип жеп, ... натпай канын ичип жаткан зулум ханды, ач көз обо... жазалай көр! Экөөнүн жан-жөкөрлөрүн жазалай көр! Э... камчысын чапкандарды жазалай көр! Баары сенин колу... келет. Пенденин өмүрү келгин куштай, кетчү көлөкөдөй ... шойт. Жалган дүйнөгө устун болгон эч ким жоктой. К... көктөн түшүп, же булут арасынан суурулуп чыккан ... көрүнүп, мага мээримиңди төгө көр! Мен сенин м... балкып алайын, өзүмө кайрат, кубат алгандай болоюн, ... дамкай болоюн. Ырайым кылып, касиеттүү жерге түшүр... Кетирген кемчилигим болсо кечире көр. Эгерде ош... айланама дили таза, ниети ак, пейили кең, сезими ... уландарды, суйкайган сулуу кыздарды, жылдызду... рүмдөрдү топтоп, сенин кудуретиңди, кереметиңди ... жүрөйүн, уялаш уруулардын арасында асылдыктын, ... тун, тазалыктын үрөнүн себүүгө жанымды үрөйүн. А...

мен коңур чечендин жолун жолдоюн. Алсыздардын, кордук көргөндөрдүн, азап тарткандардын муң-зарын угайын, ой-мүдөөсүн угайын. Булардын таламын талашайын. О, кудай! Мен муну чын жүрөгүмдөн, ак дилимден жарыла айтып жатам. Үнүмдү уга көр! Тилегимди кабыл кыла көр! Мага боор оорусаң, мени аясаң гана жаным жай алып калчудай. Каарыңа алып, жанымды өлүмгө кыя көрбө! Менин жашагым келет. Он гүлүмдүн бир гүлү эми гана ачылайын деп келатат. Эртеңки күндү көрөйүн, көлдү көрөйүн, талааны көрөйүн, чокусуна булут түнөгөн тоону көрөйүн, бадалды көрөйүн, күндөй нурдуу кыз-келинди көрөйүн, тели-теңтуштарымды көрөйүн, атам менен чеченди көрөйүн, айтылуу саяпкерди көрөйүн, эл арасында болоюн. Мен сенин улуулугуңду, ыйыктыгыңды даңктайын, кайрымдуулугуңду даңктайын, ырайымдуулугуңду даңктайын. О, кудай! Сен мактоого, даңктоого татыктуусуң. Ушундай ишенимдегилер, ушундай сыйынгандар көп болсо, балким жумурай журтубуздун кампасы данга, өрүшү малга толоор, төрт түлүгү семиз, төлү эгиз болоор, жортуулчулардын баштары жолдо калаар, кыянатчылар менен журт бузарлардын ойлору ойрондоолор, түндөсү желип-жортуп жүргөн карышкырларга окшогон уруулар менен каракчылардын кабыргасы сынаар, сараңдар менен зулумдардын ырыскысы кыйылаар. Конуштарыбыз жайлуу, жайыттарыбыз чөптүү болоор, жүрөгү жаралангандар айыгаар, муңдуулар менен капалуулар кайгысынан арылаар, алтын такта акылдуу хан олтуруп калаар, тегерегине нарктуулар, нускалуулар, билгелер топтолоор, адил хан калыстыгынан, түздүгүнөн тайбай бийлигин жүргүзөөр. Ой, кудай! Булардын баары ак дилимден мөлтүр булактай оргуштап чыкты. Мени кыйнабай, мага жакшылыгыңды ыроолой көр! Өмүрүм өткүчөктү жакшылыгыңды унутпай жүрөйүн. Кожожаш мергендей кылып, бийик зооканын боорунда калтыра көрбө!

[illegible] кыраандыгы ченде жок бүркүттүн уясында [illegible] албай олтуруп, кутман жер көздөн учуп турган [illegible], кайрадан кудуреттүү кудайга ушинтип сыйынды.

* * *

Арадан билинбей эки апта өтүп кетти.

Төлөнмырза кадимкидей жытыгып калгандык кылып, эр-
келешкендей ооздорун ачышкан, обдулумуш болушкан кара
алалардын башынан, жогдорунан, канатынан сылап, астын
тазалап койду да, эмнегедир кыңылдап армандуу, кайгылуу
ырдабай, батыш тарабын сур булуттар каптаган асманды ка-
рабай, чокоюнун кончунан шамшарын албай, ой калбырын
салып, далайды элебей, келме келтирбей эле, ордунан турду
да, керилип чоюлду. Кыйладан кийин аркардын сулп этинен
кесип таштады. Кара алалар сугалактык менен алдындагы
этти чокуп жей баштады. Анткен менен бири-биринен та-
лашкан жок. Баарынан ушунусу жакшы болду.

– Эй, Муз мурут! Эй, Кызыл текөөрлүү! – деди Төлөнмыр-
за шамшарды аркардын башына коюп. – Мен силерди таштап
кете албай калдым. Бул менин эле эмес, кыраандыгы чен-
жок энеңердин да каалоосу. Эне деген эне! Эне баарынан кым-
бат, баарынан ыйык! Ошондуктан эненин каалоосу аткарыл-
гандай болсун. А силер этти беймарал жей бергиле. Мага си-
лердин этти бири-бириңден талашпаганыңар жагып калды.
Мындан ары ушинтсеңер. Бөйдө кырсыктан, шум ажалдан
сактасын. Калганын көрө жатарбыз. Бул тирелишкен асман-
лардын арасында ажыдаар жок. Ажыдаар болсо деле, ал би-
йик асканын бооруна сойлоп чыгалбайт. Энеңер дагы бир
жерде чабыттап жүргөндүр. Мейли, энеңер чабыттай учуп жүрө
берсин! Бүгүн болбосо, эртең силерге келет да. Көрүп кой-
көөнү ток болуп калат. Мен болсо, силерге жипсиз байлан-
гам. Бул да болсо, куш өмүрдүн дагы бир көз ирмеми. Эгер-
өмүр сүрбөсөм, силердин жаныңарда болмок эмесмин. Бал-
ким бул кудайдын айтканыдыр. Балким, бул тагдырдын жа-
зымышыдыр. Андай болгон соң, мындан айланып өтө албай-
сың, качып кете албайсың. Ушуну билип койгула.

Эки кара ала анын кебине түшүнгөндөй карап коюшту да,
кайрадан этти чокуп жей баштады. Баштагыдай улардын
үнү угулбай калды. Кайдадыр кетип калгандай... Кара ала-
лар этти бат эле жеп болушту. Бирок тоюшпады бейм, кайра

ын ооздорун ачышып, кайрадан ой бешигин терметкендөй болгон жаш мергенчини карап калышты. Ошондон улам ал-ы бартылдап сүйлөп, дагы шамшарын алып, дагы эт ке-сип, дагы алардын алдына таштап койду. Кара алалар улкуп-жулкуп чокуп, катуу тартып, муну заматтын ортосунда жеп коюшту, анткен менен жанагыдай ооздорун ачышкан жок, жанагыдай үмүт этише карашкан жок. Курсактары тоюп кал-ган окшойт. Эгерде тойбосо минтиппек эмес. Алгырлыгы ченде-ок энесине окшоп, эки буттун ортосуна тумшугун каршы-ерини жанып коюшту да, кадимкидей ыкташып, кадимки-дей үйүр алып калышканын билдиришкендей. Көздөрү жал-тылдап, өздөрүнчө үрпөңдөшпөй, кооз жүндөрүн ката кым-ыйып, жаш мергенчинин боорукерлигин туюшкандай, ыра-ызылыгын билдиришкендей. Башта, алгач көргөндө булар ..ыл эт эле. Эми кадимкидей чоңоюшуп, канаттары сары-..р тартып, чанда жеринен ак күбү булайып, уядан учуп чы-..рына үч-төрт жума калгандай. Төлөнмырза шамшарын ар-..рдын башына койбой, бир тал мээр чөптүн акыркы жалбы-..гын акырын үзүп, оозуна салды да, жутуп жибербей, ка-димкидей кубаттанып калды. Чайнабады, түкүрүп ташта-бады.

* * *

Төө комдот батыш тарабын каралжын булут каптаган, ..ыгыш тарабы шаңкайып ачык асманды карап, «кияк-кияк...» ..шыды да, эч ким алпейимин албаса деле жебедей ..чыкты, бирок кайта эле калдайган кош канатын шук-..уруп, тик ылдый сызып, малдай чубаган кийиктердин эң ..алдыңкы тумшукту айланып өтө бергенде, түк көзгө илешпей, ..үстүнөн качырып кирди да, анан алдыңкы сур эркечти ..алып кетти. Чубаган кийиктер абдан катуу коркушканына ..карабай үркүшүп, кайра артка бурулушуп, жапырт качмак ..болушту эле, эмнегедир бири-бирине урунуп, туяктары ..тайып, жардан далайы кулап кетти. Төө комдот сур эркечти ..таштап, дыргаякташкан кийиктердин дагы бирин илип кетүү ..үчүн шукшурулган жок. Аман калышкан кийиктер далдоого

ды негедир. Акырын бурулуп, уядагы эки кара аланы карады. Алардын кетиргилери келбегендей...

* * *

Карышкырлардын бир үйүрү асканын түбүндө жойлоп жүрүштү. Текенин, аркардын, кулжанын, курандын, эликтин, эчкинин баштары, кагажыган мүйүздөрү, кубарган сөөктөрү ар кайсы жерде жатат. Булардын баарын айбанаттан башкача акылдуудай болгон Төө комдот уясынан түшүргөндөй... Карышкырлар кагыраган сөөктөрдү аралап, эмнегедир ары карай желип-жортуп кетише тургандай эмес. Непада аскадан түшө турган болсо, карышкырлар аны эч аяшпай, туш-туштан ыркырашып, эки капталынан, алдынан, артынан чап салышып, шайын оодарышып, лып гана бас... калышчудай. Андан соң ар кайсы жеринен тиштеп, улкуп жулкуп тартып, сокур ат бок жалагыча жеп коюшчудай. Ушуну ойлогондо Толөнмырзанын бүткөн бою дүркүрөдү. А... бирок муштумун силкилдете ызырынып кыйкырбады, арка... менен эликтин башын ыргытпады. Карышкырлар асканын боорундагы уяда карап турган жаш мергенчини көрүшкөн жок. Эгерде көрүп калышса ыркырышып, бийик аскага чыга алыш... чудай секиришет эле. Булардын азыгы жолдон. Ошондон ул... желип-жортуп жүрө беришет. Кан күсөп турушат. Дагы ... айланчыктап жүрө беришти да, бир оокумда семиз кунан... болгон көкжалдын артынан желип-жортуп, мөңгүнү ... жөнөштү.

– Карышкырлар да кетишти,– деди Төлөнмырза муң... Эмнегедир бушайман болуп, кайрадан олтура албай ... Толуп калган табарсыгын бошотуп, колун боро кирдеген, ... ланышып калган жаргак шымына аарчымыш болду. ... шарын акырын алып, чокойунун кончуна салып, шуу ... койду. Эмне кылса? Жанараакта ойлогондой, кайыш ар... дын бир учун куу арчага байласабы? Эки анжы болуп ... да эмне? Ушуга чейин чыдады го, ушуга чейин эптеп ... күнүн көрүп келди го, эми болду да. Мындан ары ... чудай эмес. Бирок непада чындап эле, кайыш арканга ...

шып, асканын боорунан жылмышып, көздөн учкан кутман жерге түшө турган болсо, бул уядагы күн өткөн сайын жетилип келаткан эки кара алага эмне болот? Эмне болсо, ошо болсун да! Муз мурут, Кызыл текоөрлүү менен тагдырлаш эмес да, жатындаш эмес да. Таш боордук кылуунун арты жаман. Эң акыркы үмүт менен жашап жаткан эне бүркүткө не болот? Байкушка убал го. Төө комдоттун акыбети кайтпай, мээнети текке кетеби? Жүрөгү далай жолу сыздады эле, эми да ошентип кайрадан сыздайбы? Ушул собол озүнүн жүрөгүн өйүп, тынчтык бербеди. Шондуктан жалама зоокадан түшүп кетүүгө дамынбады. Кыйладан кийин үргүлөй баштады. Бир оокумда түшүркөп, жан ыракатына батыргандай, жан кумарын кандыргандай, алам заматта бел суусу түшүп, дамбалын булгап койгондой болду.

* * *

Түндөсү жамгыр дыбыр-дыбыр этип жаай баштады эле, Төлөнмырза: – Кудай, мага боор ооруду бейм. Кудай, мени жады бейм. Непада кудурети күчтүү кудай боор оорубаса, мени кылбаса, жамгыр жаабайт эле. Мени аяган, мага боор ооруган кудайга ыраазымын,– деп кочушун тосту. Жамгырдын мөлтүр тамчылары кочушуна толду. Эмнегедир бул мертебе жаандын суусун дароо шыңгыта жуткан жок, жүзүн жууду, колун жууду. Көңүлү сергий түштү. Кайрадан кочушун тосуп, качан [illegible] тунук тамчылар дагы толгондо, жаандын суусун шыңгыта жутту. Тили оозуна батпай турду эле, абдан кургап тур[illegible], алам заматта чаңкоосу кана түштү. Артынан жоо кууп [illegible]дан бетер бурулду да, адегенде сыктыянын, анан чо[illegible] менен жыргак шымын, бөз көйнөгүн, бөз дамбалын че[illegible] ары таштап койду. Энеден туума жылаңач болуп, чы[illegible] денесин дыбыр-дыбыр этип жаап жаткан жамгырга тос[illegible] [illegible] жок, тим эле жыргап калгандай. Үшүгөн да [illegible] Кыйладан кийин кири эсилип чыга баштады... Эки кара [illegible] андан көздөрүн албады. Төлөнмырза байкабады негедир. [illegible] түнкү жаанга жуунуп, кирден арылып, тазарып калгандай болду да, дамбалын жууп, ыңгайлуу жерге жайып кой-

ду. Андан соң шашып-бушуп кийинип, алдына жумшартып койгон терини калың салып, үстүнө да жамынып жата кетти, а сырттa дыбыр-дыбыр эткен жамгыр...

* * *

Чоң шашкеге жакын басылды жаан. Аскалардын ары, ары жагынан карышкырлардын улуганы угулду. Ойго чөмүлүп олтурган Төлөнмырза коркунучтуу үн чыккан тарапты тигиле карап калбады. Эки кара ала чаркылдашып, анын алпейип мин алган жок. Үрпөңдөшпөй, уядан бири-бирин сүрүп чыгарууга аракет кылышпай, дегеле бөтөйүшүп, момурашып калыптыр. Эми мунусу дагы канчага дейре созулар болду экен? Карышкырлардын улуганы кыйладан кийин угулбай, аскалардын арасында бейпилдик өкүм сүрдү. Кыязы карышкырлар кайдадыр желип-жортуп кетишти окшойт. Бир оокумда асканын түбүнөн адегенде аркарлар, кулжалар чубап өтүштү, андан соң текелер менен эчкилер чубап өтүштү. Тээ бийиктиктен карап турду Төлөнмырза. Кыялы кыргыек куштай алып учту. Катырылган эттен кесип жеди. Чүкүрүнү аарчып жеди. Эмнегедир тынчтыкты буза, теребелди жаңырта кыйкырган жок. Жайып койгон боз дамбалын караса, курган калгандай. Жайбаракат жаргак шымын чечип, боз дамбалын кийди. Керилип-чоюлуп, кыңылдап ырдамыш болду. Анан кайрадан жаргак шымын кийди. Бирок эки жакты карабай, ой толгобой олтуруп, эриндерин кыбыратып: – Ушу тапта атам адатынча кымыз ичип, эт жеп олтурган абышкалардын жанына барбай, терең ойго чөмүлүп жатты бекен? Же адатынча муңканып:

«Салган тамы жок,
Кылган камы жок,
Агылган суусу жок,
Алган даны жок,
Баккан малы жок,
Мал багаарга алы жок,
Көзү-башын көгөртүп,

Көгөн байкуш кантти экен?
Көрө турган көзү жок,
Чымын байкуш кантти экен?
Таразасын көтөрүп,
Тарбаңдаган шор тумшук,
Ташбака байкуш кантти экен?
Боору жерге жабышкан,
Баса албаган балчактап,
Куйругу жок, жалы жок,
Кулан байкуш кантти экен?
Боорунда буту жок,
Жылан байкуш кантти экен?
Оргон-жыйган чөбү жок,
Эчтемеге эби жок,
Доңуз байкуш кантти экен?
Киреге эшиги жок,
Корголоор тешиги жок,
Коңуз байкуш кантти экен?
Суугa муздап,
Сөөгү сыздап,
Көргүлүктү көргөн чыгаар,
Балык байкуш кантти экен?
Кой оозунан чөп албаган,
Момун байкуш кантти экен?
Жайлоодо жабуу албаган,
Арык байкуш кантти экен?
Курт-кумурска үйү жок,
Куурап баары өлгөн чыгаар.
Өлбөсө да байкуштар,
Көргүлүктү көргөн чыгаар.
Жанын сууга жашырып жүргөн,
Жаян байкуш кантти экен?
Колун алып бооруна,
Коркуп качып жүргөн,
Коён байкуш кантти экен?
Уясын кар баскан чыгаар,
Муздак карга жаткан чыгаар,

Чымчык байкуш кантти экен?
Ээси жок багаарга,
Элик байкуш кантти экен?
Жерге-суга жукпай жүргөн,
Жейрен байкуш кантти экен?
Бөрү менен душман эле,
Бөкөн байкуш кантти экен?
Кара таштан жай алган,
Таштан башка үйү жок эле,
Үй оокаттын бири да жок эле,
Кийик байкуш кантти экен?
Чилде түштү, кыш болду,
Суунун баары тоңуп муз болду,
Каркыра байкуш кантти экен?
Каз-өрдөктөн канча өлдү экен?
Оокат кыларга эри жок,
Отун аларга эби жок,
Жесир байкуш кантти экен?» –

деп олтурду бекен? А балким мени жоктоп жатты бекен? А балким эки көзүн тешилтип, жол карап турду бекен? Же мыктай өркөчтөрүн депилдетип, жибектей жумшак чуудаларын сеңселтип, мойнун созуп, желдей сызган Желмаянды минип, эл аралап, жер кыдырып кетти бекен? Же жанына айтылуу Жээренче чеченди кошуп алып, мени Алай жактан, Текес тараптан, Чоң-Жылдыз менен Кичи-Жылдыз жайлоосунан издеп жүрдү бекен? А балким антпей эле, Сары-Кол тараптан, кең Кашкардын ары жагынан, Кебез-Тоонун бери тарабынан издеп атты бекен? Эч жактан, эч жерден таба албай, өлүү-тирүүмдү биле албай, жүрөгүн сыздатып атты бекен? А балким антпей эле, ың-жыңсыз жоголуп кеткен менден үмүт үзүп койгондур. Же жумурай журттун канын соргон Жаныбек хандын камчысын чапкандардан, текебердүү обогерден, бөрк ал десе баш алган жасоолдордон жалтанбай, алардын тилин албай, топтолгон карылардын, инабаттуу жакындардын, мырзалардын, жылкычылардын, койчулардын арасында:

«Таңдайлаш доо келсе,
Маңдайлашкан жоо келсе,
Калк алдында беттешип,
Калыс кебин айтпаса,
Калк камчысын чаппаса,
Чечендиктен не пайда?
Жоодон сурап албаса,
Жолун тосуп барбаса,
Калкка назар салбаса,
Башын байлап барбаса,
Баатырдыктан не пайда?
Журтка кадыры тийбесе,
Байлыгындан не пайда?
Калыстыгын болбосо,
Акимдигиң не пайда?
Башын катып уктаса,
Боз үйүнөн чыкпаса,
Карыядан не пайда?»
Карыяң болоор бейпайда,
Элим-элим дебесе,
Өйдө-төмөн удургуп,
Көчүп-конуп жүдөгөн,
Элдин камын жебесе,
Улук адил чыкпаса,
Улуу сөздөн айтпаса,
Акылмандан не пайда?
«Калкым-калкым» – дебесе,
Калктын камын жебесе,
Хан алдына чыкпаса,
Калыс сөзүн айтпаса,–

деп дилиндегисин айтып отурду бекен? А мен шордуу болсо, ушуну укпай, ушуну көрбөй, бийик аскадан түшө албай, Төө Комдоттун уясында олтурам. Санаам санга бөлүнгөн, ичим ачышып, оюм талаа.

* * *

Төө комдот үңкүргө түшүп турган жарыкты жаба уянын кырына калдайган кош канатын далбактатып, эки кара аласын жөөлөп конду. Ошондуктан үңкүрдүн ичи караңгы тартты. Төлөнмырза жүрөксүп калтаарыбай, эки колу менен бетин, башын калкалабай, ордунан турбай тике карады. Төө комдот учуп кетпей, калдайган кош канатын күүлөп, аркыраган шамалды айдагандай. Сүрү да, тири да укмуш, абдан коркунучтуу. Бирок пенденин да сүрү бар эмеспи. Канчалык жырткыч, канчалык кыраан болсо да, Төө комдот ушуну сезгендей, жогдорун үрпөйтпөй, жаш мергенчинин алпейимин алгысы келбей, биртикеден кийин учту. Анткен менен көздөн кайым болбой, аркайган асканын чокусуна конду. Эмнегедир «кияк-кияк...» этип шаңшыган жок, куйругун тараган жок. Өткүр көзү оттой жанып, куу арчанын чогундай кыпкызыл, башы сүйрүчө, уурту саландап, жүнү түрлөнүп, балтыры жоон, туурасы чоң, канаты жайык, куйругу узун. Койкойгон мойнун буруп, аскалардын арасына көз чаптырбады. Канаттуунун зору, а бирок ургаачы да. Эркегинин жогдору тайкы, башы чоң, көзү чекир, үнү заар, жүнү чаар, канаты кайкы, куйругу анчалык узун эмес, текөөрү кадимки темирдей катуу, болоттой курч, далылуу, тоголок болот. Ушундай түгөйү кайда? Өзүнө кошулуп, эмдигиче учуп келелек. Өлүп калганбы? Же түгөйү жокпу? Кыязы ушундай го. Непада түгөйү болсо, кез-кезде учуп келет да, кез-кезде аркар-кулжаны бөктөрө келет эле да. Төлөнмырза ушинтип ойлоп койду. Төө комдот алпейимин эч ким албаса деле, асканын түбүнөн жез тумшуктарды көрбөсө деле, киши кийиктердин үнүн, карышкырлардын улуганын укпаса деле, узун куйругун, канатын каңгыратып кагынгандай болду. Алгырдын алгыры эмеспи. Жүнү кооз, оор келип, кагынып-силкинип койгон сайын кадимкидей, темир сымалдай каңгырайт. Төлөнмырза ушуну угуп: «Айланайын, алгырым ай! Кагылайын, кырааным ай! Кудурети күчтүү кудайым сени күлүктүгү ойротто жок тобурчактарды минип жүргөн кыргыздарымдын чокуларына ак булуттай, ак мамыктай болгон булут түнөгөн тоолс

рунун үстүнөн чабыттай учсун деп жараткан болсо керек»,– деп көзүн жоодуратып карады. Башка болсо, түк минтип кагылып-согулуп, көзүн жоодуратып карамак эмес. Итатайы тутулуп, көзүнөн чаарын чыгарып, ага өлүм кааламак. А бул антпей, кайта тигинткенин... Кантсе да ачуу менен ызаага жеңдирбеген, жүрөгүнө кек сактабаган, ичинде кыпындай кири жок, дили таза, кең пейил жаш мерген эмеспи. Бир маалда Төө комдот асманга жебедей атып чыкты да, анан карааандасынча кайдадыр учуп кетти.

* * *

Уядагы эки кара ала чоңойуп калышты. Ошондон уламбы, айтор, тынч жатышпай, бирерде бири-бирин чокуша, өчөшкөндөй үрпөңдөшө турган болушту. Уя тардык деле кылбайт, абдан кенен эле. Ошондой болсо да, жалгыз ээлегиси келгендей, ичтеринин таарыганын... Кыраандын тукуму да. Кийиктин мол эти турса да, негедир пейили бузулуп, өздөрүнчө чукчуңдашып, алдындагы этти талаша кетишкеничи... Булардын жоругу адегенде Төлөнмырзага жакпай, атурсун айран-таң калтыра турган. Кийинчерээк таңданбай деле калды. Көнүп калгандык да. Бирок боор толгоп, көңүлү түтпөй: «Эй, эки тууган! Болду эми, кас душмандай чокушпагыла... Жөн жатсыла...» – дейт. Азыр да ошентти, анан алардын мүрүсүнөн, далысынан, канатынан, куйругунан сылап койду. Эки кара ала чаркылдашпай калышты. Кыязы бул жагып калды окшойт. Төлөнмырза ушуну сезди бейм, мыйыгынан гана күлүмсүрөп, кайрадан аларды сылап койду.

* * *

Төө комдот калдайган кош канатын тез-тез кагып, шуулдагын күчөтүп, жел ызгытып, үрөйдү учуруп, жүрөктү түшүрө учуп келбеди. Эки кара ала көгөргөн көктү карап, аркайган аскалардын үстүнөн айланып учкан шумкарды, ителгини, бүркүттү карап калышса, кээде өздөрүнчө эле алпейими кетип, сарыгер тартып, кээ бир жеринен ак күбү булайып калган канатын желпимиш болушуп, асмандагыларды карай уч-

кусу келип калышкандай обдулуп-обдулуп коюшат. Эми да өшентишти. Бирок буларга учуу али эрте да. Ошону сезишпегендей... Анткен менен самоо, эңсөө деген ушул эмеспи. Бул жашоого умтулууну, тукумду улап кетүүнү билдиргендиктин белгиси да.

* * *

Өзүнчө ой толгоп, акыл чайкап, алда качан эптүүлүк кыла жумшартып, кадимкидей ийлеп, ийге келтирип койгон тери бар эле. Төлөнмырза ошону алып, дагы эринбестен кайыш тилип, дагы кыңылдап ырдап, ордунан турган жок. Кыйладан кийин тилинген кайышты улаштырды. Дегеле эпчил. Эгерде элес кылбай, буларды бош кое турган болсо, өчү бардай үрпөңдөшө кетишип, чокуша кетишип, бир маалда уядан кулап, ташка урунуп өлчүдөй... Ошондойго жеткирбөө керек. Өлүмдөн сактап калуу керек. Ушундай ойдо улаштырган кайышты абдан катуу тартып, бышыктыгын карап көрдү. Улаштырганы чечилип кеткен жок. Эч жеринен үзүлбөдү. Бышык, абдан бышык эле экен. Өзүнө өзү ыраазы болгондой мулуңдады. Аркандай узун кайыштан үч кулачтай кесип алды да, чыйт түкүрүп, бир учун кара алалардын бутуна, экинчи учун арчага байлап койду, анан: – Эй, Муз мурут! Эй, Кызыл текөөрлүү! Бу силер тентектерден да жаман экенсиңер. Жиниме абдан тийдиңер. Шон үчүн байлап койдум. Эми менин санаам тынч, жаным тынч. Эми чокуша бергиле, эми этти талаша бергиле, эми түрткүлөшө бергиле. Уядан кулап кетпейсиңер.

Балапан бүркүттөр Төлөнмырзанын айткан кебине түшүнгөндөй болушуп, алпейимин алышпай, кыжырын келтиришпей, кадимкидей тынчтанып калышты, анткен менен эртеси эле үрпөйүшүп, бирде ачуулуу карашса, бирде чаркылдамыш, бирде түрткүлөмүш болушту. Буттары бош эмес да. Болбосо шоктонушат эле. Кыйладан кийин дегеле бири-бирине ыкташып, момурап калышты. Төлөнмырза башын чайкап койду. Сакал-муруту, чачы өсүп, көзү киртейип, өңүнөн асып калган, жүдөп калган. Тим эле аюудай апсыйып, көзгө тири

суук көрүнөт. Турду да, оор улутунуп, акырын керилип чоюлду. Тигилерди карабады. Кайрадан олтуруп ак маңдайлуу, ай чырайлуу кыздардын, нурдуу келиндердин арасынан бөлүнүп, кырмызыдай үлпүлдөгөн, ак тамагы бүлкүлдөгөн, эт жүрөгү элжиреген, калың кырчындын ары жагындагы тукабадай кулпунган туланда суйсала басып келген кумар көзүнүн шаңкайган ачык асманды караганын, «Айтылуу Асан кайгынын уулу, бу сен сайраган күкүктүн үнүн тыңшабай, жымың-жымың этишкен жылдыздарды карасаң боло. Карачы, тим эле сын жеткистей... Касиеттүү жер каймактагандан мурда эле көк деңиздей көгөргөн көктөгү жылдыздар жаралыптыр. Бирок куду ошондогу жылдыздардын далайынын жарыгы өчүп, алардын ордуна жаңылары пайда болуптур. Мына ошол сансыз жылдыздардын арасында экөөбүздүн да жылдызыбыз бар. Жарыгын жерге чачып турат. Эми экөөбүздүн жылдызыбыздын жарыгы өчүп калбаса экен, дайыма баркырап жанып турса экен»,– деп шыбыш катканын, акырын күлгөнүн, ийнине башын койгонун, назданганын, күйөөсүн эмне үчүн чанганын, көңүл кушун алдырганын да айтканын, кош этек ак жибек көйнөгүн чечип, энеден туума болуп жатканын, кучактаганын, ийги сүйлөгөнүн, ийги жалбарганын, чымыр денесин балкытканын эстеди. Делебеси козголуп, жан жигерин кармалап койду. Тереӊ күрсүнүп алды да, алканы менен жоон санын сыйпалады. «Сулуу сулуу эмес, а сүйгөн сулуу. Менин кумар көзүм алыста. Ал мени эстейт болду бекен? Эмне деп атам? Кантип эле эстебей койсун? Касамкор зулум Жаныбек хандын ордосунда менден акылдуу, менден жылдыздуу, менден күчтүү жаш мырзалар, жаш жигиттер бар да. Балким ургачынын нурдуусу, жез оймоктун ыктуусу, торгой үндүү, бал тилдүү Айжамал жер алдына түшүп кеткендей ың-жың болгон мени эсинен чыгарып, тигилердин бири менен тамыр болуп алгандыр... Жок, акылы жетик Айжамал эч качан андайга барбас... Менин кыраандыгы ченде жок Төө комдоттун уясында Кожожаш мергендей болуп олтурганымды, аскадан түшө албай жатканымды билбейт да. Эгерде билген болсо, куйту обозгер жездесинин тилин албай,

Кожожаш мергендин асыл жары Зулайкадай болуп, аркайган аскалардын арасына мени издеп келет беле? Издеп келмек. Айтылуу чечен менен айтылуу саяпкердин уулучу? Ушу учурда кайда болду экен? Ушу тапта каерде жүрдү экен? Мени эстешет болду бекен? Мени ойлошот болду бекен?» – деп ойлоду. Мурдагыдай кайгы-муңга, кусалыкка толгон көзүнүн кычыктары ачышып, каректерин тунук жаш чайбады. «О, кудай! Өзүң колдой көр! Өзүң сактай көр!» – деп жараткан эгеме жалбарды. Акырын туруп, сыбызгыта ышкырып жиберди. Эки кара ала селт этип, аны карап коюшту. Ал аларды караган деле жок. Чачы куудай агарган, чыканактай болгон Чоро мүнүшкөрдүн дал өзүнөн үйрөнгөн ыры көкүрөгүн тээп, көөдөнүнө батпай, бир паста төгүлүп кетти:

Зооканы шамал жалмалайт,
Жез тумшук да чыга албайт,
Киши кийик да жете албайт.
Төө комдот зоока боорун уялап,
Жумуртка тууп, жумуртка басып,
Кара аласын чыгарат.
Бирок кара аласы уядан кулап,
Ташка тийип, жан берип,
Жүрөгүн жылда сыздатат.
Шамалга айтып арманын,
Шамалга айтып күйүтүн,
Зоокада ыйлайт Төө комдот.

* * *

Ай шооласы аркайган аскалардын арасына төгүлүп, баарын балкытып турду. Балапан бүркүттөр ачуу чаркылдашпай, уяда тынч жатышты. Эптеп-септеп өлбөстүн күнүн көргөн Төлөнмырза кирпик какпай олтуруп, куш өмүр, шум ажал, жашоо, турмуш жөнүндө, жокчулук, токчулук, кастык, пастык жөнүндө, эрдик, коркоктук, сарандык, жоомарттык жөнүндө, кайгы, кубаныч, жолдоштук, чыдамкайлык жөнүндө, өч алуу, кун төлөө, шерт, парыз, убада жөнүндө ойлоду. Мурдун шыр тартып, ондой киши кийикти, ондой

жез тумшукту көрдү. Көргөнү менен жүрөксүп калтаарыган жок, кыйкырып жиберген жок. Алар жалама асканын түбүндө, а өзү бийикте. Коркпогону да, кыйкырбаганы да ошондон. Алардан көзүн албады. Кадимки кишилердей эле, бирок денесин түк баскан, абдан олбурлуу. Мөңгү жактан жойлоп келатышкан чөөлөр киши кийиктерди, жез тумшуктарды көрүп калышты бейм, арсайган азууларын көрсөтүшө ыркырашпай, чап салууга даашпай, анчалык бийик эмес зооканы айланып кетишти. Жез тумшуктардан, киши кийиктерден өлгүдөй коркушат. Аларга көрүнбөй эле, алам заматта бозуп кетишкени да ушундан.

– Чөөлөр, чөөлөр! – деди Төлөнмырза өзүнчө. – Дайыма топтолуп жүрөсүңөр. Мейли, жүрө бергиле. Бу силерди да кудай жараткан. О, киши кийиктер! Бу силер чөөлөрдөй эмессиңер. Бу силер карышкырлардай эмессиңер. Мени айран-таң болуп карабагыла. Мен асмандан түшкөн жокмун, жер түбүнөн чыккан жокмун. Перинин уулу эмесмин. Сыйкырчы да, шайтан да эмесмин. Кудайым жараткан кул пенденин уулу болом. Көзүм сокур эмес. Бутум чолок эмес. Алты саным бүтүн, дени-кардым соо. Акыл-эсим ордунда. Жүрөгүм согуп турат. Жүрөгүм сыздап турат. Мыкаачы да, баш кесер да эмесмин. Кошоматчы да, камчы чабар да эмесмин. Ишенип койгула, киши кийиктер! Бөрүнү бөктөрүп алган, түлкүнү түйүлө илген, качырганын куткарбаган, ушул арсак-терсек аскалардын ээсиндей болгон, кыраандыгы ченде жок Төө комдот көзгө илешпей келип, шып эте эки каруума курч текөөрүн матырып, дароо көтөрүп учкан. Көзүмдү чокубай, жерге таштап жибербей, түз эле мында алып келген. Ошондон бери алгырдын ушул уясындамын. Кара аласын багып жатам.

Киши кийиктерге анын үнү кызарган четиндин баригиндей дирилдеп угулбады. Эгерде заңк этип, үнүн бийик чыгарган болсо, аларга даана угулмак. Эмнегедир анткен жок. Киши кийиктер каарданышпай, жек көрүшпөй, аны таңдана карап турушту. Бардыгынын кейпи аянычтуу болбой, көкүрөгү муңга, ичи арманга толбой, жүрөгүндө убайымы жоктой. Бирок абдан сүрдүүдөй, абдан коркунучтуудай. Зоокалуу тоолордун ээлери да.

* * *

Куш уйкусун салган Төлөнмырзанын түшүнө кайрадан ак көйнөкчөн, ак жоолукчан кумар көзү кирди: бу мертебе туйлап аккан Ак-Буура дайрасынын жээгинде эмес, а ажайып кооз Чычкан капчыгайынын кап ортосун как жарып, ак көбүктөнүп, таштан ташка урунуп, таш үстүнөн ала салып, шаркырап, төө өркөчтөнгөн Нарын дайрасына кошулууга адырандаган Чычкан өзөнүнүн боюндагы кайың-талдардын арасында жалгыз жүрүптүр. Курбуларын тогуз канат ак өргөөдө калтырып койгондой. Чолпондой көзү жайнабай, айдай жүзү ажарданбай, сабыры суз экен. Төлөнмырза жүрөгү элеп-желеп болуп, алеки саатта жетип барса, эмнегедир ал сыртын салып карабады. Ак кайыңдын бутагын кармалап, көңүл буруп койбоду.

– Ой, күн сулуу! Бу сага эмне болду? – деди Төлөнмырза коңур үнүн секин чыгарып.

– Жүзү кызарбай туруп, дегеле мунун сураганын,– деп кумар көзү кабагын ачпады. Туталангандай...

– Эмне, бу сен мени чындап эле көргүң келбей калдыбы?

Айжамал жооткотуп жер тиктеди, анткен менен ак кайыңдын бутагын кармалаганын коюп, оор улутунду да, эч чыртылдабай, теше тиктебей, мунайым жумшак үнүн акырын чыгарды: – Сен мага жаап-жашырбай айтчы. Олуядай болгон атаңды Иле дайрасынын боюнда жашагандар «биз менен чогуу жашабайсың» дешип, айылдан кууп жиберишкен экен го. Деги ушул чынбы?

– Чын болбой калсын. Карандай эле калп,– деди Төлөнмырза кабагын бүркөп.

– Жаныбек хандын жан-жөкөрлөрү айтып жатышат го.

– Кер ооздор айта беришет да. Сен алардын кебине ишенбе.

– Мен ишенген деле жокмун. Бирок менин обозгер жездем Жаныбек хандын жан-жөкөрлөрүнүн айткандарында чыркыраган чындыктын үлүшү бар деп атпайбы.

– Жетим менен жесирге, жарды менен жалчыга ырайым кылбаган, алардын убалынан коркпогон обозгер жездеңе мын

дайда көктөн издегени жерден табылып, кудай берип койгондой болот да.

– Сөз дегениң куш эмес, оздон чыкса карматпайт эмеспи. Муну кантесиң?

– Эч кайда кетпейм. Ордумда турам. Даңазалуу атам залим ханды жек көрө турган, шондуктан туугандары, ыба карагандары менен көчүп, Иле дайрасынын жээгине барып оргуптур. Мына ошондо атамдын туугандары, ыба карагандары «Бул дайранын жээги жакшы экен. Мына ушул жайлуу жерди байырлап калат окшойбуз. Эми биерге каардуу Жаныбек хан да, анын ач көз обозгери да келбейт го» дешип өздөрүнчө кудуңдашыптыр. Бирок чынында андай болбоптур. Атам бир аптадан кийин бадал аралап, камыш аралап, далай жерге чейин барып, далай кокту-колотту, далай адырды көрүп келет да, ошонун эртеси колуна комуз алып, уй мүйүз тартып олтурган жакындарын тике карабай, акырын черте баштаптыр да, кыйладан кийин муңканып:

«Кулдур-кулдур кумдак чөл,
Арасынан аккан сел.
Аягы деңиз, дайра, көл
Иленин башы Үч-Арал,
Төгөрөгү чалкар бел.
Тулпар минип, туу кармап,
Чалкып жатса кайран эл.
Тоосу шибер, токой чер
Күндөрдүн бир күнүндө,
Айдап чыгаар душман эл»,–

дептир. Муну укканда чал-кемпирлер эле эмес, боз уландар менен өспүрүмдөр да ойго чөмүлүп калышкан экен. Атам болсо комуз черткенин, муңканып ырдаганын токтотуп, шуу үшкүрүп коюптур, анан байистүү сүйлөп, алардын дүргөйүн жубатып, кымыз ичкенден кийин «Бу силер башыңарды жерге салбагыла. Иле дайрасынын жээги бизге түбөлүк жайлуу жер боло албайт. Эми биерден көчөбүз. Бардыгыңар камынгыла»,–

дептир. Кыйбастар да. Атамдын сөзүн баары үжөт кылып, кийинки күнү таң заарда көчүп жөнөшүптүр. Мына ушуну Жаныбек хандын жан-жөкөрлөрү башкача кылып, атамды жамандап айтышкандыр да. Обозгер жездең муну укканда кудуң-кудуң эте кубанып, алардын кебин көбүртүп-жабыртып коштогон болсо керек. Кудайдын ичи кенен да.

– Болуптур, бул ушундай эле болсун. А атаңдар Сары-Аркага көчүп барган да, аердегилер «Башка жакка барып баш калкалагын» дешип, конуш беришпей коюптур го.

– Ой, ай сулуу! Минтип сага ким айтты? – Төлөнмырзанын итатайы тутулду.

– Обозгер жездемдин жээни менен үкөсү айтты. Жана да чолок ноёндун кайниси менен бөлөсү айтты.

– Ой, аларың бөрк ал десе, баш алгандар да! Ошондуктан обозгер менен хандын камчысын чапкандарды жерге-сууга тийгизбей макташып, атама окшогондорду каралай беришет. Кудай буларды төбөсүнөн урсун!

– Кудай төбөсүнөн урбай эле, алар жыргап жүрүшөт.

– Жаныбек хан алтын тактан түшкөн күндүн эртеси эле андайлар кордук көрүшөт. Бирок азырынча куду ушуну аларың сезишпей жатышат. Кабагыңды чытыбай жаркылдасаң боло. Мен эч качан калпты чындай кылып ышкыртпайм. Муну өзүң билесиң го. Олуя чалыш атам Иле дайрасынан өтүп, Сары Аркага көчүп барганда туугандары менен ыба карагандарын жайлуу конушка кондуруптур да, эки күндөн кийин кайрадан жер өңүтүн чалып, ой-кырды карап чыгыптыр. Конушка кайтып келгенде жийденин түбүндө кымыз ичип, эт жеп олтурушкандардын айрымдары: – Толубай сынчы, Жээренче чечен менен ысык ымалада болгон, далай элди аралаган, далай жерди көргөн аксакал, эми биз бул аймакты биротоло байырлап калабызбы? – дешип сурашса, айрымдары үн катышбаптыр. Атам аларды кыдырата карап коюптур, анткен менен кагып-силкип, көңүлүн калтырбай, мурдагыдай эле колуна комуз алып, мурдагыдай эле чертиптир да, андан соң кымыз ичип, жакындарын теше тиктебей:

«Бетеге белден буралып,
Туш-туштан тунук суу агып,
Карчыга шумкар куш салып,
Эндекей тартып эр азып,
Тарчылык заман болгондо,
Эли кетер сандалып»,–

дептир. Бул олуя чалыш атамдын «Айланайын, туугандарым! Кагылайын, ыба карагандарым! Бул жер бизге жер болбойт» дегени эле. Куду ушуну тигилер сезишет да, ичтеринен сызышып, шуу үшкүрүп коюшат. Эртеси кайрадан болгон дүнүйөсүн унааларга жүктөшүп, кайрадан кайдадыр көчүп жөнөшөт. Муну обозгер жездеңиздин жээни менен үкөсү жана чолок нойондун кайниси менен бөлөсү билишпей эле, оозуна келгенди оттошкон да.

– Болуптур, мен буга да ынанайын. А сары өзөн Чүйдүн, мал киндиктүү Кочкор менен Жумгалдын абат жеринен неге көчө качкан?

– Атам, бул аймактардан деле көчө качкан эмес.

– Бүдөмүктөтпөй ачыгын айтсаңчы...

– Атам туугандары, ыба карагандары болуп, сары өзөн Чүйгө көчүп баргандын эртеси эле, кайрадан жанына эч кимди кошуп албай, кайрадан жалгыз жер кыдырып, ой-тоону карап келиптир. Анан талдын түбүндө жатып, куш уйкусун алгандан кийин: «Айланайын, туугандарым! Кагылайын, ыба карагандарым! Бул камыштуу талаа да бизге жайлуу талаа боло албайт. Чүй дегениң Чүй эмес эле, жеткен Чуу экен»,– дептир. Ошентип, жакындарына биерди байырлап калууга ыктымас кылбаптыр. Чүйдөн Кочкорго көчүп барыптыр, бирок аерден да кынтык таап, «Бул Кочкор эмес эле, жеткен кокуй экен. Тогуз жолдун тоому экен, бөрү койдун чаркы экен»,– дегенди айтып, биротоло туруп калууну каалабаптыр. Кочкордон Жумгалга түшкөндө, адатынча дагы жер өңүтүн чалыптыр. Кайтып келгенден кийин: «Бул Жумгалың табын тапса алтын көмүркөй жер экен. Эгерде табын таппаса, колун жумган жер экен»,– деп кежигесин кашылаптыр. Бул анын

«Биз эми бул жерге да биротоло калалбайбыз» дегени эле. Мына ушуну сезишкен тигилердин бир даары күңк-мыңк этишсе, бир даары үшкүрүшөт. Атам туймаксан болуп корсулдабаптыр. Бирок үч күндөн кийин Жумгалдан көчүп, Үч-Көбүк деген жерге барыптыр. Бул жер жайдыр-кыштыр малга жайлуу, пендеге жайлуу, алтынга бай, асыл ташка бай, аңга бай экен. Атам туугандары, ыба карагандары менен ушул Үч-Көбүктү байырлап[1] калыптыр. Кийинки жылы кутман карыялар менен кеңешип, Үч-Көбүктүн үч жолун жаштарга таш менен бекиттирип салыптыр. Болгону ушул. Эми ынандыңбы?

– Ынандым! – деди Айжамал жаркылдап. Бирок биртикеден кийин үн катпай, шаркырап аккан көк кашка Чычкан өзөнүнүн боюндагы ак кайыңдарды, талдарды аралап, ак маралдай бурала басты. Төлөнмырза кыйкырмакчы болду эле, эмнегедир муунгандай үнү чыкпады. Ойгонуп кетти. Жанында эки кара ала. Түш көргөнүн сезип, оор улутунуп койду. Кайрадан көзүн жумган жок. Түшүн жакшылыкка жоруду.

* * *

Киши кийиктер дегеле беймарал, үрөйү суук, үксөйгөн жоо тумшуктардын жанына барышкан жок, жаалданыша кыйкырышып, айлуу түндөгү бейкуттукту бузушкан жок. Төлөнмырзанын текөөрү темирдей болгон, тепкени турбай жан берген, жогдору тайкы Төө комдоттун уясынан түшө албай турганын сезишкендей, ага жете алышпай турганын билишкендей, бирин-бирин тиктешип, баштарын чайкап коюшту. Уй мүйүз тартып олтурушкан да, жерден таш алып, көзүнүн чарасын бөксөрүп, акыреги аркайган жаш меренчини карай ыргытышкан да жок. Арсактуу аскалардын арасында жактырышпагандай, кетип калуусун каалашкандай мурчуңдашкан жоо тумшуктарды калтырышып, ары карай жонөштү, кайта бир тикеден кийин бирдемени эстешкендей бурулушту, [illegible]

[1] Бул көрүнүш «Балдар фольклору» деген китепте да аздыр-көптүр чагылдырылган. Элибиздин оозеки чыгармачылыгына кызыккандар карап көрүшсө болот.

менен жалама зоокага чыгууга аракет кылышпады. Өздөрүнчө булдуруктап сүйлөшүп, жез тумшуктарды карашпай туруп калышты. Алар үрпөңдөп басышты. Бирок чап салышкан жок. Жапыз асканын түбүндө олтурушту. Киши кийиктер эми аларды алдыртан карап коюшту, анткен менен жаалданышкан жок, өздөрүнчө бушайман боло беришти.

«Жез тумшуктар кетишпесе коюшсун. Олтура беришсин. Киши кийиктер да тура беришсин. Мага эмне, эми баары бир эмеспи. Кумар көзүм алыста. Атам алыста. Коңур чечен алыста. Миңжашар менен Төлөмырза алыста. Таякем менен таажеңем алыста»,– деди Төлөнмырза ичинен. Карап тура берди.

Улар ышкырбады. Карышкыр улубады. Текелер чубап өтпөдү. Баары кайдадыр ооп кеткендей. Киши кийиктер болсо өздөрүнчө момурап турушту. А бирок булардын баары өтө чапчаң, өтө күчтүү. Үңкүрдө жашайт. Баарын байкашып, баарын сезип турушат. Абдан ынтымактуу, абдан сак, абдан айса[1], селден, көчкүдөн, куюндан, алай-дүлөй бороондон, жер титирөөдөн, чагылгандын кара булуттарды кыйма-чийме сындырган жалындуу кылычынан гана коркушат, дайранын нугуна батпай ташкындаганынан, жалбырттаган өрттөн, ажыдаардан гана коркушат. Өздөрүнчө топтолушса да, от жагылган жерге жакын жолошпойт, ажыдаар байыр алган аймакка барышпайт. Коркунучтуу жерден бат эле оолактап кетишет. Чогуу жүргөндүктөнбү, чогуу жашагандыктанбы, айтор, далай кышты, далай жазды көргөндөрү жашыраактарына, алсыздарына ыдык көрсөтүшпөйт. Бири-бирине өтө күйүмдүү. Кайберендер төлдөгөн учурда аларды ит-куштан коргошот. Өтө чыдамкай, ошондон улам кышкы чилдеңин ызгаарына карышпайт. Темир аязды тоотуп коюшпайт. Чар тараптан будуңдап түшүп, шамал ач калган бөрүдөй улуп-уңшуп, кар боройлой берсе да, эч жүрөкзаада болушпай, эч көк муштум болушпай, бет алган жагына кете беришет. Жоголуп да, адашып да кетишпейт. Арсак-терсек аскалардын арасында бугуп жаткан

[1] Айса – өтө күлүк деген мааниде.

жөө туманда, айсыз түндө, чычкан мурду жөргөлөгүс чердин арасында калса да, түк адашып калышпай, өздөрү баш паанек кылышкан жерди таап келишет. Биреде карагат, бөрү карагат, биреде кожогат, бүлдүркөн терип жешет, биреде согон, чүкүрү, ышкын, кымыздык үзүп жешет. Жаштары карыганда кичирейип, көркү кетип чүтүрөйүп, күч-кубаттан тайып калгандарын таштап кетишпейт, азыктан өксү кылышпайт, милдеттүүдөй багышат. Өлгөндөрүнүн сөөгүн ит-кушка жем кылышпай, таш менен корумдап коюшат. Коогалуу түндө энелеринен бөлүнүп калышкан чаарчыктарды, улактарды, козуларды, музоолорду көрүп калышса эмнегедир шынаарлашып, эч качан таштап кетишпейт. Үйүрдү издеп табышып, адашып калган аларды энелерине түгөл, аман-эсен кошуп коюшат да, андан ары карай көңүлдүү жөнөшөт. Ушуга көнүп калышкан да. Кайберендердин дээрлик көбүнүн киши кийиктерден жатыркашпаганы да куду ушундан. Ысыкта эле эмес, суукта дагы бөлүнүшпөйт. Салкында жүргөндү каалашат. Айтор, ошондонбу, салкын төрдөн ойдуңга түшпөйт. Чуңкурга түшүп калышкан бөлтүрүктөрдү, бачкилерди, мамалактарды көрүп калышса, негедир кыя өтүшпөйт. Боор ооруп, аларды чуңкурдан чыгарып коюшат. Бирок кой кайтарган койчулардын, жылкы айдаган жылкычылардын, жортуулдан келатышкан жортуулчулардын айылдарынан, мергенчилердин жаткан жеринен оолак болууга, алардын көздөрүнө чалдыгып калбоого аракет кылышат. Ошон үчүн мергенчилер киши кийиктерди сейрек көрүшөт. Көрүшкөнү менен барап атып, жаа тартып, алардын алпейимин алышпайт. Өздөрүнчө жүрөксүп калтаарышат да, шапа-шупа от жагышып, отту таң атканча өчүрүшпөйт. Киши кийиктер алоолонуп күйгөн оттун жалыны көрүнгөн жерден ачып көздү жумгуча, андай-мындай дегиче бозуп кетишет, ошо бойдон аерге кайрылышпайт. Бу мертебе кетип калышпай, Төө комдоттун уясындагы айудай апсыйган пендени карашып, кайрадан айран-таң калышкандай болушту. Анан өздөрүнчө кайрадан булдурукташып, түн ортосунан ооп калганда оолактай бөришти.

А баш панектеген жайына кетип калышпаган жез тумшуктардын түрү суук, тулку бойлору жүн, жада калса беттерин да түк баскан, көздөрү эле жылтырап көрүнөт. Тим эле апсаят. Суукту тоотушпаганы да ушундан. Коркоктор кокустан жез тумшуктарды көрүшсө, алам заматта жүрөгү жарылып, алам заматта өлүп калышы да ыктымал. Төлөнмырза андай коркоктордон эмес да. Эмнегедир жез тумшуктар кичи кийиктердей момурап турушпайт, айран-таң калышпайт, алеки саатта жаалданышып, көздөрүнөн чаарын чыгарышып, бирде өйдө карай, бирде төмөн карай булкунуп басышат. Жутуп жиберчүдөй болуп тиктешет. Алгач ирет көрүп турушса да, негедир мурдатан өчү бардан бетер ызырынышат. Айтор, ошондонбу, жерден таш алып ыргытышат. Үстү жактан баарын байкап, баарын көрүп турган Төлөнмырза жинденген да, сөгүнгөн да жок. Жез тумшуктардын ыргыткан ташы кыраан бүркүттүн уясына жетпейт. Жалама зоокага тийип, кайра жерге түшөт. Ошого карабай, жез тумшуктар биреде секиришет, биреде булуттуу күндөй сурданышып, аскалардын арасын жаңыртып чаңырышат. Алардын чаңырыгы ачуу, абдан ачуу. Ошондуктан чыдап тура албайсың. Төлөнмырза суу жүрөктөрдөн эмес да, ошондой болсо да, жез тумшуктар чаңырык салышканда, дароо эки колу менен эки кулагын басып алат. Антпесе да болбойт. Ошентсе да, кулагынын тарсылдагы жарылып кетерине аз эле калгандай туюлат. Эки кара ала ушунчалык катуу чыккан чаңырыктан селт этип коюшпайт. Уядан башын чыгарышпаганы да, чаркылдашпаганы да, эки жакты карашпаганы да ошондон болсо керек. Булардан башка болсо, эмдигиче селт этип, чаңырык чыккан жакты жалт карап калышмак. Дегеле антишпейт булар. Кантсе да, алгырдыгы ченде жок Төө комдоттун балапандары эмеспи. Анын үстүнө жалама зоока бийик, абдан бийик. Эгерде жез тумшуктар жалама зоокага чыга турган болушса, уяга жете турган болушса, баары бүттү дей бер! Заматтын ортосунда азан-казан түшөт. Жез тумшуктар эч зынаарлашпайт, жез тырмактарын матырышкандан да кайра тартышпайт. Эки кара ананын да, өзүнүн да канын алеки саатта сорушу, атурсун

алеки саатта жеп коюшу да ыктымал. Ушундай түюлат жаш мергенчиге. Бирок жез тумшуктар тээ төмөнтө, өзү болсо бийикте. Жалама зоокага чыга алышпайт, уяга жете алышпайт. Шондуктан чаңыра беришсин, секире беришсин! Көздөгөн муратына түк жете алыша турган эмес. Жаш мергенчинин кабатыр болбогону да ушундан. Анткен менен алардан көзүн албады. Асканын түбүнөн кетише тургандай түрү жок булардын. Киши кийиктердей эле алоолонуп күйгөн оттон коркушат. Азыр күйгөн от жок да. Биртикеден кийин жез тумшуктар жинденишип, өздөрүнчө тырмышып, жалама зоокага чыгуу үчүн күч-аракетин жумшай баштады. Дегеле өжөр экен. Көшөрүп, көгөрүп атышат. Төлөнмырза муштумун силкилдете ызырынып сөгүндү. Тынчын ала беришсе, анан ушинтет да. Кыйладан кийин жез тумшуктардын шайы ооду бейм, жапырт тырмышпай, жинденишпей, өжөрлөнүшпөй калышты. Бирок жалама зооканын түбүнөн кетип калышпай олтурушту, анткен менен алардын кыжалат болушканы байкалып турду. Бир оокумда жапырт турушту да, эмнегедир ачуу чаңырышпай, таш ыргытышпай, ары, ары жактагы бадалдуу бетти карай жөнөштү.

– Өх! – деди Төлөнмырза улутунуп. – Жез тумшуктар да кетип баратышат. Дагы эле өзүм кала турган болдум. О, Кудай! Мага мээримиңди төгө көр! Мен эми качан жайыма кайтам? Мен эми качан ата-энемди көрөм? – Кайрадан оор улутунду. – Эми жез тумшуктар кайрылып келишпесе экен.

* * *

Асман түнөрүп, жылдыздар көрүнбөдү. Көөдөй кара түн мемиреп, аскалардын арасы бейпил. Ушундай бейпилдикте Төлөнмырза түш көрдү. Түшүнө айтылуу Толубай сынчынын уулу Миңжашар менен Жээренче чечендин уулу Төлөнмырза кириптир. Экөө тең атчан экен. Төлөнмырзанын көзүнөн жаш он талаа. Мурдун шыр-шыр тартып коёт. Миңжашар аттан түшпөй эле: – Эй, Төлөнмырза! – деди заңк этип. Үнү абдан бийик чыкты. – Төлөнмырза экөөбүз сени издеп, ашуу ашып, кырдан кыр ашып, шаркырап аккан Каш, Текес, Жерк[illegible]

Какшаал, Ак-Суу, Улук-Чат, Кызыл-Суу, Сары-Кол тарапты эле эмес, Козу-Баглан, Сок дайраларынын бойлорун да кыдырып келдик. Эми дагы далай белди ашып, Талас жактан, Чүй тараптан, касиеттүү кол кылаасынан издейли деп жатсак, а сен асканын боорунда аюудай апсыйып турасың да. Жолуң болсун! Эмне, перинин кызы менен табышып алдыңбы?

Төлөнмырза көзүн жашылдантып, Миңжашар менен Төлөнмырзага акчыланмакчы болуп, кайта ары жакта келаткан эки боз жоргочон, ак кементайчан эки абышканы көрүп, үн катпай калды. Алар даңкы дабан ашкан Чоро мүнүшкөр менен Чомотой сайатчы эле. Миңжашар, Төлөнмырза аларды көргөн жок. Бир маалда кайдандыр-жайдандыр карышкырлардын улуганы угулду эле, Төлөнмырза ойгонуп кетти. Таң аштай элек экен, дале көөдөй кара түн. Төлөнмырза шуу үшкүрдү да, түшүн жакшылыкка жоруду. А бирок турган жок. «Миңжашар менен Төлөнмырза мени эсинен чыгарышпаган тура. Мени ойлоп жүрүшкөн тура. Мени издеп жүрүшкөн тура. Ай, асыл досторум ай!» – деди ичинен. Аларды ойлоду. Кыйладан кийин кайрадан көзү илинип кетти эле, кайрадан түш көрө баштады. Бу жолу түшүнө Чомотой сайатчы менен Чоро мүнүшкөр эле кириптир. Боз жоргону эмес, а торкашка бээни минип алыптыр. Чоро мүнүшкөрдүн колунда кондурган бүркүтү бар экен. Чомотой сайатчынын кушу жоктой. Экөө торкашка бээсин таскактатып, карагайлуу кырды карай баратыптыр. Бир маалда Чоро мүнүшкөр тизгинди тартып, акырын гана кылчайып карады да, адатынча мыйыгынан күлүмсүрөп: – Эй, олуя чалыш Асан кайгынын уулу! Бу сен кабагыңды бүркөп, касирет тарта бербе. Сур эчкини кубалап, жете албай, кармай албай, акырында асканын боорунда калган Кожожаш мергендей болбойсуң. Мага ишенбесең, даңазалуу Чомтой саятчыдан сурап көр. Ал да менин айтканымды айтат. Сен аскадан аман түшөсүң. Айылыңа аман барасың. Ата-энеңди, тайкеңди аман көрөсүң. Бирок азыр эмес. шон-куктан дагы биртике чыдашың керек,– деди бартылдап. Чомтой саятчы унчукпады. Анткен менен анын кебин коштогондой башын ийкегилеп койду. Экөө коендой окшош торкашка

бээни теминип, ары карай бастырып кетишти. Төлөнмырза кыйкыра албады. Көзүнөн жаш кылгыртып кала берди. бирок эки колу менен бетин баскан жок. Чоро мүнүшкөр менен Чомотой сайатчы узап кетишти. Анткен менен коктудан жалгыз карышкыр чыгып, сайатчы менен мүнүшкөрдү көрө салып, адегенде бурулуп, анан желип-жортуп жөнөдү да, бир тикеден соң кайрадан колотко түшүп, ак шыбакты, кара бүргөндү аралап качты. Чоро мүнүшкөр алгыр бүркүтүнүн томогосун дароо шыпырып, таманга катуу кагып коё берди. Алгыр бүркүт асманга атып чыкты да, калдайган кош канатын куушуруп, эки бутун салаңдатып, кайта эле ылдыйлап, качып жөнөгөн карышкырдын соңунан кууп калды. Чоро мүнүшкөр торкашка бээни олбуй-солбуй теминип, үстөккө босток камчы ургулап, теребелди жаңырта: «Айдайт эле, айдайт!» – деп кыйкырып, алардын артынан жөнөдү. Чомотой саятчы антип кыйкырган жок, бээсин таскактатып, анын соңунан жөнөп калды. Алгыр бүркүт жетти да, бир буту менен карышкырды кара жондон, экинчи буту менен тумшуктап капшыра кырмагандай болду. Бирок, эмнегедир экөө ит жыгылыш болуп, алам заматта кадимкидей таймашып калышты. Буга караганда тиги карышкыр көкжалдын дал өзү окшойт. Чоро мүнүшкөр жетип, бээден чапчаң түштү да, «Кокустан карышкыр алгыр бүркүтүмдүн текөөрүнөн чыгып кетсе, мага чап салып жүрбөсүн. Мерт кылып койбосун» деп коонтонбой эле, кындан кош миздүү бычагын шапа-шупа суурун алып, жүрөк талаштыра сайып жиберди. Анан толгоп, толгоп алды. Ушинткени ырас болуптур. Карышкыр тырп этпей калды. Ушунда гана алгыр бүркүт кан болгон текөөрүн бошотуп, койдой таштын үстүнө секирип чыкты да, өлгөн карышкырдын терисин сыйрууга киришкен мутабар ээсин карап, кош канатын тарап, мойнун созуп койду. Чомотой саятчы [illegible] келип: «Пай, пай! Карышкырдын чоңун карасаң, тим эле [illegible] нандай бар тура!» – деп таң калды. Чоро мүнүшкөр тер[illegible] сыйрып бүтүп, ташка жая салып, карышкырдын [illegible] бүркүтүнүн алдына таштап койду. Ал сугалактык менен [illegible] куп жей баштады. Чоро мүнүшкөр кош миздүү бычагын [illegible]

менен сүртүп тазалады да, саятчыга бирдеме деп, кынга салып олтурду. Алгыр бүркүт карышкырдын этине тойду бейм, ыксырай берди бир паста. Чоро мүнүшкөр анын канатынан сылап койду. Бул алгыр бүркүткө майдай жакты окшойт, акырын шаңшыды: «Кийак-кийак...» Ушул учурда Төлөнмырза ойгонуп кетти. Таң дале аталек экен. Дале өзү эле. Түш көргөнүн билди. Түшүн жакшылыкка жоруп, кайрадан көзүн жумду. Кайрадан түшүндө Чоро мүнүшкөрдү, Чомотой саятчыны көргүсү, алардын үнүн уккусу келип, көзүн ачкан жок. Ошон бойдон уктап да калды. Уктаганы менен түш көрбөдү. Күндүн мурду чыгалекте ойгонду.

* * *

Таңкы жел арсак-терсек аскалардын арасында жүрүп турду. Төлөнмырзанын жүрөгү толкуп, көңүлү сергий түштү. Айтор, ошондонбу, миң чиркелген тоолордун койнундагы жан-жаныбарлардын бардыгын сергиткен таңкы көрүнүштү бир паска суктангандай карап турду да, андан соң шамшарын алып, эки кара алага кулжанын этин кесип берди. Алар ынтымактуу болуп калышкандай чукчуңдашпастан, алдындагы этти акырын чокуп жешти да, уядан башын чыгарып, бирде кырңды карай чубап баратышкан текелерди, эчкилерди, бирде шагылды шалдырата куюлтуп, тик ылдый түшкөн аркарлар менен кулжаларды, бирде жылаңач зоокаларды, бирде күр булуттар удургуп көчкөн асманды карап коюшту. Асманда кыраан бүркүттүн да, алгыр шумкардын да, ителги менен кыргыйдын да, ак кажыр менен көк кажырдын[1] да карааны көрүнбөдү. Төлөнмырза эриндерин кыбыраткан жок, катырылган эттен биртике кесип жеди да, бармактай шамшыкалды жалап койду. Ачка болгону басылып, карды камдап түшкөндөй болгону менен, а тили оозуна батпай, абдан кургап, суу ичкиси келди. Чаңкап турса ушундай болот да. Бирок ичкенге суу жок эмеспи. Каны каткансып, суу ичпесе өлүп калчудай... Катырылган этти жебей эле, шамшыкалды

[1] Ак кажыр, көк кажыр – жорунун бир түрү.

жалабай эле койбой... Эми кантет? Аргасы түгөнүп, чымындай жаны чыркырай баштады. Өлөт деген ушулбу? Ары суук, ары коркунучтуу ой жыландай оролду. Кашайгырдыкы ай! Эсине жара чыккырдыкы ай! Өткөндө эки кара аланын алгыр энеси мээр чөптүн бир талын тиштеп келип таштап кеткен. Ошону унутуп калганын... Чаңкоосу күч алып, жаны кыйналып, өлүм муунта баштаганда эстей койду. Кубанып кетти. Шашкалактап үңкүрдүн төр жагына койгон жеринен мээр чөптүн бир талын акырын алып, жалбырагын шарт үзүп, оозуна шарт сала койду. Жутуп жибербейин деп, жыгылып кетпейин деп, дароо олтура калды. «Бактым бар окшойт, эми өлбөй турган болдум го»,– деп жиберди ниетинде. Ошенткениндей эле, биртикеден кийин тилинин оозуна батпай турганы, кургап турганы басылып, каны каткаксыганы басылып калды. Атурсун көңүлү көтөрүлүп, кабагы ачылып, кадимкидей кубаттана түшкөндөй болду. Бул да болсо, мээр чөптүн касиети да! Шамшарын кайышка жанып-жанып, кайрадан кончуна салып, кайрадан куйрук улаш кеткен тоолордун чокуларын көргөнүнө, кайрадан кийиктерди көргөнүнө, ичирленткен таңкы желге жүзүн аймалатканына шүгүр кылды жана да түшүндө теңтуштарын, мутабар мүнүшкөрдү, айтылуу саятчыны көргөнүнө, алардын үнүн эшиткенине кубангандай болду.

* * *

Төө комдот калдайган кош канатын кагып, шуулдаган добуш чыгарып, текөөрүнө семиз куранды бөктөрө учуп келди. Ошондон улам Төлөнмырза: «Балапан бүркүттөрдүн энесине не болду?» – деп ойлоду. Кайта кыйладан кийин тынчсызданганы басылып: «Булардын кыраан энеси дагы бир жерде чабыттай учуп жүргөн болсо керек. Улуу Тоонун койну кең эмеспи»,– деди ичинен. Кайгылуу, армандуу ырдабады.

Ашуу жак түнөрүп, муздак шамал ыркырап сокту. А... бышымдан кийин ыркыраган шамал басылып, күн күркүр... чагылган чартылдап, нөшөр төктү. Төө комдоттун кара ала... лары чаркылдашпай, бири-бирине ыкташып, асмандан ку... ган нөшөрдүн басылышын каалагандай былк этип коюшп...

ды. Уя ыптада эле. Алардын бирөө да суу болгон жок. Төлөнмырза кудуң-кудуң этип сүйүндү. Каадасынча колун тосту. Нөшөр суусун кочушуна толтуруп ичти. Чаңкоосу канып, жылдызы жангандай болду. Анткен менен өткөн жолкудай болуп, сыктыйаны менен чокойун, жаргак шымы менен дамбалын чечип, жыпжылаңач денесин нөшөргө тосуп турбады. Ой толгобой, үңкүрдөн башын чыгарбай, өзүнчө үңкүйүп олтурду. Бир оокумда үргүлөй баштады...

* * *

Кечке жуук нөшөр басылып, каралжын булуттар удургуп көчө баштаган кезде, Төө комдот адатынча бир текени бөктөрө учуп келди да, адатынча таштап, кайра эле кайдадыр учуп кетти. Эки кара ала чаркылдашып кала беришти. Төлөнмырза башын чайкап койду да, андан соң: «Бу шуулдап добуш чыгарган, шукшурулуп тик ылдый тигилген Төө комдоттун сүрүнөн кийиктин, жырткычтын эле эмес, пенденин да жүрөгү түшүп калчудай. Мына ошону касамкор зулум Жаныбек менен ач көз обозгер көрсө, бир паста жүрөгү түшүп, бир паста өлүп калат эле. Бирок зулум хан менен ач көз обозгер Төө комдоттун үрөйдү учура учуп келатканын көрбөйт да»,– деп ойлоду. Эки кара ала эт жегиси келди бейм, абдан катуу чаркылдаша баштады. Төлөнмырза кабагын бүркөп, аларды акырайып карады, анткен менен сөгүнгөн жок. Текенин ичин жарып, ичеги-карынын сыртка ыргытып жиберди да, терисин сыйрып, этинен чоң кесип, экөөнүн алдына таштап койду. Алам заматта жеп коюшту. Бирок ушуга каниет кылышпай, абдан сугалактык, абдан сорготук кылышып, кайрадан чаркылдашты. Ошондон улам Төлөнмырза эттен дагы, дагы кесип берди. Ушуну жешкенден кийин ителгини, типтик курулган шумкарды, калдайган канаттарын анда-санда жай кагышкан ак кажыр менен көк кажырды карап коюшту. Бат эле ошолордой болуп, асманда учуп жүргөндү самашкандай...

* * *

«Киши кийиктер менен жез тумшуктар далай жерди кыдырышканы менен, а өздөрү жашаган үңкүргө барышып, беймарал жатышса, беймарал укташса, кадимкидей эс алып ка-

лышат экен. Минтип ыраматылык Чоро мүнүшкөр айткан. Мен гана үйүмө жете албай калдым. Үйдөгүлөр мени өлүп калды дешип аткандыр. Балким антишпестир. Мен жыңылып жаткандырмын. Төө комдоттун эки кара аласын таштап кете албайт окшойм. Мына ушуну киши кийиктер менен жез тумшуктар сезишкен бейм. Бирок, негедир жез тумшуктарга караганда киши кийиктер акылдуудай. Куйтулук, чагымчылык, уурулук кылганды билишпейт. Бири-бирине ор казышпайт, жамандык каалашпайт, кыйанаттык кылышпайт. Болоттон кылыч, бычак жасашпайт. Жортуулга барышпайт. Ак бараң атканды, жаа тартканды, найза сайганды, кылыч чапканды билишпейт, дүнүйө жыйноого кызыгышпайт. Бирок, булардын да өз нарк-насили бардай, ошону бекем сакташат бейм. Баары эркин. Ойку-кайкы белестерди кыдырышса да, каерде жатышса да, каерде тыным алышса да өздөрүнүн гана эрки. Эч кимге баш ийишпейт. Башына оор мүшкүл түшсө да, бири экинчисин калтырып кетишпейт. Бул да болсо, киши кийиктердин бир өзгөчөлүгү. Буларды кудайым ушинтип жаратып койсо керек. А кул пенделер мындай эмес. Кыйалжоругу ар кандай. Кул пенделердин жашоосунда кайгылуу, кубанычтуу, коркунучтуу окуялардын болуп турганы да ушундан го».

Ушинтип ойлоду Төлөнмырза. Негедир зээни кейип, көзү жашылдана түштү. Мурдун шыр тартып, кайрадан олтурду да, жашын колу менен сүртпөй, тизесине башын койду. А эки кара ала жетилип келаткан канаттарын кагышып, асманга учуп чыгууга аракет кылышты, анткен менен куду ушул аракетинен майнап болбой, кайрадан үрпөйүшүп, ачуулуу жатып калышты. Бир оокумда Төлөнмырзанын көңүлү түтпөй кетти. Шондуктан шып эте турду да, текенин этинен шапашупа кесип, алардын алдына таштай салды. Муз мурут менен кызыл текөөрлүү алеки саатта ачуусу тарап кеткендей кыймылдашып, кесилген талык этти чокуп, улкуп-жулкуп жей баштады. Көптөн кийин жаш мергенчиге ыраазы болуп кандай, кайрадан канаттарын күүлөп, кайрадан талпынгандай болушту. «О, Кызыл текөөрлүү! О, Муз мурут! Эмнегедир

бу силер канатыңарды күүлөгөн сайын, менин өлгүм келбей, эртеңки күндү көргүм келет, коңур чеченди, айтылуу саяпкерди, кумар көзүмдү, теңтуштарымды, атамды көргүм келет, алардын үнүн уккум келет. Бул үзүлбөгөн үмүт. Ушул үмүттү силер тартууладыңар. Аман болсоңор, адегенде түлөк[1] болосуңар /туйгундун көрку түлөктө, балбандын көрку билекте эмеспи, анан бозум түлөк[2], анан таш түлөк[3], анан кум түлөк[4], анан ым түлөк[5], анан ыл түлөк[6] болуп, бул жалган дүйнөдө кыраандардай чабыттап, далайды башыңардан өткөрөсүңөр. Энеңердин сай-сөөгү эми сыздабайт. Энеңердин жүрөгү эми зыркырабайт. Ошондуктан мындан ары муңдуу шаңшыбайт. Бийик асканын чокусунан боюн таштап өлгүсү келбейт. Ушуга ишенип койгула. Асманды карагыла. Жерди карагыла. Белестерди карагыла. Чокуларды карагыла. Кийиктерди карагыла. Куштарды карагыла. Жез тумшуктарды карагыла. Карышкырларды карагыла. Чөөлөрдү карагыла. Киши кийиктерди карагыла. Уларларды карагыла. Баары эле өз ара байланышта сыйактанат. Муну сезип койгула. Эми силерди көрүп, энеңер муң-зардан арыла түшкөндөй болот го. Байкуштун жүрөгү туйлап кубанат го. Кубансын! Далай жыл азап тартып келди, эми жетишет. Мындан ары азап тартпасын, мындан ары арман кылбасын, мындан ары көз жашын төкпөсүн! Ушу тапта Төө комдот калдайган канатын анда-санда кагып, койкойгон мойнун бурбай, эки бутун салаңдатып, эки көзүн алаңдатып, балким Туздуу-Суунун үстүнөн, билким Шамшыкал-Ата тоосунун үстүнөн, балким Камбар-Атанын үстүнөн, балким Кенже-Козунун үстүнөн айланып, жайбаракат гана чабыттап жүргөн болсо керек. Мейли, кыраандыгы эч кимде жок энеңер чабыттап уча берсин!» – Ушинтип ой толгоду Төлөнмырза.

---

[1] Түлөк – кыраан куштардын түлөгөн, бир жылдан ашкан кези.
[2] Бозум түлөк – бир түлөп, экинчи кышка караган кези.
[3] Таш түлөк – эки түлөгөн кези.
[4] Кум түлөк – үч түлөгөн кези.
[5] Ым түлөк – төрт түлөгөн кези.
[6] Ыл түлөк – беш түлөгөн кези.

* * *

Тоо оркөчтөнүп аккан Нарын дайрасынын жээгиндеги калың чычырканактын бери жагында түлкү үлпүлдөгөн куйругун булактатып, өзүнчө ойноп жатты... Тээ бийикте учуп жүргөн Төө комдоттун өткүр көзү аны эми көрдү. А бирок эмнегедир каары ичинде кайнап, ошол жакты карай ылдап учкан жок. Акырын айланып, эч шаңшыбай, андан көзүн албады. Кыйладан кийин гана калдайган кош канатын [illegible] тез какты. Түлкү алгыр бүркүттүн келатканын көрүп калды, анткен менен качып кутула албасын сезди бейм, чалкасынан түшүп, алдыңкы бутун асманды каратып жатты. Куулугу укмуш да. Айлакердиги шумдук да. Төө комдоттун чукул абдан чукул кирип келишин гана күтүп калгандай болду. Ушинтип далай жолу өлүмдөн калган. Эми да ошентип кутулгусу келгендей. Төө комдот кош канатын куушуруп, му[illegible] туйбай, жебедей типтик сайылды. Бирок дароо илип кете албасын туюп, кайра көккө атып чыкты эле, түлкү шарт туруп, шарт буйт берип, алам заматта калың чычырканактын арасына кирип кетүүгө үлгүрдү. Ажалы жок экен, дагы бир өлүмдөн калды. Төө комдот ызалангандай, ачуулангандай, жаны кашайгандай кайкып учуп, кайдадыр кетип калбастан, кайрадан тээ бийиктикте айланып учуп жүрдү. Шаңшыганы жок. Куу түлкү кыйладан кийин чыдамы кетип, чычырканактын арасынан чыгып, таш арасындагы ийинин карай качып жөнөдү. Төө комдот калдайган кош канатын шуулдата кагып, эки бутун салаңдатып, артынан кууп жетти да, бир паста таптак көтөрүп учту. Анан терек бою асманга чыгып, кайта жини келгендей кое берди эле, куу түлкү чөп арасына дүңк этип түштү. Ошо бойдон турбады. Төө комдот акырын конуп, эки жакты карабай, өлгөн түлкүнүн этин чокуп жей баштады.

* * *

Төлөнмырза башы кычышты эле, башын тырмады. Көкүрөгү кычышты эле, көкүрөгүн тырмады. Жону кычышты эле, жонун тырмады. Көп күндөн бери жуунбай, көп күндөн

...кийимин которбой, абдан кирдеп калган окшойт. Денесин кычышканы ошондон го. Биттеп да кетиптир. Кийимин чечип, битин терип сыгып олтурду. Сиркелеп да кетиптир. Сиркесин да терип сыкты. Аш бышымдан кийин гана ...терисине колун сүртүп, күрс-күрс жөтөлдү. Уяда ...дан башка ылайыктуу буюм жок да. Эмнегедир көңүлү ...туйгу болуп, кайрадан кийимин кийип, үн катпай, Муз ...рут менен Кызыл текөөрлүүнү карап койбой, баатыр бабалардын арбактарына жалбарбай, кудурети күчтүү кудайга жалбарбай, жанга жагымдуу жаандын жаашын тилебей, ...деңиздей терең ойго чөмүлүп олтура берди.

* * *

Кийинки күнү асман шаңкайып ачык болуп турса да, бир ...ти откүн төгүп өттү. Өткүндүн төгүп өткөнү Төлөнмырзага ...жакшы болду. Жүзүн, колун жууп, кочушун тосуп, жаандын суусун ичип алды. Ушинтүүгө үлгүрүп калганына кудуңдап кубанды. Кадимкидей көңүлү сергип, кыңылдап ырдамын болду. Анан кыңылдаганын токтотуп, ой бешигин термете баштады: «Мен санаадар болбой эле, убайым жебей эле, ак жүрөктүк кылбай эле, боор толгобой эле, кыраандыгы чен... жок Төө комдот ыраакта чабыттап учуп жүргөн кезинде, бул Кызыл текөөрлүү менен Муз мурутту өзүм менен кошо ...кадан алып түшүп, өзүм менен кошо айылга алып кетсем окшойт. Үйгө аман жетип алсам, ак сарбашыл кой сойуп, түлөө өткөрө коёмун. Таякем менен тааженеңем сүйүнөт. Көңур чечендин уулу сүйүнөт, айтылуу сынчынын уулу сүйүнөт. Сезими тунук, акылы жетик кумар көзүм сүйүнөт. Далай кул пендени кас көрүп, далай кул пендени сыздатып, алардын убалына калган обозгердин бал тилине кирбеген, адилдик менен калыстыктан тайган, пейили бузук Жаныбек хандын алтын-күмүшүнө алданбаган, аны эч качан даңазалабаган, алардын таламын талашкандарды жек көргөн атам сүйүнөт, ары күйүмдүү, ары сарамжалдуу апам сүйүнөт. Ичи тар обозгердин ичегиси түйүлсүн! Мейли, түйүлө берсин! Залим хандын куйкасы курушсун! Мейли, куруша берсин! Мен аларды

жек көрөм. Алардын алдында эч качан бөйпөңдөбөйм. Куш жемине кайрылат, эр жерине, элине кайрылат. Бу жарык дүйнөдө элден чыккан жаман, журттан бөлүнгөн жаман, ата-бабанын арбагын сыйлабаган жаман, киндик кан тамган жерин саткан жаман, душманга колтук ачкан жаман, ниети кара бөтөндөр менен табакташ болгон жаман. Ушинтип айтылуу Жээренче чечен айткан, ушинтип Толубай сынчы айткан, ушинтип Чоро мүнүшкөр айткан, ушинтип атам айткан. Төө комдоттун уясында олтуруп, ушуларды эстегенимди, ушуларды ойлогонумду. Тартынбай эле, опурталдуу төбөлдөрдүн көздөрүнө тике карап, алардын жоруктарын бетине айтып, айыбын ашкерелеп туруу керек. Абийири төгүлсүн. Бирок мындайды касамкор зулум Жаныбек хандын жасоолдору менен жан-жөкөрлөрү жактырышпайт эмеспи. Аларды кудай төбөсүнөн урсун! Байлыктын, бийликтин кулу болуп калышкан да. Жаныбек хандын көзүн тазалоону, жумурай журттун азаматтарын колдоп турууну ойлоп коюшпаганы да ошондон болсо керек. Асканын боорунан түшө албай жатып, өлө албай жатып, өлөң айтат дегендин дал өзү болуп турат окшойм. Эгерде ак ойлоп, адил болуп, адалат ишке жарай албасам, жардыжалчыларга, жетим-жесирлерге жакшылык ыроолой албасам, бу оомалуу-төкмөлүү дүйнөдө жашабай койгонум дурус эмеспи. Төө комдоттун эки кара аласын бапестеп багып, таш түлөк болгондо, атайын ыроолоп, боз байталды союп, адегенде казысынан чоң табактай, анан аяктай, үчүнчү күнү кеседей, төртүнчү күнү чыныдай, бешинчи күнү бөбөктүн муштумундай, алтынчы күнү бармактай сугунтуп, ошондон кийин гана таптай берсем болот. Табына келтиргенимден кийин эле, семиз бээни жетелеп келип, ай туякка чалып, сандыргалуу аксакалдарды, балпайган байбичелерди, ырыска шерик айымдарды, акылдуу жигиттерди, эстүү келиндерди чакырып, алардын батасын алып, аң уулоого алып чыксам боло берчүдөй. Касамкор зулум Жаныбек хандын мутабар мүнүшкөрүнөн кем калбаймын. Алтындан боо тагайын да, ала моюн соного салайын. Күмүштөн боо тагайын да, көкала моюн соного салайын. Жибектен боо тагайын да, желдей сызган жейренге са-

...йын. Кайыштан боо тагайын да, кырандан кайберенге са...йын. Сай жакалай барайын да, сарала моюн соно алайын. ...л жээктей барайын да, көкала моюн каз-өрдөк алайын. Сүрөгүм толкуп, көңүлүм чалкып калсын. Буга ишенсе бо...т. Кадимки эле Төө комдоттун куду өзүн тартып, дайранын ...гинен карышкыр, түлкү, сүлөөсүн алсын, токойдун чети...н кыргоол, чил, тоодак, безбелдек алсын, адырдан кеки...к, аска тараптан улар алсын. Тоодон элик, аркар, кулжа, ...ран, талаадан бөкөн, жейрен, калтар, көлдөн каз, өрдөк ...рсө, ошонун баарын алып, менин беделимди, золобомду ...төрүп, дөөлөтүмө дөөлөт, байлыгыма байлык кошо турган...й... Бул эмне дегеним? Мени кара теке сүзгөнү турат бейм. Мени шайтан азгырганы турат бейм. Ошондуктан ушундайда ...ыткыдай азгырган ойдон оолактабасам, балаанын баарын ...шыма үйүп алчудаймын. О, кудай! Ушундан өзүң сактай ...ор! Эгерде минтсем, байкуш эне бүркүт кайрадан касирет ...артып калат го. Эгерде минтсем, байкуш эне бүркүт күйүтүнө ...ыдабай, бийик аскадан боюн таштап өлөт го. Мен муну каа...абай калайын. Тү! Тү! Ойдун түбү жок тура. Келе берет экен, кете берет экен. Ошентсе да, мен өз эркимди башкарып, жак...шылыкка жамандык кылбайын. Ие, ошентейин!»

* * *

Төө комдот тирелишип асман мелжиген зоокалардын үстүнөн чарк айланып учту да, бир оокумда маңдайдагы ас...канын чокусуна конуп, канат-куйругун тарап, көңүлү уйгу-туйгу болгон Төлөнмырзанын кыймыл-аракетине көз салып, курсант болгондой ордунан карыш жылып койбоду. Эми аскадан боюн таштап өлгүсү келбегендей, кайрадан жашоо кумарына батканды каалагандай шаңшыды: «Кияк-кияк...» Бул ийги угулду. Эми алаамат салгандарды, кан күсөгөндөрдү, каракчылар менен кармашкандарды да, ажал менен арбашкандарды да, аманатты бербегендерди, жүзү караларды да, убададан тайгандарды, намысты колдон алдыргандарды, кыянатчылык кылгандарды да, ала койду бөлө кырккандарды, сараңдар менен канкорлорду да алакчылабай, кең пейилдик

менен баарын койнуна батырган, киши кийиктер менен жез тумшуктардын, илбирстер менен карышкырлардын, кайберендер менен илбээсиндердин, курт-кумурскалардын, суурлар менен кашкулактардын, түлкүлөр менен коендордун, сүлөөсүндөр менен кундуздардын, мадылдар менен чөөлөрдүн, каркыра-турналар менен тоодактардын, кузгундар менен каргалардын, кептерлер менен таандардын, камандар менен аюулардын жашоосуна ыңгайлуу болгон Улуу Тоонун салкын төрүнөн кеткиси келбей калды. Уядагы эки кара аласын ээрчитип, көгөргөн көк асманда учканды, аларга чабыттаганды үйрөткөндү самагандай. Айтор, ошондонбу, кыйладан кийин жыл сайын балапандары уядан кулап, ташка катуу тийип, сөөгү сөпөт болгонун, ушунун айынан далай мертебе жүрөгү канаганын, сай-сөөгү сыздаганын, далай мертебе азап тартканын, далай мертебе бороонго төшүн тосуп учканын, нөшөрдө калганын унуткандай, ташпиши башынан арыларына эми гана ишенгендей, жүрөгү туйлап кубангандай, эки жакты кымпыя карап койду да, андан соң томуктай булут жок асманга жебедей атып чыкты.

Төлөнмырза башынан тебетейин алып, «Бөпү! Бөпү!» – деп булгалай кыйкырды. Төө комдот анын бөпүлөп кыйкырганын укпады бейм, тебетейин булгалай чакырганын көрбөдү бейм, койкойгон мойнун буруп караган да, ылдыйлаган да жок, анткен менен дагы чабыттай учуп, шаңдуу шаңшып жиберди: «Кияк, кияк...» Уядагы эки кара ала энесинин шаңшыганын угуп, курсант болгондой карап калышты. Төлөнмырза кайрадан кыйкырбады, кайрадан тебетейин булгалабады. Төө комдот биртикеден кийин адатынча көздөн кайым болду. Төлөнмырза көнүп калгандык кылып, анчалык деле жүрөкзаада болбоду. Төө комдоттун капчыгайдан капчыгайга, аскадан аскага, кырандан кырaңга кыдырып кеткенин билет да. Кабатыр болбогону да ошондон. Ал эми текөөрү кызыл менен Муз мурут бир маалда тынч туралышпай, кош канатын күүлөп, талпына учуп жөнөгөнгө аракет кылгандай болду. Бирок экөөнүн тең буту байлануу болгондуктан уча алышкан жок. Эгерде бош болсо, түз жерде болсо, ылдый карай күүлөнө чур-

кап, көгөргөн көккө көтөрүлмөк. Аттиң, андай болбогонун... Тынчтанып калды экөө. Төлөнмырза көзүн жумуп, кайра ачты да, андан соң кымыздык шимип, эки кара аланы карады. Алар дегеле дүйнөкапар. Төлөнмырза кыйладан кийин кымыздыкты шимигенин токтотуп, «Бөпү! Бөпү!» этип койду эле, экөө ордунан козголуп, канатын күүлөмүш болду.

* * *

Анчалык бийик эмес асканын түбүнөн «чарк!» эткен үн чыкты эле, куду ушунда жуушап жатышкан аркарлар менен кулжалар козугаларын ээрчитишип дыр койушту. Төлөнмырза эмне болуп кетти дегендей селт этип, ошол жакты карап калды: куландай дөбөт карышкыр качып баратышкан аркарларды, кулжаларды кууп алыптыр. Эң арткысына жетип, дароо толорсуктап калууга жанын үрөгөндөй... Кан күсөп калган го. Эми шиш тумшугун ысык канга матырып, жылуу этти улкуп-жулкуп жемейинче, кардын тойгузмайынча, түк жаны жай албоочудай... Бирок, ушул учурда кайдандыр-жайдандыр он бештей киши кийик пайда болду да, жерден шапашупа таш алышып, өздөрүнчө булдурукташып, ачууланышып, дөбөт карышкырды карай ыргытышты. Таш карышкырга тийген жок, ары жакка түштү. Киши кийиктер теребелди жаңырта кыйкырышты да, асмандан Төө комдотту көрүшүп, ага ишенишкендей токтоп калышты. Эгерде ал болбосо, карышкырды карай жүгүрүшмөк. Ишенишкендей эле, Төө комдот көз ирмемде калдайган кош канатын шукшуруп, көз ирмемде типтик куушурулуп, козугасына карап, үйүрдөн бута атымдай артта кала берген аркарды басып жыгыларына аз гана калган куландай дөбөт карышкырдын башын жара тээп, кайрадан көккө атып чыкты. Киши кийиктер кыраан бүркүткө ыраазы болушту окшойт, кайрадан булдурукташып, анткен менен жанагыдай ачууланышпай, кудуң-кудуң этип кубанышкандай карап турушту. Анан башы жарылып, өз канына өзү боелуп, жерде өлүп жаткан карышкырды жийиркеничтүү тиктеп коюшту да, биртикеден кийин кыраңды ашып кетишти.

Төлөнмырза Төө комдоттун ушунчалык алгырдыгына дагы тан берди. Өлүмдөн аман калышкан аркарлар менен кулжалар козугаларын ортого алышып, белеске жетпей токтошту да, алкоосун айтышкандай, көктөгү Төө комдотту карап калышты. Ал калдайган кош канатын жай кагып, ушуну сезгендей, аскалардын үстүнөн чарк айланып учту. Төлөнмырза ууртунан жылмайып, кежигесин кашылап, эки кара аланын жанына көчүк басты. А кыраандыгы ченде жок Төө комдот кайрадан асканын чокусуна конуп, канат-куйругун тарап, бирде эки кара аласын, бирде ойго чөмүлгөн жаш мергенди, бирде беймарал жуушап жатышкан аркарларды, кулжаларды, алардын так-так секиришкен козугаларын карап койду.

* * *

Түн. Көктө ай, жылдыздар.

Төлөнмырза үргүлөбөй, акырын турду да, көктөгү айды, жымың-жымың этишкен жылдыздарды, түн кереметинде нардай чөгүп жаткан тоону карады. Ай да өзүнчө көрктүү экен, жылдыздар да өзүнчө көрктүү экен, тоо да өзүнчө көрктүү экен. Башына түк бүткөндөн бери ушул көрктү эми, болгонду да Төө комдоттун уйасында турган кезинде байкаганын... Шуу үшкүрүп, кайрадан олтурду. Тизесине башын койбой, кыңылдап кайгылуу, армандуу ырдабай, асканын түбүндөгү жеке тумшуктарды, мөңгү жакты карай беймарал баратышкан кийик кийиктерди карап, ордунан козголуп койбоду. Ошол калыбында олтуруп, куштардын тилин билген Чомотой саятчыны ойлоду. Тилмер жөнүндө ыраматылык Чоро мүнүшкөр[1] айтып берген эле. Таза кызык. Башта эмес, айлуу түндө, жылдыздуу түндө саятчылыгы ченде жок Чомотойду ойлогонуп...

---

[1] Бүркүттөрдүн сырын билген, кыйынчылык менен кармап алгандарын бат эле тапка келтирген даңазалуу мүнүшкөр Чоро жөнүндө залкар манасчы Саякбай Каралаевдин жазуучу жана драматург Касымбек Эшмамбетов менен биргеликте жазганы бар. Бул болсо «Бүркүттөр» деген аңгемелер жыйнагында баяндалган. Анткен менен мына ушул даңкы дабандарын ашкан Чоро мүнүшкөрдүн кайсы аймакта, кайсы мезгилде өлгөнүн билесиз.

Оозун ачып, башын чайкап койду. Бу жалган дүйнөгө устун болгон пенде жок. Далай инабаттуу жакшылар, далай баатырлар, далай шерлер, далай чечендер, далай акылгөйлөр, далай айдай сулуу айымдар келгин куштардай учуп келишип, кайта келгин куштардай учуп кетишти го. Куду ушуну дөөлөтүнө корстон болгон, байлыгына чиренген, жан-жөкөрлөрү менен жалоондой жасоолдоруна таянган Жаныбек хандын, ала койду бөлө кырккан обозгердин, алардын камчысын чапкан шылуундардын сезгилери жок. Мындайлар жыргап-куунап жүрүшкөнү менен, а чынында кудайдын каарына калтырлар. Чоро мүнүшкөр менен Чомотой сайатчы өлсө да, алардан өлүгү артык! Төлөнмырзанын ойлогону да ушундан.

* * *

«Керме-Тоо менен Теңир-Тоонун койнунда жашаган Чомотой деген сайатчы жайчылар менен чечендер, саяпкерлер менен мергендер, табыптар менен бакшылар билбегенди билет экен. Андай саятчыны бул аймактан да, Улуу Талаадан да табуу кыйын. Ал абдан чыгаан, абдан кашкөй саятчы. Деңиздин, көлдүн жээгинде, өзөндүн, дайранын боюнда, чытырман токойдо, калың кырчын арасында, балгындуу камышта, тар капчыгайда, карагайлуу кырда, арчалуу төштө, эрмендүү, шыбактуу талаада, бозоргон адырда кандай канаттуу жашаса, куду ошолордун тилин билет экен. Баарынан кызыгы, кайсыл жерде катылган казына болсо, кайсыл жерде алтын, күмүш, асыл таш болсо, өзү үйрөткөн куштардын айрымдарын жумшап, өзүнө алдырып алат экен. Ошондуктан анын байлыгындай эч бир бектин, эч бир нойондун да, эч бир кол башчынын да, эч бир хандын да, эч бир падышанын да байлыгы жок имиш» деген кабарды ордодогу төбөлдөрдүн бир тобу угуп калышты да, адегенде өздөрүнчө сүйлөшүп, анан ойрттуулдан олжого карк болуп кайткан каардуу ханга угузушту, бир тобу муну билишкен деле жок, сайран куруп жүрүштү, дагы бир тобу буга кайдыгер карашты. Карды ток, кайгысы жок, байлыгы мол болсо ушул да. Каардуу хан бул тууралуу уккандан кийин ой-санаасы алда кайда кетип, сай-

ран кургандардын жанына барбады. Уйкусу да качты. Күндөй нурдуу кумар көздөрүнө, айдай сулуу көрөр көздөрүнө жолукпады. Айтор, ошондонбу, кеңешчиси, найиби, жан жөкөрлөрү менен эле эмес, чырайлуу айымдары менен чечилип сүйлөшпөй үңкүйдү. Бийчилерин бийлетип, ырчыларын ырдатып, шарап ичип, делебесин козгоого, ышкы отунда алоолонууга аракет кылбады. Жасалгалуу ордосунда жалгыз жата турган болду. Башта мындай эмес эле. Ошон үчүн алар бир чети таңданышса, бир чети бушайман болушту. Бирок алардын бирөө да батылдык кылып, себебин сурай алган жок. Каардуу хан мүнүшкөрлөрү, мергендери менен аң уулоого чыкпай, эми ойго чөгүп олтурду. Сук болсо, ач көз болсо, ушул экен да. Чомотой саятчынын өнөрүнө эмес, а мол дүнүйөсүнө сугу түшүп калганын өзү да сезди. Муну айтпагандан кийин шылуун найиби, кеңешчиси менен кеңешпегенден кийин, абдан ичи бышып, чыдамы кете баштады. Жан жөкөрлөрү туюшкан деле жок. Аларга баары бир да, арадан бир апта өткөндөн кийин каардуу хан найибин чакырып, алпейими кеткенин айтты эле, ал:

– Таксыр! – деди купшундап. – Бу сиз эч кабатыр болбоңуз. Мен муну кантип аткаруу керектигин эң сонун билемин.

– Бу сен адырандаба,– деп каардуу хан бурк этти. – Сенин күчүң бар, а эсиң жок. Кокустан тилмерди табалбай калсаңчы... Анда кантесиң?

– Таксыр! Мен ала-тоолук Чомотой саятчыны жердин түбүнөн болсо да таап келемин. Сиз эч кыжаалат болбой, бей-марал жата бериңиз,– деп найип хандын көңүлүн жубатып койду. Анан ордодон чыгып, чынардын түбүндө чатыраш ой-ноп жатышкан жасоолдордун жанына барды да, эмнегедир ырайлашпай эле, алардын арасынан бөрк ал десе баш алгандарын дароо бөлүп алды да: – Бу силер алактабай, дардаң-дабай, менин айтканымды жакшылап уккула да, көкүрөгүңөргө кыттай куюп алгыла. Керме-Тоо менен Теңир-Тоого барасыңар. Какшаал тарапка, Жылдыз жакка барасыңар. Айылдан айыл кыдырасыңар. Ошентип кайдан болбосун Чомотой деген саятчыны издеп табасыңар. Эптеп айыпка жыгып,

ашкой мырзалар менен инабаттуу жашылардын ортого түш-
нүнө карабай, аксакалдардын кебин укпай, Чомотой саят-
чыны ордого айдап келесиңер. Эгерде муну аткара албай, ор-
дого шелпейип келсеңер, мен бириңди да аябайм. Баарыңдын
башыңды алдырам,– деп күпүлдөдү. Жалоондой жасоолдор
эмне үчүн?» дешпей, эч кыйыктанышпай, башын ийкеп ко-
шту. Эгерде минтишпей, моюн толгой турган болушса, бар-
дыгы найранбаз[1] найиптен коркушат. Кың дешпегени да, моюн
толгошпогону да ошондон. Найип кайрадан күп-күп эте кү-
пүлдөп, аларды жерге-сууга тийгизбей мактап койду да, ан-
дан соң барман берип, ошол күнү эле жөнөттү. Эртеси сабыры
нуз ханга жолугуп, жасоолдорду Ала-Тоого жөнөткөнүн ай-
тып, бу жоругуна өзү корстон болгондой күлүмсүрөдү. Каар-
дуу хан булуттуу күндөй түнөрүп унчуккан жок. Ошондон
улам найип кыйпычыктап жиберди. Каардуу хан туймаксан
болду. А жасоолдор түн катып да жол жүрүшүп, далай ашуу-
ну ашып, далай ийри-буйру өзөндү кечип өтүшүп, кыйла
күндөн кийин гана Керме-Тоого жетишти, анткен менен Чо-
мотой саятчыны табалышкан жок. Кыжалат болушту. Да-
ңылдап сүйлөшпөй, ырсактап күлүшпөй, айылдан айыл кы-
дырышып, бектер менен мырзалардан сурашып, Чомотой саят-
чыны издеп кете беришти. Теңир-Тоого барышты. Ошол жак-
тан жылкычылардын, койчулардын ар кайсы коктудагы, ар
кайсы жылгадагы боз үйлөрүнөн, алачыктарынан караштьы.
Көрүнгөндөн сураштьы. Бирок табышпады. Артына кайтып
кетишпей, белестен белес ашты. Какшаал тарапка, Жылдыз
жакка да барып, ошол аймактардан да издешти. Издешкени
менен Чомотой саятчыны табалышпай, санаасы самандай са-
пырылып, ирендери кубарды. Баштарын шылкыйтышып кай-
тышты, бирок ордого шыр барышпай, Ат-Башы жактан из-
дей турган болушту. Ошенткени деле ырас болуптур. Акырын-
да ыраактан Чомотой саятчыны көрүп калышты. Бир айыл-
дын элин бириктирбеген, эки айылдын элин эриктирбеген эчки
сан тыйтак аялдары бала төрөгөндөй сүйүнүп кетишти. Чо-

---

[1] Найранбаз найип – куу, алдамчы, шылуун, канкор жардамчы.

мотой сайатчы чалкыган Чатыр-Көлдүн жээгинде толкун ме-
нип, бири-бирин кубалашып ойногон ак куулар менен калкы-
ган каздарды, өрдөктөрдү карап туруптур. Ийнинде тоту куш,
жанында каркыра-турна бар экен. Тоту куш менен каркыра-
турна шайтаны кармап, катуу келатышкан жасоолдордун ат-
тарынын дүбүртүнөн чочуп, алам заматта учуп кетишти. Ан-
эми ак куулар кубалашып ойногонун токтотушуп, каздар ме-
нен өрдөктөргө кошулуп, алеки саатта арылай сүзүп жөнөштү.
Жасоолдор аларды карашпай эле, ырайлашпай эле, ал-акы-
балды сурашпай эле, кабактарына кар жаадырышып, качып
кетүүгө аракет кылбай, айран-таң калган Чомотой саятчы-
ны курчап калышты. Каардуу хандын камчысын чапканга,
найранбаз найиптин айтканын аткарганга, ордодогулардын
сөзүн кубаттаганга, кылдан кыйкым таап, бейкүнөө бука-
ларды каралаганга маш болуп бүтүшкөндүгүн көрсөтүшүп,
капкайдагыны айтышты да, кекетип-мокотушуп, ортого
түшкөнү келишкен мырзалар менен аксакалдарды көздөрүнө
илишпей, алардын кептерин угушпай, суурдун айгырындай
айкырышып, Чомотой саятчынын алпейимин алышты. Аны
алдыларына салып, хандын ордосун карай айдап жөнөштү.
Мырзалар ызырына тилдешип, аксакалдар жалоондой жасоол-
дорду каргап-шилешип, Чатыр-Көлдүн жээгинде кала бериш-
ти. Алар артына кылчайышып, тигилерди карап коюшкан
жок. Эч жерге кайрылышпай, түз эле жүрүп отурушту. Ашу-
уну ашкандан кийин гана өргүштү. Ошо бойдон ордого ба-
рышты. Найранбаз найип кудуң-кудуң этип кубанып, аларды
мактап койду да, анан жайына кетирип, өзү Чомотой саятчы-
ны ордого киргизди. Каардуу хан үтүрөйүп, аны жактырба-
гандай карады. Чомотой сайатчы кашкөйлүгүн, барааттыгын
көрсөтүп, жек көргөндүгүн, жаны кашайгандыгын билдир-
бей, мурдунан тийбестен, урмат кыла башын ийкеп ырайла-
мыш болду. Найранбаз найип кыйпычыктап турду. Чомотой
сайатчы ичинде кара кылы айланбаган найипти акырайып
карабай, көздүн жоосун алган килемге олтурбай:

– Улуу урматтуу хан! – деди коңур үнүн акырын чыга-
рып. – Биринчи буйрук теңирдики, экинчиси сиздики. А кул-

...болсо, мага окшогон пенденики. Ары канкор, ары зөөкүр ...олдоруңузду жиберген экенсиз. Мени пенде катары ...рүшподу. Алдыңызга айдап келишти.

– Олуң басып келбесең, анан мен жигиттеримди жиберем ..., – деп каардуу хан корс этти.

– Улуу урматтуу хан! Мен катуу айтсам айып этпеңиз. Не... жумушум болсо, сизге айта турган сөзүм болсо, ордого ...ум эле келмекмин. Бирок зарыл жумушум жок болгондон ...йин, айтчу сөзүм болбогондон кийин, мында келүүнүн ка...ети жок да.

– Бу ала-тоолук жаман сайатчынын тартынбастан сүй...гөнүн, – деди найранбаз найип ачууланып. – Тилин кесип ...ла турган экен.

– Эй, наадан! – Чомотой саятчы жүрөксүп калтаарыбас...ан, найранбаз найипти тике карады. – Куюшканга кыпчыл...ган боктой болбостон, ары турсаңчы... Мен сени менен эмес, ...ан менен сүйлөшүп атам. Бу турмушта баш кесмек бар, тил кесмек жок.

– Сага окшогон жамандардын тилин кесип койсо болот, – деди найранбаз найип итатайы тутулуп.

– Ары жоктун айтканын...

Найранбаз найип ызырынып, жанын кашайткан Чомотой саятчыны жекирип, жылдызын жерге түшүрмөкчү болду эле, каардуу хан жактырбастан түнөрдү. Ошондон улам найип ун...чукпай калды.

– Зарыл жумушуң болбосо да, айта турган кебиң жок болсо да, бу сен кез-кезде ордого келип, менин көзүмө көрүнүп, ал-жайды сурап турушуң керек эле да, – деп каардуу хан корсулдады. – Неге дегенде, бу сен бечара эмессиң, мусапыр эмессиң, мазар кыдырып жүргөн дербиш эмессиң, талдын түбүнө, дайранын боюна, көлдүн жээгине жатып алган жолоочу эмессиң, а даңкың дабан ашкан саятчысың да.

– Улуу урматтуу хан! – Чомотой саятчы жаны кашайып, жини келип турса да, өтө сабырдуу экенин көрсөтүп, ханды урмат кыла теше тиктебеди. – Бул айтканыңыз жүйөлүү. А бирок...

– Эмне, а бирок?.. – Каардуу хан чарт жарылды.

– Бир мертебе атайын ыраактан ат арытып келсем, сизге жолугуп, бөйрөктөн шыйрак чыгарган, ала койду бөлө кыркан жасоолдоруңуздун жоругун айтайын десем, жан-жөкөрлөрүңүз: «Хан азыр бош эмес. Калчалардын төрөлөрү, катагандардын бийлери, нойгуттардын бектери менен сүйлөшүп атат. Эртең арабдардын элчиси, ак безергени менен жолугушат. Сен үч күндөн кийин келгин» дешип мени ордого киргизбей коюшкан. Артыма кайтып кетпей, ушул жердеги тааныштарымдын биринин үйүндө үч күн жатып, төртүнчү күнү келип, изги тилекте эшик алдында турсам, нөкөрлөрүңүздүн бирөө: «Аксакал, хан азыр жок эле. Саруулардын, багыштардын, саяктардын дөөлөттүү мырзалары менен аң улоого кеткен. Мен хандын аң улоодон качан келерин билбейм. Үйүңө кете бериң. Ордодо найип да, кеңешчи да жок. Алар хандын жанында жүрүшөт»,– деген. Ошондон улам капа болуп, келген жолума түшүп кеткем. Бир айдан кийин келсем, жан-жөкөрлөрүңүз: «Эй, чал! Сен бекер эле убара болуп келиптирсиң. Хан кеңешчиси, найиби менен сүйлөшүп жатат. Эртең ооган, гүржү, армен, эрен, түрк жеринен кербендер келет. Ошол кербендердин башчыларын кабыл алуу үчүн тигилер менен масилеттешүүдө»,– дешип дагы сизге жолуктурбай коюшкан. Ушунда дагы кападар болбой, көңүлүмдү чөгөрбөй үйүмө кайтып кеткем. Үмүт үзбөй кийинки айда кайтып келсем, текебердүү жан-жөкөрлөрүңүздүн бир тобу: «Эй, чал! Бул жерде турба. Кайдан келсең, ошол жагыңа кайра кеткин. Хан бош эмес. Оргулардын, дөөлөстөрдүн, маңгыттардын, керейиттердин, жалайырлардын, аваттардын, бостондордун, ойроттордун, кесектердин, черdesignтердин, таранчылардын мыктылары менен казы-карта, чучук жеп, кымыз ичип олтурат. Кызыктуу кептер айтылууда. Эртең алар менен колдуу жээгине барып, ит агытып, куш салат. Андыктан жолуңа түшүп кете бергин»,– дешип мени дагы ордого киргизбей, келген жолума салып коюшкан. Ошондон улам көңүлүм калып болуп калган.

Найранбаз найип Чомотой саятчынын кашкайган чындыкты айтканын билип турса да, негедир жини келип, каар

дуу хандан мурда: – Эй, алжыган абышка! Жаныңды жебе! – деди.

– Көктө кудай бар го. Калп айтканды төбөдөн урат.

– Сакалың өрттөнгүр! Кудайды жайына кой. Мен сени шооратты далайга жеткен ханыбыздын ордосуна келгениңди таптакыр көргөн эмесмин. Эгерде көрсөм даңазалуу ханыбызга дароо айтмакмын. Дагы айтам: жаныңды жебе!

– Сен мага кыйкырба! – Чомотой саятчы шайтаны мойнуна минген найранбаз найипти акырайып карады. – Мен жанымды жеген жокмун. Жанын жегендер менен ыйманына камчы чапкандар башкача болот. Же мен сенин чаары чыккан көзүңө ошондой көрүнүп турамбы?!

– Өкүмдар! Бул алжыган абышканы эмне кылсам?!

Каардуу хан үн катпады негедир.

– Тилиңди тишиңе катып турсаңчы. Антпей эле кекээрдүү сүйлөп, мени кекеткенди сага ким коюптур. – Найранбаз найип кайрадан туталанды. – Бул жер сага Керме-Тоо эмес, Теңир-Тоо эмес. Биер хандын ордосу. Куттуу ордодо турасың.

– Сен муну баса көктөп эскертпесең деле мен билемин.

– Билсең, кер оздук кылбай, чөптөн жапыз, суудан тайыз болуп жүрүүгө аракеттенсеңчи. Болбосо...

– Болбосом эмне кылат элең?

Найранбаз найиптин куйкасы курушту. Картаң карышкырдай ыркыраган тилмерди камчыга алмакчы болду эле, каардуу хан каарына алгандай башын чайкап койду. Ошондон улам ал жер тиктеп, анткор жөтөлүмүш болду. Эгерде каардуу хан тыгынтип койбогондо, бул жаалданып, саятчыга көргүлүктү көрсөтмөк. Канкор да. Каардуу хан унчукпай, алаканы менен жаагын сылап, сынагандай алдыртан тиктеди. Найранбаз найип сыртка чыгып кете албай, кайрадан кыйпычыктап турду. Каардуу хан жан-жөкөрлөрүн, жалоондой жасоолдорун чакырып, өзүнчө териштирип көрүүнүн ордуна, күнөөлүүлөрдү жазалоонун ордуна, малдуулар менен дүнүйөлүүлөргө да, итке минип калгандарга да, кеп кадырын билгендерге да, жүрөгүндө жалы бар эрендерге да жамандык каалабаган, ниети ак, пейили кең, момун, анткен менен башкалардан өзгөчөлөп турган касие-

ти, артыкчылыгы бар Чомотой саятчыны кадырлап, ага урмат-сый көрсөтүүнүн ордуна: – Ушу сен жеткен акмак окшойсуң,– деди кабагын ачпай.

– Жырткычтын ачуусу козүнөн билинет, пенденин ачуусу сөзүнөн билинет,– деп Чомотой саятчы корсулдабай жайынча айтты. – Өкүмдар! Мен акмак эмесмин. Акмакты мобуреги найранбаз найибиңизге окшогондордун арасынан издеңиз.

– Адам ээ-э-эй! Мобуреги жаман саятчынын жүзү кызарбай туруп айтканын. Акмактын акмагы экенсиң го. – Каардуу хандын жанындагы кароол башы шайтаны мойнуна мингендей корсулдады. Найранбаз найип купшуң-купшуң этип, анын кебин коштоду да, жанатан бери үн катпай турган кексе кеңешчини карады. Ал ага кошул-ташыл болду. Чомотой саятчы: «Ай, кутурган иттер ай! Силерди кудай төбөңөрдөн урсун!» – деп ичинен жини келди. Кароол башы ушуну туйгандай акырая карап койду.

– Бу сен акмактыгыңдан улам келжиреп, биерде оозуңа келгенди оттой берет экенсиң. – Каардуу хан кайрадан кээрдеди. – Мен эми сенин тизгиниңди тартып, жиниңди кагып койсом окшойт. Капкайдагыны айтпай каласың.

– Таксыр! – Чомотой саятчы тартынбастан, коркпостон тике карады. – Кыш чилдесинде кирген бууралай буркулдабаңыз. Мен сиздин нөкөрүңүз да, мүнүшкөрүңүз да эмесмин.

– Адам ээ-э-эй! Мобереги жаман тилмердин айбат кылганын. – Кароол башы кайрадан корсоңдоду. Чомотой саятчы аны карабай: – Күнөөм жок болсо, жөн жерден эле кекетиппокотуп, абдан катуу буркулдай берсеңер, анан айбат кылам да,– деди үтүрөйүп.

– Ажалдуу кийик кырда ойнойт, ажалдуу төө жарда оттойт. Бу сен да куду ушундай болуп турасың. – Каардуу хан корсулдады. – «Кудайдын каарына калган хан күп-күп этип күпүлдөсө да, азуусун айга жанса да, күлүктүн күлүгүн минсе да, сулуунун сулуусун койнуна алып жатса да, алтын коп болсо да, баары бир Чур Тардуш Ынанчыга жетпейт» депсиң. Эмне, минтип айтканың күнөө эмеспи? Эмне, минтип айтканың акмактык эмеспи?

– Өкүмдар! Бул күнөөгө жатпайт. Бул акмактык эмес.

– Акчыланба, шум тилмер, акчыланба! Чур Тардуш Ынанчы дегениң ким?

– Улуу урматтуу хан! Бул кырк уруулуу кыргыздын каганы, болгондо да эр каганы! – Чомотой саятчы сыймыктангандай шаңк этти.

– Чур Тардуш Ынанчы каганың качан алтын такка олтуруптур?

– Жүрөгүндө сырттандай мол кайраты бар Кутлуг Билге кагандан[1] кийин алтын такта олтуруп, алдым-жуттум болбой, адилдик менен бийлик жүргүзүптүр. Айтор, ошондонбу, киндиктеш уруулардын инабаттуу жакшылары эле эмес, канатташтар менен өзөктөштөрдүн журт бийлеген элтеберлери, бектери, сандыргалуу аксакалдары, акылдуу баатырлары, даңазалуу найзакерлери Чур Тардуш Ынанчы каганды «тай качырбас боз айгыр[2]» дешип чын ыкластарынан айтышчу экен.

---

[1] Кутлуг Билге каган кабыландай кайраттуу, айдагардай айбаттуу Барсбек кагандай болуп, өрттөн кайра тартпаган, өлүмдөн кайра качпаган шердин шери экен. Жалындан жалтанбаган жигиттерден кол курап, жоо борусуно айлангандарга, тагыраагы, кийинки Түрк каганатынын черүүсүнө каршы күрөшүп, аларга абдан катуу сокку уруптур. Бул 718-жылы болгон эле. Ошондуктан жер майышкан жоокери көп Таң каганатынын төбөлдөрү: «Кыргыздардын куралдары курч экен. Алар тайманбастан согушту»,– дешип кыргыздардын эрендерине, берендерине тан беришкен. Бул кийинки Түрк каганатынын таркандарына, кол башчыларына жакпаган. Ар кандай айла-амалды колдонушса да, кыргыздардын кыраан куштай кымпыйган Кутулук Билге каганын жок кыла алышпаган. Айыгышкан айкаштарда ал кара чаар кабыландай аралап кирип, далайды жексен кылып, эрдик көрсөткөн. А бирок эр кагандын качан өлгөнү белгисиз.

[2] Тай качырбас боз айгыр – бул накыл. Ушул накылдын мааниси тереңде. Күтүрөгөн сан жылкынын арасында айгыр көп эле. А бирок айгырдын да айгыры болот. Жакшы айгыр өзүнүн үйүрүн чарк айланып, тыным албай имерип, тайлар менен кулундарды кажыбай, тоздурбай, куубай, кулундуу бээлерди тиштебей, түнкүсүн ууруларга алдырбай, карышкырларга жара тарттырбай коргоп турат. Туманда, бурганакта, нөшөрдө, бороондо үйүрүн адаштырбай сактайт. Ошондон улам жумурай журтуна күйүмдүү, акылдуу, жоомарт, кең пейил, айкөл, адил, калыс, балбан билек, жолборс жүрөк уруу башчысын, эл атасын «тай качырбас боз айгыр» деп койгон. Мындайга татыктуу болгон кагандар, хандар, бийлер, бектер арбын эле. Алардын бири Чур Тардуш Ынанчы каган. Кыргыз каганатынын ордосу [illegible] кооз Көгмен тоосунун көк жайыгында болгон. Кийинки Түрк каганатынын даңазалуу кол башчысы Күл-Тегин өлгөндө, Кыргыз каганатынын эр каганы Чур Тардуш Ынанчы жүрөгүндө кек сактабай, өч алууну

– Ай, куу сайатчы ай! Ушу сенин куулугуң түбүңө жетет го. – Каардуу хан мыскылдап күлдү. – Калпты чындай кылып ышкыртасың да.

– Таксыр! Бу жалган дүйнөдө калпычынын казаны кайнабайт. Мен бала чагымдан бери калп айтып көрөлекмин. Жалганды мобуреги найибиңизге, мобуреги кароол башыңызга, мобуреги кексе кеңешчиңизге окшогондор айтышы ыктымал. А мен андайлардан эмесмин. Чур Тардуш Ынанчы каган да цазалуу Шыбакбай-арстан кагандай, Барс-бек кагандай, Кутулуг Билге кагандай акылдуу, жүрөктүү болгон. Адилдиктен, калыстыктан тайбаган. Эр кагандын тушунда Таң каганатынын алтын сарайына кыргыздардын эки жолу элчилер тобу барып келген. А сиздин тушуңузда элчилер тобу бир жолу да бара элек.

Ары таасын, ары таамай айтылган кеп каардуу хандын безине тийгендей болду. Атурсун бул кеп найранбаз найиптин, кексе кеңешчинин, кароол башынын да жүрөгүнө тикенектей киргендей болду. Шондон улам ичинен ызырынышты. Каардуу хан кайрадан жаалданып, кайрадан корсулдады: – Ай, акмак ай! Капкайдагыны айтып, башты айланткың келет. Мен сага көргүлүктү көрсөтөйүн.

– Ошентиңиз,– дешти кошоматчылар. – Мындай макоого убал жок.

Чомотой сайатчы аларды акырайып карады, анткен менен кекээрдүү сүйлөгөн жок. Каардуу хан эми кууланып, кептин

---

ойлобой, баатыр бабаларынын жоокердик салтын бузбай, баатыр бабалардын керээзин аткарып, маркумдун тажиясына барып катышкан. Бул 731-жылы эле. Көрүнүктүү тарыхчылардын бири А.Н.Бернштам 746-жылга тиешелүү Селеңгир жазуусунда Көгмен тоосунда эң күчтүү Кыргыз каганы жашаары, анын кошуундары болгону чагылдырылганын баса көктөп кеткени бар. Бул бекеринен эмес болсо керек. Анткен менен өз учурунда «тай качырбас боз айгыр» атыгып, айкөлдүк менен, адилдик менен бийлик жүргүзүп, киндиктеш уруулардын кутман жерин жоодон коргоп, азуулуу менен арбашып, алдуу менен кармашып, кийинки Түрк каганатынын кылычы кандууларынын чабуулунун мизин кайтарып, кут түшкөн ордосун ойрон кылдырбай сактап келген Чур Тардуш Ынанчы кагандын да качан, кайсы өзөндүн жээгинде, кайсы тоонун этегинде, кайсы жылы өлгөнү белгисиз.

мурун буруп кетмекчи болуп: – Бу сен акмак болсоң да, баланеттин баарын билет экенсиң,– деди жан-жөкөрлөрүн карабай. – Кана айтчы: куштун тилин кайдан, кимден кантип үйрөндүң?

– Улуу урматтуу хан! – деп Чомотой саятчы ачууланбай, кайрадан сабырдуулук кылып, коңур үнүн акырын чыгарды. – Кутулук Билге каган да, Чур Тардуш Ынанчы каган да мага ошогон саятчынын чекесинен эч кимге черттирчү эмес экен. Кадырын билип, дайыма барктап турушчу экен. Жана да көйкашка найзакерлерди, көйкашка айбалта чабарларды, көйкашка кылычкерлерди, көйкашка жаачыларды, көйкашка мергендерди жакшы көрчү экен. Өзү да найза сайганга эптүү, кылыч чапкканга шыктуу болуптур. Эр сайыштын салтын бузуп, такай найзакерлерди кекиртектин чуркулдайына сайып өлтүргөн койкулардын алп мүчөлүү найзакери менен кинзулардын дөөдөй болгон найзакерин боз кыроодо, кара кытайлардын бетинде тырыгы бар нооча бойлуу найзакери менен ширбилердин эңгезердей найзакерин кыштын чыкылдаган чилдесинде ат үстүнөн ыргыта сайган экен. Мына ошентип далайды өлтүргөн даңазалуу төрт найзакерди күм-жам кылып, намысты колдон алдырбаптыр. Чыныгы эрдик деп куду ушуну айтуу керек.

– Сен талаадагылар, түзөңдөгүлөр билбеген, капкайдагы аны айтпай, менин соболума жооп берсеңчи.

– Таксыр! Чур Тардуш Ынанчы капкайдагы эмес эле, кырк уруулуу кыргыздын кыраандарынын бири, болгондо да көйкашка кагандарынын бири. Талаадагылар, түзөңдөгүлөр билбесе койсун. Кыр-кырдагы ак калпак кыргыз кулундары, асыл кыргыз уруулары билсе болду.

– Эй, саятчы! Өлө албай жатып, өлөң айткандай болбосоңчу.

– Таксыр!

– Эмне, бу сенин тереӊ ордо жаткың келип турабы?

Чомотой саятчы каары шакардай кайнаган Жаныбек ханды тике карабай, башын чайкап койду.

– Андай болсо, капкайдагы каганды айтпай, менин суроо-
лума жооп берсеңчи.

– Өкүмдар! Мен чынымды айтсам, куштун тилин кайдан,
кимден, кантип үйрөнгөнүмдү билбейм.

– Жаныңды жебе, саятчы, жаныңды жебе!

– Таксыр! Теңир урсун! Нан урсун! Туз урсун! Мага эч ким
үйрөткөн эмес. ушуга ишенип коюңуз. Тилим чыкканда эле
кишиче жана кушча сүйлөптүрмүн. Эмне үчүн мындай болго-
нун атам менен апамдан сурабай калыптырмын. Ушуга азыр
өкүнөм. Мени бапестеп баккан апам, атам жарык дүйнөдөн
эрте кайтыш болуптур. Буга ишенип коюңуз. Ушу кезге че-
йин менин куштун тилин кандайча билип калганымдын ку-
пуя сырын билген киши жок. Балким бул тубасадыр... Бал-
ким, бул кудуреттүү Көкө теңирдин кылганыдыр...

– Өкүмдар! Бу тоолук куу тилмерди жообуна ишенбең, –
деди найип жаалданып. Кексе кеңешчи аны кубаттады. Ка-
роол башы ичинен сөгүнүп, бурк эткен жок.

– А өзүңчү! – Каардуу хан тике карады.

– Өкүмдар! Мен буга ишенбейм,– деди найип үтүрөйүп.

Кексе кеңешчи да ушинтти. Кароол башы да ушинтти.

– Көрдүңбү саятчы, бул үчөө тең сага ишенбейт экен,– деди
каардуу хан бир чети мыскылдагандай, бир чети сынагандай
тиктеп.

– Улуу урматтуу хан! – деп Чомотой саятчы олтурду. –
Найибиңиз менен кеңешчиңиз ишенбесе койсун! Кароол ба-
шыңыз ишенбесе койсун. Өзүңүз мага ишенсеңиз болду. Мага
ушул жетишет. Капа болбоңуз.

– Дегеле мунун куу түлкүдөй кууланганын... – Каардуу
хандын куйкасы курушту.

– Улуу урматтуу хан! Бу сиз мени кекетпеңиз. Мен чын-
дыкты жашырып, карандай калпты айткандарды жек көрөм.
Саятчы экенимди эч кимден жашырбаганым да ушундан.

Каардуу хан тубаса тилмердин айтканына ишенсе да, анын
чыныгы саятчы экенине көзү жетсе да, негедир боор толгобо-
ду. Бирок кайрадан жарга матаган жок. Бул найранбаз найип
менен кексе кеңешчиге, кароол башыга жакпады. Анткен
менен үчөө кууланып, анысын ханга билдирген жок.

– Өкүмдар! – деди Чомотой саятчы сакалын сылап. – Бу киш буга чейин далай баатыр, далай бий, далай бек менен сүйлөшкөнсүз, далай элчи, далай чечен, далай уста менен сүйлөшкөнсүз, далай кол башчы, далай найзакер, далай жайчы менен сүйлөшкөнсүз, далай мерген, далай хан, далай падыша менен сүйлөшкөнсүз, далай аксакал, далай жез таңдай, далай тамырчы менен жолугушкансыз. Буга чейин далай karakчыны, далай ууруну, далай соодагерди, далай аалымды көргөнсүз. А мен болсо, сиз менен алгач ирет сүйлөшүп атамын. Ошондой болсо да, бу сиз «жеткен акмак окшойсуз» дедиңиз. Мунун чоо-жайы кандай?

Каардуу хан Чомотой саятчынын минтип сурап каларын күткөн эмес. Шондуктан каны шакардай кайнап, көзүнөн чары чыга түштү. Найип менен кексе кеңешчи туталанып, тилмерди акырайып карады. Бирок каардуу хандан тартынып, аны жекиришкен жок, күңк-мыңк этишти. Каардуу хан этибар албай: – Бу сен чынында эле акмаксың,– деди үтүрөйүп.

– Бу оомалуу-төкмөлүү дүйнөдө сокур сыйпалаганын койбойт, дүлөй тыңшаганын койбойт, жетесинде жоктор ырсактап күлгөнүн койбойт,– деп Чомотой саятчы найранбаз найип менен кексе кеңешчини жек көрө карап койду да, андан соң үтүрөйгөн ханга: – Өкүмдар! Алышканда күчү жетпегендин, айтышканда кеби өтөт. Ошондуктан кеп кыябы келип турганда, дилимдегини айтпасам болбой тургандай. Кутулук Билге каган да, Чур Тардуш Ынанчы каган да жаалданбай эле, жаай турган күндөй түнөрбөй эле, айкөлдүк кыла боор толгоп, жайчы менен төлгөчүнү, мүнүшкөр менен саяпкерди, бакшы менен бүбүнү, уста менен узду, найзакер менен кылычкерди канатына калкалачу экен.

– Мен деген ханмын! Хан кебине кайруу жок. Ошондуктан хандын айтканы айткан, дегени деген. Сен эми мындан ары Кутулук Билге каганды, Чур Тардуш Ынанчы каганды айтпагын. Эгерде аларды кайрадан айта турган болсоң, мен сенин жонуңдан кайыш тилип аламын. Мени мактагын, мени даңктагын.

– Мен сизди мактай да, даңктай да албайм.

– Эй, жаман саятчы! Келжиребей айтканды аткарсаңчы!

– Таксыр! Арстандай айкырбаңыз. Улуунукун угуу керек. Кутулук Билге каган, Чур Тардуш Ынанчы каган ызырынбай эле, кудурети күчтүү теңирим өзгөчө шык бергендерди, өнөрү өргө чапкандарды канаттууга кактырбай, тумшуктууга чокутпай, аларга камкордук көрүп турчу экен. Эмне үчүн сиз ошентпейсиз?

– Эгерде мен ошенте турган болсом, жардылар малдууларга жетели дешсе, малдуулар бектер менен бийлерден ашалы дешет да. Бу сен мына ушуну билбейсиң. Акмактыгың ушул да. – Каардуу хан кайрадан жаалданды. – Андай болбосо, айтканды аткарат элең.

– «Паанасы жок сайдан кач, кайры жок байдан кач» дегендей, эми мен ырайым кылбаган хандан качат окшойм.

– Сен эми эч кайда кача албайсың. Менин алтынымды, менин күмүшүмдү, менин асыл ташымды уурдап алыптырсың.

– Кайдагы алтыныңызды, кайдагы күмүшүңүздү, кайдагы асыл ташыңызды айтып жатасыз? – Чомотой сайатчы түшүнбөгөндөй карады.

– Дегеле бир заматта аңкоо болуп калганын... «Кайдагы?..» деп коёт. Куштарыңды жумшап, менин байлыгымды ташытып алганыңды. Бул күнөөбү? Күнөө! Ушул күнөөңдү билесиңби?

– Менин сиздин алдыңызда кыпындай да күнөөм жок.

– Ой, бу тоолук куу сайатчынын акчылanганын...

– Таксыр! Бул сайатчы керме-тоолук, какшаалдык, жылдыздык, текестик, теңир-тоолук бектердин, бийлердин далайын алдап, далайын какшатып жүрүп, суудан кургак чыкканга маш болуп калган да,– деди кексе кеңешчи кычаштык кылып.

– Өкүмдар! Мобуреги саятчы суудан таза, сүттөн ак болгусу бар го,– деп найранбаз найип купшуңдап күлдү.

– Ууру деген ушундай! Өлгөнчө карганат да, тойгончо жейт. – Кексе кеңешчи найранбаз найипти коштоп кетти.

Чомотой сайатчынын кайрадан жаны кашайды. Анткен

менен дагы сабырдуулук кылып, кычаштык кылган найип менен кеңешчини жутуп жиберчүдөй карап койбоду. Адилдик, калыстык кылбагандар, каралоого жедеп көнүп калгандар оозуна келгенди оттой беришет да. Ак ийилет, бирок сынбайт. Куйтулар ушуну сезишпейт эмеспи.

– Эми сен Керме-Тоо менен Теңир-Тоого кеталбай калдың го,– деди каардуу хан каарданып. – Эми сен Жылдыз менен Какшаалга баралбай калдың го. Башың менин кылычымдын мизинде, жүрөгүң менин найзамдын учунда экенин сездиңби, акмак?! Акмактыгыңды эми билдиңби?!

– Сездим, улуу урматтуу хан! Билдим, улуу урматтуу хан! – деп Чомотой саятчы башын ийкегиледи. Бирок тайсалдаган жок, жалынган жок.

– Бул акмак эми оңолду бейм,– деди найранбаз найип мыйыгынан күлүмсүрөп.

– Оңолбой турган болсо, өлгөн энесин жар түбүнөн көрөт эле да,– деп кексе кеңешчи кежигесин кашылады. Кароол башы экөөнүн кебин кубаттап койду.

– Өкүмдар! – Чомотой саятчы кайрадан кычаштык кылып, кайрадан кычыгына тийген үчөөнү карабай заңк этип, үнүн бийик чыгарды. – Бу оомалуу-төкмөлүү дүйнөдө сөзү суук адамдар, баш билбеген торпоктордой. Сиздин бул найранбаз найибиңиз менен кексе кеңешчиңиз да, кароол башыңыз да куду ушундай экен. Келжирешпей, былжырашпай жөн турушсунчу. Болбосо тиреп турган түркүгүн таштап жиберсе да, менден бирди көрүп калышат. Бөрү карыса да бир койлук алы бар эмеспи.

Кексе кеңешчи, кароол башы менен найранбаз найип чычалап, кайрадан ызырынгандай болушту. Атурсун эч коркпостон таамай айткан Чомотой сайатчынын сакалын жулуп, ыдык көрсөтө тургандай обдулушту эле, каардуу хан: – Бу сен саятчы эле эмес, сөз кадырын билген, сөз төркүнүн билген чечен да окшойсуң,– деди кекээрдүү.

Тиги үчөө ичинен сөгүнүп тим болушту.

– Улуу урматтуу хан! Сөзгө жараша сөз, суроого жараша жооп да,– деп Чомотой саятчы компойду.

Каардуу хан башын чайкап, кытмыр жылмайып койду. Күлү ала болгон кароол башы, найип менен кеңешчи дагы ызырынып, дагы ичинен сөгүштү. Непада каардуу хан тигинпей эле, сыртын салып койсо, бул үчөө жинденишип, Чомотой саятчынын бир көзүнөн кан, бир көзүнөн жаш агызымак. Ошенте алышпай туталанышты.

– Улуу урматтуу хан! – деди Чомотой саятчы. – Мен сиздин алтыныңызды, күмүшүңүздү, асыл ташыңызды уурдаган жокмун. Теңир урсун! Туз урсун! Көмөч урсун! Бул чындык.

– Карганбай эле кой,– деп каардуу хан кайрадан корсулдады. – Мен алтын такта олтуруп, бийлик кылып атканымдан кийин, бул жердеги байлыктын баары меники.

– Билем, сиздин байлыгыңыз казынада экенин. Бирок, мен сиздин казынаңыз каерде экенин көрө элекмин да.

– Бөөшсүнбө, тилмер, бөөшсүнбө! – Кексе кеңешчи ачууланды.

– Мен бөөшсүнүп көргөн эмесмин. – Чомотой саятчы туталанып кетти. – Билбесем, көрбөсөм, албасам анан айтам да.

– Жасоолдор төбөңө камчы ойнотсо, оңой эле билем дейсиң. Нөкөрлөр жонуңдан кайыш тилип алса, оңой эле көргөнмүн дейсиң,– деди кексе кеңешчи куйтуңдап.

– Тилде сөөк жок, не гана дебейт. Итте акыл жок, нени гана жебейт.

Бул таамай, таасын айтылган кеп анын жүрөгүнө бычактай сайылды бейм, бир паста иреңи кубарып, көзүнөн чаары чачырады. Найранбаз найип өзүнчө кыжынып, ары-бери басты. Хан турат да. эгерде хан жок болсо, ал кан күсөгөн бөрүдөн бетер сөөктөн өткөрө, чучукка жеткире сүйлөгөн тилмерди лып гана баса калып, оозу-мурдун канжалатчудай. Каардуу хан ушуну сезип, аны олурая карап койду. Анткен менен сайатчынын оңой эместигин байкап, ичинен ага тан берди. Бирок анысын билдирбей, ордунан акырын туруп, колун артына алып, ары-бери баса баштады. Найранбаз найип туталанып, мыш болгон кеңешчинин жанында турду. А кароол башы куйкасын куруштуруп, анткен менен тилин тишине катып, тим болду. Каардуу хан туйган деле жок.

– Улуу урматтуу хан! – деди Чомотой саятчы ойлуу. – Чаппаса билекте калат, айтпаса жүрөктө калат. Сиз мына ушуну башкаларга караганда жакшы билесиз. Мен сиздин алтыныңызды, күмүшүңүздү, асыл ташыңызды албаганымды дагы айтамын. Уурулар башка. Ошондуктан мени уурулардын катарына кошпоңуз. Тубаса тилмер экенимди кароол башыңыз да, найибиңиз да, кеңешчиңиз да билбейт. Өнөрлүүнү кадырлабаганы, тилмердин баркын, кадырын билбегени да ушундан болсо керек. Бул үчөөнө байлык болсо эле болду, бул үчөөнө сулуу аял болсо эле болду, бул үчөөнө мансап болсо эле болду. Боор толгошпойт, ой бешигин терметишпейт. Сизди көзүңүзчө жерге-сууга тийгизбей макташат. Колуңузда бийлигиңиз бар да. Непада башыңыздан бактыңыз тайып, ооматыңыз оой турган болсо, булардын дароо мүнөзүн өзгөртүшүп, сизди жамандашкандан кайра тартышпайт. Кастарын тиккен тарапка өтө качышат. Мындайлар өтө опуртал-дуу. Ошондуктан сак болуу керек. Мени жерден алып, аңга чабышмакчы болушканы да ошондон болсо керек. Куштардын айрымдары сиздин амырыңызга баш ийген уруулардын жеринен эмес, а жапайы айбандардан башка из сала элек хандыктардын аймактарынан алып келишкен. Мен мына ошол хандыктардын кайсыл жактарда экенин айтсам, бу сиз айран-таң калбай эле коюңуз. Амириңизге баш ийген уруулардын жерин, аймагын тулпарыңызды минип, бир-эки жумада кыдырып чыксаңыз болот. Же мен жалган айтамбы, улуу урматтуу хан!

– Тилмер! Бу сен жалган айткан жоксуң,– деп каардуу хан сөздү таап, ачуусун да, таттуусун да аралаштыра сүйлөгөн саятчыга ичинен ыраазы болгондой корсулдабады. Бирок анысын кайрадан билдирбеди. Кексе кеңешчи менен кароол башынын, найранбаз найиптин жылдызы жерге түшүп, ичи орт менен жалын болду. Ошон үчүн үн катышпай калышты. Чомотой сайатчы аларды табалагандай, мыскылдагандай карап койду. Каардуу хан чүчкүрдү эле, тигилер: – Ак чүч! – дешти башын көтөрбөй. «Бул каардуу хан жүрөгүндө сырттандай мол кайраты бар Кутулук Билге кагандай эмес, акыл-

дын түбүн байкаган Чур Тардуш Ынанчы кагандай эмес. Кан-табай этиңди жегенден, кайнатпай каныңды ичкенден кайра тартпайт. Короо-короо кой-эчкиси, тайлактуу төлөрү, шаа-мүйүз өгүздөрү, сай күлүктөрү, жорголору, үйүр-үйүр жыл-кысы, куржун толо алтыны, чыпта толо күмүшү, түрмөк түрмөк жибеги, шайысы, кулпунган кундуз, суусар, калтар, киш, сүлөөсүн, булгун териси, карышкыр, түлкү, илбирс ичи-ги, ак күбө, көк күбө тону көп болсо да, эмнегедир өзү тойсо да, көзү тойбойт. Ушундай ач көз хан эми мени көздөрүн кан толгон дөбөттөрүнө талатпаса экен, колу кандуу жасоол-доруна жүндөй сабатпаса экен. О, кудай! Каары катуу, заары күч хандын азап тарттыруусунан сактай көр!» – деп ойлоду Чомотой сайатчы. Муну кексе кеңешчи, кароол башы менен найранбаз найип да, кабарчыктаган хан да сезбеди. «Булут-тун кадыры жок ай жанында, жардынын кадыры жок бай жанында» дегендей, булар сайатчынын кадырын билмек кай-да. Көздөрүн май басып калгандай...» Чомотой саятчынын зээни кейиди. Кексе кеңешчи менен найранбаз найип кайра-дан кычык сүйлөшүп, кытылдап кытмыр күлгөн болушту. Чомотой саятчы куйкасын куруштурбай: – Таксыр! – деди токтоо. – Кузгун болсо, жери бай, эли бай ватанга үч күндө учуп жетип, үч күндө кайтып келет.

– Эй акмак!– Каардуу хан кайрадан корс этти. – Бу сен капкайдагыны айтып, менин башымды тегеретпе. Ушунда-йында уурулук кылганыңды мойнуңа алгын.

– Таксыр! Тапкан экенсиң уурулук кылганды. Моюнга алчу мен эмес.

– Чөөдөй секирбе саятчы! Биринчиден, бу сен менин же-римдин чегин буздуң. Экинчиден, менин жеримдин чегине келип кирген бардык байлык бектики эмес, бийдики эмес, кол башчыныкы эмес, журт бийлеген зардалдыкы эмес, а жал-гыз гана өзүмдүкү болот. Ушуну билбегенсип сүйлөсүң да.

– Өкүмдар! Сөздүн да сөздөй баркы бар, малдын да сексен сегиз наркы бар. Андыктан сөздүн ачыгы жакшы, жолдун жарыгы жакшы эмеспи. Мен болгону ушуну айттым. Буга капа болбоңуз.

– Бу сен чечендик кылып, менин дүргөйүмдү жубатпай але кой.

– Улуу урматтуу хан! Мен башыма түк чыккандан бери ...иткорлонуп, эч кимдин алдында бөжөңдөй элекмин.

– Дегеле тим койсом, бу сен айга чамынган арстандай болуп баратасың го.

– Таксыр! Арстандай болуу кыйын да. Мен куйгөнүмдөн, жаным кашайгандан чырылдап жатам.

– Саятчы, бу сен мага өз убагында айтпай, бардыгын катып алганың үчүн күнөөлүсүң. Катуу жазаланып, эми башың алынат.

– Улуу урматтуу хан! Мен өлүмдөн коркпоймун. Ошондуктан «башың алынат» деп коркутпаңыз. Хан деген канкор эмес, ары адил, ары калыс болушу керек.

– Ой, мунун жүрөктүүлүгүн! – Кексе кеңешчи чарт жарылды. – Жанараакта бизге асылды эле, эми өкүмдарга кая... айтканын...

– Ажалдуу карга бүркүт менен ойнойт да,– деп найранбаз ...айип зиркилдеди.

– Буга окшогон кер ооздун сазайын берүү керек,– деди кароол башы зиркилдеп. – Экинчи мертебе кекээрдүү сүйлөбөй калсын. Хан сарайы кылычтын мизи, камчынын күчү экенин билсин.

– Бу силер мага корсулдабагыла. Борбаш канчалык кыраан болсо да, боз торгойчолук алы жок. Бу силер да куду ушундайсыңар. Жүрөгүндө сырттандай мол кайраты бар, эңкейгенге эңкейип, сыйлаганды сыйлай жүргөн, чалкайганга чалкайып, сыйрыганды сыйра жүргөн Шыбакбай-арстандын, Кутулуг Билге кагандын көзү тирүү болсо, ал бириңди терең орго салып, бириңди төө кайтартып, бириңди отун алдырып, күл чыгартып коймок. Ал эми балбан билек, жолборс жүрөк, ары айкөл, ары акылдуу, ары куйүмдүү Чур Тардуш Ынанчы каган болсо, пенденин асылы менен жакшысын билбеген үчөөңөрдү ээн талаа, эрме чөлгө кууп жибермек. Мени жутуп коичудан бетер акшырайып карабагыла. Хан деген өз журтуна кайрымдуу, куйүмдүү болушу керек. Ие, акылдуу, кара

кылды как жарган калыс болушу керек. Мага окшогондор-
дун кайгы-муңун угуп, силерге окшогондорду жазалап, кын-
га кийирип турушу керек.

Найранбаз найип чыдабай кетти бейм, түнөргөн каар-
ханды карап: – Өкүмдар! Мага ылтымас кылыңчы. Капка-
дагы кагандарды кайр-кайра айтып, алардын аброюн кот-
чалып, сиздин жылдызыңызды жерге түшүрмөкчү болгон
оңбогур сайатчыны кийиздей тепкилеп, жүрөгүнүн сары суу-
сун алайын. Тилин тартып, оозуна келгенди оттобой калсын.

– Азыр антүүгө болбойт,– деди хан ойго баткандай.

– Эмне үчүн?

– Алтын, күмүш, миң кубулган акак, каухар каерде экени-
нин билип алалы. Найранбаз найип оор улутунуп, кайрадан
үн катпай калууга мажбур болду. Кексе кеңешчи менен кар-
ол башы ичинен күңкүлдөп, сабырдуу саятчыны карабады.
Каардуу хан турат да, болбосо муну алам заматта жазалап
коймок. Далай жолу ошенткен да. Бу мертебе ошондой болбо-
гонун... Ичинен күңкүлдөгөнү да ошондон. Каардуу хан: «Бул
тоолук сайатчы жеткен айлакер, жеткен куу экен. Мындан
бөлөк болсо, алам заматта чөгөлөп, казынаны кайда катып
койгонун айта салмак. Найибим менен кеңешчимди да мыс-
кылдамак эмес. Кароол башымды да мазактамак эмес. Эми
буга кандай жаза колдонсом?» – деп ойлоду.

– Улуу урматтуу хан! – деди Чомотой сайатчы теше тикте-
бей. – Непада адырандаган найбиңизди эркине тек койсоңуз,
азуусун айга жанып, айтканын орундатып, ааламды өзүм би-
лем дей турган. Ыраазымын сизге. Анын эркине тек койбоду-
ңуз. Бирок, өзүңүз мени катуу жазалатып, башымды кестир-
генден эмне чыгат?

– Керме-Тоо менен Теңир-Тоодо, Жылдыз менен Текесте
кашкөй саятчы жок болот,– деп каардуу хан алаканы менен
жаагын сылады.

– Антпеңиз. Эл арасынан өнөрлүү чыга берет. Чур Тардуш
Ынанчы кагандай өнөрү өргө чапканды кор кылбай, бирерде
сүйөмөлөп, бирерде барктап турган жакшы болот, улуу ур-
маттуу хан!

– Тилмер, сен мага акыл үйрөтпөй эле койгун. Мындан ары кыр-кырлардагы, кокту-колоттордогу, жылга-жыбыттардагы кыргыздарындын арасынан Чур Турдуш Ынанчы кандай болгон журт башы чыкпайт. Ошон үчүн үмүтүңдү үзө сүргин.

– Үмүтүм үзүлбөйт.

– Неге?

– Үмүттүн үзүлгөнү өлүп калганга тете. Ошондон улам өлгүм келбейт.

Жаныбек хан куйкасын куруштура үтүрөйүп, башын чайкап койду.

– Таксыр! – деди Чомотой сайатчы ойлуу. – Өзүңүз айткандай кыр-кырлардагы, кокту-колоттордогу, жылга-жыбыттардагы кыргыздардын көкжалдарын, сырттандарын, кыраандарын таптакыр жок кылышмакчы болгондор көп эле болгон. Бирок кудурети күчтүү Көкө теңирдин көзү тоолуктардын жумурай журтуна түз болуп, тигиндейлер муратына жете алышкан эмес.

– Токтот кебиңди! Жаман кыргыздын жаман саятчысы.

– Болуптур, таксыр! Бирок болгон дүнүйөмдү алыңыз да, менин өз башымды өзүмдө эле калтырыңыз.

– Саятчы, бу сен эми гана эстүүлүк кылдың окшойт. – Каардуу хан жумшара түшкөндөй жылмайды.

– Өкүмдар! Бирок, мен куштардын айрымдарына алдырып алган асыл ташты, алтын менен күмүштү үйүмө калтырбай, бардыгын жарды-жалчыга, жетим-жесирге, кары-картаңдарга, мусапырларга таратып берген элем.

– Акмак! – деди каардуу хан бат чарт жарылып. – Бу сен мага дүнүйөңдү жөн бергиң келбей турат. Куулук кылбай айткын. Казынаң кайда? Ошону найибим менен кеңешчиме көрсөтүп бересиң. Эгерде жашырат экенсиң, көрсөтпөйт экенсиң, анда өз убалың өзүңдө. Өлдүң дей бер! Болгондо да, ит өлүмгө туш болдуң дей бер!

– А кароол башыңызгачы?

– Ал кароолдорго көз салат. Андыктан тигил экөөнө эле көрсөтсөң болду.

– Кароол башыныз таарынып калбайбы?

– Таарынса Таласка барсын.

Найранбаз найип менен кексе кеңешчи хандын сөзүн көп топ кетишти. Бул кароол башыга жаккан жок. Ошондон улам ал экөөнү акшырая карап койду. Ырайымсыздар да. «Эгерде дагы жок дей турган болсом, бул каардуу хан желдеттерин айдактап, мени кабанак дөбөттөрүнө талатып жүрбөсүн. Атүнсун өлтүртүп, денемди ач карышкырларга таштатып койбосун. Андан керө болгон дүнүйөмдү көрсөтөйүн»,– деп Чомотой саятчы ойлоду да, биртикеден кийин байистүү сүйлөп шайтаны мойнуна минген хандын дүргөйүн жибитти да, желдеттерин ээрчитип жөнөдү. Каардуу хан болсо ичинен кудундап, «Жардынын жаны ардактуу болсо, байдын малы ардактуу. Бирок, бу жалган дүйнөдө адамды дүнүйө таппайт, адам дүнүйөнү табат. Чомотой саятчыга жан керек экен, акыры эпке көндү. Көнбөскө аргасы жок эле да. Эми казынадагы байлыгыма байлык кошулат»,– деп ордодо кала берди. Найранбоз найип менен кексе кеңешчи кудуңдап кубанган жок, сабыры суз болуп, шарап ичти да, кыйладан кийин өз жайына илкип жөнөдү. Көңүлү уйгу-туйгу... А желдеттер күнү түнү жол жүрүшүп, акырында Теңир-Тоого барышты да, айылдагы мутабар мырзанын үйүндө сыйлуу коноктордон болушту. Жарды-жалчылар, жетим-жесирлер, жылкычылар, койчулар эле эмес, сөөлөттүү аксакалдар менен балпайган байбичелер да каардуу хандын жалоондой желдеттерин жактырышкан жок. Мына ушуну семиз тайдын этин жеп, кымыз ичип олтурган алардын бири да сезбеди. Ошонун эртеси Чомотой саятчынын үйүн аңтарышты, короосун тинтишти, анткен менен алтын, күмүш, асыл таш, миң кубулган акак таба алышкан жок.

– Эй, саятчы! – деди желдеттердин башчысы зиркилдеп. – Эмне, бу сен хан менен ойногуң келеби?!

– Айланайын, мен кайсы арым менен, кайсы кейпим менен ошентейин,– деп Чомотой саятчы тике карабады.

– Эгерде ушинткениң чын болсо, казынаң кайда?

– Кагылайын, менин казынам жок.

– Болгон дүнүйөң ушул элеби?

– Ушул эле, айланайын!

– Андай болсо, бу сен бизди неге ээрчитип келдиң?

– Непада минтпей турган болсом, хан менин башымды алып койт эле да.

– Кууланба, тилмер, кууланба! Мен сага окшогон куулардын далайын көргөм, далайын орго салдырып, сазайын колуна бергем. Эми сени да ушинтем.

– Ачуу душман, акыл дос. Сабыр кыл, кагылайын. Мен кууланып, сени, мобуреги шериктериңди алдабай калайын.

– Оңбогур, эми сен өлө элегиңде жаныңды жебей, мага чыныңды айткын.

– Теңир урсун! Нан урсун! Менин казынам эгерим болгон эмес. Непада байлыгым мол болсо, мен минтип турбайт элем да.

– Жеткен шүмшүк окшойсуң. Мени азгыра да, алдай да албайсың.

Желдеттер жаалданыша сүйлөшүп, өздөрүнчө жиндене башташты.

– Кагылайындар, бу силер үйүмдү аңтарып көрдүңөр го,– деди Чомотой саятчы жалынычтуу. – Мындан башка үйүм да, малым да жок. Ушуга ишенип койгула.

– Макоо тилмер чалдын айтканын,– дешти желдеттер жинденишип. – Дегеле ардемени айтып, биздин башыбызды айланткысы бар. Оңбогурга көргүлүктү көрсөтөлү.

– Кагылайындар, мен силердин башыңарды айлантпай калайын.

– Токтот сөзүңдү, алжыган чал! Биз сенин айтканыңа түк ишенбейбиз.

– Бу силердин мага окшогон атаңар бардыр...

– Биздин аталарыбыз сага окшоп жанын жебейт,– дешти алар зиркилдешип.

– Айланайындар катуу кетпегиле. Жардыны кыйнаган менен, жар түбүнөн суу чыкпай турганын билип койгула. – Чомотой сайатчы шайтаны мойнуна минген тигилерди жибитүүгө аракет кылды. Алар корсулдашып, эч жибише тургандай эмес.

– Саятчы, биз эми ордого кур кол кайтат экенбиз да. Аерде хандан бөлөктөр да бар. Найипке эмне деп айтабыз? Кеңешчиге эмне дейбиз? Ушуну билесиңби? – деп желдеттердин башчысы туталанды.

– Билем, кагылып кетейин! – деп Чомотой саятчы жалооруй карады.

– Билсең, бизди кыжалат кылбай, тезинен казынаңды көрсөтө сал.

– Ой, мен дагы айтам. Казынам жок болсо, мен сага эмнени көрсөтөм?!

– Эй, эшек! Эй, ит! – дешти желдеттер.

– Бу силер кул пендеге ишенбеген кокуйлардан экенсиңер го,– деди Чомотой саятчы чыдамы кетип. – Кул пендени аябайт да окшойсуңар.

Желдеттердин башчысы чыйт түкүрүп, ыйманга камчы чаппай, чынын айтып жаткан Чомотой саятчыга түк ишенбей каарданып, ызырынышкан шериктерин айдактап койду эле, алар ырайым кылышпай, алам заматта тепкилешип, анын оозу-мурдун канжалатышты. Чоң муштумдар да. Ызы-чууну угушкан чал-кемпирлер, балдар, келиндер, кыздар, уландар жетип келишип, арачалай турган болушту эле, кутурган иттерге окшогондор «арачага алты таяк» дешип, алардын бир тобун төпөштөп коюшту, бир тобун ашата сөгүштү, андан соң запкы көргөн саятчыны алдыларына салып, кайрадан айдап жөнөштү. Чал-кемпирлер ырайымсыз желдеттерди каргапшилеп кала беришти.

* * *

Ашуу жактан ыркырап шамал жүрдү. Ыркыраган шамал кара булуттарды удургута кууп таратты. Жалоондой желдеттер ашууну ашып, капчыгайдын бери жагына өргүп, эртеси чоң шашкеде жолун улантышты. Далай күндөн кийин ордого жетишип, каардуу ханга болгонду болгондой эмес, а апыртып, көбүртүп айтышты эле, ал жер тепкилеп, суурдун айгырындай айкырды да, андан соң баарын жайына кетирип, Чомотой саятчыны алып калды. Абдан жемелеп, сай-сөөгүн

чакты, бирок кетирген жок, аш бышымдан кийин терең орго салдырып койду. Кийинки күнү туш-тушка чабарман чаптырып, «Сураганга бекер бер, суусаганга жеке бер, кыла бербе текебер. Бул бабалардын накылы. Муну эстен чыгарып койбоо керек. Хан деген хан. Хандын кебине кайруу жок. Эгерде кимде ким Чомотой саятчыдан алтын, күмүш, асыл таш алган болсо, ошонун баарын хандын казынасына алып келип берсин. Непада антпей турган болсо, миң кубулган акакты, каухарды жашырып койсо, баары бир билинет. Ошондо куу саятчыга окшоп орго салынат. Ордо күндү көрүүгө зар болуп жатат. Ордон чыкпай, ошол жерде өлөт. Ошон үчүн алганыңарды алып келип бергиле»,– деген барманын айттырды. Бул эл арасына чагылгандай тез тарап кетти. Ошондуктан букаралар өздөрүнчө кеңешти да, «Кайрымсыз хандан корө, ырбаган жара жакшы. Муну кошоматчылар менен камчы чапкандар сезишпейт. Чабармандарга эмне, баары бир эмеспи. Хандын барманын бизге жеткиришти да, кайта куюндап кетип калышты. Каракчынын доосунан, ач көз хандын каарынан сактануу керек. Кедей-кембагалдарга, жарды-жалчыларга, бизге окшогон букараларга алтын менен күмүштүн, асыл таш менен акактын кереги деле жок. Казына бизге эмес, а ханга ылайык. Алтыны менен жерге кирсин! Асыл ташы менен жерге кирсин! Болгон асыл ташыбызды хандын казынасына жеткирип берели да, куштун тилин билген, ары кең пейил, ары ак көңүл, ары боорукер Чомотой саятчыны ордон чыгарып алалы. Эгерде антпей турган болсок, зулумдугу ченде жок хан Чомотой саятчыны өлтүрүп, баарыбызды азап тарттырып жүрбөсүн. Ошондон улам балакеттен ушундай кезибизде кутулуп, Чомотой саятчынын өмүрүн сактап калалы»,– дешип колдорунда болгондорун жалоондой жасоолдорго, жалоондой нөкөрлөргө беришти. Алар миң кубулган акакты, каухарды, алтын менен күмүштү, асыл ташты ордого алып барышты да, ой-санаасы алда кайда кеткен ханга көрсөтүшүп, аны кубантышты. Найранбаз найип менен кексе кеңешчи да кудуң-кудуң этип сүйүнүштү. Бирок каардуу хан аларга эч нерсе бербей, бардыгын казынага салдырып койду. Айтор, ошондонбу,

экөөнүн кубанычы суу сепкендей өчүп, ичи тызылдай берди. Күңк-мыңк этишип, желдеттердин соңунан жөнөштү. Каардуу хан этибар алган жок, карс-карс күлүп, ай чырайлуу айымдарына нөкөрлөрү менен желдеттерин мактады. Казына байлыкка толуп чыкты. Ушундай болсо да, эмнегедир каардуу хан ыраазы болбой, пейили дагы бузулуп, Чомотой саятчыны ордон чыгарбады. Тоодактын, кыргоолдун, кекиликтин куурулган этин жеп, шарап ичип, ырчы келиндерди ырдатып, бийчи селкилерди бийлетип олтуруп, «Бул жалган дүйнөдө кудайдын буйругу кумдан көп, ошону аткарган пенде жок. Анын үстүнө кудайга сунган кол жетпейт, падышага айткан сөз өтпөйт эмеспи. Шордуулар менен бечаралар эмне дешсе, ошо дей беришсин! Мен эмнени кааласам, ошону аткарам. Бийлик меники, байлык меники! Барманымды аткарбагандардын башы кесилет. Терс аяктар орго салынат. А бирок, бул ордо жаткан Чомотой саятчы оңой жоо эмес. Анын көзүн тазалоо да кыйын. Артында калдайган калың журт турат. Оңбогур ушуну билет. Мейли, ал ордо жата берсин! Көрө жатарбыз»,– деп ойлоду. Анан черин таратып, жарпын жазгандан кийин ырчыларын, бийчилерин кетирип, жаш сулуунун койнуна алып жатты. Тал чыбыктай буралган, айдай сулуунун назданганы, жалынып-жалбарып, ийги үн катканы, сурмалуу көзүн сүзүлткөнү ай! Кумарын кандырып, ышкы отунда алоолонуп алгандан кийин жуунуп, кайрадан шарап ичип, кайрадан кекиликтин, кыргоолдун, тоодактын куурулган этин жеп, беймарал олтурду, анткен менен сайран курган жок. Бир оокумда «Бу саятчы дүнүйөсүн элге жөн тараткан эмес болсо керек. Мол дүнүйөнүн болгону жакшы да. Чомотой саятчы топтогон байлыгын жумурай журтка берип, алардын көңүлүн алып, бардыгын бооруна тартып, мени алтын тактан түшүрүүнү ойлогон бейм. Бийлик тизгинин колуна алып, өзү гана канаттууларга да, пенделерге да падыша болууну көздөгөн окшойт. Чын эле ошентип жүргөн да. андай болбосо, акылсыздай байлыгын чачпайт эле да»,– деген ой башына чырмалды. Ошондон улам кеңешчиси, найиби менен да масилеттешкен жок, Чомотой саятчыны катуу жазага тарттырмай

болду. Ошентип өзүнүн бийлигин, алтын тагын сактап калмай болду. Ушуну жарды-жалчылар, тоодогу жылкычылар, жакадагы дан багарлар, чөлдөгү кара тамандар билишкен жок. Ошондуктан мутабар сайатчынын ордон чыгып келүүсүн күтүп жатышты.

А тилмер өлөрүн алдын ала сезип, күн сайын ордун капкагын ачып, каткан нан, карандай суу берип кетчү кароолчуга: «О, айланайын сакчы! Жакшыда жамандын көз акысы бар, байда жардынын өз акысы бар. Дал ошондой эле, менин да сенден бир өтүнүчүм бар. Биртике бардаш кыла тур, ордун оозун жаппай кое тур. Сенин мага окшогон атаң бардыр, абаң бардыр, таякең бардыр. Көптөн көп суранарым, мени бир мертебе аяп, айта турган кебимди угуп кой»,– деди жалынычтуу. Кароолчу аяп кеттиби же «бул саятчынын кандай өтүнүчү бар экен, ошону угуп көрөйүнчү» дедиби, айтор, ордун капкагын жаап койбой, эки жакты элеңдеп карады да, көзүнө желдеттер көрүнбөгөн соң эңкейип, «Чомотой саятчы, мен азыр сенин кебиңди угайын. Экинчи суранбагын. Менин жаш аялым, жаш балдарым бар, карыган атам, карыган энем бар. Аларды багышым керек. Бол эрте, айта турганыңды айта салгын. Жасоолдор көрүп калышпасын. Жасоолдор келип калышпасын. Мен канкорлордон корком. Алар эч ырайым кылышпайт»,– деди шашкалактап. «Теңир колдосун, кагылайын! Өмүрлүү бол айланайын! Жасоолдор жерге кирсин! Теңирдин тепсендисинде калсын! Сен коркпо. Мен сага жамандык каалабайм. Алтын такта олтуруп, амирине баш ийген урууларды башкарган ханды эми бир мертебе көрүп өлсөм, түк арманым болбос эле. Айланайын, сакчы! Бу сен эрдик кылып, куду ушуну ханыңа айтып барчы»,– деп Чомотой саятчы үнүн бийик чыгарды. «Өтүнүчүң ушул элеби?» – деди кароолчу таң калгандай. «Ооба, кагылайын! Ушул эле. Ханыңа мына ушуну эле айтып кой»,– деп Чомотой саятчы ордунан жылбады. «Саятчы! Каардуу ханга айтсам, ал менин башымды желдеттерине алдырып койсо, жаш аялым жесир, жаш балдарым жетим калат го»,– деди кароолчу муңканып. «Айланайын, бу сен коркпой эле кой. Каардуу ханың сенин

башыңды алдырбайт»,– деп Чомотой саятчы анын көңүлүн жубатымыш болду. Ал күңкүл сүйлөп, акырын күлүп койду да, терең ордун капкагын жаап, шыр эле ордону карай жөнөдү. Ойлору туман. Ошентсе да, ошол күнү пайитин таап, кароолчу ханга жолугуп, Чомотой саятчынын өтүнүчүн айтууга жарады. Хан каарына алгандай бакырбады, «сен эми кете бер, мен ойлонуп көрөйүн» дегендей колун жаңсап койду эле, кароолчу башын ийкеп, жасалгасы көздүн жоосун алган жайдан чыгып кетти. Анткен менен мына ушуну терең ордо жатканын Чомотой саятчыга айтып барган жок. Эмнегедир бушайман боло берди. Анын үстүнө жасоолдордон коркту. Каардуу хан өзүнчө түнөрүп олтуруп, бир маалда тилмердин акыркы сөзүн угуп калууну, өзү да акыркы мертебе бирдемени сурап калууну ойлоду. Ошон бойдон оюнан айныбай, кийинки күнү желдеттеринин бирөөсүн жумшады эле, ал түз эле барып, ордун капкагын ачып, аркан таштап, түпсүз деңиздей терең ойго батып жаткан сайатчыны тартып чыгарды. Бирок урмат кылар дүргөйүн жубатып койбой, кайта корс-корс этип, анын зээнин кейитти. Анан алдына салып, ордого айдап барды. Каардуу хан ырайлашпай эле:

– Эй, тоолук куу саятчы! – деди өктөм. – Менин сакчымдан өтүнүчүңдү айттырган экенсиң. Ордо жатып, жүрөгүн сыздаган го.

– Улуу урматтуу хан! – Чомотой саятчы ачууланбады. Мен датымды айтайын деген жокмун.

– Бу сенин дале мурдуңа суу жетелек окшойт. – Каардуу хан эрки майтарылбаган саятчыны табалагандай тиктеди.

– Бул оомалуу-төкмөлүү дүйнөдө аттууну жөө демитсе, эрди кемпай кемитет тура,– деди Чомотой саятчы кашкайып.

– Эй, акмак! Эмне дедиң, кайра айтчы?! – каардуу хан жаалданды.

– Өкүмдар! Сөз бирөө, кулак экөө. – Чомотой саятчы кайрадан кашкайып, айтканын кайра айткан жок.

– Бир буту көрдө, бир буту жерде турса да, мунун дымактуу сүйлөгөнүн.

– Алы жетпеген аракетчил болот да. – Чомотой саятчы күлүмсүрөдү.

– Бу сага даба жок тура,– деп каардуу хан башын чайкады.

– Ушинтип, биртике жумшарсаң...

– Калжаңдабай, купшуңдабай эле, арманыңды айта бер. Кулагым сенде.

– Шаштырып калдыңыз, эми айтайын. Менин өтүнүчүм ушул, башымды кесиңиз. Бирок, мүрзөчүлөрдү жумшабаңыз, аларга көр каздырбаңыз да, менин денемди көрүстөнгө койдурбаңыз.

– Неге? – Каардуу хан таңдангандай сурады.

– Чокулары асман мелжиген Ала-Тоого сөөгүмдү жеткиртип, салкын төрдүн этегиндеги жашыл тектирге таштатып коюңуз.

– Эмне үчүн жашыл тектирге?

– Жашыл тектирге канаттуулар туш-туштан учуп келишет да, менин денемди чокуп жей башташат. Анан кайра бардыгы учуп кетишет.

Каардуу хан кайрадан башын чайкап, оор улутунуп койду. Анткен менен ой толгоп көрбөдү.

– Мен мына ошол канаттууларга карыз элем,– деди Чомотой саятчы каардуу хандын эчтемеге түшүнбөгөнүн сезип. – Карызымдан алигиче кутулган жокмун. Ошондуктан эми өзүмдүн денем менен гана алардан кутулбасам, колумда байкуштарга бере турган эч нерсем жок, алардын керегине жарай турган эч нерсем калбады.

– Ой, тобоо! Ушундай да болот экен а!

– Таксыр! Бу сиз айран-таң калбай, эми куду ушуну аткарыңыз. Мен сизге ушинтсеңиз абдан ыраазы болот элем.

– Таза кызык экенсиң го.

– Өкүмдар! Бу сиз ойго чөмүлбөй эле, «Мейли, өзүң каалагандай болсун» деп айтыңыз да, тезинен башымды кылыч менен кыя чабыңыз.

– Ой, бу сен, жеткен акмактын акмагы турбайсыңбы! – деп каардуу хан булуттуу күндөй сурданды. – Жанатан бери кантер экен десем, бу сен мени шаштырып жатасың. Эгерде акмактын акмагы болбосоң, жан соогалайт элең да. Антпедиң, эми бүттү! Башка айтаар сөзүң жок беле?

– Таксыр! Бу сиз кайрадан жаалданбаңыз. Менин башка айта турган кебим деле жок. А балким сизде болуп жүрбөсүн. Эгерде болсо, дароо айта салыңыз. Жооп берүүгө даярмын. Непада билбесем, дагы күнөөлүү болуп кете берейин.

Каардуу хан алтын тактан түшүп, адатынча колун артына алып, үн катпай ары-бери басты да, бир маалда бурулуп, өлүмдөн коркпогон, сөөктөн өткөрө, жүлүнгө жеткире сүйлөгөн тилмерди сынагандай карады. Ал жалтанбастан тиктеди, бирок унчукпады негедир. Каардуу хан далайды көрүп, далайды билип, далайды укса да, мындай кары көкжалды көргөн эмес. Ошондон улам сайатчынын өлүм алдындагы кайратына, камырабастыгына, таамай айтканына, чыныгы тилмер экенине кайрадан тан берди. Атурсун өлүмгө кыйгысы келбей кетти, анткен менен алам заматта айнып, боор толгобоско тырышты. Чомотой саятчы көңүлү уйгу-туйгу болуп, башын жерге салбады. Каардуу хан кайрадан алтын тагына олтуруп: – Айтылган сөз атылган октой, анткен менен экөө тең бирдей кайрылбайт,– деди акырын. – Болуптур, саятчы, бардыгы өзүң айткандай болсун.

– Мен сиздин акыры ушинтериңизди билгем.

– Билсең, бу сен бир пас сабыр кыла тур.

– Неге, хан, неге? – Чомотой саятчы шектенгендей бозоро түштү.

– Мен шашкалактабайын. Сен адегенде менин суроомо жооп берчи. – Каардуу хан кууланды.

– Ал кандай суроо экен?

– Кана, акмагым, бу жалган дүйнөдө кайсы жаныбар эң узак жашайт? Өмүрүнүн узун болушунун себеби эмнеде? Мага ушуну айтып берчи, саятчы!

– Улуу урматтуу хан! – деди Чомотой саятчы оюна жамандык албай. – Бу жалган дүйнөдө эң узак жашагандардын бири кузгун болот. Кузгун абдан учкул канаттуу эмеспи. Башкаларга караганда талбай учат. Ошондой эле мүрөктүн суусу кайдан чыгаарын билет.

– Башка канаттуулар муну билеби?

– Эгерде билишсе, алардын бардыгы мүрөктүн суусун ичип, өтө көп жыл жашайт эле да.

– Саятчы, бул чын эле ушундайбы?

– Таксыр! Ошондой болгону үчүн айтып жатам да.

– Узун өмүр. А бирок бул жашоодо пенденин өмүрү кыска да,– деди каардуу хан зээни кейигендей болуп.

– Таксыр! Узак жашоонун, узун өмүр сүрүүнүн дабасы – мүрөктүн суусу!

Каардуу хандын көзү мына ушуну укканда кайрадан жайнап кетти. Чомотой саятчы байкамаксан болуп: – Улуу урматтуу хан! – деди акырын. – Эми сиз ыраазы болгонуңузду билдириңиз. Мен өлөөр алдында көңүлүмдү жай кылып алайын.

Каардуу хан мурдун шыр тартып, ыраазы экенин билдирбей эле, кайрадан турду да, Чомотой саятчынын оң ыптасына өтүп, сол ыптасына өтүп, амалдана жаагын сылап, андан соң: – Бу сен мүрөктүн суусу каерде экенин билесиңби? – деп сурады.

– Өкүмдар! – Чомотой саятчы хандын кууланганын сезди. – Билемин да. Билген үчүн айтып жатамын.

– Анда эмесе, дароо айта салчы.

– Өзүм өлүм алдында туруп, мага ыдыкты катуу көрсөткөн душманымдын бакубат жашап, өмүрүнүн узун болушун, деникардынын соо болушун каалабайм.

– Мен сенин душманың эмесмин, а ханыңмын да.

– Хан экениң ырас. Ошондой болсо да, мен сизге эртеңки өмүрдү да кыйгым келбейт.

– Эмне үчүн?

– Бу сиз анткорлонбой эле коюңуз. – Чомотой саятчы анын безине тийди. – Мен баарын сезип турам. Далайдын убалына калдыңыз, далайды жексен кылдыңыз, далайды орго салдыңыз, далайдын кабыргасын сындырдыңыз, далайды азап тарттырдыңыз.

Каардуу хандын кыжыры шакардай кайнады. Бирок, амалкөйлүк кыла корсулдабай, кайрадан алтын тагына олтуруп, ой толгогондой чалкалады.

– Таксыр! – деди Чомотой саятчы ойлуу. – Бу сиз кашыктын ичиндегисин ичип, сабы менен көзгө саймакчы болуп жатасыз.

– Кантип эле, мен ошентип калайын. Бу сен мен тууралуу жаман ойлобоӊ.

– Амалданбай эле кой. Мен баарын байкап турам.

– Саятчы, мен сени өтө кеӊ пейил, өтө ак көӊүл экен десем, а чынында андай эмес окшойсуӊ.

– Кыпындай күнөөм болбосо да, кан ичкич желдеттериӊди жиберип, мени жүндөй сабаттыӊыз, анан кекчил болом да. Тереӊ орго салдырдыӊыз, каткан кара нан, карандай суу бердирдиӊиз. Анан кара мүртөз болом да.

– Кекчилдикти башкага бер. Бул сага ылайык эмес.

– Ашкере өкүмдүк кылып, эч кандай айыбы жокту айыптап, жазыксызды каралап, эч кандай суроксыз эле, башын алдырмакчы болуп жатсаӊыз, мен анте албайм да.

– Кекиликти шумкарга, жем жараткан дүйнө. Эгиздердин бирөөсүн кем жараткан дүйнө. Андай болгон соӊ, бул тагдыр. – Каардуу хан кытылдап кытмыр күлгөн болду. – Ие, бул тагдыр!

– Тагдырдын жазымышы ушундай дебеӊиз. Өз элине кыянатчылык кылганды кудай төбөдөн урат. Бу сизди Шыбакбай-арстан кагандын арбагы урсун! Бу сизди Кутулук Билге кагандын арбагы урсун! Бу сизди Чур Тардуш Ынанчы кагандын арбагы урсун! Бу сизди Чоро мүнүшкөрдүн арбагы урсун!

– Сенин каргышыӊ мага жетпейт. Непада менин ордумда болсоӊ, бу сен деле куду ушинтип, өз күчүӊдү көрсөтүп, өкүмдү аткарууга киришмексиӊ.

– Мен эч качан минтмек эмесмин. Ата-бабанын салтын сактамакмын.

– Алтын такта олтуруп, бийлик кылуунун даамын татып көрөлексиӊ да.

– Улуу урматтуу хан! Бу сиз муну эмне айтмакчысыз?

– Алтын такта олтуруп, бийлик жүргүзүүнүн даамын татып алгандан кийин таптакыр эле алтын тактан түшкүӊ, таптакыр эле бийликти башкага бергиӊ келбей калат. Ар кандай амалды, ар кандай айланы колдонуп, бийликти сактап калуунун аракетинде болосуӊ. А бийлик бар жерде зордук бар, зордук бар жерде кордук бар. Тилмер мен сага куду ушуну айтайын дегем.

– Минткениңиз да ырас, хан! Бирок бийлиги менен байлыгына чиренип, артыкча дүңгүрөгөндүн акырында мүңкүрөй турганын билесизби?

– Тулпар тушунда, күлүк күнүндө эмеспи. Андыктан билгим да келбейт.

– Бу сиздин кемчилигиңиз мына ушунда жатат.

– Мен ушу кезге чейин минтип эч ким менен сүйлөшкөн жок элем. Ушуну билип кой. Кокустан каардансам, заматтын ортосунда чымындай жаныңды чыркыратып коём.

– Антериңди билем.

– Билсең, эми сөздү узарта бербей, мага мүрөктүн суусу каерде экенин тезинен айта салгын. Башканы уккум келбейт.

– Өкүмдар! Андай болсо, билген намазыңызды окуй бериңиз. Бирок бирдемени өзүңүз да билип коюңуз. Жашыруун сыр менин башым кесилери менен эле, каным жерге сиңип кеткендей, алам заматта өзүм менен кошо кетет. Анткен менен өзүңүз айткан кыр-кырларда, кокту-колоттордо, жылга-жыбыттарда жумурай журтум калат. Ошол жумурай журтумдун арасында: жамакчы, комузчу, чоорчу бар, чечен, жайчы, толгөчү, тамырчы бар, ордочу, улакчы, тогуз корголчу, мүнүшкөр, саяпкер бар. Мына ошолор сизди каргашат. Сиз каргышка каласыз. А мени бүтпөс ырга, бүтпөс баянга, бүтпөс аңыз-кепке айлантышат.

Каардуу хандын ирееңи кубарып кетти. Чомотой саятчы эми баары бир дегенчелик кылып, башын жерге салган жок. Каардуу хан кыйкырбай, сөгүнбөй, тура калбай, «Бу ала-тоолук саятчы акмак эмес эле, алтын такта олтурган өзүм акмак болуп жатат бейм. Башы кесилгени, каны төгүлгөнү, өмүрү кыйналганы жатса, мага жүрөгү жылымак беле?! Жарык дүйнөнүн шооласын акыркы мертебе көрүп турса, анан мага мүрөктүн суусу каерде экенин айтып бермек беле?! Айтпай калсын! Көрсөтпөй калсын!» – деди ниетинде. Чомотой саятчы ушуну айтпаса да, анын көзүнөн билгендей болду. Шуу үшкүрүп, үн каткан жок. «Бул далайды көргөн, далайды билген тилмерди кыйнабай, кордобой, кайрадан терең орго салбай, өмүрдү узартууга дабаа болгон мүрөктүн суусун таап бер-

гичекти өлтүрбөй кое турайын»,– деп ойлоду каардуу хан Айтор, ошондонбу, дагы алтын тактан түшүп, анткор жөтөлдү да, биртикеден кийин: – Чомотой саятчы, бу сенин тигинтин айтканыңдын да жөнү бардай,– деди мыйыгынан күлүмсүрөп. – Берендер, бектер, мырзалар, бийлер, инабаттуу жакшылар менен ынаксың. Алар сени абдан акылдуу, абдан кайраттуу, пендеге каалаганы жакшылык, тилегени жакшылык дешкенинен улам, өз көзүм менен көрөйүн, өзүм сынайын деген элем. Чындыгында эле ошондой экенсиң. Инабаттуу жакшылар жалган айтышпаптыр. Купулума толдуң. Тилмерлигиң да укмуш тура. Менин букараларымдын арасында сага окшогон кашкөйлөрдүн, тилмерлердин көп болгону жакшы эмеспи. Мен деле өнөрү өргө чапкандарды кадырлаганды жакшы көрөм. Ошон үчүн башыңа азат. Өмүрүң кыйылбайт. Баштагы мен койгон айып кур жалаа. Өкүмүм болсо, ооздон чыккан сөз. Калайык калктан жыйнап алган алтынды, күмүштү, асыл ташты кайра таратып берем. Кабагыңды ачып, ичиңде кек сактабай, Керме-Тоо менен Теңир-Тоого кете бергин. Жылдыз менен Текес жакты кыдырып жүрө бергин. Кашкар менен Жеркен тарапты аралап жүрө берсең болот. Сары-Колдогу киндиктеш уруулардын айылдарына барып келе берсең болот. Башта кандай эркин болсоң, дал ошондой эркинсиң. Эч ким сага ыдык көрсөтпөйт. Мен төбөлдөр менен жасоолдоруma айтып коемун. Бул жерде болгондун баарын унутуп, ханыңдын биртике кордук кылганын көңүлүңө алба.

Чомотой саятчы кубанган да, алкаган да жок, эмнегедир көздүн жоосун алган килемге көчүк баспай: – Бул сурун салган заманда «түркtү түртмөйүнчө, сартты саймайынча билбейт» дегендей, мен безге тийгендей айтканымдан кийин гана жумшарып жатасыз го,– деди салабаттуу.

– Кээде жумшарып койбосо да болбойт,– деп каардуу хан кайрадан кытмыр жылмайып койду. Анан бурулуп, кайрадан алтын тагына олтуруп, үн катпай эле, добулбасты тарс-тарс урганда, ондой жигит дароо кирип келишти. Чомотой саятчы аларды карап калды.

– Бу силер сайатчыны узатып койгула,– деди каардуу хан ишык этип.

– Таксыр! Кайда? – дешти жигиттер тике карашпай.

– Кайда болмок эле, айылына да...

– Куп болот, таксыр! – дешти жигиттер.

Чомотой сайатчы калабаттуулук кылып, ызырына зиркилдеген жок, анткен менен каардуу ханды карабай, аны менен коштошпой эле ордодон ойлуу чыкты. Жигиттер кекээрдүү сүйлөшпөй, мазактап күлүшпөй, каардуу хандын айтканын аткарышып, кандуу чеңгээлден аман-эсен суурулуп чыккан тилмерди узатып коюшту.

* * *

«Ооз – уя, сөз – куш» деген ырас. Бирок, мына ушуну жалоондой жасоолдор менен каардуу хандын камчысын чапкандар таназар алышпай, өздөрүнчө күңкүл сүйлөшө беришти. Ошентсе да, «хан саятчыны бошотуптур деген кабар куштай учуп, Теңир-Тоо менен Керме-Тоонун, Жылдыз менен Текестин койнундагы айылдарга тез эле жетти. Найранбаз найип менен кексе кеңешчинин куйкасы курушту, атурсун ичтери муздап, саятчыны тоо арасына кетирип жиберген хандын жоругун жактырышпай, аны жек көрүп калышты, анткен менен ордодон куулуп кетпейли дешип, ойлорун каардуу ханга ачык айталышкан жок. Керме-тоолуктар менен теңир-тоолуктар кубанышты, жылдыздыктар менен текестиктер кубанышты. Чомотой саятчы сүйүнгөн деле жок, өз жерине баргандан кийин деле ойго батып жүрдү. Минтпегенде, анан кантмек эле? Каардуу хан жыландын башын кылтыйтып койбодубу. Ошондуктан эртең болбосо, бүрсүгүнү же эмки айда чабарманын чаптырып жиберет. Бул деген талап кылганы да. Айтор, ошондонбу, кантип кутулуунун амалын ойлой турган болду. А бирок канчалык ойлосо да, эмнегедир амал табалбай койду. Бирде көлдүн жээгине, бирде бадалга, бирде өзөндүн, бирде дайранын боюна барып, бирде токойго, бирде камышка, бирде тоого, бирде адырга барып, ала-була сагызгандардын, кузгундар менен каргалардын тилин тыңшаган-

дай болду, атурсун ары-бери учуп өткөн канаттууларга да сырын айтып көрдү, атурсун чычырканактардын, жийделердин, долонолордун, жылгындардын арасында бири-бирин кубалашып, сымаптай мүлтүлдөшүп ойногон боз чымчыктардан, толкун минген каздардан, талаада таңшыган боз торгойлордон, жер чечегин безеген булбулдардан, чөп арасында үн салган бөдөнөлөрдөн, кумдуу аралда бийчилердей чимирилибийлеген каркыра-турналардан сураса да, алар: «О, адамдардан башкача болгон сайатчы! Биз сенден бөлөктөрдүн жанына жакындап баргандан коркобуз. Ошон үчүн ушу кезге чейин эч кимиси менен кезигише элекпиз. Өзүңдү гана жакшы көрөбүз»,– дешти өздөрүнчө сүйлөшүп алышкандай. Ошондон улам Чомотой сайатчы шуу үшкүрүп, үйүнө кайгырып кайтты далай жолу. Мүнүшкөрлөрдүн, жайчылардын, жарды-жалчылардын, эмчи-домчулардын, табыптардын, саяпкерлердин бир тобу анын санаадар болуп жүргөнүн көрүшүп, өздөрүнчө: «Ачык айтып, ак сүйлөгөн пендени мээнет чырмаса ушундай болуп калабы? Колунда барга да, колунда жокко да жаман кеп айтчу эмес эле го. Эч кимге кыянаттык кылбай, жамандык каалабай, түз жүрчү эле го. Мына эми теңирдин тепсендисинде калгыр хандан кордук көрүп, терең ойго чөккөнүн...» – дешип боор толгошсо, бир тобу: «О, азуулууга бар заман, азуусу жокко тар заман ай! Жакшылыктын шамын жагып, далай пенденин чөккөн көңүлүн чалкытып, далай пенденин өчкөн отун күйгүзгөн, далай пенденин муздаган жүрөгүн жылыткан Чомотой саятчыны кайгыга салган каардуу ханды Теңир төбөдөн урса экен»,– дешип каргаша турган болушту. Каардуу хандын ар кайсы аймактагы камчы чабарлары, бакаooздору мына ушуну кулагы чалып калышканда жинденишип, тигилердин айрымдарын коркутушуп, кынга кийирип коюга аракет кылып көрүштү. Бирок алардын мындай аракетинен майнап чыккан жок. Эл оозунда элек жок эмеспи. Ар кандай имиштер башта кандай айтылса, эми деле ошондой айтыла берди. Көпчүлүк деген көпчүлүк да. Чомотой саятчы маанайы пас жүргөнү менен, а ичинен жан тартышкан, боор толгошкон букараларга ыраазы, абдан ыраазы!

Сур күндөрдүн биринде бирдемени алдын ала сезген, кырсыктын болорун, коркунучтун жакындап калганын алдын ала билген, чоңдугу жылкычы кучкачтай болгон тоту куш учуп келди да, муңайган саятчынын оң ийнине конуп, чөккөн көңүлүн көтөргөндөй безеп, мукам ырын ырдагандай-сайрагандай болду.

– Алда жер чечегин безеген тоту кушум ай! – деди Чомотой саятчы жүрөгү жылып. – Ушу сен менин касирет тартып олтурганымды сездиң окшойт. Эгерде сезбеген болсоң, менин ийниме учуп келип конбойт элең. Кантейин эми, кантейин! Бу да болсо каардуу хандын кылганы. Непада ал талап кылбаса, мен ойго чөмүлбөйт да, кайгырбайт да элем.

Тоту куш сайраганын кыйладан кийин токтотту, анткен менен учуп кеткен жок. Чомотой саятчы үн катпай, тоту кушту сол колунун алаканына кондуруп, оң колу менен анын кооз канатынан сылап койду. Бул жакты бейм, тоту куш былк этпей, анын дагы, дагы сылашын каалады. Чомотой сайатчы ушуну сезип, эми тоту куштун кооз канатынан, кооз куйругунан дагы сылап койду. Бир маалда тоту куш учту, анткен менен калың кырчындын арасына кирип кеетпей, кайрадан тилмердин оң ийнине конуп, бөтөнчө үн сала баштады, анысы «Кишилерге эле эмес, айбандар менен канаттууларга да зыяны тийбеген тилмерим! Бу сен кайгыра бербе, ойго бата бербе!» – дегени эле, ушуну түшүнгөн Чомотой саятчы: «Каардуу хан адилдиктен тайып, өкүмдүк кылып, колумдан келбегенди таап бересиң деп кыйнап атса, анан кантип кайгырбайын, анан кантип ойго батпайын»,– деди муңая.

– Ай, кишиден башкача тилмерим ай! Бу сен жүрөгүңдү сыздатып, сарсанаага батпай эле кой.

– Неге, тоту кушум, неге?

– Ач көздүгү ченде жок хандын алты-жети айлык эле өмүрү калыптыр. Эгерде табыптар жакшылап карашса, анын өмүрү дагы алты-жети жылга созулушу ыктымал. Бирок өз ажалынан эмес, кимдир бирөөнүн кол салуусунан өлө тургандай. Ошондуктан, кайгыра бербей, баштагыдай болуп жайдары жүрсөңчү.

– Куду ушуну хандын өзү билеби?

– Ой, ал билбейт.

– Каардуу хандын ай чырайлуу айымдарычы?

– Алар да билишпейт.

– Каардуу хандын жан-жөкөрлөрүчү?

– Ой, булар деле билишпейт.

– Найранбаз найип менен кексе кеңешчи билеби?

– Ой, бул экөө да билбейт.

– Кароол башы билеби?

– Ал деле билбейт.

– Каардуу хан өлөрүнө саналуу айлар, саналуу жылдар калганын билбесе, кокустан каны шакардай кайнап, жалоондой желдетин, канкор нөкөрүн, зөөкүр сакчысын жиберип, мени жарга такап, абдан такып сурата турган болуп калсачы?

– Тилмер, бу сен эч жүрөксүп калтаарыбай эле, эч кабатыр болбой эле, эгерде каардуу хандын канкор нөкөрү, жалоондой желдети, зөөкүр сакчысы келип калса, алардын кан толгон көздөрүнө тике карагын. Мүрөктүн суусу жердин түбүндө экен, ошол тарапка барыш оңой эмес, ошондой болсо да, бу силер адырандабагыла. Биртике сабыр кылгыла. Сабырдын түбү сары алтын эмеспи. Улуу урматтуу ханга барып айткыла. Эч ким санабасын. Келерки жылы ушу маалда дайар болот экен дегиле деп, аларды кетирип жибергин. А ошого чейин дагы далай күн, дагы далай түн, дагы далай убакыт бар эмеспи.

– Ай, менин асыл тоту кушум ай! Бу сен канаттуулардан башкачасың. Алар эле эмес, мен билбегенди да билесиң. Ай, менин асыл тоту кушум ай! Бу сен кул пендедей акылдуусуң. Алар эле эмес, мен туйбаганды да туясың. Ошондой болсо да, каардуу хан менин тигинтип айтканыма ишенбей койсочу?

– Жүрөгүңдү сыздатып, касирет тартпай эле кой. Ач көз хан сенин айтканыңа ишенет. Күндөрдүн тез эле өтүшүн, жумалардын тез эле айларга айланышын, айлардын жылга толушун, жылдын жылга тогошун чыдамсыздык менен күтө баштайт.

Чомотой саятчы оор улутунуп койду, кичинекей тоту кушту ийнинен акырын алып, кайрадан сол колунун алаканына кондуруп, кайрадан оң колу менен анын кооз канатынан, кооз куйругунан сылады. Тоту куш эми жанагыдай болуп, бөтөнчө үн салбады. Биртикеден кийин калың кырчындын арасынан учуп чыккан түгөйлүү ала мойун чымчыкты карап койду. Алар амалдын табылганын сезишкендей, мына ушуга кубанышкандай, тилмер менен тоту куштун дүргөйү чалкый түшкөнүнө ортоктош болушкандай, алыстап кетишкен жок. Экөөнүн үстүнөн айланып учушту. Анан көкөлөй беришти да, бир оокумда кайдадыр учуп кетишкендей болушту. Чомотой саятчы ордунан акырын турду эле, жылкычы кучкачтай болгон тоту куш кош канатын кагып, чалкып жаткан көлдөй көгөргөн асманды карай учту.

– Уча бер, тоту кушум, уча бер! – деди Чомотой саятчы бажыраңдап. – Мен сага эки дүйнөдө тең ыраазымын! Эгерде сен болбосоң, мен абдан муңайып, абдан мүңкүрөп олтурат элем. Ошентүүдөн куткардың. Эми каардуу хан келе берсин! Эми каардуу хандын желдеттери мени издей беришсин! Мен аларга да, өзүнө да жообум даяр. Уча бер, тоту кушум, уча бер!

Тоту куш кош канатын күүлөп, калың кырчындын үстүнөн кайып, кайта көкөлөп, ошо бойдон ылдыйлабай, уламдан улам бийиктеп уча берди. Чомотой саятчы көк кал баскан шадылуу колун маңдайына койуп, андан курчу кеткен көзүн албай карап турду. Бул өзүнчө дүйнө, болгондо да керемет дүйнө! Куду ушуну куштун тилин билген тилмер гана туйгандай... Мемиреген жымжырттык. Ушу мемиреген жымжырттыкты адамча сүйлөй алган тоту куш да бузган жок. Кыйладан кийин тик сайылып, жерден кайып, кайрадан түпсүз терең мухиттей көгөргөн асманга атып чыгып, ошо бойдон төнүп кетпей, кооз канатын күн нуруна жалтылдатып учуп жүрдү.

– Ай, менин асыл тоту кушум ай! – деди Чомотой саятчы кайрадан. – Ушу сен мени жалгыз калтырып кеткиң келбей жатат бейм. Антпей эле өз жайыңа, өз түнөгүңө карай уча бер. Түк капа болбойм. Ишенип кой. Мени эми бөрү жебейт. Мени эми каардуу хандын жасоолдору коркута алышпайт.

Тоту куш чарк айланды да, биртикеден кийин кайкып келип, кайрадан сайатчынын ийнине конду. Бирок сайраган жок. Чомотой саятчы күлүп койду. Тоту куш учуп кетпей, бир пастан кийин дагы сайрады. Мукамдуулугу ай! Чомотой саятчы дагы берилип эшиткендей козголуп койбоду. Жүрөгү туйлап кубангандай. Кыйладан кийин тоту куш сайраганын токтотуп, кайрадан кош канатын күүлөп учту. Бу сапар ылдыйла бастан кайдадыр зыпылдады. Чомотой саятчы олтурбады. Тоту куш көк асманга төнүп, көзгө илешпес нокоттой болуп баратты...

* * *

Эки-үч жума өтпөй эле, каардуу хандын ары шылуун, ары карамүртөз жигиттери келишип, Чомотой саятчыны ызаат кылышпай кекетип-мокотушуп, өкүмдардын өтүнүчүн тезирээк аткаруу керектигин айтышып, кайра эле кетип калышты. Алаңгазарлар да. Эртеби-кечпи, акыры бир күнү каардуу хан алтын тактан түшүп калаар... Мына ошондо кордук көрүп, жели чыгып калаары менен иштери жок. Чомотой саятчынын зээни кейиди. Муну каардуу хандын камчысын чапкандар менен таламын талашкандар сезишкен жок, билген намазын окуй беришти. Жарды-жалчыларды, жетим-жесирлерди, багар-көрөрү жокторду ойлоп коюшпай, өздөрүнчө жыргап жүрүштү. А итке минип калгандардын чыдамы кетип баратты. Чомотой саятчы мүрөктүн суусун издеп жөнөбөй эле, Теңир-Тоо менен Керме-Тоонун койнунда жүрө берди. кээде сары таман ат минип, Жылдыз менен Какшаалды кыдырып келчү болду. Атурсун бабалардан калган Сары-Колго да барып келди. Ал эми каардуу хан калайык калктан тартып алган асыл ташты, алтын менен күмүштү, миң кубулган акакты, каухарды таратып берүүнү ойлоп да койбоду. Жакшылык ыроолону, адил болууну каалабаса ушул экен да. Кайта кошоматчылардын, өз көмөчүнө күл тарткандардын тилине кирип, күндөй нурдуу зайыптары, айдай сулуу көңүлдөштөрү турса да, дагы далай жаш чүрөктүн көз жашын көл кылып, өзүнүн кумарын кандыргандай болду. Ошону менен тим бо-

луп калбай, дагы далайлардын малын тартып алды. Күндөр билинбей өтүп, апталар айга айланган кезде каардуу хан шылуун жигиттерин дагы жибериптир. Алар тоо арасынан саятчыны издеп жүрүшүп, араңдан зорго табышты. Ал балыгы чалкыган, соносу калкыган Сары-Челек көлүнүн жээгинде, арчанын түбүндө жалгыз олтурган. Сол ийнинде ак кептер, оң ийнинде боз торгой, жанында түгөйлүү улар, түгөйлүү кекилик бар эле. Бир маалда боз торгой, ак кептер, түгөйлүү улар, түгөйлүү кекилик каардуу хандын жигиттеринин чуусунан чочуп, бадал арасына учуп кетишти. Чомотой саятчы селт этип турду да, адырандап келатышкан тигилерди карап калды. Анткен менен бозуп кетмекчи болбоду. Теңир берген жанды теңир алат эмеспи. А булар Теңирдин кутман жерге жиберген элчилери эмей эле, бийлиги менен байлыгына чиренген, андан кантип айрылып калбоонун амалын гана ойлогон хандын ала көөдөн камчы чабарлары да. Чомотой саятчы алардан коркподу. Жигиттер текеберчилик кылышып, тилмер менен ырайлашпай эле, көлдөгү көп, абдан көп сонону карашпай эле, ажайып кооз теребелге көз чаптырышпай эле, жалгыз турган сайатчыны жекиришип, дагы зээнин кейитишти. Кебин угушпай, ашыкча эрдемсинишип, какыс-кукус кылышып, алдыларына салышып, ордону карай айдап жөнөштү. Ушинтип айдап келгенге, байлап келгенге биротоло көнүп калышкан да. Ордого көп күндөн кийин жетишти. Каардуу хан алтын тагында олтуруптур. Кабагы ачылбай, көзүнөн чаары чыккан. Жанында найранбаз найиби, кексе кеңешчиси жок экен. эмнегедир салам айтпай:

– Эй, тоолук куу саятчы! – деп корс этти. – Бу сенин кулагың тешик окшойт. Айткан кеп кулагыңа кирбейт окшойт.

– Улуу урматтуу хан! Бу сиз нени айтып жатасыз? – Чомотой саятчы билмексен болуп, анын кыжырын ого бетер келтирди.

– Дегеле мунун анткорлонгонун...

– Өкүмдар! Мен анткорлонбойм. Кабарчыктай бербеңиз.

– Эгерде куйма кулак болсоң, түк минтпейт элең.

– Карып калганымдан го.

– Бу сен карыдым, арыдым дебей, мүрөктүн суусун маг качан алдырып бересиң? Эгерде минтпей турган болсоң, кай радан желдеттериме өлгүдөй сабатып, терең орго салдыра коёмун. – Каардуу хан коркута баштады.

– Улуу урматтуу хан! – Чомотой саятчы жалтанбай тик карады. – Бу сиз күпүлдөй бербеңиз. Мен сизге жаш бал эмесмин. Мойун толгогон жокмун. Көз көргүс, кулак уккус жакка качып кеткен жокмун. Мүрөктүн суусу жердин түбүнд экен. Ошол жакка жетиш оңой эмес. Ошондой болсо да, кам санабаңыз. Келерки жылы ушул маалда даяр болот. Куду ошондо мүрөктүн суусун ичип, өмүрүңүздү узартасыз.

– Талаадагы, тоодогу, токойдогу, көлдөгү, дайранын боюн дагы канаттуулардын тилин билген сайатчы! Бу сен мага бир мертебе жакшылык кылып, андан берилетсең болбойбу? – Каардуу хан жумшаргандай өтүндү.

– Болбойт, урматтуу хан, болбойт! – Чомотой сайатчы сы нагандай сакалын сылап койду. – Мүрөктүн суусунан кеңеш чиңизге, найибиңизге биртике ичиресизби?

– Мен өзүм эле ичемин. Алар ичпесе койсун!

– Ошентиңиз,– деди Чомотой саятчы жылмайып.

Ошентем эле, саятчы, ошентем эле. Кеңешчи менен найип тин өмүрү узун болбосо койсун. Өзүмдүн эле өмүрүм узун бол со болду.

– Өкүмдар! Бул жалган дүйнөгө устун болгон эч ким жок да.

– Эй, тоолук саятчы! Мүрөктүн суусун ичсем, бул жалга дүйнөгө мен устун болом да. Эмне, бу сен ушуну мага каал байсыңбы?

– Каалайм, өкүмдар, каалайм! Бирок...

– Эмне бирок?

– Бул турмушта, бул жашоодо өлбөгөн жан жок, өчпөгө шам жок.

– Мунуң да ырас. Эмнегедир менин өлгүм келбейт. Дагы далай жыл, дагы далай мезгил жашагым келет. Дагы көпкө чейин бийлик тизгинин бекем кармап, кара тамандарды баш

карып тургум келет. Шон үчүн мүрөктүн суусун мага алып келип берүүнү тездете көр.

– Болуптур, өкүмдар, болуптур!

Каардуу хан ишенип калды, анткен менен мүрөктүн суусун алдырып алгандан кийин эле пайитин таап, бул тилмерди тындым кылдырып таштоону ойлоду. Ушул ой башына чырмала калганына кубангандай кабагы ачылып, кайрадан жемелебестен, корсулдабастан, алтын тактын жанындагы добулбасты тарсылдата кагып койду эле, жалоондой эки нөкөр чирип келди. Аларды жумшап, кеңешчиси менен найибин чакыртып алды да, андан соң баарын жайына кетирди. Экөө эле калды. Бирок, эмнегедир олтурган жок. Каардуу хан аларга бартылдай сүйлөп, өзүнүн көңүлү курсант экенин көрсөткөндөй болду, анткен менен дилиндегисин айтпады. Найранбаз найип, кексе кеңешчи кошоматтанышып, башын ийкегилешип, куп-шуң-купшуң эте күлүп калышты. «Ой, түлкүлөр ой! Көз көрүнө эле кууланышканын... Мындайларды кудай да алып кетпейт экен»,– деди Чомотой саятчы ичинен жини келип. Каардуу хан амалданып, ошол күнү эле тилмерди айылына кетирип жибербей, абдан жакшылап коноктоп, эртеси түштөн кийин өз элине, өз жерине жөнөттү. Кексе кеңешчи менен найранбаз найип хандын амалданып койгонун туюшпай, өздөрүнчө туталанышып, өздөрүнчө кыжырданышып, күңк-мыңк этишип кала беришти. Чомотой саятчы кылчайып, аларды карап койбоду. Аман-эсен кутулганына шүгүр кылгандай болду.

* * *

Кара аламан тоолуктар да, кара аламан талаалыктар да, кара аламан чөлдөгүлөр да каардуу ханды эле эмес, кексе кеңешчини, найранбаз найипти да жамандашып, булардан кутулууну кудайдан тилешсе, төбөлдөр менен ымаласы ысыктар, казынадан кез-кезде белек-бечкек алып тургандар алардын антишкенин жактырышпай, жек көрө карай турган болушту. Ал эми каардуу хан болсо, мына ушуну этибар албай, алтын такта олтурганына, бийлик жүргүзгөнүнө корстон. Эмнегедир биерде кеңешчисин, найранбаз найибин жанына

кошуп албай, мажурум талдардын арасында сайран куруп жүрүшкөн ай чырайлуу айымдарды карай кудуң-кудуң этип басса, бирерде күн чырайлуу көңүлдөштөрүнүн жанында болуп, булардын назданганына, жалбарганына жыргап, бирерде аң уулоонун кызыгына батып, алды-артын карабай, эл аралабай турган болду. Бийлигине, байлыгына мас болсо ушул тура. Мына ушуну туйбастан жүрө берди. Эч ким аны «Эй, хан! Көзүңдү ач! Эсиңе кел! Букараларыңды ойло!» – деп эскертип турбаса, анан эсирет да.

Кексе кеңешчи менен найранбаз найипке Жаныбек хандан ушинтип бейопа жүргөнү жакшы болду. Ошондон улам экөө жең ичинен сүйлөшүп, өздөрүнүн билген намазын окушуп, бөрк алгын десе баш алганга маш нөкөрлөрдүн, шылуун жасоолдордун айрымдарын туш-тушка жөнөтүшүп, кара тамандардан жана кербендерден алык-салык алууну күчөтүшүп, абдан баймансы ашып-ташып, калдайган калың букарага ого бетер жек көрүндү болуп бүтүштү. Бирок куду ушуну туюшкан жок. Жаныбек хан күндөрдүн биринде эсине келгендей болуп, аларды Чомотой саятчыга жөнөттү. Бул учурда ал кер өзөн кең Таластагы тилмерлердин биринин боз үйүндө эле. Кексе кеңешчи менен найранбаз найип аны издеп жүрүшүп, зорго табышты да, ырайлашпай эле, ал-жайын сурашпай эле, кекетип-мокотуп, каарданыша демитип киришти. Чомотой саятчы биртике үн катпай турду да, анан эки колун бооруна алып бүжүрөңдөбөй, алардын заар чачкан көздөрүнө тике карап:

– Эй, заадиси бузуктар! – деди. – Эй, жетеси жамандар! Эй, кудайдын каарына калгырлар! Эмнеге эле ырылдайсыңар? Бул жер ордо эмес. Биртике бардаш кылсаңар боло. Бул жакта силерди коргой турган ханыңар жок. Ханыңар ыраакта. Абайлагыла. Кул пенденин өмүрүн узарта турган мүрөктүн суусун таптырууга, алдырууга шоораты далайга жеткен Шыбакбай-арстан каган да, Чур Тардуш Ынанчы каган да аракет кылбаган. Эмне, бу силердин ханыңар мына ушул эки көйкашка кагандан акылдуубу, кыйынбы, өйдөбү? Акылдуу болбой калсын! Кыйын болбой калсын! Өйдө болбой калсын! Кул пен-

денин өмүрүн узарта турган мүрөктүн суусун таптырууга, алдырууга ак эткенден так эткен Чынгыз хан да, аксак Темир да эңсегенине жете алган эмес. Ойлогонун орундата алган эмес. Эмне, бу силердин ханыңар далай элди, далай урууну, далай шаарды, далай сепилди найзанын учу, кылычтын мизи менен каратып, амырына баш ийдирген мына ушул эки улуу кол башчыдан, мына ушул эки улуу шерден артыкпы, зорбу, даңазалуубу? Артык болбой калсын! Зор болбой калсын! Даңазалуу болбой калсын!

Жаалы ичинде шакардай кайнаган кексе кеңешчи менен найранбаз найип тартынбай сүйлөп, тартынбай оюн айткан сайатчынын төбөсүнө камчы ойнотуп, жансоогалатышмакчы болушту эле, бадал арасынан боз уландар, жаш жигиттер чыгып калышты. Ошондуктан ичтеринен сөгүшүп, оюндагысын жүзөгө ашыра алышкан жок. Дикилдеп жетип келишкен боз уландар менен жаш жигиттер аларга оройлоно опурандашмакчы болушту эле, Чомотой сайатчы: «Бу силердин эсиңер бар го. Өзүнүн айланасына өзүнө окшогон суктарды, куйтуларды, зулумдарды топтоп алган каардуу хандын зөөкүр чалыш эки макоопесине жаман айта көрбөгүлө. Ачууңарды басып, тынч тургула. Буларга айткан кайран кеп, кайран сөз. Кулактарына кирбейт да, жүрөктөрүнө жетпейт да!» – дегендей башын чайкап койду. Ошондон улам алар опурандашпай калышты. Ушул күнү эле найранбаз найип менен кексе кеңешчи келген жолуна түшүп, ордого кайтып кетишти.

* * *

Кош канатын дирилдеткен, жер чечегин безеген тоту куштун бир мертебе кой оозунан чөп албаган, анткен менен көкүрөгүндө куту бар, кул пенделерден башкача Теңир тартуулаган өзгөчө касиети бар Чомотой саятчынын оң ийнине конуп, алдын ала жамандыктын болоорун билдиргендей эле, «Казынасында сан байлык болсо да, мол дүнүйөгө тойбогон хан аң уулоодон келатып, аттан жыгылып, кабыргасы сынып, төшөктө жатып калыптыр. Табыптар аны ордодон алыс жактагы айылдардын биринде жакшылап карап жатышып-

тыр»,– деген суук кабарды угушкан жарды-жалчылардын, жетим-жесирлердин, дан багарлардын, кара тамандардын бир тобу өздөрүнчө сүйлөшүп алышкандай: «Ырайымсыз ханга ырас эле болуптур. Эми ал сакайбай калса экен. Эгерде ошондой болсо, кайрымсыз хандан кутулган болот элек»,– дешип күңкүл сүйлөшсө, бир тобу антишкен деле жок, дагы бир тобу буга кайдыгер карашкандай болушту. Ошондон көп күн өтпөй эле, ордодо чыр чыгып, тополоң башталып, жалоондой нөкөрлөр менен жалоондой жасоолдор экиге бөлүнүп, иттердей ыркырашып калышты. Алардын айрымдары пайтин таап, чырдын чыгышына, тополоңдун башталышына себепкер болгон найранбаз найипти, кароол башыны, кексе кеңешчини ортого алышып, төбөлдөрдүн тилин алышпай, айтканын угушпай, кийиздей тепкилешти да, сулк жатып калганда ордодон сүйрөп чыгышып, бак арасына таштап коюшту. Мырзалардын, төрөлөрдүн бири да боор толгоп, алардын жанына барган жок. Шайтаны мойнуна мингендерден коркушкандай... Найранбаз найип, кексе кеңешчи, кароол башы колубуту сынып, бүт денеси көгөрүп, башы жарылып, ит өлүмгө туш болду. Куду ушуну Чомотой саятчы Жеркен, Кашкар, Сары-Кол тарапты кыдырып келатканда дербиштерден, кербендерден угуп, «Көгөргөн көктө кудай бар деген ырас. Өздөрү тойсо да, көздөрү тойбогон зулумдарды жазалаган экен. Далайга кордук көрсөткөн макоолорду Шыбакбай-арстан кагандын, Кутулук Билге кагандын, Чур Тардуш Ынанчы кагандын арбагы урган экен»,– деди ичинен. Анан оор улутунуп койду. Эмнегедир үстүнөн ныгыра басып тургандай болгон оор жүктү кимдир бирөө алып койгондой кыйла жеңилденө түшкөндөй болду.

* * *

Төлөнмырза ушуну эсине түшүрүп, шуу үшкүрүп жиберди, анткен менен ордунан турбады. Бул тымсалды бейиши болгур, Чоро мүнүшкөрдөн эшиткен эле. Ушу тапта куштун тилин билген Чомотой саятчы да жок. Анын дүйнөдөн кайтканына эки-үч жыл болуптур. Кыязы ал ыраматылык Чоро

мүнүшкөрдөн кыйла мезгил мурда жашап өткөндөй... Мурдун шыр тартып, кежигесин кашылап койду. Табарсыгы толуп калыптыр. Чыдамы кетип, тери шымынын ычкырын шашып буша чечти. Заара кылбаса болбочудай. Ие, табарсыгы жарылып кетчүдөй. Турду да, шымын шыпырып, чаркылдашкан эки кара аланы карап койбой, төмөн карай сийди. Табарсыгын бошотуп, шымын өйдө кылып, ычкырын бекем байлады. Арсак-терсек аскалардын арасына коз чаптырбай, ордуна барып олтурду. «Мен да канаттуулардын тилин билген Чомотой саятчыдай болуп, абдан сабырдуулук кылайынчы. Сабырдын түбү сары алтын эмеспи. Сабыры жок Жаныбек хан саманын сапырып жаткандыр. Көктө кудай бар го. Акыры кудай зулум ханды жазалагысы бардыр»,– деди ниетинде. Анан чокоюнун кончунан шамшарды алып, эт кесип берди эле, эки кара ала сугалактык менен жеп коюшту. Карды кампайды окшойт, жанагыдай чаркылдашпай калышты.

* * *

Аскалардын арасынан уларлар учушту. Төлөнмырза акырын туруп, алардын сайрашын күттү. Негедир уларлар сайраган жок. Толөнмырза оор улутунуп, томуктай булут жок асманды карап, күн нуруна жүзүн тосуп, күн нурунан кубат алгандай керилип чоюлду да, андан соң: – О, байыркы баатыр бабаларым сыйынган Күн теңири! О, байыркы шер абаларым сыйынган Күн теңири! Кудуретиңди көрсөтүп, мен байкушту куткара кор! Колдой көр! – деп табынды. Кыңылдап ырдабай, ой толгобой, арсак-терсек аскалардын арасына көз чаптырбай, бир тал мээр чөптүн эң акыркы жалбырагын секин үзүп, оозуна секин салып койду. Кардын ачырбай ток маарек тарттырган ушу, чаңкай берүүдөн сактаган ушу, алы кетип алсырагандан сактаган ушу. Кантсе да, бул теңирдин касиети бар чөбү эмеспи! Теңирдин мындай мээр чөбү «күлүк күнүндө, тулпар тушунда» деп дуулдап сайран курган Жаныбек хандын ордосунда болгон сайын болгусу келген обозгердин жасалгасы көздүн жоосун алган тогуз канат ак өргөөсүндө да жок. Өзүнчө корстон болгондой компойуп койду Төлөнмырза.

* * *

Текелер, эчкилер мөңгүдөн чубап өтүштү. Төө комдот калдайган кош канатын жай кагып, жалама асканын боорундагы уясына учуп келди. Бул мертебе мээр чөптү тиштеп келиптир. Баарынан да куду ушунусу жакшы болду. Төлөнмырзанын мээр чөбүнүн жалбырагы калбай калды эле. Тигини көргөндө көзү жоодурап, жүрөгү толкуп кетти. Өзүнчө мулуң мулуң эте мулуңдап сүйүнгөнү ай! Төө комдот ушуну туйгандай, оозундагы бир тал мээр чөптү таштап, эки кара аласынын жанында көпкө турбай эле, кайрадан учуп кетти. Төлөнмырза бажырандай сүйлөп, Төө комдотту алкап, мээр чөптү алып алаканына койду да, телмире тиктеп, биртикеден кийин эринин тийгизди, анан үңкүрдүн төр жагына койуп, кайра эле бурулду. Акырын олтуруп, эки кара аланын канатынан, куйругунан сылады. Түш ооп калганда мээр чөптүн жалбырагынан бирди үзүп ала оозуна салды, бирок өткөндөгүдөй болуп чайнаган да, жутуп жиберген да жок. Бир оокумда алы кетип алсыраганы, шайы ооп шалдыраганы билинбей калды, суусаганы басылып калды, кадимкидей көңүлү көтөрүлүп, кадимкидей кубаттана түштү. Талыган, уюган жери жазыла түшкөндөй болду. Кыйладан кийин ордунан туруп, арсак-терсек аскалардын арасын жаңырта кыйкырды:

– Тооло-о-ор! Ачык асма-а-ан! Аркайган зоокала-а-ар!

* * *

Жөө туман жылып келип, жез тумшуктар менен киши кийиктер жүрчү аркайган зоокалардын арасында бугуп калды. Ошондон улам Төлөнмырзанын чый-пыйы чыгып, жөө тумандан тарашын чыдамсыздык менен күтө баштады. Күткөнүнө жараша ыркырап шамал жүрбөдү, өчөшкөндөй болуп жөө туман тараган да жок. Төө комдот да учуп келбеди. Не болду экен? Төлөнмырзанын ой-санаасы алда кайда кетти. Эки кара ала ушуну сезгендей карап коюшту. Бирок чаркылдашпады. Мындайда уктай да албайсың. Ошондуктан ого бетер ичи бышып, өтө кыжалат боло берди. Эки күн өтүп, үчүнчү күнү гана бугуп жаткан жөө туман тарап, арсак-терсек аска-

лар көрүнүп калды. Айтор, ошондонбу, Төлөнмырза кудуң-кудуң этип кубанды, анткен менен өткөндөгүдөй болуп, аскаларды жаңыртып кыйкырбады. Жигиттин пири Шаймерденге жалбарды, Чомотой саятчынын арбагына жалбарды, Чоро мүнүшкөрдүн арбагына жалбарды.

* * *

Түн бир оокум болуп калганда дыбыр-дыбыр этип жамгыр жаай баштады. Төлөнмырза көнүп калган адаты боюнча турду да, жамгырга жүзүн, колун тосту. Мөлтүр тамчылар жүзүн, колун жууп, көңүлүн сергитти. Кочушун толтуруп, жаандын тунук, муздак суусун ичти. Жыргап калды. Андан соң өткөн жолкудай болуп, адегенде сыктыйанын, биртикеден кийин чокоюн, жаргак шымын, боз көйнөгүн, боз дамбалын чечип, дырдай жылаңач денесин жамгырга тосо берди. Эч ичиркенген да, эч үшүгөн да жок. Тим эле жыргай, абдан жыргай түшкөндөй... Кыйладан кийин тазарып калгандай болду. Ошентип жамгырга жуунуп, кайрадан кийимин кийди. Бир оокумда дүйнө капар жатып, анан жыргап уктап ойгонсо, дыбыр-дыбыр этип жааган жамгыр басылып калыптыр. Эки кара ала бирдеме үмүт эткендей мойнун созуп коюшту.

– Бу силердин кардыңар ачып калган го,– деди Төлөнмырза бартылдап. – Мен азыр эле силерди тойгузам.

Эки кара ала анын кебине түшүнгөндөй болуп, мойнун созбой калышты. Төлөнмырза калган эттен чоң-чоң кесип таштады. Экөө алам заматта жеп коюшту.

* * *

Кайрадан билинбей эле бир нече күн өтүп, жез тумшуктар менен киши кийиктер көрүнбөй калышты. Төлөнмырза оозундагы мээр чөптүн жалбырагын алып таштады да, адатынча кыңылдап ырдамыш болду. Жамгыр дагы дыбыр-дыбыр этип жаай баштады. Бир оокумда Төлөнмырза ырдаганын токтотуп, акырын турду да, көнүмүш адатынча жүзүн, колун дыбыр-дыбыр эткен жамгырга тосту. Бирок, эмнегедир өткөндөгүдөй болуп, кийимин чечип жуунган жок. Кочушун толту-

руп, жамгырдын тунтунук суусун ичип, кудурети күчтүү кудайга ыраазы болгондой күлүмсүрөп койду. Анткен менен кобурабай, уядагы эки кара аланы карабай, терилердин төрт-бешөөсүн алып, алам заматта жая салды. Кыязы мунусу суу болсун дегендей... Анан сабырын суз кылып, эки колун бооруна алып, өзүнчө үңкүйүп олтурду. Кызыл текөөрлүү менен Муз мурут аны аяшкандан бетер чаркылдашкан жок. Төлөнмырза кыйладан кийин туруп, суу болгон терилерди алып, кайберендердин баш сөөктөрүнүн үстүнө таштап койду.

* * *

Дыбыр-дыбыр этип жааган жамгыр таң куланөөк салганда басылып, ымырт абырлар кайдадыр удургуп көчө, асман бир четинен шаңкайып ачыла баштады. Ошонун эртеси Төлөнмырза бөксөргөн ыкыбалы толчудай күлмүңдөп, кайрадан кыңылдап ырдамыш болду. Керилип чоюлду. Ошондон кийин гана Кызыл текөөрлүү менен Муз муруттун канаттары толук жетилип, алгырлыгы ченде жок энесин ээрчип учканга, томуктай булут жок асманга алтын жебедей атып чыкканга, кайра типтик шукшурулганга, кылактап качкан түлкүнү тээп өлтүргөнгө, балгындуу камыштын четинен торопойду илип кеткенге жарай тургандай болуп калганына чындап көзү жеткендей тиктеди. Аркандай болгон упузун кайыштын улаштырган жерлерин кайрадан жакшылап карап, кайрадан жакшылап тартып көрдү. Абдан бекем, абдан бышык эле экен. Минтип текшерип койбосо да болбойт. Сактыкта кордук жок эмеспи. Эликтин, курандын, аркардын, кулжанын, текенин, эчкинин, жейрендин баштарын, терилерин ыргытып жибербегени ырас болуптур. Кереги эми тийчүдөй. Баштарды, мүйүздөрдү өспүрүмдүн жоон санындай болгон устундар сыяктуу арчалардын үстүнө жыйды да, терилер менен жаап койду. Булар жеңил эмес, итабар эле оордой. Ошондуктан салмактуу жүктөй басып турат. Ойлонуп турбай, эми упузун кайыштын бир учун жылчыктан өткөрүп, үч арчага абдан катуу, абдан чие байлады. Мурдун шыр тартып, шилекейин жутуп, төмөн жакты карабай, экинчи учун белине бекем байлап: – О,

кудай! – деди коңур үнүн акырын чыгарып. – Эми өзүң колдой көр! О, кудай! Эми өзүң сактай көр! Ушунча чыдап келдим, жетишет эми. Мындан ары чыдай албайм! Ичим бышып кетти. Пейилим бузулуп, эне бүркүткө кыянаттык кылган жокмун. Балапандарын бөпөлөп багып чоңойттум. Мына ушуга жалама аска күбө! Мына ушуга мээримдүү тийген күн күбө. Мына ушуга жаңырган ай күбө! Мына ушуга коргошундай уюп жаткан түн күбө! Мына ушуга баркырап жанган жылдыздар күбө! Мына ушуга бирерде ыркырап соккон шамал күбө! Мына ушуга кээде ойноп жүргөн жел күбө! Мына ушуга кез-кезде жааган жамгыр күбө! Мына ушуга тулку боюн жүн, бетин түк баскан киши кийиктер күбө! Мына ушуга коркунучтуу жез тумшуктар күбө! Мына ушуга малдай чубаган кийиктер күбө! Мына ушуга кээде үн салган улар күбө! Эми мен бейиши болгур, Чомотой саятчынын арбагы колдосун! Бейиши болгур, Чоро мүнүшкөрдүн арбагы колдосун! Шыбакбай-арстан кагандын арбагы колдосун! Чур Тардуш Ынанчы кагандын арбагы колдосун! Барс-бек кагандын арбагы колдосун! Кутулук Билге кагандын арбагы колдосун! Эми таякем менен тааженеңемдин үйүнө барайын. Алар мени зарыгып күтүп жатышкандыр... Балким олуядай болгон атам менен асыл апам да аерге келип калышкандыр, үмүт үзбөй жол карап жатышкандыр... Балким булбулдай сайраган, торгойдой таңшыган Жээренче чечен да, Толубай сынчы да ошол жердедир, аердегилерди зериктирбей, көптүн көөнүн эриткен көрөңгөлүү кептен айтып берип олтургандыр... Балким даңкы дабан ашкан Толубай сынчынын уулу Миңжашар да, Жээренче чечендин уулу Төлөнмырза да, алардын жанындагылар мени күтүп жаткан чыгаар... Баарынын ою он талаа, санаасы он талаа болуп аткан болсо керек. Бирок эмнеси болсо да, мен өлгөн жокмун. Алты саным аман, дени-кардым соо эмеспи. Бул эң башкысы да! Аларды кубантайын. Бардыгынын сагынычын таратайын. Ошондуктан сактай көр, кудай сактай көр!

Ушинткен менен шашылган жок, алактаган жок. Чыйтчыйт түкүрүп койду. Эми болсо, эр каган Шыбакбай-арстандын, эр каган Барс-бектин арбагына сыйынды. Кабыландай

кайраттуу Күлүчордун, ач арстандай чамынган Тексин-инал-дын, сүлөөсүндөй керилген, сүйлөсө жанды эриткен Эрен-Улуг-дун, караңгыда жол тапкан, капилеттен сөз тапкан Эзгене ичергинин арбагына сыйынды. Айдагардай айбаттуу Кутулук Билге кагандын, тай качырбас боз айгырдай болгон Чур Тар-душ Ынанчы кагандын арбагына сыйынды. Киртейген көзүн жумду да, биртикеден кийин кайра ачты. Бийик асканын боорундагы үңкүргө, Төө комдоттун уясына көнө түшүптүр… Биер жамгырдан, нөшөрдөн, ыркыраган шамалдан сактады да. Айтор, ошондонбу, бул уяда, бул үңкүрдө кандайдыр бир жылуулук, кандайдыр бир бакыттын учкуну бардай… Куду ушуну жалгыз гана өзү туйгандай болуп, баштагыдай эмес, бөтөнчө көз караш менен карап койду. Кантсе да, бул акыркы, болгондо да эң акыркы көз чаптыруу эле. Бул кадимкидей коштошуп жаткандагы кароо эле. Чүчкүрүп жиберди. «Ак чүч!» – деди өзүн жубатып. Кызыл текөөрлүү менен Муз муруттун бутун байлаган кайышты кесип, шамшарын чокоюнун кончуна салды. Толкунданганы ай! Ээликкени ай! Кубанганы ай! Атурсун саал-паал тынчсызданганы ай! Жада калса ушуну эки кара ала да сезгендей, койкойгон мойнун созуп коюшту. Төлөнмырза кайрадан келме келтирип, кайрадан кудайга жалбарды. Төө комдоттун эки кара аласы эми чапчаң кыймылдашып, араңдан зорго эле турушканын билдиришкендей карашып, уянын кырына бат чыгышып, «гү-ү-үк… гү-ү-үк…» этип үн салып жиберишти. Жаш мергенчинин кулагына бул ийги, абдан ийги угулду. Эки кара ала тим болуп калышпай, адегенде шаңкайган ачык асманды, анан жалама зооканын түбүн караштьы да, андан соң калдактап учушту. Төлөнмырза алардан көзүн албай, чый-пыйы чыга карап турду. Экөө бачым эле канаттары талып калгандай пасташып, кыйлада барып жерге конушту. Айланасын элеңдеп карашкандай болушту.

– Өх! Эми гана санаам тынчыды окшойт. Эмки кезек меники,– деди Төлөнмырза жүрөгү элеп-желеп болуп. Жалама зооканын түбүндөгү эки кара аланы кайрадан карап койду, анткен менен «Бөпү! Бөпү!» этип бөпүлөй Муз мурут менен

Кызыл текөөрлүүнү чакырган жок. Эгерде аргамжыдай упузун кайышты көтөрүп, шарт таштап жибере турган болсо, өзү да кулап кетчүдөй... Ошон үчүн абайлап, эч шашкалактабай, эч алактабай, акырын гана биртикеден таштай баштады. Качан гана упузун кайыш салаңдап калганда, өзү keриле дем алып, кадимкидей өзүн шерденткендей болду. Бирок, эмнегедир дароо эле түшө баштаган жок. Кайта ойго баткандай, эки анжы болгондой, атурсун корккондой бурулду. Кыраандыгы ченде жок бүркүттүн уясы аңырайып бош калыптыр. Уянын көркү эки кара ала тура. Эми алар жок, учуп кетишкен да. Мындан ары баштагыдай болуп бул уяда жатышпайт. Ошондон улам Төлөнмырзанын көзүнө уя да, үңкүр да комсоо көрүндү. Көңүлү бир паста уйгу-туйгу боло түштү. Куду ушуну асканын түбүндөгү Кызыл текөөрлүү менен Муз мурут сезишкендей карашып, «гү-ү-үк... гү-ү-үк...» этип үн салышты кайрадан. Төлөнмырза муну эшитти. Эшиткени менен аларды карап койбоду. Акырын бурулуп, кайрадан кудайга жалбарып койду. Жалама зоокадан түшө берсе болчудай. Калч-калч этпей, чалкып жаткан мухиттей көгөргөн көктү карабай:

– Кош бол, Төө комдоттун уясы! Кош бол, Төө комдоттун үңкүрү! Кул пенделердин дүйнөсүнөн бөлүнүп, эки кара аланын жанында далай күн, далай түн жашадым. Эми айылга, кул пенделердин арасына барайын,– деди илабин кыбыратып. Жүрөксүп калтаарыбай, кайрадан келме келтирип, салаңдаган кайышты бекем кармап, чокоюнун башы менен урчукту таканчыктап, акырындык менен абайлап, төмөн карай түшө баштады. Бир маалда буту тайып, упузун кайыш эки-үч мертебе буралып кетти. Төлөнмырза абада асылып калды. Алам заматта көзү бакырандап, ирени кубарып, жүрөгү оозуна тыгыла түштү. Бирок кыйкырып жибербеди. Упузун кайышты бекем, абдан бекем кармаганы жакшы болуптур. Эгерде антпегенде өлмөк тура. Дал ушул учурда үстү жагынан шуулдаган добуш чыкгы. Төлөнмырза алактап, алдастап калбай, бат эле өзүн башкарып, акыл токтотуп, кайраттанып, шуулдаган добуш чыккан жакты карады эле: Төө комдот мурдагыдай

эле текөөрү менен илип кеткени шукшурулуп келатканын [illegible]
Мындай болот деп, түк ойлогон эмес. Мындай болот деп [illegible]
күткөн эмес. Ойлобосо да, күтпөсө да, эне бүркүттүн [illegible]
сезгендей болуп, кадимкидей боор толгоп, кадимкидей [illegible]
шылык кылмакчы болуп, кайдандыр-жайдандыр [illegible]
дай дегиче, ачып көздү жумгуча жетип келгенин... [illegible]
мына ушуну туйса да, эмнегедир көзүн алаңдатып, [illegible]
этип, башын чайкап, аркайган аскаларды жаңырта [illegible]
рып жибере жаздады. Кайта бат эле көзүнүн алаңдаганы [illegible]
топ, бүткөн боюнун калч-калч эткени басылгандай болуп [illegible]
Кагылайын, кыраан Төө комдот! Айланайын, алгыр Төө [illegible]
дот! Курч текөөрүң менен мени илип кетпей эле койчу. [illegible]
үчүн суранам. Чын жүрөгүмдөн суранам. Ошентпечи, [illegible]
комдот, ошентпечи! – деп жалбарып жиберди.

Эне бүркүт анын заманасы куурула, чый-пыйы [illegible] түшкөнүн сезди окшойт, өтө чукул кирип келген [illegible] каарын сала текөөрүн каруусуна матырбай, алеки [illegible] манга атып чыкты, анткен менен ошо бойдон ылдый [illegible] каадасынча көздөн кайым болбой, «кияк-кияк...» [illegible] шыбай, калдайган кош канатын анда-санда жай гана [illegible] тээ бийиктен көз салып, аркайган аскалардын үстүнөн [illegible] нып учуп жүрдү.

– Өх! – деп Төлөнмырза үшкүрүндү. Эми өзүнө [illegible] болуп, өйдө жакты да, төмөн жакты да карабай, [illegible] кудайга жалбарып койду. Кайрадай асканын боорун [illegible] чыктап, кайрадан абайлап, акырын гана түшө баштады. [illegible] эне бүркүт дагы эле андан өткүр көзүн албай, дал үстүнөн [illegible] айланууда. Непада дагы буту тайып, коркунучтуу [illegible] турган болсо, кош канатын куушуруп, тик ылдый [illegible] келе, шап гана илип кетчүдөй... Төлөнмырза муну сезген [illegible] жанагыдай эле абайлап, жанагыдай эле такайчыктап, [illegible] улам ылдыйлай берип, кыйладан кийин гана кутман [illegible] түштү.

Төө комдот жаш мергенчинин эки буту жерге [illegible] көрдү да, дароо ылдыйлап, кайкып учуп, жүрөгү [illegible] бангандай, калдайган кош канатын күн нуруна [illegible]

..., тез кагылып, кайрадан айланды да, «кияк-кияк...» этип, ...ындай муңдуу, мурдагыдай армандуу эмес, абдан шаңшыдып жиберди. Кайта эле биртикеден кийин көколой ..., кайрадан кубанычын жашыра албагандай, эки бутун ..., кошо канатын куушурду...

...мырза: – Өх! – деп дагы үшкүрдү. Кутман жерге ...үнө эми чындап ишенгендей... Белине байлаган ка... чечти. Эстүүлүк кылып, эпчилдик кылып, кайышты ...ындай узун улаштырганы, абдан бекем байлаганы ... болуптур. Эгерде антпегенинде, биртике кыскараак кы... ...гонунда, буту жерге жетпей, зоокада салаңдап кал... ... Көзүү чекчейип, заманасы куурулуп, ою он талаа ..., абдан кыйналмак тура. Ошондой болбогонуна шүгүр, ... мертебе шүгүр! Үч-төрт кадам таштады да, мурдун шыр ..., чыйт түкүрбөй, көмкөрөсүнөн жата калып, касиеттүү ... кайра-кайра өптү. Бото көзүнөн жашын имерип алды. ... кубанычтын жашы эле. Биртикеден кийин оодарылып, ...сынан жатып алаканы менен көз жашын сүртүп, ... көккө карады да, ошо калыбында: – О, кудай! Куду...ден кагылайын! Мен сага ыраазымын! Муңканган му..., көкүрөк толгон кайгымды сезип, каргылданган үнүмдү ..., жалбарган тилегимди кабыл кылып, кудуреттүүлүгүңдү ..., кызырчын курагымды кыйбай, кутман жерге алты ... аман, дени-кардымды соо бойдон түшүрдүң,– деди ... жүрөгүнөн. – О, кудай! Улуулугуңдан айланайын, ыйык...ыңдан айланайын! Жан кылып жараткан жаш пендеңдин ... шум ажалдын кандуу чеңгээлине салып бербей, кай...луулугуңду көрсөттүң, ырайымдуулугуңду көрсөттүң. Улуу ..., ыйык экениңди билдирдиң. Башымды ийип, чын ...имден сыйынам. Мага экинчи мертебе өмүр бергендей ...

...тыгылып калышкан Кызыл текөөрлүү менен Муз мурут ... кетишпей, жерде кобурап жаткан анын жанына барыш... ..., ошо бойдон карыш жылбай, чаркылдашпай туруштү. ... бүркүт алардан өткүр көзүн албады, дале дал үстүнөн ... жүрдү.

– Арбагыңдан айланайын, Шыбакбай-арстан каган! – деди

Төлөнмырза чолпондой көзүн жоодуратып. – Арбагыңдан айланайын, Чур Тардуш Ынанчы каган! Арбагыңдан айланайын, Барс-бек каган! Арбагыңдан айланайын, Кутулуг Билге каган! Арбагыңдан айланайын, Эрен-Улуг! Арбагыңдан айланайын, Эзгене-ичерги! Арбагыңдан айланайын, Күлүчор! Арбагыңдан айланайын, Тексин-инал! Арбагыңдан кагылайын, Чомотой сайатчы! Арбагыңдан айланайын, Чоро мүнүшкөр! Силердин арбагыңар колдоп, өзүм жасаган кайыш арканым үзүлбөй, аркайган бийик аскадан аман түштүм. Кагылайын, эр кагандар! Кагылайын шер абалар! Жүрөгүмдү шердентип, касиеттүү жерге бутумду тийгиздиңер. Ыраазымын силерге! Арбагыңар ушинтип, мени дайыма колдоп жүрсө экен.

Эне бүркүт боз үйдөй таштын үстүнө конду да, дегеле кымпыйып, кубанычка бөлөнгөндөй куйругун тарап, көгөргөн мухиттей болгон көктү, чокуларына ак булуттар түнөгөн тоолорду карап койду. Эмнегедир текөөрүн жайып, калдайган кош канатын керип, кайрадан учууга камданбады. Эки кара ала бирде энесин, бирде аюудай апсайган Төлөнмырзаны карап коюшту. Ал эч камырабай, бир оокумда өйдө туруп, кайта эңкейип, эки кара аланын күн нуруна жылтылдаган канатынан сылап: – Менин опол тоодой бактым бар экен,– деди бартылдап. – Аскадан кулангдан соо түштүм. Силердин да опол тоодой бактыңар бар экен. Аскага урунбай, ташка тийбей, жерге аман кондуңар. Эми кыраан энеңерге баргыла. Далай жыл жүрөгү сыздаган энеңер кубанып, кайгы-муңдан арылсын, армандан арылсын. Силерди ойнотуп, машыктырып учсун. Ошентип силерге алгырдын алгыры болуунун сырын үйрөтсүн.

Эки кара ала учкан жок. Төө комдот кайрадан шаңкайган асманга атып чыкты да, калдайган кош канатын жай кагып, аркайган зооканын үстүнөн айланып учту. Бакытка балкыгандай. Анысы күн нурунан кубат алган канатын анда-санда какканынан байкалып турду. Кара аласы аман, өзү аман. Энеге мындан артык бакыт жок эмеспи. Кайдадыр сызып жөнөбөдү. Муз мурут менен Кызыл текөөрлүү дегеле Төлөнмырзаны ке-

тиргиси жоктой. Атурсун алгыр энесин карай учканды каалашпагандай. Төлөнмырзага ушундай туюлду. Тээ бийиктиктен Төө комдоттун «кияк-кияк...» этип шаңшыганы угулду. Төлөнмырза аңкастап кете бербей, дикилдеп жүгүрбөй тыңшап калды. Төө комдоттун бул шаңшуусу баштагыдай кайгылуу, армандуу, аянычтуу эмес, абдан уккулуктуу, абдан шаңдуу чыккандай... Ошондуктан кулагына ийги, абдан ийги угулуп, түрсүлдөп соккон жүрөгүнө кубаныч толтургандай болду. Кадимкидей канат, куйругун тарап олтурушкан балапан бүркүттөр да энесинин шаңдуу шаңшыганына кубанышкандай, жооп кылышкандай шаңк этип коюшту. А бирок, негедир дале камырашкан жок. Дегеле уча турган түрү жоктой. Төлөнмырза башын чайкап, ууртунан жылмайып койду, анткен менен үңкүрдө ой бешигин терметкенин, боор толгогонун бат эле унуткандай, көгөргөн көктөгү курдурети күчтүү кудайга сыйынганын, эр каган Шыбакбай-арстандын, Барс-бек кагандын арбагына, көйкашка шер кол башчылар Эрен-Улугдун, Эзгене-ичергинин, Тексин-иналдын, Күлүчордун арбагына жалбарганын, Кутулук Билге кагандын, Чур Тардуш Ынанчы кагандын арбагына жалбарганын, Чомотой сайатчынын, Чоро мүнүшкөрдүн арбагына жалбарганын бат эле эсинен чыгарып койгондой болуп, алам заматта пейили бузула түшкөндөй болду бейм: «Мен шаңшыган Төө комдоттун бул эки кара аласын бөпөлөп бактым эле. Экөө тең жанымда турат. Мындайга жеткен бар, жетпеген бар. Эми буларды учуруп жибербей эле, таякемдин үйүнө өзүм менен кошо ала кетсем окшойт. Ошол жакта колунан көөрү төгүлгөн устага арчанын бутагынан туур жасатып, томогону башына кийгизип, алтын боону бутуна байлап, буларды ошол туурга кондуруп койсом болот. Анан чокуп жеген жемден эч өксү кылбай, күнү-түнү бирдей карап, абдан бөпөлөп баксам, туурдан түшкүн деп түшүрүп, конгун деп кондуруп, жакшылап көндүрсөм бейм. Качан гана кош канатын күүлөп, куйрук улаш кеткен тоолор тарапты карап, дегдеп, утуру жүткүнүп калганда, мына эми табыңа келдиң окшойт деп, уз келиндердин бирине тиктирген мээлейди колума кийип, секин конду-

руп, төө өркөчтөнүп аккан Нарын дайрасынын жээгиндеги жылгындын, калың кырчындын, жийденин, долононун, карагандын арасынан эмес, шоокуму алда кайдан угулган Кара-Суунун баш жагындагы анчалык деле чоң болбогон көл тараптан аң уулоого аттанып чыксам болчудай. Көлдүн жээгинен кылактап качкан калтарды көрүп, томогону дароо алып, дароо коё берип, «айдайт эле, айдайт!» деп кыйкырып, аргымагымды чаап баратсам, кандай жыргалдын жыргалы! Чиркин ай, алгыр бүркүттү салсаң, алам заматта көңүлүң көлдөй чалкып, алам заматта жарпың жазылып, чериң тарайт го. Аң уулоонун кызыгына батып, үйгө кайтууну ойлоп койбойсуң. Кыраңдан кыраң кыдырып, жондон жон ашып, бирде тар капчыгайдан, бирде тайгак жолдон өтүп, туйлап аккан өзөндү бойлоп жүрсөң. Ачык асман алдында жатып, жымың-жымың эткен жылдыздарды карасаң. Бул өзүнчө эле керемет эмеспи. Эмнеси болсо да, бул кыраандар мага түгөнбөс мүлк, кемибес кенч болуп берчүдөй. Байлык деген, бакыт деген, дөөлөт деген ушул да. Бирок, мына ушуну кактабай этиңди жегенден, кайнатпай каныңды ичкенден кайра тартпаган обозгер билип калса, баары ойрон болду дей бер! Ач көз обозгер ары каардуу, ары зулум Жаныбек ханга айтпай койбойт. Жаныбек хан[1] каарына алгандай бууракандап, балбан билек, таш жүрөк нөкөрлөрүнүн бир тобун жиберип, мени жүндөй сабатып, сай-сөөгүмдү сыздатып, өкүмзордук менен кыраан бүркүттөрүмдү тартып алса, жүрөгүм канап калат да»,– деп ойлоп койду. Кайта чочугандай селт этип, дал төбөсүнөн учкан эне бүркүттү аягандай, чырмалган суук ойдон оолактагандай болду. Мурдунун учун кармалап, оор улутунуп койду. Башын жерге салып олтурду. Күнөөлүүдөй турбады, шондон улам батылдык

[1] Далай мертебе кордук көрсөткөн, далай мертебе азап тарттырган Жаныбек хан өз ажалынан эмес, киши колдуу болуп өлгөнү, болгондо да өзүнүн уулу Бердибектин муунтканынан аба жетишпей, өң-алеттен кетип, дымы чыкпай көз жумганы Ильяс Есенберлиндин «Алтын ордо» деген романында көрсөтүлгөн. Ошондой эле кылымдарды карыткан кыргыз калкынын Толубай сынчы, Асан кайгы, Жээренче чечен, Акыл Карачач жөнүндөгү аңыз кептеринде да айтылып калганы белгилүү.

кылалбай, кайрадан ой толгоду: «Эгерде мен Кызыл текөөрлүү менен Муз мурутту көтөрүп, айылды карай жөнөсөм, Төө комдоттун каары ичинде кайнасачы? Артымдан калбай учсачы? Анда канттим? А балким ал антпей эле, жебедей асманга атып чыксачы? Анан калдайган кош канатын кыса куушурулуп, тик сайылып, кайрадан мени илип кетсечи? Ой, анда эле шорум катты го! Төө комдот ачуусуна, ызаасына чыдабай, менин эки көзүмдү чокуп таштасачы? Бийиктиктен жерге таштап жиберсечи? Ой, анда эле талпагым ташка жайылып, сөөгүм сөпот болду го! Кудурети күчтүү кудай андайдын бетин ары кыла көргүн!».

Кызыл текөөрлүү менен Муз мурут дале дүйнөкапар. Төлөнмырзанын дүргөйү уйгу-туйгу болгонун туйушпагандай. Шондон улам кайрадан «гү-ү-үк... гү-ү-үк...» этип үн салып коюшту. Көгөргөн көктү карашкан да, канаттарын күүлөшүп, алгыр энесин карай учууга талпынышкан да жок. Төлөнмырза жаалы шакардай кайнагандай болуп, көзүнөн чаарын чыгарып, өзүн өзү жемелеп, өзүн өзү тилдеп алды. Ушинткени ырас болуптур. Кадимкидей жеңилдене, сары чырмооктой оролгон ойдон арыла түшкөнсүдү. Олтурган жеринен чапчаң турду. Тигилер кыраандыгы ченде жок энесин тартышып, куйруктары узун, канаттары жайык, жогдору тайкы, көздөрү оттой жанып, куу арчанан чогундай кыпкызыл, балтырлары жоон, ууруттары саландап, жүнү түрлөнүп, моюндары койкойгон. Ошондой болсо да, мунусунун кызыл текөөрү, тигинисинин көнөөнүн үстүндөгү камандын азуусундай кайчылашып турган муруту суктандыргандай. Камырап коюшпайт.

– Бу силердин учпаганыңар мага эле эмес, энеңерге да жакпайт,– деди Төлөнмырза күлүмсүрөп. – Ошондуктан мени карап турбагыла. – Акырын эңкейип, алардын башынан сылады, мүрүүсүнөн, далысынан сылады, жогдорунан сылады, канатынан сылады, куйругунан сылады. – Тезинен учкула, көкөлөп учкула! Бил силер чабыттап учуу үчүн, алгыр энеңердин жашоосун улап кетүү үчүн жаралгансыңар. Мени жолдон калтырбагыла. Таякемдин айылы ыраакта. Күүгүм киреликте жетип алайын.

Эки кара ала өткүр көздөрүн жалжылдатышып, башын көтөрүшүп, кадимкидей эркелешкендей, кетиргиси келишпегендей карашты. Кайрадан үн салышып, темирдей катуу тумшугун буттун ортосуна жанып-жанып коюшту да, биртикеден кийин канаттарын күүлөшүп, алгыр энесин карай учууга талпынышты. Төлөнмырзанын жүрөгү туйлап кубангандай болду. Эки кара ала кайрадан калдактап учушту. Төө комдот аларды уядан кулап кетүүдөн, аркайган асканын түбүндөгү ташка урунуп өлүүдөн сактап калган, ишенимин актаган, өчөрүнө аз калгандай болгон отун тутандырган Төлөнмырзага чын жүрөгүнөн ыраазычылыгын билдиргендей үнүн баспай шаңшып, кайрадан пастап, кайрадан көкөлөп, энелик мээримин төгүп, кубанычы көөдөнүнө батпай чыкканын жашыра албай, асман мелжиген чокуларына ак булут түнөгөн, миң чиркелген Улуу Тоонун арасына жар салгандай болду. Кызыл текөөрлүү менен Муз мурут мына ушуну туюшпагандай, олуядай болгон Асан кайгынын ары жылдыздуу, ары кайраттуу, ары акылдуу уулун кайрадан кетиргиси келишпегендей, кайрадан жерге конушту. Эне бүркүт алардын үстүнөн чарк айланып, эт жүрөгү элжиреп, жапыз учуп жүрдү. Төлөнмырза эне бүркүттүн жетине албай кубанганын сезип, дагы кудуң-кудуң эте сүйүнүп, эки кара аланын жанына барып, алардын канатынан дагы сылады. Бул эң акыркы мертебе сылоосу эле, бул алар менен коштоосу эле. Кызыл текөөрлүү менен Муз мурут дагы эле ушуну туюшпагандай. Ошондой болсо да, эмнегедир былк этип коюшпады. Төлөнмырза бапырактап сүйлөп, карс-карс күлүп, кайрадан карап койду да, андан соң айылды карай кадам таштады. Адегенде жай ташталган кадамы акырындык менен бара-бара арымдуу боло баштагандай... Жанагыдай эле шаңдуу шаңшыган Төө комдот эми эки кара аласын ээрчитип, таякесинин айылына кетип бараткан анын артынан калбай учту. Бул алардын узатышканы эле, бул алардын коштошуп жатышканы эле. Төлөнмырза куду ушуну сезип, кырңга чыгып токтоду да, эне бүркүт менен эки кара аланы карап, кайрадан бапырактап сүйлөп, кол булгалап койду. Анан коктуга түштү. Ит жойлобос жол менен

басып, улар учкан, кайберен оттогон, жез тумшук туш тарапты караган, киши кийик жүргөн кыр менен аңкастады. Төө комдоттун жанындагы Кызыл текөөрлүү, Муз мурут кала беришпей, кайрадан ээрчишип, калдайган канаттарын анда-санда жай кагып учушту. Төлөнмырза жылгага жетип, ботонун көзүндөй жайнаган булактан адегенде колун жууп, ак жүзүн жууп, кочуштап суу ичип, кайрадан көңүлү курсант болуп, эки кара ала менен эне бүркүттү дагы карады да, кайрадан аңкастап жөнөдү. Алар кала беришти.

* * *

Капчыгай тараптан муздак жел согуп, мөңгү жактан карышкырдын улуганы угулду. Төлөнмырзанын жүрөгү шуу этти. Чокоюнун кончуна колун тийгизди, анткен менен шамшарын алган жок. Биртикеден кийин карышкырдын улуганы угулбай калды. Муздак жел басаңдабай, катуулай баштады. Төлөнмырза чыйрыкты. Ирени түктөйүп, жүрөгү ачышты негедир. Алды жакта бир таман жол, ийри-буйру жол. Ошол бир таман, ийри-буйру жолго түшүп, ак көрпө жайыл тааженеси менен кең пейил таякесинин үйүн карай басты эле, кайрадан карышкырдын улуганы угулду. Туш-туштан улар учту, туш-туштан парандалар учту. Андан соң бут алдыдан жер тереңинен силкинип, арсак-терсек аскалар солк эте түштү. Ирени кубарды. Ошондон улам токтой калып, эки жакты эленделеп карады да, ичинен келме келтирип жиберди. Бирок баскан жок. «О, кудай! Эми кайрадан жер силкинбесе экен»,— деди ичинен. Элеңдей караганын токтотуп, секин жыла бермекчи болду эле, кайрадан жер терендеен силкинип, кайрадан арсак-терсек аскалар солк этти. Тоолор онтоду. Ушунда гана Төлөнмырза жер титиреп жатканын сезип, жыгылып кетпейин деген кыязда дароо олтура калды. Коркконунан ирени ого бетер кубарып, киртейген көзү ого бетер алаңдап, бүткөн боюн майда калтырак каптай берди. Бул кырсык да. Ошондуктан бир таман жолдо олтура берүүгө, капчыгайда шаркырап аккан сууну бойлоп кетүүгө болбойт. Кокустан жогор жактан таш кулап түшсө, шагыл шыгырап куюлса, өлдүң дей бер!

Бир паста таш былчыйтып салчудай, бир паста шагыл басып калчудай... Кудай андайдын бетин ары кылгысы бардыр. Шилекейин жутуп, бул жерден тезинен бозуп кетүүнү ойлоп турду да, дароо бурулду эле, көрүнгөн тумшуктун алды жагында тектир бар экен. Дароо ошол тектирди кайрай жүгүрдү. Качан гана тектирге жетип, күшүлдөп-бышылдап токтогондо, кайрадан тоо онтоп, кайрадан жер тереңинен силкинди. Бу сапар баштагыдай эмес, а андан эки-үч эсе катуураак титиреди. Төлөнмырза дагы келме келтирип, дагы олтура калды. Ошол учурда кыраңдын ары жагындагы анчалык бийик эмес аска, анын маңдайындагы Төө комдоттун уясы бар жалама зоока урап, мөңгү жарылып, саал жантайма төштүн бир капталы жылып түшүп, кыр тараптан таш кулап, тирелише асман мелжиген зоокалуу тоолордун арасындагы күрү-күү кулакты тундуруп, жүрөктү түшүрүп, капчыгай жактан шагылдуу дөбө көчүп, калдыр-күлдүр күчөп, уюлгуган боз чаң көтөрүлдү... Кудай бетин салбасын, куйрук улаш кеткен тоолордун онтогону күч алды. Төлөнмырза өң-алеттен кетип, калч-калч этип, кудайга жалбарып, ордунан турган жок. Далай жаныбарды көчкөн шагыл басып калды окшойт. Төлөнмырзанын ажалы жок экен. Дагы бир мертебе өлүмдөн калды. Көрөр күнү, ичер суусу бар тура. Кудай жалгап, кайрадан жер титиребеди. Катуулаган муздак жел да токтоп калгандай. А жылга жактан Төө комдот калдайган кош канатын тез-тез кагып, шуулдаган добуш чыгарып, зыпылдай учуп келатты. Кызыл текөөрлүү менен Муз мурут эне бүркүттүн артында. Кыраандар ай!

## V

Абышка мал базардан жалгыз келатып, көңүлү уйгу-туйгу болуп, тизгинди тартып, заматта аттан түшүп, жол азабын, көр азабын тарткан жолоочудай олтурганда, акырын сакалын сылап, терең күрсүнүп койгондо, эки жакты карабай, өзүнчө кобурабай, ордунан турбай, бир оокумда мына ушул сан жылдардын арасында, сур замандардын закымында, кылымдардын кыйырында катылып калган, унутулуп

калган аңыз кепти эстегенин... Муну башта эмес, эми эл жок жерде, соксоюп жалгыз олтурганда эсине түшүргөнүн... Бул тымсалды мал киндиктүү Кетмен-Төбө өрөөнүндөгү сандыргалуу аксакалдар, уюткулуу байлар, даңкы дабан ашкан мырзалар, инабаттуу жакшылар менен ысык ымалада болгон, теректей шаңкыйган, кыраан куштай кымпыйган, зымпыйып жүргөн, өнөрү барларды урмат кыла сыйлап турган, сараң байлар менен ичинде кара кылы айланбагандарга жакын жолобогон, эби менен иш бүтүргөн, кеби менен сөз бүтүргөн, казан-аштуу, кадыр-барктуу, кызыл жүздүү Ажыбек мырзадан бала кезинде, Кош-Тектирде кызыл-тазыл гүлдөр жайнап, көпөлөктөр гүлдөн гүл тандай учуп-конуп жүргөн, торгойлор таңшып, бөдөнөлөр сайрап, каркыра-турналар үн салып, талдардын бутактарында боз чымчыктар сымаптай мүлтүлдөп ойноп жатышкан маалда, сал-сал туз жүктөлгөн өгүздөрдү Муз-Төр жайлоосун карай айдаган боз уландарга, өспүрүмдөргө кошулуп баратканда уккан. Андан соң куйрук улаш кеткен тоолор эле эмес, боз адырлар менен жайдакталган талаалар да ак тон жамынып, шоодойгон тал-теректер бубактан көйнөк кийип, таш үстүнөн ала салып, байыртан берки авазын кайталай аккан өзөндөр тоңуп, шоокуму угулбай калган, жепирейген кара тамдардын морунан түтүн булап, абышка-кемпирлер үйдөн чыкпай, жаздын келишин күтүп жатышкан, очокто көң күйүп, сыртта кар лапылдай жаап жаткан маалда, оор басырыктуу, салабаттуу Кулманбеттин күндөй нурдуу, сарамжалдуу, торгой үндүү, бал тилдүү зайыбы Канышайдын үйүндө таруу көжө, куурма чай ичип олтурушкан байбичелердин, балалуу аялдардын жанында көчүк басып, даамдуу даам сызган кезде, ары санжыргалуу, ары күйүмдүү, ары саяпкер, ары сынчы Сатылган ажыдан эшиткен. Ушу тапта Ажыбек мырза да, Сатылган ажы да жок. Экөөнүн тең көзү өткөнүнө көп жыл болуп калды. А бирок жаны жаннатта болгур, Ажыбек мырза менен Сатылган ажыдан уккан керемет тымсал жадында сакталып калды. Мына ошол бейиши болгурлар куду ушул унутулган аңыз кепти үчтеректик ары комузчу, ары жамакчы абышка менен кишен-

дик көптү билген, көптү көргөн кары молдодон жана кара күнгөйлүк кары жайчыдан балтыр эти толо элек, кабырга сөөгү ката элек, каруусу күчкө толо элек чагында угушкан экен. Абышка оор улутунуп, кайрадан сакалын сылап койду. «Жакшылардын өздөрү өлсө да, алардын ийги сөздөрү өлбөйт тура»,– деди ичинен. Анан алардын арбагына багыштап куран окуду, анткен менен турбады негедир. Жер кыдырган, эл аралаган, өзүнчө боор толгоп, кул пендеге да, канаттуууга да, жаныбарга да жамандык каалабаган, баарын зынарлаган Асан кайгынын уулу жөнүндөгү ушул аңыз кепти эми өлгөндөн калган жалгыз туякка айтып берет. Бешиктен бели чыга элек ал дегеле кепке үйүр. Көрөңгөлүү кепти берилип угат. Бирок азыр жанында эмес да. Кара мүртөз тайкесинин жанында калган. Күлүмсүрөп күндөрдүн биринде ата-конушуна кайтып келер... Ушундай ойго чырмалган абышка кыйладан кийин акырын туруп, кайрадан атын минип, кайрадан «Чү, жаныбарым чү!» – деп теминип койду. Ат ооздугун кемирип, суулугун шалдырата алчаңдап жөнөдү. Кыргоолдор кайрадан башы шуудур-шуудур этип, акырын гана ыргалган балгындуу камышка кирип кетишти.

## VI

Чийлүү талаанын ары, ары жагындагы миң чиркелген тоолордун асман мелжиген чокуларынан итапкан көтөрүлүп калган күндүн нуру абышканын жүзүнө тийди. Жылуу нур, керемет нур! «Бар бол кутман күн!» – деди чын ыкласы менен. Бирок, эмнегедир балгындуу камышты кайрадан карап койбоду. Ашбышымдан кийин Ак-Чийге жетип, аттан түшпөй эле:

– Йа, Турганбү! – деп кыйкырды.

Үйдөн кемпири чыккан жок. Ал кыздарын талаага ээрчитип кеткен. Абышка ушуну билбей эле, жини келгендей болуп, кайрадан кыйкырды:

– Йа, Турганбү! Деги сен барсыңбы? Кулагыңа кум куйуп алгансып, бу сен неге үйдөн чыкпай калгансың?

Бул мертебе да жооп болбоду. Абышканын ого бетер ачуу-

су келип, жерге кабагын бүркөп түштү да, атты там аркасындагы мамыга байлап койду. Жаай турган күндөй кабарчыктап басты. Эшик бек экен. Үйгө кирген жок, өзүнчө кейип-кепчип, өрүкзардын арасында олтурду. Эки жакты карабады. Ачуусу абдан келгенде мына ушинтип түнөрүп калат. А күндүн кызгылтым нуру жалбырактардын арасын араң көзөп өткөндөй. Булбул сайрап, кара шакылдак ышкырат. Таранчылар чырк-чырк этишет. Абышка мурдун шыр тартып, кайрадан сакалын сылап, ордунан турган жок, анткен менен биртике тыңшап, бу оомалуу-төкмөлүү дүйнөдө жашап келатканына, кырсыктан тышкары болгонуна, ак-чийлик кутман карылардын арасында жүргөнүнө шүгүр кылат. Булбулдун мукам үнү, кара шакылдактын ышкырганы, таранчылардын чырк-чырк этишкени чийлүү талаага, шаркырап аккан Нарын дайрасына жымжырттык аркылуу жетип, ары жактагы бадал арасындагы кептерлердин зикирине, сагызгандардын шакылыктаганына кошулгандай... Күндө арыктын боюндагы шаатыттын саябанында бирде Улуу создөн, бирде санжырадан, бирде жогор жактан берилген буйрукту аткарууга башоту менен киришкен аткаминерлердин кыстоосунан улам Кош-Тектирдеги ата конуштарынан Ак-Чийге көчүп келише отурукташып калгандарынан, бирде улакчы, ордочу, тогуз коргоолчу жигиттердин эрдиктеринен, бирде Көк-Белди ашып келишкен корбашылардын курал-жаракчан жөкөрлөрү менен кызылдардын кармаштарынан, бирде өрөөндөгү болуштардын, мырзалардын, бийлердин, бектердин даңазалуу күлүктөрүн, жорголорун таптаган саяпкерлердин ибаратынан, бирде арык казганда, кырманда, чөп чабыкта, куутта, кыркында иштегендердин жоруктарынан, бирде көртурмуштун көйгөйүнөн кеп салышып, бирде өздөрүнүн жалындуу жаштык кездеринен айтышып олтурчу аксакалдар бүгүн көрүнбөйт. Айылдын куту болгон буларга эмне болгон? Алмазарга кетишкенби? А балким антишпей эле, эки топко бөлүнүшүп, ары казан-аштуу, ары келим-кетимге бай Төрөкан аксакал менен Табылды аксакалдын тамында курма чай ичишип, үндүктүн бышкан этин жешип, өткөн-кеткенден кеп салышып атышты

бекен? Же айылдын баш жагындагы устанын атасы ооруп жаткан эле, ошону көрүшкөндү кетишкенби? Күндө бастырмада ийик ийрип, шырдак шырып олтурчу байбичелер да көрүнбөйт. Жүн тыткан, жүн сабаган, кылдан чылбыр эшкен, өрмөк соккон, чий чырмаган кемпирлер да көрүнбөйт. Кийиз баскан, курак кураган, ашатылуу терилердин ашаттысын арылтып, таргы менен таарый баштаган, тон бычкан, тебетей, малакай тиккен агачалар[1] да көрүнбөйт. Буларга бүгүн эмне болгон? Бүт баарын жыйыштырып коюшуп, нускалуу Канышай байбиченин тамына барышып, анын кулактын курчун кандырган кептерин угуп олтурушабы? А балким антишпей эле айылчылап жүрүшөбү? Же ымыркай көргөнү, келин көргөнү кетишкенби? Муну абышка биле албады. Мындан эки-үч күн мурда эле шагы ийилип, мөмөсүн көтөрө албай турган ак өрүк да, шаар өрүк да түгөнүп калыптыр. Ары тентек, ары шок балдардын колунан келген бейм. Эгерде алар уурдашып, биротоло ада кылышпаса, эмдигиче ак өрүк, шаар өрүк шактарда турмак. Ошондой болбогонуна абышканын жини келбеди. Айтор, ошондонбу, наалыган да, уурулук кылышкан балдарды каргаган да жок. Тек гана: «Ай, тентектер ай! Ай, шок балдар ай!» – деп койду ниетинде. Андан соң чыйт түкүрүп, сакалын сылап койду. Кебездей чубалган булут эми эле үзүлүп түшчүдөй Көк-Белдин үстүндө самсаалап турат. Абышка ак булутту карап койду да, баланын: «Чоң ата. Таякем эки жакты карап жатат. Мен эми барайын... Төрт күндөн кийин мени токойдон күтүп алыңыз. Сөзсүз келем. Дайрадан өтүп келем, чоң ата!» – деп айтканын эсине түшүрүп, шуу үшкүрүп жиберди. Бушайман болуп, кежигесин кашылады, анткен менен кейип-кепчиген жок. Ордунан туруп, эки жакты карап койбоду. А булбул дале сайрап жатты...

«Менин иттигимди кара... Айланайын, балам ай! Бу сен дайрадан кантип өтөт элең? Бешиктен белиң чыга элек бала болсоң... Менин сөзүмдү жакшылап ук да, тилимди алгын. Телибай тентектердин тилине кирбе. Шоктугу башынан аш-

---

[1] Агачалар – улгайган зайыптар.

кандардын кебин укпа. Кагылайын, моюн толгобо. Тобокелге салууга болбойт. Эрдемсингенди да таштоо керек, балам! Карынын кебин капка салган пайдалуу. Ошондуктан мени жаман көрбө, кагылайын! Жалооруп караба, айланайын! Кара мүртөз тайкеңдин эле үйүндө бол. Досторуңа кошулуп, дагы балык уулап кете көрбө. Тайкең издеп калбасын. Таякеңдин шайтаны кармап калбасын. Эшиктин алдында эле ойногун, бирок абайлагын. Жыгылып, бутуңду сындырып алба, айланайын! Таякеңдин үйүнөн качып чыгууга аракет кылба, кагылайын! Дайрадан жалгыз өтүүнү ойлобой эле кой. Жакында өзүм барам. Ошондо дагы сүйлөшөбүз. Мына ошого чейин сабырдуулук кылып, кадимкидей чыдай тур, айланайын! Сабырдын түбү сары алтын болот. Бал тилге салып көрөмүн. Балким тайкең жибип кетип, эпке келер... Эгерде эпке келбей, мага корсулдай турган болсо, мен сага көзүмдү ымдап коёмун. Сен буга түшүнөсүң. Бирок түк сыр алдырбайсың. Мен дайранын жээгине барып, жылгын арасында сени күтүп турам. Сен кара мүртөз тайкеңди жазгырып, куду ошерге жалгыз келгин. Жылгын арасында экөөбүздү эч ким көрбөйт. Дароо мага учкашасың. Анан экөөбүз дайранын жайык жеринен эмес, а кечмеликтен өтүп, артыбызды кылчайып карабай, шыр эле Ак-Чийге баса беребиз дегенге да жарабаптырмын. Ай, кеңкелес жаным ай! Карбаластап калган окшойм да. Бул ойдун ошондо башыма келбегенин... Эми жаман сарым ыйласачы? Анан тозоку тайкесинин тамынан качып чыгып, чоң атамдын үйүнө барамын деп, агыны катуу дайрага агып кетсечи? О, кудай! Анда эмне болот? Ошону менен, өлгөндөн калган туягым жок болобу? Суу деген тилсиз жоо да. Ушуну билбегенсип, менин жаман сарыма эскертпей калганымды... Кудай жамандыктын бетин ары кылса экен. Кулагым суук кабарды укпасын! Көзүм жамандыкты көрбөсүн! Кагылайын, кудай! Айланайын, кудай! Өзүң жар болуп, жаман сарымды бөөдө кырсыктан сактап кала көр! Мен жетпегенге жаман сарым жетсе экен. Мен көрбөгөндү жаман сарым көрсө экен. Мен билбегенди жаман сарым билсе экен. Кемпирим экөөбүз жашаарыбызды жашадык, ичерибизди ичтик,

жечүбүздү жедик. Жаман сарым бактылуу болуп, узак жашасын. Жаман сарым өмүр көчүн уласын. Жаман сарым жакшылыкка жакын болсун. Капкайдагыны ойлобоюнчу... Суук ойдон оолак болоюнчу... Макоодой дөөрүбөйүнчү... Ак-чийлик балдардын, ничкелик балдардын, көөдүлдүк балдардын, кара-суулук балдардын, ала-жийделик балдардын, алтынчылык балдардын дээрлик көбү эле сууда сүзгөндү билишет эмеспи. Булардын апалары, аталары бар да. А жаман сарымдын атасы да, апасы да жок эмеспи. Жетим жалтак, тартынчаак болот. Жаман сарым кулач урганды билбейттир. Ошондон улам ойлоноор... Ага да жан керек. Балким, ойлонбостур... Эмнеси болсо да, жамандыктан алыс эле болсо экен. Балким, Сатартайым күмүш канат балыктай дайрада сүзө алаттыр... Балким, Сатартайым суучулдай дайрада чабак ура алаттыр... Идиректүү балдардан, зирек боз уландардан дайрадан кантип өткөндү үйрөнүп алгандыр... Ылайым эле ошондой болсо гана...» Ушинтип ойлоду абышка.

А кара шакылдактар дале ышкырып, таранчылар дале чырк-чырк этишип, өрүкзардан учуп кетишкен жок. Абышка эмнегедир эми тыңшабады. Дале ичи тызылдап, көңүлү уйгу-туйгу боло берди. Ушу кезге чейин куду ушундай кабатыр болгон эмес. Көңүлү курсант болуп, колу биртике бошой калса эле алмазарды, пахтазарды карай жөнөп кала турган. Бирде багбанчыларга, бирде пахтакерлерге, бирде коончуларга, бирде сугатчыларга, бирде кырмандагыларга, бирде чалгычыларга жардам берчү. Азыр анткен жок. Непада мал базардан бейиши болгур, Ысмайылдын баласына жолугуп калбаганда, минтип ойго чөмүлбөйт болчу, минтип кыжалат болбойт эле. Бекер олтурганды каалабайт. Кыбырап иштеп жүргөндү жактырат. Иштегенде жумуштун майын чыгарат. Колу да сулдуу. Камчы өрөт. Ээр чабат. Мергендик да жайы бар. Кээде таптаган тайганын ээрчитип ууга чыгат. Биререде тайганына элик, биререде түлкү тиштетип келет. Кээде тузак салып, кыргоол менен кекилик алат. Кээ бирөө «соога, аксакал, соога!» деп анын алдынан утурлап чыгат. Абышка кең пейил, жоомарт. Шыралга берет. Кабагым-кашым дебейт.

«Шыралга берүү – бул мергендин ыйык парзы» дейт. Балким чынында деле ушундайдыр. Эгерде мындай болбосо, абышка минтпейт эле да. Айыл эли да аны ызаттайт. Абышка ушуга ыраазы. Үч кызы, бир уулу бар. Тун кызы торкендик жигитке тийип, балалуу болуп калган. Андан кийинки кыздары бойго жетип калган ушу тапта. Уулу али жаш. Кыздары: «Ата, биз Сатарды сагындык. Ал да бизди сагынып калгандыр... Ата, Сатар азыр үйгө келип калса... Кандай сонун болоор эле, ээ ата!» – дешип калышат кээде. Кемпири экөө «ошентсе гана» деп эриндерин кыбыратышат. Ошенткен кыздары азыр үйдө жок. Сатар аларды жакшы көрчү эле. Балдар менен урушчу эмес. Айтканды кың дебей аткарчу. Жумшай турган болсоң, эч кыйыктанбай, эч моюн толгобой, коңшу-колоңдордукуна барып келчү. Кепке үйүр болчу. Чоң ата, чоң эне деп имерилчү. Божурап, кужурап, ар нерсени сурай бере турган. Кантсе да оз эмеспи. «Мейманбек, мобуреги жаман сарынын алты саны аман, дени-карды соо, өмүрү узун болсо экен. Мындан бирдеме чыгат. Көрөсүң го, бу чоңойгондо чыныгы азамат болот!» – деп калчу кемпири. Ошенткен кемпири азыр кайда? Үйдөн жылан чыккансып, неге олтурбай калган? Абышка каардана кабагын түксүйтүп, ордунан эми турду. Ушу тапта кемпири арыта келаткан. Жалгыз эле. Абышка кемпирин көрбөдү. Эгерде көрсө, корсулдайт болчу.

– Апей, катыгүн! Не болгон сага? Дулдуюп үн катпайсың? Ботом эмне болду? Деги тынччылык элеби? – деди кемпири жаагын жанып.

– Тынччылык эле. Өзүң кайда тентип жүрөсүң? – деп абышка корс этти.

– Тентиген деле жокмун,– деди кемпир абышкасынын ачуусу келгенин сезип. – Жүгөрүнү сугарганы, чөп оргону талаага барып...

– Кыздарың да ошояктабы?

– Алар жүгөрүнүн четинен чөп оруп жатышат.

– Кыздарыңа чөп ордурбай эле койсоң болмок экен.

– Неге?

– Чөптү өзүм эле орот элем да. Уулуң кайда?

– Уулум алмазардын арасында балдар менен ойноп жүрөт, деди кемпир сабыры суз абышканы тике карап. – Уйду саттыңбы?

– Саттым,– деп абышка карабады.

– Сатсаң жакшы болуптур. – Кемпир кайрадан карады. Кымбаткабы?

– Ай, кемпир ай! – деди абышка сабыры суз. – Анын эмнесин сурайсың? Андан көрө мал базардан кимге жолуктуң, кимди көрдүң, ким менен сүйлөштүң дебейсиңби?

– Кимдерге жолукканыңды, кимдерди көргөнүңдү, кимдер менен баарлашканыңды мен кайдан билдим? Билбегенден кийин сураштын кажети не? – Кемпир чыртылдады.

– Дегеле себирейсиң да...

– Ботом, бу сен соосуңбу? Ай ушу сен кычкылды жакшы көргөн базарчы чалга кошулуп, «өлбөгөн жанга бир мертебе жыргап алайын» деп, көктүн кыйгыл суусуна сеп эттирип алган окшойсуң.

– Кемпир, ушу сенин оюң эле жаман. Мен аракты да, шарапты да оозума албаганыма кыйла жыл болуп калды го. Ушуну билбөөчү баштанып...

– Кээде эле булуттуу күндөй сурданып, сөз көтөрө албай каласың,– деди кемпир таарынгандай.

– Кыжырды келтирсең ушинтем да,– деп абышка дагы корсулдады.

– Эмне, мени урасыңбы?

– Мен сени урбай калайын.

– Анда неге корсулдайсың? Мен сага жаман айткан жокмун го.

– Ай, кемпир ай!

– Наалыбай эле кой. Ушу сен мал базардан жаш кездеги көңүлдошүңө жолуккан окшойсуң. Мына ошол мастандай болгон көңүлдөшүң сени мага кайрап жиберген го.

Абышка карс-карс күлдү да, анан: – Карып калсаң деле, ар этип беттен алганыңды, шек санаганыңды таштабас болдуң го.

– Дегеле мунун түлкүдөй ойт бере кууланганын. – Кемпир атайлап эле кантээр экен дегендей ушинтти.

– Кемпир мен кууланган деле жокмун.

– Мен сенин кандай экениңди билем го. Он чакты көйнөктү менден кийин жырткан ошол оңбогур көңүлдөшүңдү алганы калдыңбы?

– Карыган чагымда, мага сенин үстүңө токол алганды ким коюптур.

Кемпир кытмыр жылмайып, кайрадан анын кычыгына тийгендей кычык сүйлөп, ары басып кеткен жок.

– Ай, кемпир ай! Курттай жегениңди токтотсоңчу.

– Токтотпосом эмне кыласың?

– Эчтеме деле кылбайм. Токол алып, анын жаман кебин укпай эле, сенин алдыңда кетейин.

Абышканын ушинтип айтканы кемпирге жагып калды бейм, эми кычык сүйлөгөн да, кычыгына тийген да жок.

– Кемпир эгерде ишенсең, кийинки кезде менин тилегеним эле ушул болуп калды,– деп абышка сакалын сылап койду.

Кемпир улутунуп, маанайы пас олтурду, бирок абышкасына сөз кайрыган жок.

– Мен мал базардан жаман сарыма жолуктум,– деди абышка ойлуу.

– Сатартайымабы? – деп кемпир абышканы жалт карады.

– Ие, Сатартайыңа! – деди абышка. – Жаман сарынын бою биртике өсүп калыптыр. Баштагыга караганда, кыйла эле эсине кирип калыптыр. Кара мүртөз таякесинин какыс-кукус кылганына чыдап, жемесин угуп, биртике кагылып, бышыгып калыптыр. Бирок абдан арык. Ырбыйып, алайган көздөрү эле калыптыр. Жүдөө... Шайдоот болсо да, садага болоюнум эжелерин, акелерин, абаларын, энелерин сурайт. Мен ага бүт баарынын аман-эсен жатканын айтып бердим. И баса, майданга кеткен бойдон дайынсыз болуп калган Алымды сурайт. Мен Алымдын эмдигиче келелектигин, ата-энеси – Төрөкан менен Зейненин дагы эле үмүтүн үзүшпөй, аны күтүп жү-

рүшкөнүн айтып, көңүлүн жубатымыш болдум. А бирок ичимдин тызылдаганы, жүрөгүмдүн сыздаганы ай!

Кемпир эмшеңдеп бышактады: – Шору кургурум, тайкесинин үйүндө азап тартып жүргөн го. Бизди сагынып, убайым жеп жүргөн го. Алды-артын карабаган тайкеси эле кылды. Эгерде ал текеберчилик кылбаса, алып кетпесе, Сатартайым биерде эле жүрө берет болчу. Кусадар болбойт эле. Жемеукпайт эле. Токмок жебейт эле. Өңүнөн азбайт эле. Жүдөбөйт эле. Өлөрүңдүн күнүн самап, бу сен да барбай койдуң. Барсаң, балким Сатартайым сага кошулуп келет беле?!

– Болду эми... Көп эле долуланба! Сен күнөөнү мага коё бербе! Менин да сай-сөөгүм сыздап, оюм он талаа болуп, санаам санга бөлүндү. Ошону туйбай эле, сен бышаң-бышаң этип бышаңдайсың. Антпей кудайдан жакшылыкты тилесең. Төрт күндөн кийин жаман сарыны мен кайрадан көрөм.

– Каерден?

– Токойдон...

– Эмне, экөөңөр төрт күндөн кийин токойдон жолугуша турган болдуңарбы?

Абышка башын ийкеп койду да, андан соң: – Токойдон жолугушкандан кийин, мен ага Асан кайгынын уулу жөнүндөгү аңыз кепти айтып бере турган болдум,– деди бажыраңдап.

– Эмне, жаман сарым чын эле кайтып келе турган болдубу?

– Ооба, кемпир! Бизге кудай берди!

– Оозуңа май абышка! Сатартайым өз уулумдай болуп калды эле. – Кемпирдин үнү бай теректин баригиндей дирилдеп чыкты. Көздөрү да жашылдана түштү. Абышка анын жүрөгү элжиреп, муундары бошой түшкөнүн сезди. Сезгени менен унчукпады негедир.

– Абышка,– деди кемпир акырын,– бу сен Сатартайыма Асан кайгынын уулу тууралуу алмазардын арасында эле эмес, кыштын узун түнүндө далай жолу айтып бердиң эле го.

– Кемпир, ушу сен кызык элесиң. Мурда айтып берсем, эмне экен? Эми деле айтып беремин. Бейиши болгур, Ысма-

йылдын уулу өзү өтүндү. Жаман сарымдын өтүнүчүн орундатпасам болбойт.

– А дегенде Сатартайым келсинчи...

– Жаман сарым келет, сөзсүз келет. Андан көрө камына бер.

– Эмитен элеби?

– Албетте!

– Алдыда дагы төрт күн бар го. Мени шаштырба, абышка. Баарына үлгүрөм. Андан көрө айтчы, бу сен неге унутулган аңыз кепти Агадилге, Абалканга, Мырзабеке, Эсенбеке, Жумагулга, Төкүгө, Абдыбайга саймедиреп бербейсиң?

– Ой, алардын аталары, апалары бар да. А жаман сарымдын атасы да, апасы да жок.

Кемпир анын айтканын эп көргөндөй унчукпай калды.

– Мынакей күрөң уйдун пулу,– деп абышка акчаны чөнтөгүнөн алып сунду. Кемпир акчаны алып санады да, бир пастан кийин: – Бу сен музоолуу уйду арзан эле сатып жибергенсиң го. Кудайдан коркуп, пендеден уялсаң боло. Бирөөнүн малы эмес, а өзүбүздүн ак малыбыз эле го. Тиги куйту чалдай болбодуң. Ал өткөн базарда кунажынын кымбатка саткан. А сен...

Абышка айыптуудай башын жерге салып унчукпады. Кемпир жебиреп сүйлөй берди. Абышка анын сөзүн анчалык деле таназар албады, кайрадан шуу үшкүрүп, сакалын сылап койду да, там аркасын карай илкип басты. Кемпир наалыган бойдон кала берди. Абышка: «Ай, кемпир ай!» – дегендей болду ичинен, анткен менен кылчайып караган жок, атты отко койду.

## VII

Чак түштө өткүн төгүп өттү. Аба тазарып, талаа кулпунуп калды. Абышка кичинекей жүрөгү жараланган баланын өтүнүчүн орундатуу керектигин эсинен чыгарган жок. Ошондон улам токойдун четинде балдар менен ойноп жүргөн Төкүнү, Кыштакты, Абдыбайды издеп таап, бартылдай сүйлөп, алардын бетинен өөп койду да, ошол эле күнү жетимдин жак-

шы көргөн эжелерине, жезделерине, акелерине, абаларына, энелерине, жеңелерине жолугуп, дубай саламын айтты эле, алар: «Сатартай бизди унуткан эмес тура. Аман болсун! Өмүрлүү болсун. Сагындырбай сак-саламат келсин!» – дешип сүйүнүп калышты. Бирок, эмнегедир убакыт өтпөгөндөй болуп сезиле берди. Ошондон уламбы, абышканын кыялы чабыттап, санаасы санга бөлүнгөндөй... Буга чейин мындай болчу эмес. Ошентсе да, эбелектей жеңил ойлорго жендирбей, тоого, тегирменге барбай, бирде кудайга жалбарып, бирде ата-бабанын арбагына жалбарып, тилек кылып, төрт күндөн кийин өзү эле баланы токойдон тосуп ала турган болду. Бул оюнан айныган жок. Ушул учурда күн тоодон аргамжы бою көтөрүлүп калган эле. Абышканын токойго жалгыз бараткамын шаатыттын саябанында бажактап сүйлөшүп олтурушкан аксакалдардын, бастырмада ийик ийрип, шырдак шырып атышкан байбичелердин бирөө да билбеди. Анткени, ал аларга бул тууралуу айткан эмес. «Жаны жаннаттан жай алгыр. Ысмайылдын баласын үйгө ээрчитип келип, чал-кемпирлерди кубантайын, келиндер менен кыздарды кубантайын, боз уландар менен шок балдарды кубантайын»,– деп ойлогон. Ошол оюнда бекем, абдан бекем турду. Кемпири, кыздары, ыба караган туугандары үйдө калды. Алар эми күтүшөт, жол карашат. Бардыгы Сатарды жакшы көрүшөт. Кантсе да, ал алардын ыба караган тууганы эмеспи. Бирок, абышканын ою кымгуут. Атты минип албады. Пешенеси жарык, жылдызы ысык баласын ээрчитип алган жок. Жесир аялдын чабырасын айланып өтүп жалгыз аяк жолго түштү. Ушул жол шыр эле токойго алып барат. Калың өскөн эрмендин кермек ачуу жыты каңылжаарын жарып өткөнсүйт. Боору сары, канаты кооз, кичинекей чымчыктар бирде мыяга, бирде куурайга, бирде эрменге, бирде ала батага, бирде ат кулакка учуп конушат. Абышка кооз чымчыктарды караган жок, жанагыдай эле бир калыпта басып баратты...

Токой айылдын этегиндеги жүгөрүнүн ары, ары жагында эле. Сото кучактап, чачык алган жүгөрүнүн арасынан чыкты абышка. Токойдун бери жагында жар бар. Ошол жардын

үстүндө олтурду. Жар алдында дайра, болгондо да мал киндиктүү Кетмен-Төбө өрөөнүн экиге бөлүп аккан дайра. Нарын дайрасы шар агат. Абышка оор улутунуп койду, бирок дайранын көбүктөнүп өркөчтөнө аккан агымын карабады. Төмөнүрөөктө көк жайык. Ошер өтө терең. Өспүрүм балдар менен боз уландар, жаш жигиттер жүрөксүп калтаарышпайт. Дайрага жардан секирип түшөт. Көк иримде күмүш канат балыктардай чабак урушат. Бирерде аралга сүзүп өтүшөт. Аралда каркыра-турналардын, каз-өрдөктөрдүн уялары бар. Ошол уялардагы балапандарды кармашат. Бирок, каркыра-турналардын, каз-өрдөктөрдүн балапандарын өйүзгө алып өтүшпөйт, кайрадан коё беришет. Булардын уяларын да бузушпайт. Ал эми кыз-келиндер биерде алар жокто келишет да, кадимки көк ала моюн өрдөктөрдөй, жашыл ала мойун чүрөктөрдөй сууда сүзүшөт, анткен менен аралга өтүшпөйт. Өздөрүнчө шоктонушуп, бири-бирине суу чачышып, чүрөктөрдөй, өрдөктөрдөй кубалаша ойношуп, кыйладан кийин кетишет. Көнүп калышкан да. Куду ошондой аралдан бешөө. Беш аралдан кийин айыл. Совхоздун бир бөлүмү болгондуктан, ошол айылды өрөөндөгүлөр «Алтынчы» деп коюшат. Кышында дайра тоңуп калат. Дайранын шоокуму угулбай калат. Ошондо тоо этегиндеги, дайранын жээгиндеги айылдарда жашагандар атчан, төөчөн, өгүзчөн, жөө өтүп келишет да, базардан керектүү буюм-тайым, чай-чамек, кийим-кечек сатып алып кетишет. Азыр болсо өйүздөгүлөрдүн жолу бирөө эле. Ошол жол Кетмен-Төбөнүн алдындагы көпүрө. Айыл менен көпүрөнүн ортосу итапкан ыраак. Ушул аралыкты басып өтүү керек. Ошондон улам сары бала көпүрөгө жөө барбайт чыгаар. Азыр кыш мезгили эмес да. Дайранын шоокуму алда кайда угулат. Кичинекей сары бала эми бул дайрадан кантип өтөт? Агып кетсечи? Чөгүп кетсечи? Аралдардагы кырчын талдардын, чычырканактардын, жылгындардын арасындагы камандардан коркуп, жүрөгү түшүп калсачы? Ой, анда не болот?

Абышканын оюна ар нерсе кетти. Агыны катуу дайранын шоокуму болбосо, айлана-тегерек жымжырт. Бир оокумда ушул бейпилдикти шуулдаган добуш бузуп жиберди. Абыш-

ка селт этип, шаңкайган асманды карады: тоо каздарынын бир үйүрү Токтобек-Сай жактан учуп келатыптыр... Шуулдаган добуш ушулардыкы тура. Шаңкайган асманда тоо каздары кайдадыр шашылгансып, канаттарын тез-тез кагышат. «О, кудай! Бу жакшылыктын жышааны! Уча бергиле, тоо каздары! Чоң-Көлдү карай баратат окшойсуңар. Бара бергиле, Чоң Көлгө! Чоң-Көлдө силердин тынчыңарды эч ким албайт. Бей марал толкун минип, өзүңөрчө кубалашып, чериңерди таркатасыңар...» – деди абышка ичинен күңгүрөнүп. Чоң-Көл биерде эмес, Көк-Белдин ары жагындагы шаркырап аккан Кара-Суунун башында, ажайып кооз жерде. Кыйладан кийин тоо каздарынын карааны нокотко айланып, анан таптакыр эле көрүнбөй калды. Абышканын ою алда кайда кетти. Сатардын атасы экөө бир тууган. Ысмайылдын саяпкерлик жайы бар эле. Шондон улам айыл-ападагылардын сары таман аттарынын айрымдарын суутун жакшы кандырып, көк шиберге чалдырып, табына келтиргенден кийин ат чабышка коштуруп, мөрөй алдырып, көпчүлүктү кубандырар эле. Бирок кудай тартуулаган өмүрү кыска экен. А дегенде күйүп турган шамы өчүп, Ысмайыл каза болгон. Эки жылдан кийин Сатардын апасы дүйнөдөн кайткан. Бейиши болгур, Айбала ак көрпө жайыл эле, ары уз, ары бүйрө эле. Чиркин куш өмүрү кыска экен. Сатар апасын түзүк билбей калды. Ыйманы жолдош болгур, апасы каза болгондо үч жашта эле. Таенеси алып кеткен. Кийинчерээк абасы аксакалдар, байбичелер менен кеңешип, дайранын өйүзүнө изги тилекте барып, таенесинен уруксат сурап, жылдыздуу баланы үйүнө алып келген да, эч нерседен өксү кылбай, жетимдиктин каарын көрсөтпөй, бапестеп бага баштаган. Ошентип, ал гана эмес, өзү да, кемпири да мээрим төгүп, Сатарды өз баласындай көрө турган. Кыштын узун түнүндө бүлбүлдөп күйгөн чыракты өчүрүп, жанына алып жатып, көрөңгөлүү улуу сөздөн айтып бере турган, а турсун акырын гана ырдап бере турган. Жылдыздуу бала жомокту, ырды берилип уга турган. Анан уктап калаар эле. Абышка анын маңдайынан жыттап, уктаганы акырын көзүн жумар эле. Бирок, ошол мезгилде Токунбектин кирген буурадай ча-

мынып турган учуру болчу. Атка минерлердин бир даары менен ысык эле. Айтор, ошондонбу, ашкере адырандап, колунда бийлиги жокторду теңсинбөөчү. Биреrде кой союп, ичкиликти арбын алып, үйүнө мыкчыгерлерди чакырып, жакшылап коноктоп, сыйкорлугун көрсөтө турган. Кошоматчы да. А итке минип калгандарга чык татырбай, биреrде кыргыйдай тийип, алардын зээнин кейитчү. Текебердүү аны менен ким тең тайлашып, ким урушмак эле? Кыйын кезең болчу. Малга да, адамга да өлүмдүү жыл болуп, айыл-ападагылардын каңырыгы түтөп, ыкыбалы бөксөрүп турган. Ашкере чамгарактаган ал муну сезип койбогон. Өлгөндөн калган туякты чыркыратып эле, өзүнүн үйүнө алып кеткен.

Абышка, кемпир көз жашын көл кылып кала берген. Ошол учурда Сатар сегиз жашта болчу. Андан бери алты жыл өттү. Абышка жанына оозунда кеби, сөзүндө эми бар аксакалдардан эки-үчөөнү, балтыр эти толгон, боконо сөөгү бекиген боз уландардан беш-алтоону кошуп албай, жамандык кылууну ойлобой, илгери үмүт менен кыпындай күнөөсү жок баланын кара мүртөз тайкесинин үйүнө төрт жолу барган. Биринчи мертебе барганда жай саратандын убагы эле. Барса, Токунбектин үйүнүн эшиги жабык, кулпталуу экен. Эшиктин алдында биртике туруп, андан соң кошуналардан сураса, алар: «Токунбек үй-бүлөсү менен Үч-Терекке кетти эле. Күтө туруңуз. Балким келип калаар»,– дешкен. Абышка алардын айтканына ынанып, Токунбектин келишин күтүп олтурган. Бирок, ал ошол күнү келген эмес. Абышка иңир кирип, айлана-тегерек караңгылай баштаганда кайгырып кайткан. Экинчи мертебе барганда, кеч күздүн суук шамалы согуп, шодойгон теректердин, шодойгон талдардын бутактарын жалмалап турган. Токунбек Сатарды ээрчитип, Кара-Суугa кетиптир. Көк-Белди ашып, Кара-Суугa анын артынан баралбаган. Ошондуктан ушул жолу да жолу болбогон. Айтор, ошондонбу, «О, кудай! Бу эмнеси? Өткөндө да ой-санаам алда кайда кетти эле, бу сапар да тилегим кабыл болгон жок. Өлгөндөн калган туягым аман эле болуп, касирет тартпаса экен, көзүнөн жашын он талаа кылбаса экен»,– деп ичинен күңкүл сүйлөп,

дагы муңайып кайткан. Үчүнчү мертебе барганда, кыштын ызгаары кайтып, күн жылып, кар эрий баштаган. Токунбек үйүндө экен. Бирок, эмнегедир кыш чилдеде кирген буурадай буркулдап, Сатарды көрсөтпөй койгон. А турсун эстүү зайыбын сөгүп, анын тилин да албаган. Кошуналары менен да кермур айтышып кеткен. Абышканын жүрөгү кайрадан ооруп, жүлүнү кайрадан сыздаган. Шондон улам кайрадан Ак-Чийге кайтып кетүүгө мажбур болгон. Төртүнчү мертебе барганда, кайрадан кыш түшүп калган эле. Кар бурганактап жаап жаткан. Токунбек эшиктин алдындагы карды күрөп жатыптыр... Салам айтса, ал сыртын салып, алик алмаксан болгон. Ошондон улам абышканын дагы жылдызы жерге түшкөн. Токунбек үтүрөйүп, туймаксан болуп, кар күрөй берген. Абышканын көңүлү уйгу-туйгу болгону ай! Сатар балдар менен чүкө ойногону кетиптир...

– Бу сен бекер эле келиптирсиң. Жээнимди дагы көрбөйсүң. Ал үйдө жок. Үйдө болгон күндө деле сени менен учурашпайт. Тууган-туушканын унутуп калган. Бул жактан жаңы туугандарды тапкан, жаңы досторду тапкан. Мындан ары аны издеп келбегиле. Мен бар, анын бактысы бар. Андыктан жээнимди жайына койгула. Анын тынчын албагыла,– деп Токунбек кар күрөгөнүн токтотуп, макоолоно тоңбий сүйлөдү.

– Токунбек, бу эмне дегениң?! – деди абышка куйкасы курушуп.

– Эмне десем, ошо дегеним! – деп Токунбек корс этти да, андан соң жыгач күрөктүн сабына салмагын салып таянды.

– Сен шайтаны мойнуна минген каракчыдай жаалданба! Мен сага жаман айткан жокмун. Кудайдан корксоң, пендеден уялсаң боло! Мен жээниңди Ак-Чийге алып кеткени келген жокмун. Сенден талашайын деген ниетим болсо, кудай урсун! Жаман сарым сенин эле үйүңдө жүрө берсин! Мен аны шүк гана көргөнү келдим. Ушуну сезүүң керек го. Ушуга түшүнүүң керек го.

– Сезбейм! Сезгим да келбейт. Түшүнбөйм! Түшүнгүм да келбейт.

– Кыйкырба! Чамгарактаба! Мен керең эмесмин. Акырын айтсаң деле угам.

– Менин эжем менен жездем эбак өлгөн. Ошондон бери томолой жетимди мен кийиндирип, мен ичиндирип, мен багып келатам. Мейманбек, мен сенден жардам сураган жокмун. Оокатым жетиштүү. Томолой жетимди жетилтүүгө кудуретим жетет.

– Эй, эшек! – деди абышка жини келип. – Эй, доңуз! Оозуңа келгенди оттобо! Бейиши болгур, Ысмайыл менин бир тууганым эмеспи. Ушуну билбегенсип үтүрөңдөйсүң да. Арбак ыраазы болсун десең, сөзүңдү кайра алгын.

– Сөзүмдү кайра албайм.

– Мен ким, ыраматылык жездең ким эле? Дагы айтам, экөөбүз бир атадан болобуз. А сен бөтөн жерлик макоопестей корсулдайсың. Билемин оокатың жетиштүү экенин. Бирок кудайдан корк! Арбактардан корк! Арбактарды ыйлатпа! Арбактарды сыздатпа!

– Өзүң корко бер. Кудайдан коркпой эле койдум. Арбактардан коркпой эле койдум. Анткени, мен эч кандай күнөө кылган жокмун.

– Ок оозуңа! Кудайдын каарына калгыр, Теңирдин тепсендисинде калгыр. Мен сага дагы айтам. Сөзүңдү кайра алгын.

– Эй, алжыган чал! Мен сенден да, башкадан да коркпойм. Менин айтканым айткан, дегеним деген! Ошондуктан сөзүмдү кайра албайм.

– Ай, макоопес ай! Бетиң жок тура.

– Бу сен башыма данек чакпай, келген жолуңа түшүп кетсеңчи…

– Таш боорлук кылба! Кыян-кескилик кылба! Мен сага жамандык каалабайм. Тилегеним жакшылык. Ойлогонум жакшылык. Эгерде ачууланбай, менин сөзүмдү үжөт кылып, кыпындай күнөөсү жок баланы аясаң, сага эки дүйнөдө ыраазы болот элем. Тигинтип жаман кеп айтпайт элем.

– Тозокунун айтканын… – Токунбек чамгарактады ого бетер.

– Жээниңдин кичинекей жүрөгү сыздабасын. Эгерде куп десең, арбак ыраазы болсун десең, мага Сатартайымды жолуктуруп кой. Мен анын маңдайынан өөп, башынан сылап алайын. Чоң аталык мээримди төгүп, сагынычымды таратып алайын. Анан өзүм эле кетемин.

– Бу сен Сатардын башынан сылаба й эле койгун, маңдайынан өппөй эле койгун. Дегеле мунун боорукер боло калганын... Дегеле мунун күйүмдүү боло калганын... Мен аны канаттууга кактырбай, тумшуктуууга чокутпай, бапестеп багып жатамын.

– Мунуңа миң мертебе ыракмат! Бирок, бу сен ачууга жеңдирип, мага каракчыдай корсулдаба. Мен сага кас санаган душман эмесмин. Дагы айтам: таш боордук кылба! Ар-намысты ойлоп, алды-артыңды карагын. Эгерде ойлобосоң, карабасаң өзүңө эле эмес, жээниңе да жаман болуп калышы ыктымал.

– Ой, муну кара! Дегеле адамды коркуткусу бар. Мен сен ойлогондой, коркоктордон эмесмин.

– Келжиребе! Дагы айтам: ар-намысты ойлоп, алды-артыңды карагын.

– Ойлономбу, ойлонбоймбу, ал менин өз эрким! Алды-артымды карайымбы, карабаймынбы, ал менин ишим. Сенин ишиң болбосун. Мен сенден акыл да, кеңеш да сурабайм! Кеткин биерден. Мен сени чакырган эмесмин. Мындан ары менин үйүмө келбе! – Токунбектин көздөрүнөн заар чачырады.

– Токунбек, бу сен мага ач карышкырдай ыркырап, мени биерден куубай эле кой,– деди абышка ачуу менен ызага буулугуп. – Өзүм эле Ак-Чийге кетемин. Ак-Чий ыраакта эмес, а дайранын өйүзүндө эле го. Бирок, бу сен билип койгун. Бейкүнөө пендени кордосоң, кийинчерээк өзүң кор болуп каласың.

– Балжыраба! Мен эч убакта кор болбойм. Малым бар, дүнүйөм бар. Ошондуктан дагы айтамын: бу сен башыма данек чакпай, келген жолуңа түшүп кетсеңчи...

– Ай, тозоку ай! – деп абышка жаны кашайып, башын чайкап койду. – Жездеңдин арбагы уруп кетпесин! Эжеңдин

арбагы уруп кетпесин! Көөп калгансың го. Абайласаңчы. Көпкөнүң көтүндөн чыгып кетпесин. Кырсык каш менен кабактын ортосунда. Кокустан кырсыкка кабылып, жаның көзүңө көрүнүп, төшөктө жатып калсаң, короо толгон малың да, мол дүнүйөң да бир пул болуп калат. Ушуну билбегендей чамгарактайсың.

– Маңызданбай жоголчу,– деди Токунбек ашкере зиркилдеп.

– Болуптур, мен азыр кетемин. Ошо бойдон кайрылып келбейм. Экинчи сенин үйүңдү желкемдин чуңкуру көрсүн! Бирок «куш жемине кайрыларын, эр элине кайрыларын, ат айланып казыгын табарын» билип кой. «Жээн эл болбойт, желке тон болбойт» деген накылдын жөн жеринен айтылбаганын билип кой. Сен миң телинсең деле, өлгөндөн калган туягым, акыры мага окшогон тууганын издеп табат.

– Кан кузгурдун айтканын,– деди Токунбек туталанып. Анан жин тийгендей сөгүнүп, кайрадан кар күрөй баштады. Абышканын иреңи кубарып, бүткөн боюн майда калтырак каптай берди. Анткен менен ооздугун кемирген тор бээни теминип, дайраны карай таскактатып жөнөгөн жок. Бир учурда сойгон күрпөңүнүн этин жеп, чыгын ичип, ак шейшеп капталган жууркандында жатып, зыяпат сыйын көрүп келүүчү, «Мен ары акылдуу, ары кадырлуу жездемдин тууган-туушкандарынын ичинен сени гана айрыкча жакшы көрөм. Башкаларга караганда жөн билгисиң, казан-аштуусуң, сыйкорсуң. Эжем менен жездем да сени жерге-сууга тийгизбей мактап калышат. Буга татыктуусуң. Дайрадан өтүп, Үч-Терек тарапка барып калсаң, менин үйүмө кайрыла көр. Сыйлуу коногум болосуң. Мейман кирсе эшиктен, ырыскы тешиктен кирет. Андыктан коноктун алдына аш коюп, эки колун бош коюу керек»,– деп дегеле күп-күп эте сүйлөп калчу кишинин бүгүн минтип ашкере опураңдап, сай-сөөгүн чагып, жүлүнүн сыздатып, кудайды таанбай, теңирден тескери кетип калганына каны шакардай кайнап, камчысы менен маасынын кончун чапкылады. Ошентип тим болду. Үйдөн эч ким чыкпады негедир.

– Неге турасың? Кеткин биерден, болбосо!.. – Токунбек көздөрүнөн чаарын чыгара күрөктү көтөрдү.

– Эй, ит! Ары алгын күрөгүңдү. Бөрү карыса да бир койлук алы бар.

– Төрүнөн көрү жакын калган байкуштун айтканын.

– Ай, кан кускур ай! Бу сени кудай төбөңдөн урсун! Жезеңдин арбагы урсун! Тузум урсун! Көзүңдү май басып калган тура. Шашпа, сенин да кезегиң келер, куду ошондо капканга түшкөн чөөдөй көздөрүңдү жайнатпасам элеби?! – Абышка ачууланып, тор бээнин башын буруп, катуу теминип койду. Тор бээ ооздугун күрт-күрт чайнап, таскактап жөнөдү. Итатайы тутулган Токунбек дагы сөгүнүп, дагы беймаани сүйлөп кала берди. Так ушул тапта Сатар уй сарайдан чыгып, эмнегедир жүрөгү түрсүлдөп катуу согуп, балдарды карабай эле, таякесинин үйүн карай шашкалактаган бойдон жөнөгөн. Досторy кыйкырса да, чакырса да, негедир аларды карап койбогон. Бир маалда абышканы алыстан көрүп токтогон. Анын ким экенин тонунан эле тааныган. А абышка ыза менен ачууга буулугуп, баланы көргөн эмес.

– Чоң ата-а! – деп бала кыйкырып жүгүргөн. Бирок, мына ушуну муз чарт-чурт этип жарылып, үйөр жүргөн маалындагыдай жаны кашайып, абдан туталанып, абдан кыжалат болуп, тор бээсин таскактатып кетип бараткан абышка эшитпеген. Бала тайгаланып жыгылган. Башынан малакайы ыргыган. Катуу жыгылгандыктан тизеси, чыканагы ооруп, жаны көзүнө көрүнө түшкөн. Ошого да кайыл болуп, ордунан ыргып турган да, кар үстүнөн малакайы шапа-шупа алып, кайрадан «Чоң ата-а!» – деп кыйкырып, кайрадан эбелектеп чуркаган. Балдар аны айран-таң болгондой карап калышкан. Абышка анын кыйкырганын дагы укпаган, шондон улам тор бээнин башын бурбаган. Сатар эми чоң атасына жете албасын сезип, энтигип токтогон да, бышаң-бышаң этип ыйлап жиберген. Көңүлү уйгу-туйгу болгон абышка анын ыйын уккан эмес. Ошондон улам артына кылчайып, кара мүртөз Токунбектин үйүн карабаган. Эгерде караса, ыйлап турган баланы көрмөк. Ошентпегенин... Ошол бойдон Алтынчыга баланы

издеп барбаган. Издеп барса деле карөзгөй таякеси таш боордук кылып, аны жолуктурмак эмес. кемпири: «Абышка, бу сен макоого таарына бер, өчөшө бер! Мен таарынбай эле, өчөшпөй эле койдум. Бара беремин. Көп эле болсо, Токунбек жин тийген каракчыдай ызырына зиркилдеп, менин көйнөгүмдүн этегин кесип калаар»,– деп көшөрүп болбой койгон да, абдан өжөрдүк кылып, өлөрмандык кылып, жанына абысындарынын айрымдарын кошуп алып, Көк-Белдин бери жагындагы айылга үч мертебе барып, үч мертебе кичинекей Сатарды көрүп, мээримин төгүп, баштыгына сала барган алма кагын, өрүк кагын, курутун, чөбөгөсүн, момпосуюн берип, анын ичин жылытып, жүрөгүн кубантып келген. Ыйманы жолдош болгур, бир тууганынын сөөгү таза, кең пейил, ниети ак, сөзү орундуу эле. Ары сыпаа, ары саяпкер болчу. Карынын да, жаштын да көңүлүн калтырчу эмес. Пендеге ыроологону жакшылык эле, тилегени жакшылык эле, Токунбек ушундай асыл жездесинин үйүнө көп каттай турган. Сыйлуу конок болуп кетүүчү. Ошону актаган жок. Жакшылыкты унуткан да.

Абышка ушуларды эстеп, ушуларды көңүл элегинен өткөргөндөй болду. Анан жаны кыйналгандай шуу үшкүрдү. Анткен менен дагы эле олтурган ордунан турган жок. Ошол мезгилде ошентпей эле, эч качан оргу-баргы сүйлөбөй, ар дайым нарктуулугун көрсөтө орундуу кеп айткан, көңүлдү агарткан, ичти жибиткен Төрөканды, оозунан келмесин, башынан селдесин түшүрбөгөн Акимжан молдону, ак-чийликтерге эле эмес, кара-тектирликтерге, көөдүлдүктөргө, ничкеликтерге, ала-жийделиктерге, борду-кыйалыктарга, кишендиктерге, торкендиктерге да кадырлуу Кабылбекти, ыйык Куранды арапча окуй алган, оозунан жаман кеп чыкпаган, көңүлүнө кир сактабаган, жоош-момун Жусупту, далай жыл башкарма болгон, жөн билги Табылдыны жанына кошуп алып, кайрадан дайрадан өтүп барса болмок экен. Балким, бул кадырман карыларды көргөн, алардын көрөңгөлүү кептерин уккан Токунбек ойлоноор беле, жумшараар беле, атурсун уялгандай башын жерге салаар беле. Ошондуктан ошентип көрбөгөнүнө

өкүнгөндөй, арман кылгандай кейиштүү башын чайкап койду. Ушуну эч ким көргөн да, ушуну эч ким туйган да жок.

Күн итапкан өйдөлөп калды. Мөлтүр булактан , туптунук көлмөдөн суу ичкени келишкен кыргоолдор, кекиликтер кайрадан кайтып кетишти. Ободо боз торгойлор чулдурашат. Боз торгойлордун үнү ийги, абдан ийги угулат. Дайра өз нугунда өркөчтөнүп агып, тээ байыртадан берки авазын жаңылбай созот. Муздак илеби алдыдан уруп турат. Бу өзүнчө керемет. Ушул кереметти абышка азыр, өлгөндөн калган туякты күтүп олтурганда сезгендей болду. Акырын гана өйдө турду. Олтура бергендиктен бели уюп калыптыр... «Ай, карылык ай! Күч-кубаттан кетирип, таптоодогу куштай кылып коёт экенсиң да»,– деди кейиштүү күңгүрөнүп. Сатардын карааны көрүнбөйт. Кайрадан ой-санаасы алда кайда кеткендей болду. Айтор, ошондонбу, жер чечегин безеген боз торгойлордун үнүн тыңшаган жок. Баланын шаркырап аккан дайрадан өтүп келишине көзү жетпеди окшойт, көңүлү уйгу-туйгу болуп, өзүн жемелеп алды. Анан дайраны бойлоп жөнөдү. «Жетимдин колдоочусу болот дечү эле. Эгерде ошол чын болсо, ошол колдоочу кичинекей жаман сарымды колдосо экен»,– деди ниетинде. Токтогон да, бурулган да жок. «Кагылайын, Кудай! Айланайын, Кудай! Жаман сарымды жамандыктан алыс кыла көр! Бөдө кырсыктан сактай көр!» – деп кудайдан тиледи. Кыйладан кийин көк иримдин орто ченинде эрбейген караандын чапчылап, кулач ургансып келатканын бүдөмүк көрдү да, илкип баспай, токтоп калды. Таштын түбүнөн кескелдирик чыгып, кайра эле жылгынды карай качты. Абышка эч ким коркунуч туудурбаса да, эч ким апейимин албаса да качып жөнөгөн кескелдирикти караган деле жок. Кескелдирик бир паста жылгындын түбүнө кирип, ошо бойдон көрүнбөй калды.

– О, кудай! Бу дагы ким болуп кетти? – деди абышка алпейими кетип. Анан ким болсо да, анын кулачы талып, шайы ооп, алдан тайып, дайрага агып кетпей, дайрага чөгүп кетпей, жээкке аман-эсен чыгуусун кудайдан тиледи. Тигил айтканынан кайтпаган кара мүртөз таякесинин үйүнөн качып

келаткан бала эле. Бала ары эстүүлүк, ары зиректик кылып, кадимки суучулдун таалимин алгандай, ибаратын үйрөнгөндөй чаначка саман толтуруп, ичине байлап алган болчу. Абышка аны эми таанып, эки өңүрү далдактап жүгүрдү. Күмүш канат балыктай сүзүп, бирде бат-бат, бирде жай чабак урган бала абышканы көргөн жок. Бир маалда абышка куйүккөндөй энтигип токтоду...

Жылгындардын, жийделердин, сапан талдардын бутактарынын арасында бири-бирин кубалашып, сымаптай мүлтүлдөп ойношкон түгөйлүү көк ала мойун боз чымчыктар шаңкайган ачык асманга учуп чыгышты да, эмнегедир  сото кучактаган жүгөрүнү карай зыпылдашпай, кош канаттарын дирилдетишип, «чырк-чырк» этип үн салышты да, ошондон соң ары жылдыздуу, ары чыйрак, ары бышык баланын көк иримде күмүш канат балыктай сүзүп келатканына кубанышкандай, күн нуруна жалтылдаган канаттарын күүлөшүп, андан саал берирээктен кайып өтүштү...

– Айланайын, Сатартай! Кагылайын, Сатартай! Акылыңдан айланайын, Сатартай! – деп кыйкырды абышка.

Абышканын үнү аралдагы кырчын талдарга, жылгындарга, чычырканактарга, жийделерге, долонолорго урунуп, кайра тартты... А көк иримдеги бала чоң атасынын үнүн эми укту окшойт, секин дем алып, ободо таңшыган боз торгойлорду, бири-бирин кубалашып, мелмилдеген жайыктан кайып учушкан көк ала мойун түгөйлүү боз чымчыктарды карабай, алдыртан көз чаптырып койду.

– О, кудай! Өлгөндөн калган туякты сактай көр! – деп абышка кайрадан кыйкырып, кайрадан далдактап жүгүрдү.

*1978–1980–1989–2005-жылдардын кышы.*

## М А З М У Н У


Төө комдоттун уясында .................................................... 5

Төө комдоттун уясында же Асан кайгынын уулу жөнүндө аңыз кеп .................................................... 34



*Көркөм-адабий чыгарма*

**Субанбеков Тойчубай**

**ТӨӨ КОМДОТТУН УЯСЫНДА**

роман-тымсал

Редактор *Т. Улукбек*

Корректору *Б. Токтомушева*

Компьютердик калпка салган *П. Джаныбекова*

Басууга 29. 03. 2016-ж. Кагаздын форматы 60х84$^1/_{16}$.

Көлөмү 17,5 накта басма табак. Нускасы 500. Заказ № 7.

«Полиграфбумресурсы» жоопкерчилиги чектелген коомунун компьютердик борборунда даярдалып, басмаканасында басылды.

720011. Бишкек ш., Суйүмбаев к., 144/23

Тел.: +996 312 43-20-75, 43-19-51



44507

